**Жумадин Кадыров**

# БҮБҮ МАРИЯМ

*Баян*

«Бийиктик»
Бишкек – 2009

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7
К 13

**Кадыров Жумадин.**

К 13 Бүбү Мариям: Баян. – Б.: Бийиктик, 2009. – 332 б.

ISBN 978-9967-13-310-5

Бүбү Мариям Муса кызы азыркы руханий революциянын толкунунда келген Сөз жана Сыр ээлеринин эң көрүнүктүүсү. Ал кайыптан алып кагазга түшүргөн «Айкөл Манас» дастаны улуу эпостун ашкере терең жана түбөлүктүү теңирий мазмунга толгон үлгүсү катары адабий казынабызга кошулду.

Учурубуздагы эң сырдуу жана табышмактуу инсандарыбыздын бири Бүбү Мариям жөнүндөгү баян китепти эгемен мезгилдин адабиятынын өкүлү, прозаик жана акын Жумадин Кадыров жазды.

Буюрса, бул баян окурмандардын жүрөгүнөн өз ордун таап, кыргыз руханий адабиятынын жазма үлгүсү катары Улуу Сөз казынабызга кошулат деген үмүттөбүз.

**К 4702300000-07**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7**

ISBN 978-9967-13-310-5

© Кадыров Ж., 2009.

## СӨЗ БАШЫ

Жайсаң Үмөт уулунун «Айкөл Манас» дастаны жөнүндө мен 1997-жылы өзүмдүн өтө ынак таанышымдан уктум.

«Жайсаң» деген китеп чыгыптыр. Укмуш керемет жана теңдешсиз баалуу эмгек экен»,– деп айтты.

Анын сөзүнө анчалык маани бербесем да, эмнегедир эсиме түйүп койдум.

Арадан кыйла мезгил өткөндөн кийин, бир сапар Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын басмаканасына жумуштап барып калдым да, ал жерде жасалып аткан «Жайсаңдын» үчүнчү китебин көрдүм. Мукабасы али кийгизиле элек болгондуктан, столдо тизилген көп китептердин бирин алып барактап, орто тушундагы бир бетти ачып, көз жүгүрттүм. Эки сап ырлар менен жазылган дастандын бир нече сабын окуган соң, китепти жаап, ордуна койдум. Бу сапар да, эмнегедир, ушу мамилеси эсиме бекем сакталып калды.

Чыгармага сүңгүй албаганымдын себеби, мен колума алып көргөн китеп жөнүндө мендеги маалыматтын жетишсиздиги эле.

А бирок, 2001-жылдын октябрында Бишкектеги «Нуска» дүкөнүнүн жетекчиси Анара эже Рыскулбекова менен жолугушуп, баарлашып отурган учурда:

– Жумадин, сен китеп өндүрүшү тармагында кыйла ийгиликтүү иштеп атканыңдан кийин, сага бир кабар айтууну туура көрүүдөмүн. Соңку жылдары «Жайсаң» деген жаңы чыгарма жарыяланды. Ушугезде алтынчы тому чыккан. Ал эмгекти окуп, туура түшүнгөндөр өтө жогору баалашууда. 21-кылымда кыргыз тилинде чыккан китептердин эң баалуусу жана барктуусу болот деп айтышууда. Эгер сен ылайык деп эсептесең, ошо китептерди окуп көрсөң, – деп сунуш кылды.

«Эгер эле азыр мен уккан маалыматтар чын болсо, анда 21-кылымдагы эң баалуу жана барктуу деп таанылуучу китепти сөзсүз окубасам болбойт», – деп оюмда тыянак чыгардым да:

– Эже, сиз айткан «Жайсаң» китебинин канча тому бар болсо, алардын баарынан бирден таап бериңизчи,– деп сурандым.

Эки-үч күндөн кийин Анара эже «Жайсаңдын» алты томун менин колума карматты.

Мен биринчи китепти ачып, дастанды окуй баштаганда эле, ынак таанышым жана Анара эже экөө айткандары калетсиз чындык экенине ынандым: укмуштуудай китеп экенине да, баалуу экенине да, жана убак-сааты келгенде эң барктуу китеп катары таанылларына да.

Анткени, бу китеп шумдук кызыктуу окуялары менен менин көңүлүмдү өзүнө толук бурдурду. Мен үчүн керектүү маалыматтары аркылуу купулума толду. Эч нерсеге ченеп же салыштырып өлчөгөнгө мүмкүн болбогон баалуулугу менен кубандырды.

Анын **кызыктуулугу** – буга дейре эч кимге белгисиз окуяларды баяндаганында эле. **Керектүүлүгү** – китептеги каармандар нак турмуштун өзүндөгүдөй сүрөттөлгөндүгүндө жана алардын жүрүм-турумунан алчу үлгүлөрдүн аябагандай арбындыгында эле. **Баалуулугу** – дүйнөгө дүңгүрөп белгилүү болгон «Манас» эпосунун жаңы сырлары ачылгандыгында жана атактуу Айкөл Манас ойдон чыгарылган инсан эмес, чындыгында эле жашап өткөн, болгону мындан он төрт кылым илгери жашап өткөн адам экендиги айгинеленгендигинде эле.

Айтор, көөнөрбөс эмгекке коюлчу талаптардын баарына толук ылайык келген бул чыгарма менен минтип таанышып отурушум, бул, менин өмүрүмдөгү бешинчи жолку чоң жаңылык экенин да түшүндүм. Бешинчи дегеним, буга чейин, тамга таанып, сабаттуу болуп, китеп окуй баштагандан бери мен төрт жолу өтө көрүнүктүү жаңылыкка кабылган элем.

Биринчиси, улуу буддизмдин бир бутагы болгон ламаизм динин тутунган тоолуу Тибет өлкөсүн Кытай мамлекети өзүнө каратып алган учурдагы аянычтуу, кейиштүү жана кызыктуу окуяларды өзүнө камтыган, баш-аягы он беш китептен турган, Лобсанг Рампанын «Үчүнчү көз» деген чыгармасы болчу.

Экинчиси, Мексикалык индеецтердин сыйкырчылык өнөрүндөгү акылга сыйбас жетишкендиктерди өтө ынанымдуу баяндаган Карлос Кастане-

данын «Бөтөн дүйнөлөрдүн эшиги» аттуу он эки китептен турган улуу чыгармасы болчу.

Үчүнчүсү, индия элинин 20-кылымдагы ашкере акылмандарынын бири Ошо Ражништин алты жүздөн ашуун китеби болчу.

Төртүнчүсү, акылды туура пайдалануу аркылуу адамдын өзүн өзү менен кармаштырып, өзүнө өзүн окутуп, өзүндөгү кемчиликтерин баарын өзүнө утуру бирден жойдуруп отуруп толук түгөтүп, ошондон кийин гана өзүнө, тууган-туушкандарына, тааныштарына жана жалпы замандаштарына калыс колдоо көрсөтүү, керектүү жардамды бере билүү жөндөмдөрүнө жетишкен соң каалаган максаттарын орундай алган, ийгиликтүү, бактылуу жана толук эркиндикке ээ болгон, телегейи тегиз, төрт тарабы кыбыла деп баа берүүгө татыктуу инсан катары калыптанышына түрткү берчү, өбөлгө түзчү илимдерди – «Дианетика» жана «Саентология» деген зор окууну түзгөн Р. Хаббарддын кудуреттүү эмгектери менен таанышып, андагы жол-жоболорду кичинеден колдонуп, азыраак болсо да ийгиликтерге жетише баштагандыгым болчу.

Аталган төрт эмгек төрт башка жолдун төрт бөлөк окуулары жана төрт түрдүү керемет сырлары жөнүндө окурманды жетишээрлик деңгээлде кабардар кылганы менен, иш жүзүндө, төртөө тең бир улуу нерсеге – чексиз Ааламды жана анын кучагындагы бары-жоктун баарын жараткан Кудуреттүү Улуу Күчтү таанууга түрткү бергендиги менен мен үчүн абдан орчундуу мааниге ээ экендигинен улам, мен аларды аздектеп, өмүрүмдөгү төрт чоң жаңылык катары карачумун. Ал эми «Айкөл

Манас» дастаны да аталган чыгармалардан ашса ашкандыр, бирок кем эмес деңгээлде мага таасир эткендигине байланыштуу, Жайсаң Үмөт уулунун эмгегин окуганымды өзүмдүн өмүрүмдөгү бешинчи зор жаңылык деп эсептедим.

Бул тыянакка келишиме түрткү берген дагы бир жагдай – кыргыз элине гана тийешелүү бир чоң табышмактын жандырмагы табылгандыгында эле. Көрсө, христиандар үчүн Иисус Христостон чыгаан инсан жаралышы дээрлик мүмкүн болбогон сыяктуу эле, же Мухаммед пайгамбарыбызга теңдешээр инсан мусулман дүйнөсүндө кайра жараларын элестетүү кыйын сыяктуу эле, көчмөндөр цивилизациясында эң көрүнүктүү орду бар кыргыз эли үчүн Айкөл Манастан ашкан чыгаандын кайрадан жаралбай келгендигинин сыры мында экен: Айкөл Манас теңдешсиз баатыр эле эмес, ашкере акылман жана сыйкырчылык өнөрүнүн да кудуреттүү жоокери болгондуктан, эң негизгиси, бир үйбүлөнүн же бир уруунун эле эмес, бүтүндөй бир элдин тилегинен, зарынан жаралган Айкөл адам катары ата-бабаларыбыздын улуу рухтарынын дагы колдоосуна эгедер экендигине негизденип, сырткы жана ички душмандардын ар кандай айла-амалдар менен жасаган жамандыктарынан жана мүшкүл иштеринен мукурап турган кыргыз элин аман сактап калуу жана өткөөл доордон өткөрүү жоопкерчилигин өзүнө алып, аны акыр-аягына чейин абийирдүүлүк менен аткаргандыгында экен; анын ишмердүүлүгүнүн таасири арадан он төрт кылым өтсө да, эч токтолбой муундан муунга өтүп келгенинде экен...

Мына ушундай укмуш окуялардын сырын ачкан китепти биздин бир замандашыбыз, карапайым аял – Бүбү Мариям Муса кызы Жайсаң Үмөт уулунун арбагынын жардамы аркылуу жазып атыптыр. Ал эми Шакин Эсенгуловдун жардамы аркылуу китеп кылып жарыялап атыптыр. Бирок Шакин Эсенгулов өзүнүн ордун өтө жогору баалап, өз атын Жайсаң Үмөт уулунун ордуна коюп, кайыптан келген эмгектин анык ээсинин ысымы менен китепти «Жайсаң» деп атап, дастандын «Айкөл Манас» деген аталышын атайылап ататтырбай, Бүбү Мариямды болсо, өзү жазган чыгарманын башкы каарманы катары гана карала тургандай орунга коюптур... Кыскасы, керемет сырдуу окуяга татыктуу мамиле көрсөтүлбөптүр. Калыстык болбоптур.

Анара эже мага таап берген алты китепти окуп бүткүчө мен ушулардын баарын божомолдоп түшүндүм. Мен да бул ишке аралашышым керек окшойт, эгер ошонун ыңгайы бар болсо, эгер менин кедергим эч кимге тийбесе, тескерисинче, кандайдыр бир керекке жарай турган болсом, анда Бүбү Мариям эжеге кезигейин деп ниеттендим. Ал ак ниетим 2001-жылдын ноябрь айынын аягында аткарылып, «Кылым көчү» коомдук бирикмесин негиздөөчүлөрдүн бири Акылбек Түмөнбаевдин үйүндө кезиктим.

Мага өтө күчтүү таасир берген дастанды кайыптан алып кагазга түшүргөн инсан менен бетмебет отуруп, оозмо-ооз пикир алыштым.

Арадан алты-жети ай өткөндөн кийин, 2002-жылдын 30-май күнү түнкүсүн Жайсаң Үмөт уулунун кабыры жайгашкан Кызарттын белинде Бүбү

Мариям эже медитация абалына өткөнүн, ал абалдан кайтып келгенин, эртеси үйгө кайтканыбыздан кийин, медитация учурунда дептерине жазып келген таңгаларлык белгилерин жана чийимдерин адегенде шыгыраган сандарга айлантканын, андан кийин ал сандарды тамгага айлантканда «Айкөл Манас» дастанынын ыр саптары тизмектешип жазыла баштаганын өз көзүм менен көрдүм.

Бүбү Мариям эжени 1995-жылдан бери коштогон акылга сыйбас окуяларды, жана, ага чейин деле, керек болсо, төрөлгөндөн бери карай өзү менен болуп келаткан, үч уктаса түшкө кирбес керемет окуяларды ал кишинин өз оозунан арбын уктум. Көзүм менен көргөндөрүмдү, кулагым менен уккандарымды, айтор, баарын бириктирип, иреттеп, кагазга түшүрүшүм керектигин көп өтпөй түшүндүм. Бул ниетимди Бүбү Мариям эже колдоду. Анан мен мага белгилүү маалыматтарды иреттеп жаза баштадым. Жазылып бүткөн ар бир бөлүмдү, кээде ар бир сүйлөмдү, кай бирде ар бир сөздү эже менен талкуулап, ал кишинин калыс пикирин эске алып, тактап жазууга умтулдум.

Анткени менен китептин үстүнөн иштешим абдан эле узарып кетпедиби. Ойлогон ойду кыстаган турмушка жеңдирген учурлар көп болгондугунан улам, алты жылда араң дегенде биринчи китепти жазып бүтүүгө жарадым. Бирок мага белгилүү маалыматтардын чекеси али оюлган жок. Дагы канча китеп жараларын алдын ала айталбайм. Алар канча мезгилде жазылып бүтөөрү да белгисиз. Азырынча мен бир гана нерсени убада кылмакчымын: Бүбү Мариям эженин өмүр баянын чагылдырган

эмгектин үстүнөн мүмкүн болушунча үзүрлүү иштегенден аянбайм. Калганын мезгил өзү көрсөтөт.

Ошентип, азырынча «Бүбү Марияm» баянынын биринчи бөлүгү өзүңүзгө сунушталды, урматтуу замандаш!

Колуңуздагы азыноолак эмгектин жанры **баян** деп аталганы да кокусунан эмес. Адегенде көркөм чыгарма катары жазууга киришсем, ишим илгерилебей койду.  Ачык айтсам, антип жазууга кудуретим жетпей, чабалдык кылдым. Анын үстүнө, көркөм чыгарма катары жазайын деп туура эмес чечип алганымды моюндадым.

Анткени, шамалдай шашкалактаган азыркы заманга мүмкүн болушунча кыска көлөмдөгү, а бирок, албетте, абдан кызыктуу жана терең маанилүү чыгарма гана ылайык келерин эске алып, көркөм адабияттын теориясына белгилүү жанрлардын дээрлик баарынын бирикмесинен куралган китепти жаратууга белсендим да, Бүбү Марияm эженин өмүрүндө болуп өткөн жана болуп аткан окуяларды тизмектеп жазып, биринчи бөлүктү аяктаган соң, романдын, драманын, фантастиканын, поэзиянын жомоктун жана илимий документалдык изилдөөнүн элементтерин колдонуу аркылуу каармандардын образдарын ачууга аракет кылынган эмгектин жанрын **баян** деп атаганга батындым.

Айтмакчы, каармандарга да учкай токтолойун.

Алардын ар бири ар бирибизге замандаш. Эч кимисинин образы ойлоп табылган жок. «Айкөл Манас» дастаны кайыптан алынып кагазга түшүрүлө баштаган учурда Бүбү Марияm эженин жашоосуна кимиси канчалык деңгээлде таасир эте алган бол-

со, ошончолук өлчөмдө гана китептин каарманы болуп катышышты. Муну өздөрү деле ырастап беришет деп ишенем.

Кириш сөздүн соңунда бир жагдайды өзгөчө баса белгилеп өтмөкчүмүн.

Бул баяндын жаралышынын жападан жалгыз максаты – «Айкөл Манастын» тиркемеси катары окурмандардын керегине жарап, өлбөс-өчпөс, көөнөрбөс улуу дастандын туура түшүнүлүшүнө жана жетик өздөштүрүлүшүнө азын-оолак болсо да өбөлгө түзүү.

*Урматтуу замандаш!*

Эми өзүңүзгө эки сунуш менен кайрылуум абзел.

**Биринчиси – «Бүбү Мариям» баянын окуштун алдында «Айкөл Манастын» биринчи бөлүгүн сөзсүз окуп чыксаңыз.**

Бул китепти окуган соң дастанга кайрылсаңыз деле боло берет дечи, болгону, менин сунушум орундалган учурда дастанды да, баянды да түшүнүү кыйла жеңил.

**Экинчиси, же эң орчундуусу – дастан жана баян менен таанышкан соң, эгер өзүңүз окуган маалыматтарга жетишерлик ынанган болсоңуз, анда кайдыгер калбай, эки китепти жайылтууга жардамдашсаңыз. Ал үчүн, айлана-чөйрөңүздөгү адамдарга айтып берсеңиз. Бирок эсиңизге сала кетчү шарт мындай: «Сөзсүз оку, сөзсүз ынан!» – деп катуу үгүттөй көрбөңүз. Анда тетири майнапка ээ болуп калы-**

**шыңыз мүмкүн. Ошол себептүү, жөн гана, жаңылык же кызыктуу маалымат катары айтып кабардар кылып коюңуз. Калганын өздөрү чечишсин.**

Ал эми сиз өзүңүз, урматтуу окурман, эгер, эки китеп жөнүндөгү кабарды жайылтуу менен гана чектелбестен, андан да көбүрөөк жоопкерчиликти алууга дит коё турган болсоңуз, анда биздин дарек боюнча байланышка чыгыңыз. Такыр тартынбаңыз.

Баарыбыз болбосо да, басымдуу көпчүлүгүбүз биригип алып, акыл калчап, кеңешип, чогуу чечип, аткараар иштер абдан-абдан арбын!

Эмесе сизге албан-албан ийгиликтерди каалайм!

Арыбашыңызды жана ар дайым бар болушуңузду тилеп, замандашыңыз

**ЖУМАДИН КАДЫРОВ.**

*Биздин дарек:*
Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 а.
*Байланыш телефондору:*
62-02-14, 66-17-25

# 1995-ЖЫЛДЫН 2-АПРЕЛИНЕН 2-НОЯБРЫНА ЧЕЙИНКИ ОКУЯЛАР

# КҮТҮЛБӨГӨН КЕЗДЕШҮҮ

Бүт баары асмандан түшөт...

Күн күмүш нурларын көктөн ылдый куюлтат.

Ай ак жарыгын асмандан төгөт.

Бир нече километр бийиктикке көтөрүлгөн булуттар жыл маалына шайкеш жамгыр, мөндүр же кар себелейт.

Кээде-кээде чагылган менен метеориттер да жогорутадан бой ташташат.

Атүгүл, арбактар да асмандан түшүшөт турбайбы... Буга Бүбү Мариям арбак менен болгон алгачкы жолугушуусунда ынанды.

Бул окуя көз ачып жумганчалык убакытта болуп өттү...

Бүбү Мариям адегенде: «Бутакты жылдырып койчу!» – деп өтүнүп кайрылган эркек кишинин мээримдүү жана коңур үнүн укту. Бул үндү, – мейли ал канчалык мээримдүү жана коңур болбосун, – угам деп түк ойлобогон жерде күтүүсүздөн уккандыктан, анткени, Бүбү Мариям ошол үндү эшитээр замат өзү каерде турганын туйду: эрте жаздагы үйөр[1] жүрүп аткан маал экендигине байланыштуу,

[1] *Үйөр* – кеч күздө жана эрте жазда суу ташкындап, муздарды дарыянын эки жээгине үйүп кеткен кубулуш.

үйөрдүн муздары эки жээгине шыкалган Жумгал дарыясын жоон балтырына чейин кечип, сууга жантайып өскөн байтеректин бутагын оң колу менен кармап туруптур; бирок тоо суусунун сөөк какшаткан муздактыгы деле сезилбегенсийт, болжолу, урчук таштын учун басып турган го, катуу жана учтуу нерсе тиреп калган оң таманы сыздап ооруп атыптыр; убакыт түн жарымы окшойт, жүргөн жери Жумгал-Ата мазарынан[1] көп алыс эместей; анан ушундай ээн жерде түн жарымында кимдирбирөөгө жолугуп калам деп түк күтпөгөндүктөн, алибетте, үрөйү учуп коркту, жүрөксүп чочуду. Мынчалык катуу коркууга көптөн бери биринчи ирет кабылган Бүбү Мариям кайра сабыр кылып: «Кандай күнгө туш болбойун, баары бир Теңирим буйурган нерсе гана аткарылат эмеспи», – деп ойун токтотуп, өзү оң колу менен кармап турган бутакты жылдырды да, узун ак сакалдуу киши башы ылдый салаңдаган абалында өзүн карап турганын көрдү. Асмандан түшүп келаткандай көрүнгөн ал киши жерди көздөй түндү жиреген ак жарыктын ылдыйкы учуна асылып туруптур. Фонардын жарыгына окшошкон ал жарыктын жогорку учу каерге чейин жетерин ажырата албады, Бүбү Мариям. Куйруктуу жылдыздан бешбетер өзүнүн артынан жарык из калтырган бул сыйкырдуу кишинин сакалы илинген туудай желбирегенин баамдап, бирок ошол желбиреген аппак сакал гана даана көрүнгөнү менен денесинин калган бөлүгү көзгө көп илеше бербегенине карабай, типтирүү кишидей таасир кал-

---

[1] *Жумгал Ата мазары* – Жумгал районунун борбору Чаек айылына жакын жайгашкан мазар.

тырганын да туйду, Бүбү Мариям. Айтор, ала-телек кар али кете элек, ала шалбырт жаздагы тоонун шыргалаң суусун жоон санына чейин кечип, бирок анын муздактыгын түк сезбей, атүгүл таманы такатталган таштын өйүгөнүн да тоотпой, башын жогору буруп, өзүнөн бир нече карыш аралыкта, дал бет маңдайында, түндү жарып жогортодон тик түшкөн жарыктын ылдыйкы учунда илингендей таасир калтырган жана эмнегедир төбөсү төмөндү, буту көктү караган, ошондой эле, упузун, аппапакай сакалы желбиреген кереметтүү кишини аң-таң болуп карап турду, Бүбү Мариям...

Анан ал киши колун ылдый сунду. Учурашыш үчүн эмес, өзүн суудан тартып чыгыш үчүн бул кыймыл жасалганын түшүнгөн Бүбү Мариям колун бутактан бошоткон соң, жогору көтөргөндө, буга дейре түк кездешпеген кол, – ал кол катуу да эмес, жумшак да эмес эле, – буга дейре таптакыр тааныш болбогон күчтүн жардамы аркылуу аны суудан жепжеңил тартып алды. Айтмакчы, ал күч эбегейсиз кудуреттүү сыяктанды, себеби кыйла эле салмактуу аялды камгакча да көрбөй, өтө жеңил тартып алаар замат кандайдыр бир жактарды көздөй сызып учуп жөнөдү...

## ОН СУРОО

Таң куланөөк салган кез.

Жоон санына чейинки кийими калдайып муз болуп тоңгон, жоолугунун сыртына чыгып саксайган маңдайкы чачтарын бубак баскан Бүбү Мариям айылдын чекесинде үйүн көздөй келатты.

Ал дайыма тоого чыгып медитация[1] жасайт да, медитациясы аяктаганда тоодон кайра кайтат. Кээде медитациясы чукул убакытта бүткөндүктөн, бир же эки сааттын ичинде кайрылса, кээде түн бою тоодо кармалат. Бүгүнкү медитациясы болсо өтө узак созулуп, таң сөгүлгөнгө аз калганда гана аяктагандыктан, өзүнө келип, айылдан анча алыс эмес жерде турганын билди. Билер замат, эртелеп жайытка мал айдагандардын айрымдары менен кезигип калуудан айбыгып, ыкчам басты. Үйүнө бат эле жетти. Тоңгон кийимдерин чечип, муздак суу менен денесин бир сыйра чайкаган соң кургак кийим кийди да, медитация маалында алган маалыматтарын чечмелөө үчүн дептерине үңүлдү. Адаттагыдай эле «Аалам тамгасы[2]» деп өзү атоочу белгилер-

---

[1] *Медитация* – рухий изденүү жолунда жүргөн ар бир инсандын жеке өзүнө таандык жолу бар болгондуктан, медитацияны өзүнүн даярдык жана дараметине жараша түшүнөт, колдонот. Ал эми бул китепте медитация деген сөздү адамдын акылынын, денесинин эмес, жанынын мүмкүнчүлүктөрүн түздөнтүз пайдалануу аркылуу кандайдыр бир сырдуу дүйнөлөргө аралашуу катары караса болот.

[2] *Аалам тамгасы* – адамзатынын тарыхындагы эң алгачкы алфавит. Азыркы кездеги алфавиттердин баары ошондон келип чыкса керек.

ди жазыптыр. Аларды санга, анан сандарды тамгага айланта баштады. Адегенде «ЛЕТО+ЦИФРА» деген кош сөздү жазды. Эмне үчүн орусча жазылды деп таңгалды. Кийинкилери кандай сөздөр болду экен деп кызыгып, улантып жаза баштады. Дагеле «ЛЕТО+ЦИФРА», «ЛЕТО+ЦИФРА», «ЛЕТО+ЦИФРА» деген кош сөз жазыла берди.

«Шумдугуң түшкүрдүкү десе, бул сөздөрдү кайдан алдым жана алар эмнени билдирет?» – деп таңгалуусу күчөгөндөн күчөп, чечмелөөсүн улантты. Кайрадан «ЛЕТО+ЦИФРА, ЛЕТО+ЦИФРА, ЛЕТО+-ЦИФРА...» деп бир бет толгуча жазылды. Эми Бүбү Мариям эч нерсе түшүнө албады.

«Кечээ кечинде медитацияга чыгаарда, мен ушул мезгилде дарылап аткан оорулууларды дартынан сакайтуу үчүн мындан ары эмне кылышым керектигин билейин» деп койгон максатыма «ЛЕТО+ЦИФРА» деген кош сөздүн кандай тиешеси бар? Же бул кош сөздү кыргызчага которушум керекпи?» – деп ойлогон Бүбү Мариям орусча кош сөздү «ЖАЙ+САН» деп кыргызчалады. Дале эч нерсе түшүнүксүз. «Же сезимиме кандайдыр бир дагы башка суроолорду сала бардым бекен?» – деп кайра ойлоп, өзүнүн жандүйнөсүнө үңүлгөн Бүбү Мариям «Кто автор произведения «Манас»?» деген суроолуу сүйлөмдү тапты. Табаары менен эки-үч күн мурда болгон окуяны эстеди...

Кеч кирип калган эле. Дээрлик эки жылдан бери Бүбү Мариямдан үзгүлтүксүз дарыланган Шакин Эсенгулов жамбашындагы жараатын кайра таңдыруу үчүн келиптир. Ал киши күндө эки маал, – саар жана кечинде, – жамбашындагы ириңдеген жерин тазалатып, таңуусун жаңыртып кетчү. Бу жолу келгенинде эмнегедир маанайы чөгүңкү экен. Ишине байланыштуу чарчап-чаалыккан болсо керек. Се-

беби Кыргызстанда Мамлекеттик деңгээлде белгилөөгө даярдык көрүлүп жаткан «Манас» эпосунун миң жылдык маарекесине карата өткөрүлмөк болгон республикадагы театрлар аралык конкурска катышуу үчүн, өзү жетектеген Жумгал райондук театрда өзүнүн спектаклин даярдап жаткандыктан жана көрүлгөн камылгасын текшерип, жарактуу болсо телевидениеге тартуу максатында Бишкектен келген комиссия менен бир нече күндөн бери иштешип аткан. Айтор, акыркы күндөрү арбын иштегенге туура келип, жаны кыйналгандыктан жана илешкенине бир нече жыл болгон өнөкөт оорусу да саал күчөгөнгө маанайы чөккөн Шакин Эсенгулов күтүүсүздөн бир суроо берди:

– «Манас» эпосу элдик чыгарма» – деп айтылат. Мен бул пикирге такыр кошулбайм. Бир чыгарманы бир гана автор жаза алат. Аны бир нече киши же бир эл чогулуп алып эч убакта жарата албайт. Ушуга сиз кандай карайсыз? Медитацияга чыккан маалда «Манас» эпосунун эң алгачкы автору ким экенин сурап көрбөйсүзбү?

«Мен карапайым дарыгер болсом, врачтар кол шилтеп койгон оорусун дарылоону мойнума алып кыйла мезгилден бери аракет кылып жүрсөм, бирок бу Шакин агайдын башка иши менен такыр ишим болбосо, ал эми «Манас» эпосуна түк тиешем жок болсо, анан анын алгачкы автору ким экенин билип бер деп эмне үчүн менден сурайт ыя, бул чунак киши?» – деп ичинде наarазы болуп, бирок сыртында жөн гана ийнин куушуруп койгон Бүбү Мариям Шакин Эсенгуловдун сөзүнүн төркүнүндө: «кантип эле ушул табып катын медитацияга чыксын, мейли, медитацияга чыксын дейли, анда каякка чыгат, ким менен жолугушат, дарыгерчиликке тиешелүү маалыматтарын кимден сурап алат, мын-

дай болушу мүмкүн эмес, илим менен билимде мындай көрүнүш кезикпесе керек, демек, бул кишинин айткан-дегендери жалган го, сыягы, эмнеси болсо да текшериш үчүн «Манастын» автору ким экенин сурап көрүңүзчү деген тапшырманы берейин, эмне жооп болор экен?» – деген сыноо иретиндеги пикир жаткандыгын эң сонун туйду. Бирок Шакин Эсенгуловдун ишенбестиктен улам жасаган олдоксон мамилесине байкабагандай түр көрсөттү.

Ошондогу пикир алышуудан улам жаралган жаңы ойду, тактап айтканда, «Манас» чыгармасынын алгачкы автору ким деген суроону көңүлүндө сактаган бойдон медитацияга чыккан экен. Көрсө, ошол суроонун жообун алган тура – «Манастын» автору ЖАЙ+САН тура.

«ЛЕТО+ЦИФРА» деген табышмактуу кош сөздүн жандырмагын тапкан соң, Бүбү Мариям түндөгү медитация маалында өзү күриптер болгон сырдуу окуяны көз алдына келтирди.

«Бутакты жылдырып койчу!» – деп эркек киши өзүнө кайрылганын укканда, ал кайрылуу коңур жана жагымдуу үн менен айтылганына карабастан үрөйү учуп коркуп, жүрөкзаадаланып чочуду го. Анткени, ал үндү кулагы чалар замат өзү Жумгал суусун жоон санына чейин кечип турганын, а бирок эрте жаздагы тоо суусунун шумдуктуудай муздактыгын түк сезбей, оң таманы такаттаган урчук таштын учу таманын абдан өйүп атканын даана туюп, убакыт түн жарымы болгонун жана өзү Жумгал-Ата мазарынан анча алыс эмес жерде экенин баамдап, мындай ээн жерде бул маалда эч ким менен кезигиши мүмкүн эместигине карабай, «Бутакты жылдырып койчу!» деген үндү дапдаана уккандыгынан улам, жапжакын жерде кимдир бирөө бар экенин түшүндү да, эмне кыларын билбей бир нече көз ирмемге кыймылсыз катты: оң таманын такат-

таган таштын учу бутун өйүп атты; жоон санына чейин кечип турган Жумгал суусу «муздактыгымды түк сезбей турган кандай чыдамдуу аялга туш келдим эле» деп таңгалгансып, ошо муздактыгын сездирүүгө аракет кылгансып, эки бутун жиреп, көйнөгүнүн этегин төмөн тартып шаркырап агып өтүп атты...

Бир аздан соң, алибетте, бүт тулкусуна толгон коркунучтун кучагынан азыраак болсо да арылгандан кийин, алиги өтүнүчтү орундады: оң колу менен кармап турган бутакты жылдырды. Шыңга өскөн бутактын жогору жагынан упузун, апаппакай сакалы бар киши асылып турганын адегенде көзү чалды. Эмнегедир башы төмөн салаңдап, буту асмандаган ал кишинин белине чейин жеткен сакалы туудай желбиреп аткандыгын байкады. Жүзүн даана көралбады. Бүт денесин да толук көрүү үчүн көңүл бөлбөдү. Бүбү Мариямдын көңүлү башка нерсеге – тиги кишинин абада асылып тургандыгына, бирок жипке же зымга эмес, жогортон төмөндү көздөй төгүлүп турган ак нурга асылгандыгына бурулду. Ал сыйкырдуу нурдун узундугу канча экендигин жана каерден башталарын аныктай албады, бирок каерден бүтөрүн таптак ажыратты: жүзүн ылдый каратып турган апаппакай упузун сакалы бар кишинин жонуна жеткен соң бүтүп калат экен. Үч уктаса түшкө кирбес кереметти өңүндө өз көзү менен көрүп турган Бүбү Мариям эбегейсиз катуу таңгалып эси оой жаздап турду. Эмелеки, бир нече көзирмем илгерки коркунучу эсинен такыр чыкты. Ак нурга байланган дейбизби, асылган дейбизби, же өзүнүн артынан ак нур бөлүп, куйруктуу жылдыздай учуп жүргөн дейбизби, айтор, байтеректин бутагы жылдырылар замат анын жогор жагынан көрүнгөн киши эми өзүн көздөй жакындап, ылдый

түшө баштаганын байкаганда да эч нерседен коонтонуп койбой, таңгалып карап тура берди. Ал киши жапжакын келип колун ылдый созгондо Бүбү Мариям да бутактан бошоткон оң колун жогору сунду. Ошондо Бүбү Мариямга караманча белгисиз болгондой, дегеле адамзатына таандык эместей сезилген бир башкача кол аны суудан тартып алды. Апаппакай, упузун сакалы бар кишинин колу кандай башкача болсо, Бүбү Мариямды суудан тартып алуусу да так ошондой бөлөкчө болду: эч кандай күч колдонбогондой таасир калтырып тартканына карабай, тулкусу кыйла эле салмактуу аялды суудан жепжеңил тартып алды. Анан Бүбү Мариямды өзүнө коштоп алып, кайдадыр сызып учуп жөнөдү...

Бүбү Мариям түндө өзү катышкан ушул сырдуу окуяны көз алдынан чубатып бир сыйра өткөрдү. Бирок Сыйкырдуу Карыя менен бирге учуп жөнөгөндөн кийин эмне болгонун, кай жерлерге барышканын, эмнелерди көрүшкөнүн эстей албады, – окуянын так ошо жерине келгенде кайрадан медитация абалына өтүп кеткен болчу.

Эми Бүбү Мариям дагы бир нерсеге: медитация дүйнөсүнө аралашкандан берки дээрлик төрт жылдын ичинде, медитация маалында эң алгач ирет өзүнө келгендигине, ошол учурдагы окуяларды эстеп калгандыгына таңгалды. Буга дейре медитациясы башталганга чейинки жана медитациясы аяктагандан кийинки окуяларды гана эстей алчу да, медитация маалында чексиз Ааламдын кайсы катмарларына киргендигин, көбүнесе дарыгерлигине тиешелүү суроолорунун көңүлүнө түйө баргандарына так, таамай жоопторду кимден алгандыгын же тапкандыгын билалбачу.

Ал эми соңку медитациясындагы күтүүсүз өзгөрүү Бүбү Мариямды таңгалтып гана тим болбос-

тон, көптөгөн суроолордун үстүнөн ойлонтууга да мажбур кылды.

Биринчиден, эмне үчүн Жумгал дарыясын жоон санына чейин кечип турду эле? Экинчиден, ак нур байланган карыя так ошо суу кечип турган кезинде «Бутакты жылдырып койчу?» деп кайрылышы кай себептен? Үчүнчүдөн, бул өтүнүчтү укпаган болсо медитация абалынан кадимки абалга чыгат беле же чыкпайт беле? Төртүнчүдөн, ал карыя ким, көздөгөн максаты кандай жана өзүн каяктарга алпарып келди?.. Бешинчиден, «ЛЕТО+ЦИФРА» деп орусча түшкөн, бирок кыргызчалаганда «ЖАЙ+САН» деген кош сөз болуп которулган сөздүн ак нур оронгон карыя менен кандайдыр бир байланышы барбы? Алтынчыдан, Шакин агай медитацияга чындап эле чыгаар-чыкпасын текшергиси келип (көрпендилиги да) жөн гана берген тапшырмасы – «Манас» эпосунун алгачкы автору ким?» деген суроосун сезиминде сактаган бойдон медитацияга чыккандыгынын сыры эмнеде? Жетинчиден, ошол суроодогу «эпос» деген сөздү эмне үчүн «произведение» деп өзгөртүп алган эле? Сегизинчиден, мындай табышмактуу окуяга аралашып калгандыгынын сыры эмнеде? Тогузунчудан, бул кандайдыр бир кетирген кемчиликтер үчүн берилген жаза болуп эсептелеби? Онунчудан, же болбосо, кайсы бир сиңирген эмгеги үчүн алган сый же ыраат катары кабыл алынышы керекпи?..

Бүбү Мариям бул суроолорунун кыйла бөлүгүнө бир нече күндүн ичинде, дагы кыйласына бир нече айда, ал эми калгандарына бир нече жылдан кийин гана жооп таба алды.

## ЖАЙ + САН ЭМЕС ЖАЙСАҢ

Бүбү Мариямдын түнкү медитациясы караманча башка шарттарда өткөнү менен, бүгүнкү тиричилиги адаттагыдан айырмаланбай башталды. Адегенде Шакин Эсенгулов келди. Аны дарылоочу бөлмөсүнө киргизип, тапчанга жаткырып, жамбашындагы таңууну чечип, ириңин тазалап, жаңы бинт менен таңган соң:

– Агай, сиз «ЖАЙ+САН» деген сөздү уктуңуз беле? – деп суроо салды.

«Манас» эпосунун автору ким экенин билип бере аласызбы?» деген тапшырма Бүбү Мариям үчүн канчалык күтүүсүз болсо, «ЖАЙ+САН» деген сөздү уктуңуз беле?» деген суроо Шакин Эсенгулов үчүн да так ошончолук күтүүсүз болду. Саамга ойлонуп туруп:

– Кулагыма тааныш угулат. Кишинин атыбы же жердин атыбы? – деп каршы суроо узатты.

– «Манасты» алгачкы айткан адамдын аты «ЖАЙ+САН» экен.

– А, балким, Жайсаң болбосун?

– Жок, агай! «ЖАЙ+САН» экен. «Манас» эпосунун алгачкы автору ким болгонун билип бериңиз деген тапшырмаңызды эсиме түйгөн боюнча медитацияга чыккан экемин. Ал суроого «ЛЕТО+ЦИФРА» деген орусча жооп алдым. Кыргызчаласам «ЖАЙ+САН» болду.

– Мына көрдүңүзбү! Мен бөөдө ойлобопмун. Эл жараткан деп эсептелчү «Манас» эпосун да адегенде бир киши айткан тура, көрсө... – деди Шакин Эсенгулов жаңы кабарга курсант болгон түрдө. Бирок Бүбү Марийам бүгүнкү маалыматын түнкү медитация маалында алгандыгына түк ишенген жок. Шакин Эсенгулов бул маселеге ушул бойдон таптакыр кайрылбашы толук ыктымал эле, эгер окуя андан ары өзүнөн өзү өнүгүп-өөрчүбөгөндө...

## ӨЗГӨЧӨ НУР

Жай саратан маалы.

Жайлоо. Тагыраак айтканда, Туюк-Төр жайлоосу. Кой короо, желе жана үч чатыр. Үч чатырдын бири, кичинекейи жана окчунураак тигилгени Бүбү Мариямдыкы. Экинчисинде анын уулу Таалай үй-бүлөсү менен. Үчүнчүсүндө Шакин Эсенгулов үй-бүлөсү менен жайгашкан. Бүбү Мариям өзү да дарыланууга муктаж болгондуктан, көптөгөн оорулуулардын дарты менен кармашканын убактылуу токтото туруп, (анүчүн эли сейрек жерге барышы керек болуп), жайлоодогу уул-келининин жанына келип, өз чатырын көтөргөндөн бери бир нече күн өттү. Ал эми Шакин Эсенгуловду үй-бүлөсү менен ээрчите келгенинин себеби – кийинки күндөрү дарты күчөп, ириңдегени арбый баштаган бул оорулууну бээнин сүтү жана уукоргошун менен дарылоону көздөгөн.

Уукоргошун демекчи... Бу касиеттүү өсүмдүк дарттын дээрлик бүт түрүнө шыпаа болот. Эгер анын тилин түшүнсө, ченинен жаңылбаса жана колдончу убагын чаташтырбаса гана денедеги ооруну сүрүп чыгат. Кокус кичине эле жаңылыштык кетсе, анда жанды алып тынат. Ушундай чоң тобокелчиликке барышка Бүбү Мариям аргасыз. Жазында ташкындаган дарыя утуру нугун өзгөртүп, бирде оң жээгин жеп, көп өтпөй сол тарабын көздөй ооп аккан өңдүү, Шакин Эсенгуловдун дарты да

тез-тез өзгөрүп, кээде өтө бачым басаңдап, айыгып кетчүдөй кебетеленип, кайра эле бир нече күндүн ичинде күчөп, айтор, ар кыл мүнөзүн көргөзгөндүктөн жана жакындан бери кайрадан өөрчүй баштагандыктан, эми Бүбү Мариям уукоргошун менен дарылаганга мажбур болгон.

Ошентип, Бүбү Мариям уукоргошунду пайдалануу аркылуу өзүн да, Шакин Эсенгуловду да дарылай баштады. Дарыгерлик кесибине ылайык көнүмүш окуялар өтүп атты. Бирок бул көпкө созулбай, дагы бир күтүлбөгөн окуяга кириптер болду.

Ал күнү – 1995-жылдын 3-июлунда кайрадан медитацияга чыккан эле.

Кадимки абалдан медитация абалына өткөрүүчү ырым-жырымдарды (ритуал) жасап бүтөөр замат, тызылдап чуркап жөнөдү. Көпкө дейре кыймылсыз туруп буулуккандан бешбетер бат чуркады. Чатырлар тигилген жерден өтө ыкчам узап, 2-3 чакырым алыстыктагы «Сары-Жон» деп аталчу тик бет аркылуу да ылдамдыгын түк жазбай жүгүрдү. Кырк беш жаш курагына, салмактуу денесине, айрым бир орчундуу ооруларына карабай, чапкан аттай тез чуркаш үчүн тоонун аба басымы ылайыксыздыгын эске албай, таптакыр чарчап-чаалыкпай, күйүкпөй, демикпей жогорулай берди. Сары-Жондун үстүнө чыгаарга аз калганда – ак нур оронгон Сыйкырдуу Карыя асмандан түшүп келди да, Бүбү Мариямды өзү менен коштоп жөнөдү.

Бийик калпак, узун чепкен кийип, оң колун алдыга сунуп, сол колу менен чепкенинин этегин кайрып кармаган жана көздөрүн сүзүлтүп жумуп алган бул киши тирүү адамга караганда эстеликке окшош эле. Ошон үчүн анын денеси колдойуп олдоксон көрүндү. Анан дагы, ал кишинин бийик кал-

пагы, ал калпакты кийген башы, узун чепкени, ал чепкенди кийген денеси, жумулуу көздөрү, көкүрөгүнө чейин түшкөн сакалы, алдыга сунган оң колу, чепкендин этегин кайрып кармаган сол колу, айтор, баары – түспөлү, түзүлүшү, тыгыздыгы жана салмаксыздыгы нак эле булутка окшош абалда болчу. Ошон үчүн булуттай болуп кайдадыр сызып бараткан эле.

Эмнегедир Бүбү Мариям өзүнө да көңүл бөлүп, өзүнүн денеси жана кийим-кечеси дагы башка абалга өткөнүн, түспөлү, түзүлүшү, тыгыздыгы жана салмаксыздыгы бойунча булутка окшошкондугун, ошол себептүү жанындагы Сыйкырдуу Карыяны ээрчип сызып бараткнын түшүндү.

Бүт турпаты ак булутту элестеткен эки караан ээрчишкен бойдон **Учур Чактан Өткөн Чакты** көздөй өтүштү да, бөлөк аймакка жана бөтөн доорго кабылышты.

Тоо-таштуу, токой-черлүү жана ойдуң-талаалары бар жер... Жайнаган кумурскадай болгон көп жоокерлер... Алар жаа, найза, кылыч, чокмор сыяктуу жарактар менен куралданышкан... Туулга, зоот кийгендери жана унаа мингендери арбын...

Кандайдыр бир сүрдүү добуш жаңырууда. Кургатылган терини керип жасаган аспаптан – добулбастан чыккан ал үн бир ыргакта кайталанууда. Улам кийинкиси мурункудан сүрдүүрөөк чыккандай таасир калтырууда. Үрөй учурган ушул добуштун коштоосунда кызыл кыргын согуш жүрүүдө.

Кан суудай аккан,... өлгөндөр дөбө-дөбө болуп үйүлгөн,... каңырсыган сасык жыт каңылжаарды жарган,... ээсинен ажыраган аттар ары-бери жүгүрүп, аянычтуу кишенешкен... бул ааламат бир дагы тирүү киши калбаганга чейин улантылчу кейипте...

Кыргындын кызыгына батып, жан аябай кырчылдашкандарга байкоо жүргүзгөн бир алп киши бийик чокуда турат. Анын жанында ташты жарып өскөн талдын көчөтү. Отурганга жана жатып эс алганга ылайыктап тизилген таштар...

Ушул улуу кыргын жүрүп аткан аймактын тоо-ташын, токой-черин жана ойдуң-талааларынын баарын өзгөчө нур ирети менен жарык кылууда. Өзгөчө дегени, ал нур күндүн шооласындай болуп көктөн ылдый куюлбай, кандайдыр бир зор тосмонун боорундагы жылчыктан сызылып чыккан соң, капталды көздөй чачыроодо. Ал нур кай жерди жарык кылган болсо, ошо жердеги окуялар күндүзгүдөй ачык көрүнүп, жарык башка жакка жылаар замат караңгылыкка сиңип кетүүдө...

Ал нур жарык кылган жердин баарында кандын суудай агышы, өлгөндөрдүн саны арбып, добулбастын үрөй учурган ыргагынан жазбай жаңырышы...

## УЗУН-УЗУН ЫР САПТАР

Түнкү медитациясы таңга жуук аяктаган Бүбү Мариям чатырларга чукул жерден өзүнө келди. Ошол замат эки көзүнөн жаш мончоктоп акканын, анткени – кырчылдашкан кыргынды көргөзгөн карыянын буркурап-боздоп ыйлаганы кулагына кадимкидей угулганын, ошон үчүн өзүнүн да муун-жүүнү бошоп, ыйлап атканын, майдан жүргөн аймактагы каңырсыган сасык жыт мурдуна сезилип, **денеси гана өзү жашаган доорго кайтып келгени болбосо, жандүйнөсү, сезим-туюмдары түндө өзү көргөн улуу кыргынга аралашкан боюнча калганын түшүндү.**

Көзүнүн жашын көлдөтүп төккөн Бүбү Мариям агын суунун чекесине туруп алып денесин бир сыйра чайкады. Анан өзүнүн чакан чатырына кирип жайланышып отурду да, медитация маалында кагазга түшүргөн белгилерге көз жүгүрттү. Бир эле мезгилде кагаздагы белгилерди окуду, улуу кыргындын жүрүшүн элестетти жана жашы тыйылбай төгүлө берди.

– Сиз келип калдыңыз беле? – деп Шакин Эсенгулов бир маалда чатырдын эшигин ачып кирип келди. – Таңга жуук уулуңуз Таалай экөөбүз чатырыңарды караганбыз. Сиз жок болчусуз. Биз өз чатырларыбызга барып кулак түрүп эле отургандай болгонбуз. Сиз такыр билдирбей келген турбайсызбы. Иттер да үрүшпөдү. Алар деле көрбөй,

туйбай калышканбы, же сизди таанышкандыктан үн чыгарышкан эмеспи, алардын демейдеги ажылдагын байкай албадым. Менин дары ичер маалым өткөнүнө кыйла болду. Сизди дале келелек деген ойдо башбаксам, чатырда отуруп калыпсыз.

– Менин келгениме көп болду. Жерге жарык киреледе келгем. Ошодон бери ыйлап отурам. Мен медитациядан бир шумдукту – эсепсиз көп жоокерлер катышкан согушту көрүп келбедимби. Жер жайнаган өлүктөрдү көрбөдүмбү. Ал жердеги каңырсыган сасык жытты азыр да сезүүдөмүн.

Шакин Эсенгулов Бүбү Мариямдын колундагы дептерге жана андагы жазууларга көңүл бурду.

– Сиз бир нерселерди жазган окшойсуз. Мага көрсөтүүгө болобу?

Бүбү Мариям көз алдынан кетпей турган элестерден арыла түштү.

– Мен жазган белгилерди көрүп шылдыңдайсыз го.

– Жок, шылдыңдабайм. Көрсөтө бериңиз.

Бүбү Мариям дептерин Шакин Эсенгуловго карматты.

– Кичинекей балдар тарткан сүрөттөрдөн жаман бекен? – деп сурады.

Дептердин ачылуу бетиндеги үзүк-үзүк сызыктар, тоонун элесин берген чийимдер, бурчтар жана айрым бир сандар аркылуу Шакин Эсенгулов эч нерсе көрө албады.

– Бул белгилерде эмнелер бар?

– Буларды узун-узун ыр саптарга айлантса болот.

– Эгер узун ыр саптарга айлантып жазгандарыңыздан бар болсо, мага бериңизчи, окуп көрөйүн.

Бүбү Мариям эртең менен жазып койгон бир нече ыр саптарын өзү окуп кирди.

***Ээ, чырагым, көңүлүң бур, сырымды ук,***
***көөдөнүмдү жарып чыккан ырымды ук.***
***Кылымдарды карытып***
***үнүм баспай ырдап келем,***
***көз жашымды куйултуп***
***муңум батпай ыйлап келем.***

Бүбү Марийям даяр бир нече ыр сабын шыр окуп бүткөн соң, талмасы кармаар алдындагыдай белгилер денесинде күтүүсүздөн пайда боло баштаганын сезди да, Шакин Эсенгуловдун жараатын бачым таңып берип, чатырдан чыгарды. Ошол замат талмасы кармап жыгылды.

Бүбү Марийям талмасы тарап, өзүнө келгенде кыйла сергип калганын сезди. Бөтөн кишиге дептердеги белгилерди көрсөтүшкө жана чечмеленген ыр саптарын окуп беришке акысы жоктугун, аны сактабаганы үчүн талмасы кармап жазаланганыгын түшүндү. Дептерин кайра колуна алып, жазуусун улантты.

***Эрөөл талаа майданын көргөн күндөн,***
***эс жыйып көз ачканы сырдуу үндөн,***
***көздөн жашым токтобой,***
***сөздөн оозум бошобой***
***ырдап келем үн баспай,***
***ыйлап келем муң батпай,***
***берендердин эрдигин,***
***Бегимдин кылган шердигин.***
***Жан кыйылган ушул талаа,***
***өзөн толгон өлүк жанга,***
***ажырап адамдардын денесинен***
***адашкан жан-досторду сан жетпеген***
***түн-күнү көрүп турам, угуп турам,***
***кез болбойт тыным алып үнүм баскан.***
***Жүрөктү өрттөп жанды кейитээр***
***жер жайнаган мобу шейиттер,***

***набыт болгон Чоң Казатта эрендер***
***«Намыс корго!» деп багышкан энелер.***

***Ойум бузбай сөзүм тыңдап көөнүңө ал,***
***о, чырагым, шерлеримди көрүп ал,***
***эл эскерсин эрендерди жан кыйган.***
***Эсиңе түй айткан сөзүм бурбастан.***
***Тоодой болуп додолонгон куу сөөктөр,***
***топ жарышкан тирүүсүндө – күлүктөр.***
***Даңкан уруп туягынан от чыккан,***
***деми кызып таноосунан чок чачкан,***
***тулпар аттар Камбар-Ата колдогон,***
***туш келген таш упаранып кум болгон.***

Бүбү Марийам кайрадан улуу кыргынга аралашып, андагы окуяларды көрө баштады. Бир мезгилде бирдеп, ондоп, жүздөп эмес, болгондо да миңдеп шейит кеткен жоокерлердин додо болуп үйүлгөн өлүгү үчүн өксүп-өксүп ыйлады.

«***Жоодон өлүп ээси менен үстүндө,***
***жомок болгон бул куу сөөктөр тирүүгө,–***
***сай күлүктөр***[1] ***Тулпар Пири колдогон,***
***сагызгандар көзүн чукуп кордогон.***
***Ак өтөгөн милдеттерин кезинде,***
***аргымактар арзыйт мактоо сөзүнө.***
***Тулпарлардын бул сөөктөрүн куураган,***
***түшүндүрүп урпактарга айтпасам,***
***тирүүлүктө так өтөшкөн милдетин,***
***тулпарлардын көөдөнүнө суу себемин.***
***Эрөөл талаа жери бөлөк, эли жат,***
***эрендердин сөөгү калган аманат.***
***Адам менен буудандардын куу сөөгү***
***аралашып жатат ээлеп дөбөнү.***

---

[1] *Сай күлүк* – кынтыксыз күлүк.

***Кагыраган куу сөөктөрдү аралап,***
***карегимден кан аралаш жаш агат,***
***Кыраандарды кыйган талдай сулаган,***
***кызыл тилим бүлөп ырга айланткам.***
***Түгөнбөгөн дастан-ырга айланса,***
***түбөлүктүү калк ичинен байралса,***
***эрендердин эрдиктерин, арттагы***
***эл унутпай, өрнөк алаар балдары.***
***Урпактары учун улап үзбөстөн,***
***улуу көчтү улантышаар деп күтөм.***
***Ээн талаа, колотту***
***мекен кылган түбөлүк***
***э, чырагым, бул эрлердин дене-досу[1].***
***Үнүм баспай ырдап келем,***
***муңум батпай ыйлап келем,***
***берендердин шердигин,***
***душманга кылган эрдигин.***
***Көргөнүмдү көргөндөй,***
***ырдап өтсөм деп келем.***
***Журтума текши жеткенин,***
***тыңшап өтсөм деп келем.***
***Кылымдарды карытып,***
***мезгилдерди арытып,***
***урпактар ээй,***
***силердин камды жеп келем.***

(Жаңырган Айдын удаа эки бейшембиси).

*3-июль, 1995-ж.*

деп жазып бүттү. Эмнегедир өзүн өзү сезүүсү кыйла жакшыра түшкөнүн туйду.

---

[1] *Дене-дос* – дене деген түшүнүктүн толук аталышы. Бул да рухий термин жана «Айкөл Манас» дастанында алгач ирет белгилүү болду.

[2] Бул бөлүмдөгү ыр саптарынын баары «Айкөл Манас» дастанынын 1-китебинин 18–20-беттеринен алынды.

# МАНАСТЫН ДООРУ
# ЖАНА МАНАСЧЫЛАР

Бүбү Марияm 6-июлда кайрадан медитацияга чыкты. Бул жолкусу үч күн мурдагыга абдан окшош шартта өттү. Медитация абалына өткөрчү ырым-жырымдарын аткарар замат тызылдап чуркап, бат эле Сары Жондун кырына жеткен кезде Сыйкырдуу Карыя менен кездешти. Дароо БӨЛӨК аймакка, БӨТӨН доорго кабылышты.

Күндүн шооласына окшобогон нур кайра пайда болду. Ал нур кудум өткөн жолкудай болуп, кандайдыр бир зор тосмонун боорундагы жылчыктан сызылып чыкты. Бирок, бу сапар Бүбү Марияm менен Сыйкырдуу Карыя жайгашкан мейкиндиктин каптал жагына эмес, кыйла бийигирээк тарабынан көрүндү. Атайы караңгылатылган сахнаны жылып жарык кылган прожектордой болгон бул нур акырындык менен жылып, Улуу Кыргындын жүрүшүн утуру алмаштырып көргөзө баштады.

Көрсө, бул Улуу Кыргын кыргыз элинин тарыхындагы эң урунттуу учурлардын бири – кадимки Чоң Казаттын жүрүп жаткан кези экен. Көрсө, «Чоң Казат» деген эки ооз жөпжөнөкөй сөзгө ушунчалык зор окуя сыйган экен. Ал зор окуяга аябагандай көп жоокерлер катышып, алардын арбыны шейит кетип, чымчым азы тирүү калган экен...

Аны Бүбү Мариямга жанындагы Сыйкырдуу Карыя айтып берди.

Ал карыя өзү да Чоң Казатка катышкандыгын, катуу жарадар болуп эси ооп жаткан кезде сырдуу үн угуп өзүнө келгенин жана ошол бойдон өмүрүнүн акыркы ирмемине дейре Чоң Казатты, анын кантип башталып, кандайча жүрүп, эмне болуп бүткөнүн, дегеле кай себептердин кесепетинен улам Чоң Казат келип чыкканын, анан дагы, Айкөл Манастын өмүр баянын, анын Доорундагы кыргыз элинин ал-акыбалын, айтор, баарын ырга салып ырдап жүргөнүн бүт бойдон айтып берди.

«Айтып берди» деген сөз так болбой калар, анткени – **ал карыя өзүнүн билгендерин оозун ачып бир ооз сөз чыгарбай туруп, ойдун жардамы менен өткөрүп берди.** Бүтүндөй бир Доордун маалыматтарын толугу менен Бүбү Мариямдын эсине салып койду. Ал эми Чоң Казатка таандык окуяларды кандайдыр бир зор тосмонун боорундагы жылчыктан сызылып чыккан нурдун жардамы менен көргөзгөнүн улантты.

«Тигине, Тал-Чоку, – деп билдирди аркайган бийик тоолордун бирин көргөзүп. Ошол кезде алиги нурдун жарыгы Тал-Чокуга тийди. Ал жерде турган адам – Айкөлдүн өзү. Чоң Казаттын жүрүшүн байкап турган кези...»

Бүбү Мариям Тал-Чокуга көңүл бөлүп, ташта өскөн талдын көчөтүн, отурганга, жатканга ыңгайлуу кылып тизилген таштарды жана тоонун чокусунда көкүрөгүнөн жогору жагы чыгып турган алп кишинин караанын көрдү. Бирок анын жүзүнө дит багып карай албады. Сүрдөдү, батынбады жана тик караганга өзүнүн акысы жоктой туюмда болду.

«Ал эми булар – ар кайсы кылымдарда жашап өткөн манасчылар, – деп тааныштырды, ар кимиси өзүнчө бирден дөң же кырды ээлеген кишилерди нурдун жарыгы көргөзгөндө. – Айкөлдүн Тал-

Чокуда турган кезин ар кимиси өз кудуретине жараша айтып берүүдө».

Бүбү Мариям жайнаган манасчыларга назар салып, ар биринин өң-түсүн, келбетин, анан дагы, Айкөлдүн Тал-Чокуда турган кезин кантип айтып жаткандыгын эсине түйдү. Баарысы бир эле окуя жөнүндө айтышканына карабай, ар кимиси өзүнүн дараметине жараша айтышкандыгын байкады. Айрым манасчылар Айкөлдүн Тал-Чокуда тургандыгы тууралуу түк эчтеке айтпагандыгын да баамдады.

Жоокерлер согуштун кызуусуна батып, кан суудай агып, өлүктөр жерге жайнап калган өрөөнгө нур жарыгын чачканда: «Кырчылдашкан кыргын жүргөн бул аймак – Чоң Казат өткөн жер ушул, – деп билдирүүсүн улантты Сыйкырдуу Карыя. – Ушул Улуу Кыргынды адегенде мен айттым. Менден кийинки манасчы болгондордун баары айтты. Ар кимибиз ар кандай айтканыбыз анык го. Айырманы дал ошол өз алдынча таап айтчы?..»

Бүбү Мариям бу тапшырманы эч кыйынчылыксыз орундады: башка манасчылардын Чоң Казатты кандайча айтышкандыгын жанындагы Сыйкырдуу Карыя кантип айткандыгына салыштырды да, айрым жагдайлар боюнча асман-жердей айырмачылыктарды байкады. Жанындагы карыянын айткандары Бүбү Мариям өз көзү менен көргөн Чоң Казаттын дал өзү экендигин, ал эми манасчылардын айрымдары ушу карыяныкына окшоштуруп айтышкандыгын, бирок кээ бир манасчылар окуяларды кыйла бурмалап, негизги нуктан оолактап кетишкенин түшүндү.

Айтмакчы, Сыйкырдуу Карыя Бүбү Мариямды Өткөн Заманга ээрчитип барып, Айкөл Манас жашаган бүтүндөй бир Доордун маалыматтарын бир ооз сөз айтпай туруп, ой түрүндө толугу менен

өткөрүп бергендей эле, эми ошол Доор жана Айкөл Манас жөнүндөгү ар бир манасчынын маалыматтары дагы Бүбү Мариямга белгилүү болуп калган эле. Баяраак, нурдун жарыгы жайнаган манасчыларды алгач ирет көргөзгөн кезде, баарынын маалыматтарын бир мезгилде, чогуусу менен, ой түрүндө кабылдап алган эле.

Ошентип, Бүбү Мариям бул жолку медитациядан Айкөл Манас жашаган бүтүндөй бир Доор жөнүндө алгачкы манасчыдан баштап азыркы күнгө чейинки манасчылардын дээрлик баарынын айткандарын билип кайтты.

# ТҮГӨНБӨГӨН КӨЗ ЖАШ

Медитация абалында Өткөн Доорго жасаган саякатынан Бүбү Мариям таң ык салган кезде көзүнүн жашын көлдөтүп ыйлаган боюнча келди. Улуу Кыргынды экрандан көргөндөй эле көрүп турган маалында окуяларга өтө берилип назар салгандыктан, ыйлаганын же ыйлабаганын байкабаган. Ал эми медитациядан адеп чыккандагы билгени – эчкирип ыйлап алганы. Эбактан бери – Улуу Кыргындын жүрүшүн көрө баштагандан бери ыйласа керек. Дагы бир баамдаганы – өзүн Өткөн Доорго ээрчитип барган Карыянын буркурап-боздоп ыйлаган муңдуу үнү кулагында жаңыргандыгы. Экөө ээрчишип Чоң Казатты көрүп жүрүшкөн кезде ал кишинин көздөрү дайыма жумулуу болгондуктан, жашын төккөндүгү көрүнбөгөнү менен, жандүйнөсү тынымсыз ыйлап аткандыгын туйган. Болгону, көргөндөрүнө күчтүү таасирленгендиктен, карыянын жандүйнөсүндөгү ыйга алаксыган эмес. Эми, кадимки абалга келген кезде ошол ый кулагында жаңырыктап атыптыр. Сай-сөөгү сыздап ыйлап атыптыр.

Улуу Кыргын болгондон бери нечен кылым өтсө да, анын күбөсү болгон Карыянын көз жашы тыйылган эмес турбайбы. Ошондо суудай төгүлгөн кан алиге жуулган эмес турбайбы. Кыргыз элинин арнамысы үчүн, кыргыз эли жашаган жер үчүн Чоң Казатка тик барып шейит кеткен эрлердин баарынан алардын азыркы урпактарынын дале көкшүүнү сууган эмес турбайбы. Болбосо, Бүбү Мариям көз жашын төгүп ыйлайбы...

## ЖАЙЛООДОГУ ЖАҢЖАЛ

Бүбү Мариям 6-июлдун түнүндөгү медитациясында дептерге жазып келген белгилерин чечмелеп көрдү эле, алар кайрадан чубалган ыр саптарга айланып жазыла баштагандыктан, анын жандырмагын таба албай, белгилерди чечмелөөсүн токтотту. Жайлоого келгенден бери терген дары чөптөрдүн кургагандарынан дары жасаганга киришти. Жайдын толгон кези чөптөн дары жасоого эң ыңгайлуу мезгил эмеспи. Бүбү Мариямдын мында келгендеги дагы бир максаты – бышкан чөптөрдүн жана гүлдөрдүн түрлөрүнөн мүмкүн болушунча көбүрөөк терип кургатуу жана алардан убактысынын жетишишинче дары ачытып алуу болчу. Азыр өзүнөн дарыланып жүргөн оорулууларды кыйла күндөн бери көрө электигине карабай, ушундай ыкма аркылуу алардын дарты менен болгон айыгышкан кармашуусу токтоосуз жүрүп аткан.

Дары чөп ачытуу ыкмасы мындай: кургатылган чөптүн же гүлдүн керектүү өлчөмдөгүсүн таза идишке салып, үстүнө медициналык спирт куят. Аны бир жума кармаган соң, кайнак суу менен бир аз суюлтулган бал кошот дагы, белгилүү күндөн кийин идиштин жогорку жагына калкып чыккан тунук суюктукту сузуп алып оозуна чыпка тосулган башка идишке куюп алат да, түбүнө чөккөн илешкен коюу бөлүгүн төгүп таштаганда анча деле көп эмес өлчөмдөгү дары алынат.

Чөптөн дары ачытуунун жол-жобосун билбеген же көрбөгөн айрым оорулуулар эмне үчүн азыраак эле дары жасаган деп Бүбү Мариямга шекшигендей мамиле кылган учурлар да болгон. Айрыкча Шакин Эсенгулов бир курдай икая сымал окуя айтуу аркылуу ачык нааразылык билдирген. Ал мындайча эле.

«Бишкекте менин бир досум бар. Ал бир жолу аялына мындай собол салганын кулагым чалган. «10 кг шекерди 10 кг карагатка коштуң эле, бирок эмне үчүн 20 литр кайнатма чыкпай, араң 10 литрге жетер-жетпес болуп калды. Же шекериң жок болуп кетти, же карагатың жок болуп кетти. Бирок ал кайда кетти?» Ошол сыяктуу эле, мен сизге 2 литр бал, 1 литр спирт жана кургатылган дары чөп бергем, сиз бир нече күндөн кийин болгону 1 литр дары бердиңиз. Калганы кайда кетти дейм да.»

«Шакин агай, сиз жүйөөлүү суроо салдыңыз. Айткандарыңызды мага бергениңиз чын. Кайра менден бир эле литр дары алганыңыз да чын. Калганы кайда кеткенин мен сизге таап беришим керек», – деп жооп берген Бүбү Мариям үчүн чөптөн дарыны кантип жасаганын Шакин Эсенгуловго ушу жайлоодо толук көрсөтүп бергенге мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ал кишини ээрчите келгенинин дагы бир арзыбаган себеби ушул болчу. Айтор, аркалаган кесиби – дарыгерлик өнөрүнүн алдындагы жоопкерчилиги кээде ушинтип сөзүнө ишенбей мамиле кылгандар менен да иш алып барууга түрттөт.

Ал эми Шакин Эсенгуловду жайлоого апкелгенинин эң негизги себеби, аны уукоргошун менен дарылоо экени жогоруда айтылып өтпөдү беле, ошол ишине алгачкы күндөн киришип, кыйла ийгиликтерге да жетише алды. Күндө бир маал (дайыма түшкө чейин) чакан чайнекке демделген

уукоргошундун бир нече тамчысын ысык сүткө кошуп оорулууга ичирет. Болгону бир нече тамчы дарынын кудуретине туруштук бералбай, дем алуусу кыйындап, энтиге баштаган Шакин Эсенгуловду эшикке чыгартып нары-бери жетелетет. Ошол эле маалда кайнап аткан сүттөн куйдуруп тез-тез ичиртет. Андан кийин Бүбү Мариям өзүн дагы дарылоого өтөт. Кыйла жыл мурда болгон операция маалында врачтар кетирген одоно жаңылыштыктан улам оорулуу болуп калган сол эмчеги ушу кезде шиший баштаган эле, ошол оорусуна да каршы уукоргошунду пайдаланат. Уукоргошун демделген суюктукту сол эмчектин жогору жагындагы шишиктерге шыбайт. Көп өтпөй, сыртынан кабыл алынганына карабай, кадимкидей ууга баштайт. Бир-эки сааттын ичинде гана дары чөптүн таасири денеге тарайт.

Эгер белгиленген мөөнөткө дейре уукоргошунду кабыл ала беришсе, экөөнүн тең абалы жеңилдеп калчудай. Ким билет, балким, шыпаа болуп, алар таптаза айыгып кетүүлөрү да ажеп эмес.

Кыскасы, терем деген чөптөрүн терип, кургатып, жасайм деген дарыларынын кыйла бөлүгүн даярдап, өзүн жана Шакин Эсенгуловду уукоргошун менен дарылоосун улантып, айтор, бейкапар күндөр өтүп аткан. Анан заматта эле баары чакчалекей боло түштү. Аны Бектемир[1] баштады.

Күн чоң шашке болгон кезде Бектемир келди. Баскан-турганынан, кебете-кешпиринен жакшылык менен келбегендиги даана көрүнүп турду. Таалайдын чатырына жайланышып отуруп, дасторкон жайылган соң, ала келген бир бөтөлкө арактты ачып, Гүлайга[2], өзүнө куйду.

---

[1] *Бектемир* – Бүбү Мариямдын күйөөсү.
[2] *Гүлай* – Ш. Эсенгуловдун аялы.

– Ичкениңди көрүп эле жүрөм. Ич азыр, – деп өктөм буйрук берди.

Унчукпай макул болгон Гүлай стаканындагыны тартып жиберди.

(«Мен ошондо корккonуман эле ичпедимби»,– деп кийин айтып калчу ошол учурду эстешкен кездерде.)

Бектемир өз стаканын кекиртегине көңтөрдү. Ал ар бир сөзү, кыймыл-аракети, көзкарашы аркылуу Чаектен атайы ат арытып келгендеги максаты – ойунда азоо тайдай ойноктоп турган өтө жагымсыз кабарды айтуунун ыңгайын келтире баштады.

Бала болуп башына түк чыккандан бери бир да жолу ичимдиктин бир да граммын оозуна албаган, ал эми дарыгерлик ишке аралашкандан бери ичимдик бар жерден ат чабым оолак болууга аракеттенип жүргөн Бүбү Мариям Бектемирдин өзүмбилемдикке салып дасторконго арак коюп, аны Гүлайга ичирип, өзү да ичкен кылыгына чыдай албады. Башы дагы ооруп чыкты.

– Мен барайын. Силер ичe бергиле, – деп айтып өз чатырына кетти.

Көп өтпөй Бектемир артынан келди.

– Билесиңби, силер жөнүндө элде эмне кеп жүрүп атканын, – деп табышмактантып сөз баштады. – Сен бүгүнтөн баштап Шакин Эсенгуловду дарылаганыңды токтот.

Бүбү Мариям өз ишине Бектемирдин мынчалык кийлигишерин күтпөгөн. Биринчиден, мындан үч жыл мурда ишине такыр кийлигишпейм деп берген убадасы бар болчу. Экинчиден, «Шакин агай үй-бүлөсү менен Сары-Камыштагы туугандарынын жайлоосуна чогуу барып келели деп сунуш кылды. Мен ал кишиге уукоргошун ичирип атпадым беле. Кошо барып, ошояктан дарылоону бүткөрүп кел-

семби деген ойдомун. Сен кандай дейсиң?» – деп Бүбү Мариям Бектемир менен кеңешкенде: «Жок, Сары-Камышка барбай эле, андан көрө, уул-келинибиз Таалай менен Нурисанын жанына барсаң кантет. Шакин жездеге айт, шарты болсо, сени менен кошо биздин жайлоого барып дарылануусун улантсын» – деп сунуш кылгандыктан, анын айтканындай болуп, Туюк-Төрдүн оозуна келишкен. Ушул эки жагдайга – өзүнүн убадасына, жана баары чогуу чыгарган чечимге карабай, арадан эки жума өтө электе келип алып: «Шакин Эсенгуловду дарылаганыңды токтот!» – деп талап кылышы, алибетте, Бүбү Мариямга түк түшүнүксүз.

– Мен оорулууга уукоргошун ичирген кезде адегенде бул касиеттүү дары чөп менен шерттешип алып анан киришем. Ошол шерттин убактысы бүткөнгө чейин Эсенгуловду дарылаганымды токтотпойм. Муну сен жакшы билесиң.

Бектемир адатынча эле айтканы дароо аткарылат деп күтсө керек. Бирок берилген жүйөөлүү жоопко татыктуу сөз кайрый албай, арсыз ишке барды. Кайра да кол көтөрдү: оң алаканы менен Бүбү Мариямды сол жаакка чапты. Таамай жана катуу тийгендиктен, Бүбү Мариямдын башы шылк эте түштү. Көзү караңгылашып, жаагы шумдук ачышты. Ал эми жандүйнөсү жаагынан миң, миллион эсе ашык ачышты. Анткени, минтип кол тийгизгенге анын **акысы** жок болчу. Азыр анын башка аялы бар эле. Дээрлик эки жылдан бери Бектемир башка аял менен өзүнчө өмүр сүрүп, Бүбү Мариям бала-бакырасы менен өзүнчө оокат кылып аткан.

Айтмакчы, бөлөк аял алуу сунушу да Бектемирге таандык. Аны Бүбү Мариям да туура көрүп, каршы болгон эмес. Анда Бектемир «өзүңдүн синдиң-

ди алайын» деген ниетин билдиргенде, мунусуна дагы көнгөн. Буга дейре турмуштан жолу болбой жүргөн сиңдиси менен кеңешип, аны Бектемирдин сунушуна көндүрүп, экөөнүн башын бириктирип койгон.

«Бектемир, сен экөөбүз үйлөнүп чогуу өмүр сүргөнгө чейрек кылымдан ашты. Бала-бакыралуу болдук. Алар чоңойду. Келин да алып, небере көрдүк. Бирок Теңирдин буйругу экен, мен жакындан бери элдик дарыгер болуп калдым. Кантип, кандай шарттарда бул кесипке аралашканымдан толук кабардарсың. Баары сенин көз алдыңда өтпөдүбү... Ушул өнөрдү мойнума алып, киши дарылай баштагандан бери мурдагы ооруларымдан арылып, жаным жай алып калганын да билесиң. Бирок сага аял керек экен. Болгондо да менин кара чечекей сиңдиме сугуң түшүптүр. Ал Таалай менен тең. Аны төрөгөндөн кийин апам көп сыркоологон. Ошол кездерде кээде мен ага эмчегимди эмизген учурлар болгон. Таалай менен эмчектеш экенине карабай, аны алууга ниет бурдуң. Мейли. Мен мунуңа макулмун. Сен каалагандай болсун. Айтканың аткарылбаса башка аялды деле алаарың айдан ачык. Ал эми сен, сиңдим, жездең Бектемирге турмушка чыгууга макулдугуңду бердиң. Ушул чечимиңе бекем тур. Кол кармашып жакшылап оокат кылгыла. Экөөңдүн үйлөнгөнүңөрдүн күбөсү, тигине, үйдүн терезесинен көрүнүп турбайбы, Бектемир, сенин ата-энеңдин мүрзөлөрү, ошо жерде түбөлүк жайын тапкан менин атамдын, уулубуз Таланттын арбактары жана төбөдөн баарын көрүп турган Көк Теңир. Эмне үчүн экөөңдү баш коштурууга макул экенимдин сыры да бештен белгилүү: үй-бүлөмдүн очогунун оту өчпөй, ырыскысы чачылбай сакталып калса экен деген гана аракет. Андан башка көксөп, көздөгөнүм жок. Эми мындан ары

мени жайыма койгула. Тынчымды албагыла. Менин кыла турган кызматым бар. Ошо кызматыма татыктуу болоюн...» – деп ойундагысынын баарын Бектемир менен сиңдисине ачык айткан.

Ооба, Бүбү Мариям мына ушундай чечкиндүү кадамга барып, «Мен аял алышым керек», – деген Бектемирдин жана бул сунушту кабыл алган сиңдисинин башын бириктирген. Башкача айтканда, айылдаштардын кабылдоосуна сыйа бербеген, бирок кыргыз элинде байыртадан эле сакталып келген салтты аткарган.

Мына ушул өтө орчундуу шартка да карабай, дарыгерлик ишине одоно кийлигишип, анысы аздык кылгансып, кол көтөргөнү үчүн Бүбү Мариям Бектемирге абдан таарынды. «Эмне үчүн мени урат?» – деп ичинен өзүнө өзү суроо берди.

Экөө чогуу өмүр сүргөн узак жылдардын ичинде Бектемир Бүбү Мариямды көп эле жолу колу менен коюп, буту менен тээп, камчы менен чаап сабаган жана ачуу сөздүн уусун өткөрүп урушуп тилдеген. Ошондой оор учурлардын дээрлик баарында Бүбү Мариям унчукпай чыдаган. Каяша кайрыбаган. Эч кимге арызданган эмес. Бешенеме жазганды көрүп атам го деп моюн сунган. Ал эми азыр башка учур. Жөн гана баш ийип калчу маал эмес. Ошондуктан «Эмне үчүн мени урат?» деп өзүнө өзү алгач ирет суроо берип, ага арзыырлык жооп таппады. Каяша айтсамбы деп, буга батынбады. Тайсалдады. Өзү үчүн эмес, Шакин Эсенгулов үчүн коркту. Өзү өлалбай араң турган оорулуу жана улгайып эле калган кишини ачууга алдырган Бектемир уруп-токмоктоп же атка сүйрөтүп майып кылып коюп, бүт элге шерменде болгондон чочулады. Ага жол бербеш үчүн Бектемирдин дагы бир кордугуна чыдап койоюн деп чечти.

– Эсенгулов буга дейре көп аял алып кетирген киши. Бир нече үй-бүлөнү бузган бузуку. Сен аны дарылаганыңды дароо токтот, – деп сөзүн улады катуу каарданып, көзүнөн чаары чыккан Бектемир. – Эгер тилимди албасаң, аны атка сүйрөтүп өлтүрөм. Анан эмне болсо ошол болсун. Мага баары бир.

Бектемир эмне үчүн акылынан ажыраган чекке жетип кызганычка алдырганын Бүбү Марийам түк түшүнбөдү. Айрым бир арам ойлуулар: «Аялың сага сиңдисин алып берип, а өзү болсо Эсенгуловго тийип алып жайлоодо чардап эс алып аткан тура. Кайран катының кутурган экен», – деп айтышкандыктан, мындай бузуку сөздөргө ууккан Бектемир укканынын чын-төгүнүн териштирбей, өзүн кордолгон күйөө катары эсептеп, намысына шек келтиргендердин сазайын берейин деген ниетте бекем турганын, кийин, арадан дагы бир кыйла күндөр өткөндөн кийин гана билбедиби. А азыр, ачык турган күн күркүрөгөнгө тете шарт кантип түзүлө калгандыгынын сыры али белгисиз болсо да, ушул оор абалды кандай гана жол менен болбосун жеңилдетүү максатында мындай деди:

– Шакин агай караар-көрөөрү жок бечаралардын бири эмес. Районго гана аты чыкпай, Республикага белгилүү болуп төбөсү көрүнгөн киши. Мага жыргаганынан келген эмес. Дартынан арылып, жаны аман калаар бекен деп менден дарыланып жүрөт. Оорулуунун диагнозун райондук дарыгерлер, акимчиликтеги айрым кызматкерлер билишет. Аны атка сүйрөтүп өлтүрүп коюу оңой болушу мүмкүн, бирок бул кылмыш үчүн өтө катуу жооп берүүгө да туура келерин эсиңен чыгарба. Күнөөсү жок кишиге кол тийгизип же өлтүрүп алып кесилип кеткиң келсе, түрмөгө түшүп чирип өлгүң келсе, өзүң

бил. Бирок, өзүңдү ойлобосоң, өзгөлөрдү да ойло. Бала-бакырабыздын эл-журтка батып күн көрүшүн да ойло, – деп өктөм айткан соң, Бектемирдин сунушун кабыл алаарын минтип билдирди.

– Мейли, сен талап кылгандай болсун. Бирок Шакин агайды дарылаганымды дароо токтото албайм. Уукоргошундун шерти ошондой. Аны аягына чыгарайын. Анан дарылабай койоюн. Биз жакында Чаекке кайтабыз. Ошондо токтотоюн.

– Чакыр анда Эсенгуловду. Аны менен да ачык сүйлөшүп алайын, – деп буюрду Бектемир.

Бүбү Мариям өзүнүн чатырынан чыгып:

– Агай, сизди чакырып атат! – деп Эсенгуловго айткан соң Таалайдын чатырына кирди. Эми эмне болуп кетээр экен деп тынчсызданып тиги чатырга байкоо жүргүзүп калды.

Бектемир бала кезинен урушчаак өсүп, далай кишини токмоктогонунан кабардар эмеспи, же эч кандай кара күчтөн коркпос эр жүрөкпү, же жөн гана намыс үчүн тынчсызданып корккону билдиргиси келбедиби, айтор, Шакин Эсенгулов башын тик кармаган бойдон камырабай жай басып барды. Анын өзүнө ишенген кебетеси Бектемирдин ындынын кыйла өчүрдү.

Чатырда калган эки эркек андан ары эмнелер жөнүндө сүйлөшкөнүн Бүбү Мариям уга албаса да, экөө өтө жагымсыз маселенин тегерегинде кеп козгошконун туюп тургандыктан, алардын талашы батыраак эле аягына чыгып, эки жакка тарап кетишин чыдамсыздык менен күтүп турду. Бир маалда Шакин Эсенгулов жетип келди да:

– Тиги чакан чайнекте эмнеңиз бар эле? Жөн чай беле же уукоргошун беле? Аны күйөөңүз ичип алды! – деп соңку жаңылыкты билдирди.

Соңку жаңылык болбосоң коё кал! Эч ким караманча күтпөгөн окуянын болуп кеткенин кара! Эми эмне болот? Чакан чайнекте демделген уукоргошунду байкабай (же атайылады бекен?) ичип ийген Бектемир уулана баштайбы? Анда ага эмне чара көрүп, ким кантип сактап калат?

Бүбү Мариям бир заматта ушунчалык көп суроолорду ойлоп өттү. Алардын бирине да жооп тапканга жетишкичекти, – аларга алеки заматта жооп бере салуу абдан эле кыйын го, – Бектемир да келип калды.

– Тиги чайнектеги эмне эле? Чай экен деп ичип ийсем, оозум дуулдап, ичим ачышууда.

Уукоргошун ичкендеги алгачкы белгини Бектемир так айтып бергендиги Бүбү Мариямдын үрөйүн ого бетер учурду. Бирок ичинен катуу корккондугун сыртына чыгарбай, мүмкүн болушунча жайбаракат сүйлөгөнгө аракет кылды.

– Сен билет элең да, мен эмне менен киши дарыларымды. Сүт ич. Кесип кетсин. Антпесең аздан соң оозуң кургап, тамагың көөп, ууланып өлүп калышың мүмкүн. Чайнекте эмне бар, чайбы же башкабы, карашың керек эле да.

Жанараакта өзү ачкан бөтөлкөдө арактын жарымы калган эле. Бектемир аны бир дем менен жутуп жиберди. Анан, сырттан бээ саап келген келини Нурисанын колундагы чаканы ала коюп, андагы жарым чака сүттү бүт ичти.

– Мейли, сен айткандай болсун. Жакынкы күндөрү дарылаганыңды аягына чыгарып, кыштакка түшүп бар. Мен азыр үйдө иштеген усталарга союп берүү үчүн союшка ылайык койдун бир нечесин бөлдүрүп алып, айдап кете берейин, – деп Бектемир бүгүнкү ашкере оор сүйлөшүүнү тыянактады. Айтканындай эле союшка ылайык койлорду

бөлдүрүп алды да, аларды айдатып, өзү атына минип жолго чыкты.

Бектемир узап кеткенден кийин деле Бүбү Мариям тынч алалбады. Бир чайнек уукоргошун ичип алган неме жолдо жыгылбай, ообой, кыштакка аман-эсен жетип алса экен деп тиледи. Эч кандай себеби жок жерден көбүртүп-жабыртып көп сөз чыгарган ушакчылар эми күйөөсүнө атайылап уукоргошун ичирип өлтүрүптүр деп, өтө чоң жаманаттыга калтырышаарынан коркту. Күн кечтеп калган кезде кыштактан келаткан кишиден жолдон Бектемирди көрдүңбү деп сурап, анын аман-эсен эле баратканын уккан соң көңүлү тынчтанды. Эми Бүбү Мариям бир нерсеге – Бектемирдин демделген уукоргошунду ичкенине ишенээр же ишенбесин билбей арсар ойдо калды. Эгер ичпеген болсо жана уукоргошунду ичип ийдим деп калп айтса, анда бул сөзүн Шакин Эсенгулов ырастап бермек эмес. Эгер чындап эле ичкен болсо, анда аман калышы күмөн болчу. Анткени, Бектемир мындан он төрт жыл илгери бир курдай уукоргошунга ууланган жана анда аны кандай кыйынчылык менен араң сактап калышканы Бүбү Мариямдын эсинде.

Ал окуя август айынын башында болуп өткөн.

Ошо жылы Бүбү Мариям дагы бир жолу операция болгондуктан, Бишкектеги ооруканада узак жатып, денсоолугу жакшырганда чыгып келип, адатынча үй оокатка дароо аралашкан. Ал күнү үйдүн жанындагы секичеге чыгышып, кийиз жасоого жаңыдан киришишкен. Анан эле атын чымын-куюн болуп чапкылап Бектемир келип калды. Анын бул кылганына тынчсызданган Бүбү Мариям секичеден үйгө түшүп келди.

– Мен уу ичтим, – деди Бектемир сүйлөгөнгө араң жарап, – эптеп үйгө жетейин деп атымды чаап араң келбедимби.

Жакында эле жапжакшынакай болуп үйдөн чыгып кеткен Бектемирдин өңү кара-көк тартып көөп, эки ууртунан ак көбүк куюлуп калыптыр. Көрсө, аны менен ыркы келишпей урушуп-талашып жүргөн бир айылдашынын үйүнөн арак ичишиптир. Бирок арактын өңү саргыч түстө экендигин байкаптыр. «Буга уу кошуп коюшкан эмеспи» деп ичинде шекшингени менен, оюн ачык айтуудан тартынып, антсе эле ансыз дагы ымалалары келишпей жүргөн киши менен (айтмакчы, ал киши Бектемирге туугандык жайы да бар) чатакташа кетүүгө батынбай, даамы да башкача аракты тартып жиберет. Ошо замат чоң жаңылыштык кетиргенин түшүнүп, уу денесине тарай электе үйгө жетүү үчүн дароо атына минип чаап жөнөйт.

Босогону аттаары менен Бектемир жыгылып түшкөнүн көргөндө Бүбү Мариям коркуп кетти. Эмне кылаарын билбеди. Чоң энеси Ажар:

– Кокуй, эмне болуп кетти эле. Үйүмдүн босогосунда жаны чыкпаса экен. Элге-журтка шерменде болбогой элек. Өтүгүн чечкиле да, батегин алып бергиле! – деп өктөм айтты.

Бектемирдин өтүгүн чечишип, батегин алып беришти. Ажар кийизди бышыруу үчүн самоордо кайнап турган суудан чоң кесеге куюп ала койду да, батекти ага чылап, аралаштырды. Суунун табы бир аз кайтып, анын ысыктыгы ооздун ичин күйгүзөр-күйгүзбөс абалга жеткен кезде батектин сасык даамы чыккан сууну Бектемирдин оозуна куйду. Көрсө, уу ичкен кишиге өзүнүн батеги чыланган суу ичириш керек экен. Батек канча сасык, канча шыбоо болсо, ошончо жакшы тура. Үйдүн шартында ууга каршы колдонулчу эң ишенимдүү курал, бул – батек тура. Эгер уу ичкен кишинин шыбоосу жок болсо, анда ошо ууну ичирген ки-

шинин батегин пайдаланса да болчудай. Уунун анты ушундай экен. Бул маалыматтарды Ажардын билгендиги абийир болду.

Батектин суусун ичээр замат Бектемир окшуп куса баштады. Ажар анын батегин кайнак сууга чылап туруп дагы бир жолу оозуна куярда:

– Бул жолкусун иче алгыдай эмесмин. Кызылөңгөчүм күйүп калды окшойт, – деп Бектемир араң сүйлөдү.

– Кызылөңгөчүң күйсө, айыгат. Чымын жаның аман калса болду, – деп Ажар өтө өктөм айтты да, сууну оозуна куйду. Каары чындап келгендиктен эки көзү тостоюп, куурчактыкындай болуп сыртка чыгып калган Ажардын эркине айла жоктон баш ийип, оозуна куюлган өтө ысык жана өтө сасык сууну какап-чакап атып жутту да, кайрадан кусту. Кусуп бүтөөр замат ысык сүт ичиришти. Артынан муздаткычта суутулган муздак сүттү оозуна куюшту. Бектемир кайрадан кусту. Кыйладан кийин:

– Даараткканага барайынчы! – деп өтүндү. Эки жагынан сүйөп даараткканага алып киришкенде анын ичи өттү.

– Ичиң өткөнү жакшы болот, айланайыным. Эми жаның калат, – деди Ажар. – Бирок, бир жерге токтотпой нары-бери жетелей бергиле, көк буусу али чыга элек.

Ажардын айтуусу боюнча Бектемирди тындырышпады. Нары-бери жетелей беришти.

Бир маалда, болжол менен жарым саатка чукул убакыт өткөн кезде Бектемирдин төбөсүнөн көк буу чыкты. Мордон чыккан түтүндөй болуп, кадимкидей көзгө көрүнүп чыкты. Ошондон кийин гана Бектемирдин кара көк тарткан өңү өз калыбына келе баштады. Көрсө, ашказандагы уу кусунду жана ич өтүү аркылуу тазаланса, денеге тарап кеткен

бөлүгү алка-шалка түшкөн тер жана түтүндөй болуп көзгө көрүнгөн кара буу аркылуу чыгат экен.

Негизи, сакаяар оорунун дарыгери өзү табылат деп бекер айтылбаган. Эгер ошондо Бүбү Мариямдын чоң энеси Ажар үйдө болбогондо, жүз граммдык стакандын жарымынан келген ууну ичкен Бектемир сөзсүз өлмөк. Ал эми азыр чакан чайнектин капортосунан көбүрөөк уукоргошунду бүт ичкени чын болсо, анда Бектемир соо калбайт болчу.

Же, балким, ушакчылардын уудан да кудуреттүү сөздөрүнө уугуп атканда, уукоргошунду байкабай ичип ийгендиктен, ичине кирген эки уу бири-бирин жоюштуруп жиберди бекен? Болбосо жарым бөтөлкө арак жана бээнин жарым чакадан көбүрөөк сүтү дээрлик бир чайнек уукоргошунду эч убакта кесип кете албайт болчу.

# АТКАРЫЛБАГАН ТАЛАПТАР

Шакин Эсенгуловду уукоргошун менен дарылоосун дагы эки-үч күндө аягына чыгарган Бүбү Мариям 10-июлда жайлоодон көчүп Чаекке келди. Бирок баштагыдай беймарал жашоо болбой, алаамат күндөр башталды. Анын себепчиси дале Бектемир эле. Ал мындан үч жыл мурда: «Мен сен жөнүндө керемет түш көрдүм. Сен элдик дарыгерлик кесибин кармангыдайсың. Анда мен сенин ишиңе түк кийлигишпейм» деген убадасын одоно бузуп, ачыктан-ачык кийлигишип кирди: биринчиден, дарыланып аткан дартмандарга терс мамиле кылып, кагып-сөгүп, айтор, аларды ар түркүн ыкма менен ызалантууга өттү, – мурда эч убакта мындай ээнбаштыкка барбачу; экинчиден, кийинки аялы анын аёосуз ур-токмогуна чыдабай Миң куш айылына качып кетип калгандыктан, эми экөөбүз нике кыркып ажырашкан эмеспиз, кайра чогуу жашай берели деп талап койчу болду; үчүнчүдөн, Шакин Эсенгуловду дарылаганыңды караманча токтот деп буйрук берип туруп алды. Күтүлбөгөн окуялар мынчалык тез болуп кеткендиктен, эмне кыларын билбей калган Бүбү Мариям баары бир Бектемирдин убадасынан тайыганына макул болбой, оорулуулардын бир кыйласына: «мындан ары мага келбей, же врачтарга, же табыптарга баргыла, менин шартымды көзүңөр менен көргөндүгүңөрдөн улам мени тура түшүнөөрсүңөр» – деп ачык айтып, алардан

колун бошоткону менен, айрымдарын дарылаганын уланта берди; кайра чогуу жашайлы деген талапка караманча каршы турду; Шакин Эсенгуловду дарылаганын да токтотподу. Анткени, Бектемирдин ниети бузулганын көрөр замат баштарта койгудай, элдик дарыгерчилик, оюнчук эмес, тескерисинче, келген кыйынчылыктын баарына чыдап, туруктуулук көрсөтүп, керек болсо, чымын жанды курмандыкка чалып болсо да, бул өнөргө кымынчалык шек келтирбешке тийиш экенин эң сонун түшүнөт. Элдик дарыгерчиликтин ушул терең сырларын толук билген соң гана, анан дагы, өзүнүн жеке жашоосундагы абдан көп жагдайлар ушул шартты жаратышканын, ачык айтканда, бул өнөргө аралашпаска башка аргасы жоктугу айгине болгон соң гана элдик дарыгерликти аркалап калбады беле. Ал эми Бектемирдин: «Кайра чогуу жашай берели» деген талабын таптакыр кабыл албай, төбө чачы тик туруп каршы болгондугу дале Бүбү Мариямдын үй-бүлөгө өтө олуттуу жана жоопкерчиликтүү мамиле кылгандыгынан. Ошондой эле, Бүбү Мариямдын каны-жанына сиңип калган адаты – бир баскан изин кайталап баспаган, бир берген убадасын сөзсүз түрдө аткарган, көздөгөн багытынан артка такыр кайтпаган туруктуу мүнөзү, башкача айтканда, көктүгү да, дээрлик эки жыл бою өзүнүн сиңдиси менен өзүнчө түтүн булатып оокат кылган Бектемир менен экинчи ирет чогуу жашашына жол бермек эмес.

Бектемирдин үчүнчү жана эң орчундуу талабы – Эсенгуловду дарылабайсың дегенин орундабаганынын сыры мында: ал кишинин ашкере ашынып кеткен дарты менен алышканына эки жылга аяк басып, ушул убакытта жумшалган албан аракеттерди текке кетире алмак эмес жана дарыгер катары оорулуунун алдындагы жоопкерчилиги буга жол бербейт эле.

## КЕРЕМЕТТҮҮ КӨК-БУЛУҢ

Бүбү Мариям күтүүсүз жерден дагы бир жолу медитацияга чыкты.

Кыйла мезгилден бери Бүбү Мариям менен карым-катнашта болуп, алыш-бериш кылып жүргөн Гүлмира аттуу келин бар эле. Ал Чаектен көп алыс эмес жайгашкан Дыйкан айылында жашачу. Анын жакында каза болгон чоң апасына куран окутуу үчүн Бүбү Мариям Гүлмиранынкына 2-август күнү келген болчу. Бүгүндөн калбай Чаекке кайра кетүүнү көздөп келгенине карабай, антип-минткиче эле кеч кирип кетип, түнөп калууга мажбур болду. Күүгүм кирип, жаңырганына жети күн болгон Ай көккө көтөрүлгөн кезде, сыртка чыгып даарат алган Бүбү Мариям кумганды калтырды да, үйдөн алыстап жөнөдү. Анткени, жаңырганына бир нече күн болгон Айдан алган энергиянын кубаты күчтүү болгондуктан, анын жардамы менен медитацияга чыгып, өткөн доорлорго же бөтөн дүйнөлөргө саякатка барып келүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп калган эле.

Гүлмиранын үйүнөн заматта узаган Бүбү Мариям айылдын четиндеги мүрзөлөрдүн тушунан өтүп баратканда артынан бир дабышты укту. Ал дабыш оор жүк артылган ат өр талашта кышылдап дем алганына окшошту. Бүбү Мариям чочулады. Бирок артына кылчайбастан, кадамын шилтей берди. Аңгыча эле оң далысына бир кол коюлду. Ошол за-

мат тулку боюна толуп-ташып турган кудурет күчү далысына тийген кол аркылуу артындагы кишиге өтүп кеткенин, өзү аябагандай алсырай түшкөнүн сезди. Ал эми, артындагы киши, өзү менен дайыма медитация маалында кезигишип, өткөн доорлорго саякатка алпарчу жана өтө кызык окуяларды көргөзчү Сыйкырдуу Карыя экенин тааныды. Андан ары эмне болгонун билалбай калды.

Арадан аз же көп убакыт өткөнү белгисиз.

Бүбү Мариям өзүнө келгенде таптакыр тааныш эмес жерде турганын түшүндү. Айланага көз жүгүртүп, аябагандай кооз жерге келгенин билди. Өңүндө түгүл түшүндө да түк көрбөгөн керемет кооз жайда жалаң жапжашыл чөп жана ар түркүн гүлдөр жайнайт.

Бүбү Мариям өзү колотто турат. Маңдай тарабы жана арт жагы кыйла тик беттер. Артындагы беттин кылда учунан төгүлгөн айдын жарыгындай нур алды жагындагы бетти жарык кылууда. Жарык түшкөн бетте, Бүбү Мариямдан көп алыс эмес аралыкта Сыйкырдуу Карыя турат. Ал Карыя турган жерде бир булак оргуштап агып чыгууда. Булактын суусу агып колотко жеткен жерде чоң таш жатат. Анын өңү кызыл. Көлөмү үйдөй. Бирок үстү жагы урчуктуу эмес. Жарымынан жогорураактагы бөлүгү кесилип алынып ташталгандай. Ал таштын түбүндө килейген баш сөөк жатат. Ал – аттын баш сөөгү. Анын көлөмү азыркы аттардыкынан алда-канча чоң. Бул баш сөөк буерде жатканына бир нече кылым өтүп кеткен өңдүү. Дагы бир нече кылым бою чирибей жата берчүдөй. Айтмакчы, дайыма сууда жатканына карабай ал баш сөөктүн өңү аппак. Негизи, бул баш мындан көп кылым илгери жашап өткөн кайсыл бир асыл тукум атка таандык болууга тийиш. «Алтын дат

баспайт, асыл чирибейт» деген сөз бөөдө айтылбаса керек.

Жарык тийген беттен аккан булак суусу колотто жаткан чоң кызыл таштын баш сөөк жайгашкан тарабынан айланып агып өтүүдө. Жөн гана агып кетпестен, өтө жагымдуу шылдырттап, жөн гана жагымдуу шылдырттабастан, өтө кызык нерселер жөнүндө, жердин түпкүрүнөн агып чыгып келатканда эмне кызыктарды көрүп, кандай шумдуктарды уккандыгы жөнүндө төгүлүп-чачылып айтып берүүдө. Жердин тээ түпкүрүнөн сыгылып, сызылып, жарыкчылыкты сагынып жана аябагандай ашыгып агып чыккан бул булактын аңгемесине, – ал аңгеменин башталышы да, бүтүшү да жок эле, – теребел бүт дитин коюп кулак түрүүдө. Бүбү Мариямдын акыл-эсине сыйбаган дагы бир нерсе: ушул булактын суусу чоң кызыл ташты айланып агып өтүп, кыйла узаган соң өзүнөн өзү чоңоюп, кеңейип, зор дарыяга айланып, аябагандай алыс жактарды көздөй агып кетип аткандыгы...

Килейген кызыл таштын ылдыйраагында өңү кудум чоң таштын өзүндөй болгон, бирок көлөмү кичинекей таш бар экен. Бүбү Мариям сандыктай болгон ошол таштын үстүнө чыкты да, анын түбүнөн агып өтүп жаткан суудан кочуштап сузуп ууртады. Бир ууртаганда эле суусаганы кана түштү. Чаңкаган же чаалыккан учурларда дээрлик бир кесе сууну бир дем менен ичип жиберчү Бүбү Мариям азыр булак суусун бир жолу гана жутту. Ал суунун кыйла коюу абалда экенин жана шумдуктуудай муздактыгын, ошондой эле бир ууртталган бөлүгү алсыраган денесине дем-күч берип, маанайын жаркыратканын байкады. Башын жогору көтөрүп, айланага көз чаптырды да, теребел жанагыдан да көрктүүрөөк, коозураак боло калганын көрдү.

... Эми булак суусунун шылдырттап аккан дабышы өзгөрүлүп, шыгырттаган үн чыга баштагандай угулду. Эми булактын көзүнөн ылдый карай суу акпастан эле бермет шурулар тоголонуп, сыйгаланып, сүрүлүп келаткандай туюлду. Эми эшилген кумдай ак берметтер ай нуруна чагылышып, кулпуруп кубулду...

Бүбү Мариям үстүндө турган чакан кызыл таштын түбүндө кадимки эле суу агып атканы менен, бир аз ылдыйлаганда эле суу кайрадан берметке айланып, тоголонуп, сыйгаланып, сүрүлгөн боюнча жылмышып жылып баратты. Булактын суусу өзүнөн өзү кеңейип, чоңоюп, зор дарыяга айланып, канчалык алыстыктарга агып кетип аткан болсо, ошончо жердеги суунун баары берметке айланып агып баратты эми...

Ушул керемет жайдын көркүнө көрк кошуп, ажарын ансайын ачкан дагы бир нерсе – булбулдун муңканып сайраганы эле. Өзү каерде экени, кайсы гүлдүн багына конгону же кайсы чөптүн далдаасында олтурганы белгисиз болгондуктан, көзгө көрүнбөгөн бул булбул шумдуктуудай кубулжутуп сайроодо.

Бул аймактагы ар бир өсүмдүктүн, ар бир заттын жана ар бир кубулуштун таржымал-тагдырларын толук баяндап сайрап жаткансыйт, кайран булбул! Анын үнү бир эле мезгилде шаңдуу да, муңдуу да чыгат. Шаңдуулугу – өзүнүн бүтпөс ырында баяндагандарынын баарын даңазалагандыгы. Муңдуулугу – алардын баары азыркы калыбында түбөлүк турбай, утуру башка абалдарга өтүп, өзгөрүп, эскирип кайра жаңырып тургандыгын да кошо айткандыгы.

Теребелди муюткан жана коргошундай уюткан булбулдун муңканып сайраганы бүтпөс болгон сы-

яктуу эле, бу керемет жайдагы булактын айлана-чөйрө менен тең бөлүшүүгө ылайык түгөнбөс сөзү бар болгон сыяктуу эле, Бүбү Мариямды ушул кооз жайга ээрчитип келген Сыйкырдуу Карыянын Бүбү Мариямга айтып берүүгө ниеттенген абдан узак баяны, узаргандан узарып кете берчү узун жолдой уламышы бар эле. Жагымдуу коңур үнүн бир калыпта чыгарып, ошол уламыштын учугун чубады. Кыйла эле алыстыкта, жогоруда, булактын көзү жайгашкан жерде турганына карабай Карыянын үнү жапжакындан сүйлөгөнсүп, Бүбү Мариямга дапдаана угулду. Бирок эрди кыймылдабай жабык бойдон турса да, үнү кадимкидей угулуп, эмнелерди айтып аткандыгы Бүбү Мариямга эң сонун түшүнүктүү болуп атты.

Сыйкырдуу Карыянын жагымдуу үнү калыбын жазбай угула берди. Алтындан баалуу сөздөрү чубура берди. Кымынчалык коромжуга учурабай Бүбү Мариямдын жандүйнөсүнө куюла берди.

Буга чейинки жолугушуу маалдарында Бүбү Мариям көрөм деп көксөбөгөн нерсени, – Айкөл Манас жашаган доордун айрым учурларын кино тасмадай кылып көргөзгөн Карыя эми, бу жолкусунда, Бүбү Мариям угам деп умтулбаган маалыматтарды угузду, билем деп белсенбеген билимдерге ээ кылды жана жетем деп жулунбаган жөндөмдөрдү ыйгарды.

Анын жагымдуу коңур үнү тынымсыз угулуп турду. Атүгүл, Карыя ордунан козголуп, Бүбү Мариямды көздөй жылып жөнөгөндө, – ооба, ооба, карыя кадамын шилтеп баспады, канаттуу сымак учпады, – жөн гана жылып жөнөгөндө да үнү же жогорулабады, же пастабады. «Кадамын шилтеп баспады» деп айтылганы, – карыя туманды кечкенсип буттарын булут каптап тургандыктан, кадамын арымда-

ганы көрүнгөн жок; «канаттуу сымак учпады» дегени, – учуш үчүн кандайдыр бир аракет кылганы байкалган жок.

Сыйкырдуу Карыя жылып келип Бүбү Мариямга эки-үч кадам жетпей токтоду. Бирок узун уламышын токтотподу.

Бүбү Мариям жанындагы карыядан айрым өзгөрүүлөрдү баамдады. Биринчиден, буга чейинки жолугушкан учурларда эстеликтей ийкемсиз болчу дене-бойу кыйла эптүү, ыктуу болуп калыптыр. Экинчиден, билинер-билинбес болсо да, дем алып аткансыйт.

...Жагымдуу жана мээримдүү үн токтолбой, калыбын жазбай угулуп турду. Кереметтүү кооз чөлкөм кулпуруп кубулуп турду...

# МУНУ АЙТКАН
# ҮМӨТ УУЛУ ЖАЙСАҢ ДЕП БИЛ...

Даарат алуу үчүн кумганды көтөрүп сыртка чыккан Бүбү Мариямдын кайра кириши өтө эле кечеңдеп кеткендиктен, эмне болду деп сарсанаа болгон Гүлмира эшикке чыкты да, үйдүн алды-артын карап эч кимди көзүнө илинте албады. Шоңшойуп турган кумганды көргөндө эч нерсеге түшүнбөй калды.

«Эжем үйүнө кетип калганбы? Анда айтмак. Эми кайдан издеп, кайдан табам?» – деп тынчсызданган Гүлмира үйдү тегеренип издеп таппады. Алибетте, Бүбү Мариямды таппайт болчу. Анткени, бул учурда Бүбү Мариям Дыйкан айылында да эмес, Чаекте да эмес, таптакыр башка дүйнөдө жайгашкан керемет кооз жайда, шумдук баалуу маалыматтарды Сыйкырдуу Карыядан алып жүргөн болчу. Бүбү Мариям ал керемет жайдан кайтып келгенге дейре аны табууга эч кимдин кудурети жетпейт болчу.

Ооба, ошондой эле болду. Гүлмира эмне кыларды билбей турган кезде, – ошо маалда Бүбү Мариямдын жок болуп кеткенине үч сааткa чукулдап калган эле, – анын карааны көрүндү. Аңыздар тараптан Гүлмиралардын үйүн көздөй түз басып келатты. Жолундагы кашаалардан аттабай, эңкейбей, секирбей, бирок токтолбой, такалбай өтүп келе берди. Жөнөкөй киши антип түз баскан болсо, тосулган тикен зымдарга этин тыттырмак, өңгүлдөңгүлдөргө чалынмак, кыскасы, өтө алмак эмес. А Бүбү Мариям эч кандай тосмолору жок, түптүз

асфальт жол менен баскандай келди. Иштин чоожайын эми гана араӊ түшүнгөн Гүлмира:

– Бирпаста эле сизди жоготуп жиберип, жүрөгүм түшпөдүбү. Сизди Чаекке кетип калдыбы дедим, бирок андай болбойт эле деп ойлодум. Жакын арада сейилдеп жүрөбү десем, такыр эч жерде жоксуз. Акыры айлам куруп, үйүӊүзгө барсамбы деп атканымда караанынӊыз көрүндү. Аӊыздар жактан келдиӊиз. Тикен зымдар менен тосулган кашаалардан кандайча өткөнүӊүздү түшүнбөй айраӊ-таӊмын, кантип өтүп кеттиӊиз?

– Мен ошону билсем айтамбы? – деп Бүбү Марийам сырдуу жооп кайтарды. Кайда баргандыгы жана кантип келгендиги жөнүндө түк эч нерсе айтууга көӊүлү чаппады. Анан үй ээлери менен коштошуп, жолго чыкты. Чаекке, өз үйүнө жеткен соӊ иш бөлмөсүнө кирди да түнкү медитация маалында дептерине көчүргөн белгилерди чечмелөөгө киришти.

**«Ажайып толукшуган айлуу түндө[1],**
**муӊканган добушуӊду кулак какты.**
**Зар какшап, перзент тилеп Жаратկандан,**
**куюлган ачуу жашыӊ жанга батты.**
**Тилекти өзүӊ үчүн тилебестен,**
**бирөө үчүн зарлаганыӊ мага жакты.**
**Күттүргөн Улуу Тогоол[2] тогоптур деп,**
**көзүмдөн туздуу жашым агып жатты...»**

– деп шыр жазды. Ушул сегиз сап ырга сыйган купуя сырдын жайы мындай эле.

Мындан туптуура бир жыл илгери Жумгал-Ата мазарына Чолпон аттуу келинди ээрчитип келип, анын балалуу болушу үчүн Жаратканга жалынган.

---

[1] Бул бөлүмдөгү ыр саптарынын баары «Айкөл Манас» дастанынын 1-китебинин 22–25-беттеринен алынды.

[2] *Улуу Тогоол* – Асман телолорунун бири-бирине жакындашып келген кезинде Жер планетасына берген таасири. Улуу тогоол деп аталганы – өтө орчундуу таасир жөнүндө айтылып аткандыгы.

Ыйык мазардын пирине табынган жана ата-бабалардын арбактарына сыйынып, муңканып добуш чыгарып, көзүнүн жашы көл болуп куюлган эле. Ошол кезде да

**«Ажайып толукшуган айлуу түн...»** эле.

Дал ошол маалда, кандайдыр бир себептерден улам (ал себептер жөнүндө кийин кеңири айтылат) так ошо аймакта болуп калган Сыйкырдуу Карыяга Бүбү Мариямдын сай-сөөктү сыздаткан ыйы угулуп, ага көөнү аябай бурулган экен.

**«Тилекти өзү үчүн тилебестен,**
**бирөө үчүн зарлаганын...»** жактырып,
**«Күттүргөн Улуу Тогоол тогоптур деп**
**Көзүнөн туздуу жашы...»** куюлган экен.

Соңку эки сапта айтылган «Улуу Тогоол» деген эмне түшүнүк экендигин, ал качантан бери «күттүргөнүн» жана кантип «тогошкондугун», ошондой эле эмне үчүн карыянын көзүнөн «туздуу жашы» аккандыгын, айтор, дагы толгон-токой сырлардын чоо-жайы Бүбү Мариямга Сыйкырдуу Карыя менен улам жолуккан сайын утуру кичинеден айкын боло берди. Азырынча көп нерсе али белгисиз...

...Азырынча Бүбү Мариям дептериндеги белгилерди сөзгө айлантып жазууда...

**«Чырагым, эркек мүнөз атуулдугуң,**
**кебездей жумшак туруп катуулугуң,**
**башка үчүн, азап чегип жан кыюуга,**
**баш тартпай, жүрөгүңдөн макулдугуң,**
**көңүлдө каткан черим жибиттирди.**
**Эненин ак сүтүнө кириниттирди.**
**Кетирип жандүйнөмдүн көңүл кирин,**
**мен болдум өзүң күткөн Аппак Пириң...»**

Ооба, ооба, абдан таамай жана таасын айтылды. Чындыгында эле Бүбү Марийам таңгалардыктай туруктуу, башына канчалаган кыйынчылыктар түшсө да үн чыгарбай чыдаган ноюбас, беттегенин бербес эр жүрөк, бир сөз менен айтканда, эркек мүнөз болчу, ошол эле мезгилде, илбериңкилик, мээримдүүлүк, маданияттуулук, түшүнүктүүлүк сыяктуу мүнөздөрү аркылуу кебездей жумшак болуп көрүнгөнү менен керек учурда темирден да катуу болчу; кимдир-бирөө үчүн аябагандай азап чегүүгө жана андан ары жан кыйууга туура келе турган болсо, буга ойлонбой барууга макул эле... Көрпенделердин көбүндө, атүгүл дээрлик баарында кезикпей турган ушул укмуш сапаттарын көргөндө Сыйкырдуу Карыянын

**«Көөдөндө каткан[1] чери...»** жибиген тура;
**«Эненин ак сүтүнө...»** киринген тура;

Анан:

**«Кетирип жандүйнөмдүн көңүл кирин...»**
**«... өзү күткөн Аппак Пири...»** болууну чечкен тура...

А бирок ошол замат, тактап айтканда, Бүбү Марийам Чолпон үчүн бала тиленип аткан учурда жолуга калбастан, ыңгайлуу маалды зеригип-эригип койбой күткөн белем. Арадан жети-сегиз ай өткөн кезде, жолугуу маалы чындап жеткен кезде, – «Манас» эпосунун алгачкы автору ким?» деген суроону көңүлүнө түйгөн Бүбү Марийам медитацияга келген кезде эң алгачкы жолугушуу болгон белем. Шакин Эсенгуловдун тапшырмасы экөөнүн кезигишине

[1] *«каткан»* – деген сөздү «жашырган, бекиткен» деген мааниде эмес, «катып калган, уюп калган, чокмороктошуп чор болуп калган» деген түшүнүктө кабылдаганыбыз дурус болор, урматтуу окурман. Анын сыры да өз маалы келгенде чечмеленмекчи.

кандайдыр бир деңгээлде түрткү болгону менен, анын негизги себеби – Бүбү Мариямдын

**«... күткөн Аппак Пири...»**

болушу керектигин Сыйкырдуу Карыя эбак чечип койгондугунда белем...

Ырдын ушул бөлүгүндөгү сегизинчи сапта «... күткөн...» деген эң орчундуу сөз да эң орундуу айтылды. Анткени, адам баласы ар дайым бир нерсени күткөнү-күткөн: «ыңаа» деп жарык дүйнөгө жаңы келгенде энесинин эмчегин, мээримин күтөт; эс тарта баштаганда эми атасынын жана тууган-туушкандардын камкордугун күтөт. Эрезеге жеткенде, бу жарыкчылыкка жаралып калганынын бирден-бир себеби, – жалган дүйнөдөн энчисин алуучу жана карызын кайтаруучу учурларды күтөт. Эми күтүү менен гана чектелбестен, койгон максаттарын көздөп умтулат, жетсе көңүлү көкөлөп өзүн бактылуу сезет да, жетпесе ындыны өчүп умсунат...

Ал эми Бүбү Мариямдын күткөнү бул эле: оорулуулардын дартын сакайтыш үчүн өзүнө дайыма ак бакшылар, ак күчтөр жардам беришсе деп күтчү жана аркалаган кесиби – элдик дарыгерчилик өнөрүнүн алдында ар качан жүзү жарык болсо деп тиленчү. Анын күтүүсү кабыл болду, ак тилеги орундалды, болгондо да жүз, миң эсе ашыгы менен аткарылды. Эми бир же бир нече кишинин дене оорусу менен алпурушуп чектелбестен, бүтүндөй бир элдин – кыргыз деген байыркы элдин Рухун күчтөнтүүгө көмөк көрсөтө алаар кудуретке – Аппак Пирдин колдоосуна ээ болду. Бул зор окуя эми гана жаңыдан башталгандыктан, анын негизги катышуучусу жана аткаруучусу – Бүбү Мариямдын өзүнө көп нерсе али түшүнүксүз жана белгисиз бойдон. Азырынча...

...Азырынча Бүбү Мариям белгилерди чечмелөөсү менен алек.

**«Чырагым, уктуң беле уламышты:**
**эки дос – бир пендени түзөт деген?**
**Кеткенде жалган жайдан – түбөлүккө**
**эки дос достук жибин үзөт деген?**
**Укпаган болсоң, демек, буруп назар,**
**уламыш сөздү тыңда чындыгы бар.**
**Күнүмдүк бул жашоонун сырдуу аягын,**
**көрөсүң өзөгүнөн шол баяндын.**
**Эки дос сенин тулку боюңдагы,**
**экөөбү? Кел эмесе, талкуулайлы:**
**акыл-эс, эркиң-күчүң, сезүү-туюм,**
**аны сен жан-досум[1] деп керек туюуң.**
**Абалтан алаканы Аалам менен**
**адамдын акыл-эси жасап келген.**
**А тиги Жер энеде кала турган,**
**адамдын дене-досун[2] жерден алган.**
**Бир пенде эки достон турат деген,**
**болумуш сөз төркүнү туура бекен?»**

Жок, Бүбү Мариям мындай уламышты эч убакта укпаган. Укмак түгүл, угам деп түк ойлобогон.

**«Эки дос – бир пендени түзөт деген?»** түшүнүк менен эң алгач кабардар болушу. Адам **жан** жана **дене** деп аталган эки нерседен тураарын укпаган же билбеген эч ким жоктур. Бирок, ошол эле **жан** жана **дене** деген эки сөз **жан-дос** жана **дене-дос** деп аталаары да дал азыр маалым болду. Анан дагы, жан-доско **«Акыл-эс, эркиң-күчүң,**

---

[1] *Жан-дос* – жан деген түшүнүктүн толук аталышы. Бул руханий термин. «Айкөл Манас» дастаны жазыла баштаганга дейре **жан-дос** термини белгисиз болчу.

[2] *Дене-дос* – дене деген түшүнүктүн толук аталышы. Бул да рухий термин жана «Айкөл Манас» дастанында алгач ирет белгилүү болду.

**сезүү-туюм»** таандык экендиги, ал эми **«Адамдын дене-досун жерден алган»** деп аталып өткөн дене-досу жан-достон кымынчалык кем же артык эместиги, ошондой эле, экөөнүн кыйышпас достугу – биримдиги жаралганда гана жашоого мүмкүндүк менен милдетти алган пенде

**«...кеткенде жалган жайдан түбөлүккө...»**
**эки дос достук жибин үзөт»**

– экендиги Бүбү Мариямга эми гана белгилүү болуп отурат...

Бүбү Марияm сырдуу белгилерди андан ары улантып чечмеледи.

**«Чырагым, эсиңе түй сөз аягын,**
**чындыгы төгүндөлгүс бул баяным:**
**жан-досту дене-достон бөлгөн күнү**
**Жараткан ишке ашырат өз аянын.**
**Эки дос жөнүндөгү бул баяндын**
**өзүңө эмнеликтен айтылганын,**
**далилдүү, бирок баарың байкабаган**
**бир сырдын, болжолдоорсуң, четин ачсам:**
**сезбестен сырдуу жагын бир дагы жан,**
**сергиткич куралындай пайдаланган**
**дайыма *уйку* деген табышмактын,**
**дилиңе сиңдирип ук жандырмагын.**
**Улуу күч жандууларга тартуу кылган**
**уйкуну – кабар алчу кең ааламдан.**
**Уйкунун кучагында калып дене,**
**узайт жан өткөн чакка, келер кезге.**
**Жан-достун көргөндөрүн сапар артып**
**дене-дос түштөн көрөт уктап жатып.**
**Чырагым, уйку деген табышмактын,**
**чыгардым бар болгону чет-бучкагын.**
**Дене-дос, жан-дос жана уйку деген**

**Дарс айттым ишти баштап сени менен...»**

Дарс деп ушуну айт! Кандай гана тереӊ маанилүү, керемет сырдуу дарс! Мында айтылган маалыматтарды Бүбү Мариям эч кимден уга алмак эмес. Булар жөнүндө кабардар болгон киши Бүбү Мариям жашаган айылда да, райондо да, областта да, атүгүл республикада да азырынча жок болушу керек эле. Уйку деп аталган нерсенин жашоодогу анык орду, аткарар кызматы жөнүндө, жан-дос менен дене-достун уйкуга карата болгон мамилелери жөнүндө Бүбү Мариям өзүнө Аппак Пир болууну чечкен Сыйкырдуу Карыядан гана уга алмак. Себеби, Сыйкырдуу Карыя нечендеген кылымдардан бери орундалбай келаткан эбегейсиз зор ишти Бүбү Мариямга аткартууга киришип калган эле. Ошондуктан бул жалганда дээрлик бир жан билбеген маалыматтар дүйнөсүнүн көшөгөсүн кыӊкайтып ачып, алардын чет-бучкагын гана көрсөтө баштаган болчу.

...Бүбү Мариям чечмелөөсүн андан ары улады.

**«Жолугам ай жаӊырган бейшембиде,**
**уйкуга дене-досуӊ кирген кезде.**
**Ээрчитип жан-досуӊду өзүм менен,**
**кыдырып кеӊ Ааламды сапар кезем,**
**туӊгуюк табышмагын ичке каткан,**
**түпкүргө табияттын сыры жаткан.**
**Жетелеп кыдыртамын Ааламды кеӊ...**
**ойготуп сезимдерди уктап калган,**
**окугун сыр чечүүнү – билимге кан.**
**Баштайлы иш башы деп ыйык жерде,**
**бардыгын унутпастан туткун эске...»**

Сыйкырдуу Карыя менен апрелдин алгачкы күндөрү алгач ирет жолуккандан баштап, 3-июлда

экинчи жолу кезикkенге чейинки үч айдын аралыгында Бүбү Мариямдын жашоосунда дагы бир өзгөчө өзгөрүү болгон. Дайыма Ай жаңыргандан баштап, Ай толгонго чейинки күндөрдүн ичинде Бүбү Мариям өтө кызыктуу, өтө сырдуу түштөрдү көрө баштаган. Кээде байыркы доордогу кишилердин жашоосун кудум кинодогудай кылып көрчү. Кээде алардын кан күйгөн кызыл кыргын согуштарын көрсө, кээде кадимки бейкут жашоосунун күбөсү болчу. Кээде акыл-эс менен аңдоого мүмкүн болбогон көрүнүш, кубулуштар менен аралашса, кээде жакынкы күндөрү өзүнө келчү оорулуу кишилерди алдын ала көрүп, алардын эмне дарты барын, аны дарыласа болору же болбосунан кабардар болчу. Анан бир нече күндүн ичинде түшүндө көргөн алиги киши келчү да, андан кийинки окуялар кудум түшүндө көргөнүндөй болуп өтчү.

Ошол үч айдын ичинде түшү аркылуу көргөндөрүн түш катары эсептебей, өңүндө көргөндөй, нак чындыктай кабыл алгысы келчү. Бирок алар тууралуу эч кимге айтпачу. Айтайын дегенде деле кантип айтаарын, кантип далилдээрин билбөөчү. Ошон үчүн купуя сыр катары ичинде бек сактачу.

Бүбү Мариямдын эркинен сырткары болуп аткан бул кескин өзгөрүү – түшүндө өңүндө көргөндөй окуяларга, дүйнөлөргө аралашуусу Сыйкырдуу Карыянын кийлигишүүсү аркылуу жүргөн болчу. Уйку маалында дене-досунан ажыраган жан-досу кээде келер чакка, кээде өткөн чакка жүрүштөрдү жасаганды, кээде кең Ааламдын кайсы бир катмарларына чейин саякатка барганды кадыресе өздөштүрүп калгандан кийин гана 3-июлдагы медитация маалында жан-досту дене-достон ажыратпастан туруп, (алибетте, дене-досту жан-достукундай болгон абалга которгон соң,) Өткөн Доорго – Айкөл

Манас жашаган Мезгилге барып, ошол маалдагы зоболосу эң зор окуя – «Чоң Казаттын» жүрүшүн өз көзү менен көрүп кайтканга шарт түзүлгөн болчу.

...Бүбү Мариямдын дептерине андан ары төмөнкү саптар шурудай тизмектешти.

**«...Чырагым, укчу мобу таштын сырын,**
**жанында куурап жаткан баштын сырын,**
**шылдырап агып жаткан булак сырын,**
**муңканып таң атырган булбул ырын.**

**Баарынын сырын уккун, ырын уккун,**
**баарынын бугу чыксын, муңун уккун.**
**Аялуу жандүйнөңдөн орун берип,**
**сырларын ар биринин ыйык туткун.**

**Сен көргөн бул түндөгү – аян булак!**
**суусунуң кангычакты кере жуткун.**
**Көрүнгөн кубулушту, ар бир сөздү**
**өзгөртпөй көңүлүңдө бекем туткун...»**

Медитация деп аталган дүйнөгө аралашкандан бери Бүбү Мариямдын жашоосунда дагы бир жаңы адат пайда болгон. Медитация маалында дептерине түшүргөн белгилерди, – алар аалам тамгалары[1] деп аталышат жана алардын чечмелениш сырын өзү гана билет, – сөзгө айлантып жаза баштаганда медитация учурунда көргөн-билгендеринин баарын элестетип көз алдына келтирчү. Башкача айтканда, медитация маалында кайсы бир дүйнөлөргө барып, кандайдыр бир окуяларга аралашса, ал эми ошо медитация учурунда дептерге түшүргөн белгилерин сөзгө айлантып жаза баштаган кезде, меди-

[1] *Аалам тамгалары* – адамзат тарыхындагы эң алгачкы тилдин тамгалары.

тацияда көргөн-билгендеринин элесин көз алдына алып келүү аркылуу, бир эле окуяны эки ирет башынан кечирчү. Дагы кайталап айтсак, биринчисинде медитацияга өзү барса, экинчисинде медитация абалын өзүнө чакырчу. Эгер кандайдыр бир зарылчылык болсо, мисалы кимдир бирөөгө айтып бериш керек болсо, же жөн эле өзү эстегиси келсе, анда мындай учурларда да ошол медитациясында болгон окуялардын чыпчыргасын коротпой элестетип көрө алчу. Үстүртөн гана элестетип өтпөстөн, кудум азыр болуп аткандай абалга кабылып, сезген, туйгандарынын баары медитация учурундагыдай болуп өтчү.

Түндөгү медитациясын чечмелөөгө киришээр замат бейиштин жайындай бейпил кереметтүү жайдын элесин көз алдына келтирип, баарын кинодогудай кылып көрүп отурган Бүбү Мариям эмики сегиз сап жазылган учурда колотто жаткан ташты, анын кебете-кешпирин, көлөмүн, таштын түбүндөгү куураган башты, анын өң-түсүн, өлчөмүн, төштө оргуштаган булакты, анын да мөлтүр кашка, бирок кыйла койуу суусунун төмөндү көздөй бой уруп жарашыктуу акканын, анан дагы, чоң таштан бир аз узагандан кийин өзүнөн өзү кеңейип, чоңойуп зор дарыяга айланып, аябагандай алыс жактарга агып кетип жатканын дапдаана көрдү. Ошондой эле

**«Муңканып таң атырган булбул үнүн...»** укту.

Булактын суусунан кере жутканын эстеди. Чаңкаган учурларда жарым же бир кесе сууну бир дем менен ичип жиберчү Бүбү Мариям бу керемет жайда кочушуна толо сузган суудан бир уртаганда эле суусаганы кана түшкөнүн да эстеди.

...Эми Бүбү Мариям дептерине төмөнкү саптарды жазды...

**«Чырагым, өзүңө айтаар узун сабак**
**сырымды катып келем кылым санап.**
**Көңүлгө бекем түйүп жакшылап ук,**
**сыр чечпе эч бир жанга ылым санап.**
**Сырыңды ачып коюп ынсапсызга,**
**кетпесин тартып алып, таштап сызга.**
**Төгүлтүп ырыскыңды, жолуң тороп,**
**мажбурлап Ак Пириңди алып коет,**
**менчиктеп дастанымды бир бузук дил,**
**Уулантып жан-досумду, – каптаган зил.**
**Муну айткан Үмөт Уулу Жайсаң деп бил.**
**Унутпай бейшембиде дуба окуй жүр...»**

Ушу жылдын апрель айынын алгачкы күндөрүнөн бери карай күтүлбөгөн окуяларга кириптер болуп, медитацияга чыкканда өткөн доорлорго аралашып, ал эми кадимки абалында азыркы учурдагы күнүмдүк тирилиги менен алек болгон Бүбү Мариям «Мен ким менен жолугушуудамын жана эмне үчүн жолугушуудамын?» дегендей суроолорго жооп таба албай ичинен түпөйүл болуп, кыйла мезгил сарсанаа да тартып жүргөн. Бирок түндөгү медитация маалында

«Муну айткан Үмөт уулу
Жайсаң деп бил...»

– деген маалыматты алышы көп маселенин түйүнүн чечти. «Кто автор произведения «Манас»?» деген суроону көңүлүндө түйгөн бойдон медитацияга чыкканда алган «ЛЕТО+ЦИФРА» деген кош сөздү «ЖАЙ+САН» деп кыргызчалаган соң Шакин Эсенгуловдон «ЖАЙ+САН» деген сөздү уктуңуз беле» – деп сурап, ал кишиден «Жайсаң» болуп жүрбөсүн?» –

деген пикирди укса да, буга макул болбой, «Жай+-Сан» деп ойлоп жүргөнүнөн баш тартты. Кандайдыр бир жин же шайтан менен эмес, кыргыз элинин тарыхындагы эң улуу акын – Жайсаң Үмөт уулунун руху тирүү арбагы менен жолугушуп жүргөнүн түшүндү.

Төрөлгөн күндөн баштап сегиз айга толгонго чейин орус аялдын эмчегин эмген, кийин орус мектептен окуп, орус элинин тарыхы, адабияты менен кеңири кабардар болгон, ал эми өз элинин тарых, таржымалы жөнүндө анчалык билбей калган өксүгүнөн улам, Жайсаң деген ырчы Айкөл Манастын доорунда жашап өткөнүн эми араң билди. Ушул кемтиги үчүн уялды. Мектепте окуп жүргөн кезинде үйдөгү китеп текчелерде том-том болуп тизилип турчу «Манас» эпосунун китептерин окумак түгүл ачып карап койбогонуна арданды.

Анткени менен, «Манас» эпосунун каармандарынын бири – Жайсаң Үмөт уулу менен үч уктаса түшкө кирбей турган шартта – медитацияга чыккан маалдарда жолугуп жүргөнүн билгенде, буга аябагандай таңгалды.

**«Муну айткан Үмөт уулу Жайсаң деп бил»** деп өзүн тааныштырган карыя эми Бүбү Мариямга эң жакын адамындай, керек болсо өз атасынан дагы туугандыгы жакындай сезилди. Ошон үчүн ал кишини «Ата» деп атап калды.

...Бүбү Марияm жазуусун андан ары улантты.

**«Улантып уламышты өзүм билген,**
**кыдыртып кылымдарды сапар кезем.**
**Эрдигин, айкөлдүгүн бабалардын**
**ээрчиген жан-досуңа ырдап берем.**
**Көз жашым Кудуретке жеткен белем,**
**кезиктим тогоол тогоп сени менен.**

**Көөдөндөн сууруп чыгып журтума бер**
**көмүлгөн ырларымды өзүм менен...**

Жайсаң Үмөт уулу атактуу Айкөл Манастын замандашы, кырк чоросунун бири жана зор ишеним арткан **Бал-Таңдай Акыны** болгондугу, айтылуу Чоң Казат бүтөрүнө чукулдаган кезде Айкөл өзү: «Бал-Таңдайым, биздин жашоо жөнүндөгү Улуу Дастан жаратып урпактарга калтыр, Ата-Бабаларынын басып өткөн жолу, калтырган изи укумдан тукумга өрнөк, сабак болсун!» – деген тапшырмасын бергендиги, андан көп өтпөй, Жайсаң Ата майдан талаада жарадар болуп жатканда кандайдыр бир сырдуу үн угуп, ордунан тургандыгы жана ошол замат дастан айта баштагандыгы, ошол бойдон өмүрүнүн акыркы демин тартканга чейин «Айкөл Манас» дастанын айтып өткөнү, ошондой эле, элүү төрт жаш курагында улуу дастанчы болуп калган даражасына ичитардык, көралбастык жана карасанатайлык кылган киши – Токчоронун Токтогулу,– ал да кырк чоронун бири жана акын экен,– тарабынан уу берилип өлтүрүлгөнү, сөөгү Кызарттын белинде жашырылганы, ал кыянатчылыктын айынан кырчындай өмүрү гана кыйылбай, дастанчылык өнөрүнүн, улуу дастанынын да эл оозундагы жашоосу акырындык менен унуткарылганын, бара-бара алгачкы манасчы делип Токчоронун Токтогулунун экинчи ысымы – Ырамандын Ырчы уулу деп аталып калганы жана негизинен Ырчуулдун айткан дастаны ооздон оозго өтүп жүрүп отуруп азыркы кезге жеткени, жана башка толгон-токой купуя сырлар жөнүндө Жайсаң Ата утуру кичинеден айтып берип отуруп Бүбү Мариямга дээрлик баары кийин маалым болду. Ага дейре али көп бар болгондуктан жана бүтүндөй бир элдин жашоосун

жаңы нукка бурчу кудуретке эгедер зор окуя эми гана башталып аткандыктан, бүгүн – 1995-жылы 3-августта, Бүбү Мариям түндөгү медитациясында алган маалыматтарын аалам тамгасынан кыргыз тамгасына көчүрүп бүтөөрүнө жакындаганда жазган соңку сегиз сап ырдын акырындагы:

**«Көөдөндөн сууруп алып журтума бер**
**Көмүлгөн ырларымды өзүм менен»**

– деген эки сапта берилген тапшырманы аткарууга бел байлады. Аны кантип аткарат? Же Жайсаң Ата өзүнө көргөзгөн окуяларды ыр кылып айта баштайбы, же өзүнө келип дарыланып жүргөн келин-кесектердин арасынан кийинки төрөтү кечеңдеген, же такыр эле балалуу боло албай жүргөндөрдүн кимдир-бирөөсүнө **дастанчы баланы төрөшүнө көмөк көрсөтөбү**[1], же дагы башка ыкманы колдонобу, бул жагдайлар менен да түк эсептешпеди. Эң негизгиси, Жайсаң-Ата жашап өткөн доор менен, азыр өзү жашап аткан доордун аралыгын – **дээрлик он төрт кылым бөлүп** турарын дагы эске албады.

Кыскасы, оорулууларды сакайтуу үчүн бүт баарына кайыл болчу адаты бар Бүбү Мариям эми өзү менен медитация маалында гана жолуга алчу эң жакын адамы – Жайсаң Атанын тапшырмасын аткарууга кандай гана жол менен болбосун жетишүүнү чечти.

---

[1] *Дастанчы баланы төрөшүнө көмөк көрсөтөбү* – Бүбү Мариям элдик дарыгерчиликтин ыкмаларын колдонуу аркылуу кийинки төрөтү кечеңдеген же такыр балалуу боло албаган бир нече келиндин ден-соолугундагы илдеттен арылткандан кийин алардын бойлоруна бүтүп, балалуу болушкан. Бул мисалдар жөнүндө экинчи китепте айтылат.

## «МЕНИ ГЕНИЙ КЫЛАТ ЭЛЕҢИЗ!»

Гүлмиранын чоң апасына куран окутуу үчүн барган бойдон күтүүсүздөн чыккан медитациясында алынган маалыматтарды Бүбү Мариям чечмелеп бүткөндөн көп өтпөй, Шакин Эсенгулов оорулуу жерин оңдоп таңдыруу үчүн келди. Бүбү Мариямдын жандүйнөсүн кандай ой-санаалар басып, эмне өзгөрүүлөр жүргөнүнөн баам албады. Күндөгүдөй эле тапчанга отурду.

– Агай, сиз айткандай «Манастын» алгачкы автору Жайсаң болуп чыкты. Мен ойлогондой ЖАЙ+-САН эмес экен. Мен түндө да медитацияга чыгып, ал киши менен кайрадан жолуктум. Үмөт уулу Жайсаң болорун айтты. Үч уктасам түшкө кирбеген окуяга, Жайсаң Атага жолугуп жүргөнүмө эми чындап таңгалып турам, – деп Бүбү Мариям өзүндөгү соңку жаңылыктарды билдирди да, жаңыдан жазгандарын сунду.

– Буларды окуп көрсөңүз.

Дептердин бир нече бетине толтура жазылуу тизмектешкен ыр саптарын Шакин Эсенгулов заматта окуп чыкты. Аябагандай таңгалгандыктан алаңдап кеткен көздөрү менен Бүбү Мариямга карап:

– Эгер сиз ушуларды аягына чейин жазып мага берсеңиз, анда мени гений кылат элеңиз! – деди шашып.

...Арадан сегиз жыл өткөндөн кийин экөө кезигишкенде: «Ошондо эмне үчүн «мени гений кылат элеңиз» деп айттыңыз?» – деген суроого «Мен бул кишини ишендирейин деп гана айткамын. Эмне деген зор ишти жаза баштаганын түшүнбөй турганын көрүп, ишин улантпай токтотуп койбосун деп коркуп, ынандырыш үчүн гана айткамын. Башка эч нерсе оюмда болгон эмес» – деп жооп берет...

Ага дейре көп бар. Арбын окуяларды, – арасында дурусу да бар, бурушу да бар, – баштан кечирүү али алдыда. Азырынча бүт баары жаңыдан гана башталууда. Азырынча экөө тең эртеңки күндөгү чоң өзгөрүүлөрдөн кабарсыз. Анткени менен, эмнегедир Шакин Эсенгулов «Мени гений кылат элеңиз!» – деп алдын ала айтып салды. Эмне үчүн ушул сөздөрдү айтканынын анык сыры жападан-жалгыз өзүнө гана белгилүү. А бирок бул сөздөрдү Бүбү Мариям да жактырбай: «Негизи, жазуучулар апенди сымал келишет. Мен бу кишинин ден соолугу жөнүндө кам көрүп, медитацияда алынган белгилерди чечмелегендеги жазылган ыр саптары Шакин Эсенгуловдун дартына дабаа болчу дары болуп жүрбөсүн деп болжолдоп атсам, ал эми бу киши өзүнүн атак-даңкы жөнүндө ойлойт тура. Узун-узун ыр саптардын жардамы менен кантип гений болмок?» – деп ойлоду. Сыртынан:

– Кызык! – деп айтты да ийнин куушуруп койду.

## ТАМАРАНЫН ТҮШҮ

Бүбү Мариям 3-август күнү кечинде Жумгал Ата мазарына бир нече келинди ээрчитип келди. Айрымдарынын кийинки төрөтү кечеңдеген, айрымдары такыр перзент көрбөгөн бу келиндерди ыйык жайга табынтмак. Өзүнө ушунчалык ишеним арткан аялдардын баары эле бала төрөп, бактылуу өмүр сүрүшүнө чын дилинен тилектеш болгону менен, булардын арасынан бирөөнөн – Тамара аттуу келинден көптүн бири болгон карапайым перзентти гана эмес, өзгөчө бир өнөргө ээ – ырчылык өнөргө ээ болгон бала төрөйт го деп үмүт этчү. Ага түрткү болгон бир нече жүйөөлүү себептер бар эле. Биринчиден, Тамара жакында эле аян түш көрүптүр.

«Эже, мен шумдук түш көрбөдүмбү! Жол менен кетип баратыпмын. Бир маалда жол сазга такалды. Ал саз сормо саз экенин билип турсам да, кечип жөнөдүм. Бат эле чөгө баштадым. Мен сазга сорулуп кетээриме аз калганда,– кайдан-жайдан экени белгисиз, бир алп киши, – ал жоокер кийимчен экен жана жоо жарактарын асынып алыптыр, – пайда болду да мени саздан сууруп алып өзүн жандаган кырк жоокердин биринчисине берди. Жоо жаракчан жоокерлер мени колдон колго өткөрүп бере баштаган сайын денеме жуккан саздын баткагы тазаланып жүрүп отуруп, эң акыркы жоокердин колуна жеткенде таптаза болуп калдым. Эмне-

гедир «Манас Ата кырк чоросу менен келип мени сактап калалы деген тура» деп ойлодум. Акыркы жоокер мени кургак жерге койду. «Тилегиң орундалсын!» – деп мага бата беришти. «Бул жол менен чуркап бара берсең, үйүңө жетесиң» – дешти. Мен бата кылып чуркап жөнөйүн деп обдулганымда, бутумдун жыңайлак экенин көрдүм. Ошол маалда ойгонуп кеттим. Ойгонсом, жаткан жеримден обдулуп калган экем», – деп түшүн айтып берген.

«Айланайын, Тамара, жакшы түш көрүпсүң. Түлөө өткөрө турган аян түш тура. Эми эч болбогондо баабедин токоч[1] жасатып, бата кылдырып кой», – деп түшүн ырастап жоруп, билген кеңешин берген.

«Ушул келин дастанчы баланы төрөйт окшойт. Ошон үчүн мага келгендир. Жайсаң Атанын көп кылымдан бери элине жетпеген дастанын айтуучу манасчы бала Теңирдин буйругу менен жарык дүйнөгө жаралчу күн жакын белем?» – деп ичинде болжогон.

Бирок, бул маалыматты Тамарага айткан эмес. Ачык айтууга али эртерээк деп ойлогон. Экинчиден, Тамара өзү да, күйөөсү да тектүү тукумдан. Үчүнчүдөн, Тамара экинчи төрөттөн кийин суук тийгизип алган экен, ал дартынан Бүбү Мариямдын жардамы менен арылган. Эми мазарга барып тайынышы гана калган.

Мазарга арнаган дасторкон жайылып, курмандык чалынып, шам жагылган соң Бүбү Мариям медитацияга чыкты. Кайрадан Жайсаң Ата менен кезигишти. Кыска эле убакытта пикир алышып бүтүштү. Медитация аяктап, Бүбү Мариям Жайсаң

---

[1] *Баабедин токоч* – кандайдыр бир жакшылыктын урматына арналып жасалчу май токоч.

Ата жайгашкан дүйнөдөн өзү жашаган дүйнөгө кайтты. Өзүнө келгенде Жумгал-Ата мазарына жакын жерде турганын билди. Маанайы абдан жогору экен. Акырын басып кечинде өздөрү жайгашкан жерге жетти. Мазарга келген келиндер магдырап уктап жатышыптыр. Бүбү Марийам аларды ойготту. Кетүүгө камына башташты. Таттуу уйкулары бузулуп, уйкусураган келиндер кыбыр кыймылдап жыйыштырып бүткөнчө күтпөстөн, Бүбү Марийам жөөжалаңдап алдыга жөнөдү. Чоң жолго жетээрине чукул калганда жүктөрдү машинага салган келиндер арттан жете келишти. Бүбү Марийам өз ордуна отурду. Бир заматта Чаекке жетишти. Айдоочу жигит адегенде Бүбү Марийамды үйүнө түшүргөн соң, калган келиндерди да өз жайына таркатты. Бүбү Марийам үйгө кирип дароо бир сыйра чайканды да которунуп кийинип, иш столуна отурду. Медитацияга чыкканда Жайсаң Ата айткан сөздөрдү туюнткан белгилерди тамгага айлантып жаза баштады.

**Үлпүлдөп өчө жаздап үмүт шамы,**
**көп күттүм нээти таза зирек жанды.**
**Ырдаган дастанымды энчиктебей,**
**түз айтар пейли тунук асыл жанды.**
**Кыдырып Аалам койнун, издеп жайды,**
**кургабай көздө жашым, кыйнап жанды,**
**кылымдар көксөп күтүп келатамын**
**аруу эне төрөсө деп бир Жайсаңды.**
**Сенин да ак тилегиң меникиндей,**
**сарыгып зар какшайсың перзент тилей,**
**төрөбөс башка чукак[1] зайып үчүн**
**басылбайт бала тилеп муңканган үн.**

---

[1] *Чукак* – үй-бүлөсүндө кишинин саны аз деген мааниде.

**Ак уруп, түнү бою зикир чалып,**
**тайынып ыйык жерге шамың жагып,**
**жетсе деп Жаратканга зар тилегим,**
**жалынып жан тилейсиң курман чалып.**
**Ак тилек, байкадыңбы, кабыл болот,**
**ал чыкса жандүйнөңдөн жүрөк жарып.**
**Чырагым, тилегибиз бирге болсун.**
**Кут түшүп, бир зарлуугa бакыт консун.**
**Төрөлгөн балканактай аппак уулга,**
**Дуба айтып Жайсаң деген атты койсун.**
**Өмүрү ал Жайсаңдын узун болсун,**
**ырысы аягына мелт-калт толсун.**
**Тили так, күнү-түнү дастан айткан**
**Чаалыгып-чарчабаган буудан болсун**[1]**,**

– деп жазып бүттү. Эми анын көңүлү ого бетер көтөрүлдү. Себеби, Тамарага ишеним артканы жаңылыштык эмес экендигин билди. Анткени, Тамарага Жайсаң Ата да бата берип, эркек бала төрөп алышын, ал балканактай аппак уулга Жайсаң деген ысымдын коюлушун жана ал узак өмүр сүрүп, күнү-түнү дастан айткан, чаалыгып-чарчабаган буудан болушун тилептир.

Ооба, анан көп өтпөй Тамара кош бойлуу болду. «Суук тийгенден улам абдан өтүшүп кеткен ооруңдун айынан тукумсуз болуп калыпсың» деп врачтар берген бүтүмгө карабай Тамаранын боюна бүттү. Эми күйөөсү экөөнү чогуусу менен мазарга алпарып тайынтайын деп Бүбү Марияm сунуш кылса, жолдошу көнбөй койгонун Тамара айтып келди. «Сени күйөөң жок мазарга алпаралбайм» – деп Бүбү Мариям кесе айтып, мазарга баруудан баштартты. Тамара эртеси күнү ыйлап келип, кан кетип атканын билдирди. Эми Бүбү Мариям эч нерсе кыла

[1] Бул ыр саптары «Айкөл Манас» дастанынын 1-томунун 26-бетинен алынды.

алмак эмес. Ишенбестиктин, көрпенделиктин айынан Тамаранын баласы боюнан түшүп калды.

Ушул жагдайда Тамаранын күйөөсү гана жалгыз күнөөлүү эмес, атүгүл Бүбү Мариямдан да кыйла деңгээлдеги жаңылыштык кеткен эле. Аны Бүбү Мариям көп жылдан кийин түшүндү.

Тамара түшүндө жыңайлак[1] экенин айтпады беле. Ошол белги анын күйөөсүнүн каршы болорун алдын ала билдирген белги экен. Аны туура түшүнүп, туура тыянак чыгарып, ишенбеген кишиге теңелбей, Тамаранын боюна бүткөндөн кийин, анын өзүн жалгыз эле ээрчитип мазарга тайынтып келсе болмок. Ошол жаңылыштыгынын айынан Көк Теңирдин ырайымы менен Жумгал Ата мазарынын ыраазычылыгынан жана Жайсаң Атанын ак батасынан жаралган бала жарык дүйнөгө келбей жайрады. Бүбү Мариямдын Тамарага жумшаган көп мээнети текке кетти. Тамара Бүбү Мариямга арткан ишеничинен ажырады. Деги, ишеничтен кеткенден жаман нерсе бул жалганда барбы?..

Анткени менен убак-сааты келип калганда болчу окуялар боло берет окшобойбу. Кыргыздын бир улуу дастанчысы төрөлбөй калганы менен, кыргыздын эң улуу дастаны – «Айкөл Манас» дастаны кайра эле ошо Бүбү Мариямдын жардамы аркылуу кайрадан жаралышынын ыңгайлуу жагдайлары түзүлө баштады.

---

[1] *Жыңайлак* – үй-бүлөлүү аял да, эркек да түшүндө жыңайлак жүргөнүн көрсө бул экөөнүн ортосундагы кандайдыр бир чоң келишпестиктер башталышы же ажырашап кетүүнүн белгиси катары жорулат.

# СОҢ-КӨЛДӨГҮ СОНУН ОКУЯ

Буга чейин Бүбү Мариямдын жашоосунда төрт жолу кескин бурулуштар болгон.

Биринчисинде, он алты жашында өз эрки менен болбосо да күйөөгө тийип, чоң турмушка кадам таштаган.

Экинчисинде, арадан он үч жыл өтүп, жыйырма тогузга толгондо ооруга чалдыгып, операция болгон жана ошол бойдон дээрлик жыл сайын ички органына хирургиялык кийлигишүү жасала берип, он жолу союуга кабылган.

Үчүнчүсүндө, алгачкы операция болгондон бери он үч жылга аяк басып, кырк эки жашка толгондо элдик дарыгерликке өткөн соң оору-сыркоолорунан арылган жана эми өзү оорулууларды дарылай баштаган күндөн эле таңгаларлык ийгиликтерге жетишкен.

Төртүнчүсүндө, оорулууну көрө баштаганына үч жыл толгондо, кырк беш жаш курагында, 1995-жылдын апрель айынын алгачкы күндөрүндө медитацияга чыкканда Жайсаң Атанын арбагы менен жолуккан жана жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө өткөнүнө он төрт кылымдан ашык убакыт болгон ал киши айтып бере баштаган ыр саптарын дептерге көчүрүп жазууга киришкен.

Аталган төрт бурулуштун үчөө жалпы журттун көз алдында болуп өткөндүктөн, ал өзгөрүүлөргө өзгөлөр түгүл Бүбү Мариям өзү да анчейин көңүл

бөлбөстөн, кадыресе же көнүмүш нерсе катары кабыл алган. Ал эми төртүнчү жолкусуна Бүбү Мариям өзү гана күбө болгондуктан жана анын себепчиси Шакин Эсенгуловдун **«Манас» эпосунун алгачкы автору ким?»** – деген суроосу экендигине байланыштуу, Жайсаң Атага медитация маалында жолуга баштагандыгы тууралуу Шакин Эсенгуловго гана айтып берүүгө батынган. Жайсаң Атанын арбагы менен кезиккендигин жана анын айтып бергендерин кагазга көчүрө баштаганын Эсенгуловго айтканга түрткү болгон дагы бир жүйөөлүү жагдай – буга дейре өзүнө кайрылган оорулуулардын дээрлик баарын медитация маалында алган маалыматтардын негизинде дарылап жакшы жыйынтыктарга жетишкендиктен, эми Эсенгуловду Жайсаң Атанын ырлары менен дарылайт окшойм деген тыянакта болгондугунда. Дептерге көчүрүлгөн ыр саптарын окугандан бери Шакин Эсенгуловдун дарты кадимкидей басаңдап, айыгар кейиптенгени да Бүбү Мариямдын тыянагын ого бетер бекемдеген.

Ошондуктан, Жайсаң Ата жөнүндө жалгыз гана Шакин Эсенгулов менен сыр бөлүштү. Башка бир да жанга ооз ачпады. 3-августтагы медитациянын маалыматтарын окуган соң Шакин Эсенгулов: «Эгер ушул ыр саптарын акырына чейин алып мага берсеңиз, анда мени гений кылат элеңиз» – деп айткан табышмактуу сөздөрүнө жана ушул сөздөрдү айтып аткан маалда анын кебете-кешпири бир шумдук болуп өзгөрүп кеткенине Бүбү Мариям көп деле маани бербей, болгону ичинен таңгалуу менен чектелди. Өзүнө жана Шакин Эсенгуловго гана белгилүү болгон купуя сыр экөөнүн мамилелерин кыйла жакшыртты.

Ээноездордун эч кандай негизсиз чыгарган ушакайың кептерине ишенген Бектемир «мындан ары Эсенгуловду дарылабайсың» деп тыйганына карабай ал кишини дарылай бергенинин эң башкы себеби ушунда. Кыскасы, Бүбү Мариям Жайсаң Атанын ыр саптарын дептерге көчүрүп жазуу аркылуу Шакин Эсенгуловдун дартын айыктыруунун камын көрүүгө өтсө, Шакин Эсенгулов Бүбү Мариям жаза баштаган ыр саптар аябагандай зор чыгарманын башталышы экендигин таасын түшүнүп, ошол чыгарма аягына чейин жазылышына түрткү болушу керектигин да туура түшүнүп, ушул багытта айрым аракеттерди жасады.

– Мен райондун акими Эркин Аманалиевге кирип, сиз жөнүндө кыйла маалымат бердим. Кыйналып атканыңызды айттым. Кандайдыр бир жардам берүүсүн өтүндүм. Мисалы, сиз үчүн иш бөлмө бөлдүрүп берсе, оорулууларды ошоерден кабыл алмаксыз жана Жайсаң Атанын айткандарын да акырындык менен кагазга түшүрө бермексиз, – деп сунуш кылды Шакин Эсенгулов.

Бүбү Мариям абдан чүнчүп, эмне кылаар айласын таппай жүргөндүктөн, бул сунушту туура көрдү.

Болгону отуз үч жашта экенине карабай бийлик чөйрөсүнө ийкемдүү аралашып, даражасы түзүк эле жогорулап, Жумгал районунун акими деген кызматты ушу жылдын май айында ээлеп, элди ийгиликтүү башкарып келаткан Эркинбекти Бүбү Мариям буга дейре сыртынан гана билүүчү. Болгону мындан үч жыл илгери Бектемирдин көргөн түшүндө чогуу[1] катышкан. Бирок кимдир-бирөөнүн түшүндө эмес,

[1] Бул аян түш жөнүндө «Жумгал Ата мазарында» деген бөлүмдө кеңири айтылат.

өздөрүнүн өңүндө эң алгачкы жолугушуусу 1995-жылдын 15-августунда эртең менен болуп өттү.

Акимчиликтеги иш бөлмөсүнө эртелеп келген эки конокту – Бүбү Мариям менен Шакин Эсенгуловду Эркинбек жылуу кабыл алды.

– Айланайын Эркинбек! – деп сөз баштады Бүбү Мариям. – Мен эки-үч жылдан бери элдик дарыгерлик өнөрүн аркалап, оорулуулар ар кандай илдеттен арылышына азыноолак болсо да себепчи болуп келатам. Жакындан бери бир сырдуу ишке аралашып калдым. Ушул жылдын апрель айында бир сапар медитациядан келген соң алган маалыматтарымды чечмелесем «Лето+Цифра» деген орусча кош сөз жазылгандыктан, аны «ЖАЙ+САН» деп кыргызча которгом жана «Манас» эпосунун алгачкы автору ким?» деген суроомо алган жообум ушул болгондуктан, «ЖАЙ+САН» деген киши «Манасты» алгач ирет жазган тура деп ойлогом. Жакында «ЖАЙ+-САН» эмес Жайсаң экендиги аныкталды. Ушугезде медитацияга чыккан сайын Жайсаң Ата менен жолугушуудамын. Ал киши арбак экендигине карабай мага кызык нерселерди айтып берүүдө. Ошол айтылгандарды чечмелесем ыр саптарына айланып жазылууда.

– Мен сага үзүндү окуп берейин, – деп Шакин Эсенгулов сөзгө аралашып, эки-үч беттеги ыр саптарын кыраатын келтирип өтө көркөм окуй баштады.

Эркинбек куюлушкан ыр саптарын муюп укту. Ошол эле мезгилде өзүнүн атасы Абазкандын «Манас» эпосуна байланыштуу айткан ой-пикирлерин эсине келтирди. Мындан он-он беш жыл илгери коммунисттик идеологиянын арааны жүрүп, кудайды жок деп, машайык-пайгамбардын баарын боктоп, «Манас» эпосун курулай жомок деп сайрап тур-

ган кезде, Эркинбектин атасы Абазкан: «Саякбай менен Сагымбай «Манасты» катуу бурмалап жиберишкен. «Манас» жомок эмес, «Манас» баатыр жомоктун каарманы эмес, бу жарык дүйнөдө жашап өткөн адам. Анын сөөгү Жыланач-Бугу[1] тоосуна коюлган» дегендей пикирлерди дайым айтчу. Атасынын айткандары Эркинбектин кулагынын сыртынан кетчү. Анткени, атасына караганда өкмөт менен партияга көбүрөөк ишенчү. Көрсө, ошондо катуу жаңылыштык кетирип жүргөнүн Эркинбек так азыр, өзүнүн иш бөлмөсүндө Бүбү Марийам жана Шакин Эсенгулов үчөө отурган маалда мойнуна алды.

Арадан көп жыл өткөн соң гана өз атасын туура түшүндү. Өлкөдө «Манас» эпосунун миң жылдык маарекесин белгилөөгө өтө катуу даярдык жүрө баштаган кезде, өзү жетектеген Жумгал районунда «Манастын» жаңы варианты, Шакин Эсенгуловдун айтымына караганда, болгондо да түп нуска вариантты жазыла баштаганы, албетте, жакшы көрүнүш эмеспи деп курсант болду. Бул кабарга кубаныш керек жана колдоо көрсөтүү зарыл деп ойлоду.

Шакин Эсенгулов текстти окуганын токтоткон соң Бүбү Марийам сөзүн кайра улады:

– Айланайын Эркинбек балам! Сен бир районду башкарган эл башчысың. Төбөң журтка көрүнүп калган. Мындайча айтканда, журттун атасы болуп эсептелесиң. А мен бир дубанамын. Бакшы аялмын десем да болот. Бирок биздин жолугушуубуздун себепчиси Жайсаң Атанын айткандары болуп аткандан кийин, эгер ушул ыр саптары элге керек деп эсептесең, анда мени менен мамиле кыл. Эстүү жан

---

[1] *Жыланач Бугу* – Тогуз-Торо районунда жайгашкан тоо. Анын бийиктиги деңиз деңгээлинен 4099 метр жогору.

эмессиңби, эгер эле бул жазуулар эч кимге керексиз деп эсептей турган болсоң, оюңду ачык, түз айтсаң жана биз менен байланышпай эле койсоң. Буга дейре мамилебиз болбогон сыяктуу эле, мындан ары деле ар кимибиз өз жолубуз менен кете берсек. Биз бет маңдай отуруп алып сүйлөшүп аткан учурда мен бир гана нерсени эске алуудамын: менин же менин жазгандарымдын сага же сенин ишмердүүлүгүңө кымынчалык кедергиси тийбесе экен.

– Эже, мен мындай көрүнүштөргө толук ишенем, – деп Эркинбек жооп берди.

Анын дароо оң жооп айтышына түрткү болгон дагы бир жагдай, өзүнүн башынан өткөн бир сырдуу окуя бар эле. Ал окуя мындан беш жыл илгери, «эсил кайран СССР» деген мамлекет кулай электе, өзү болсо Жумгал райондук ПМКнын (передвижно-механизированная колонна) директору болуп иштеп жүргөн кезде болуп өткөн.

Бир сапар райондун жетекчилери Эркинбекке шашылыш тапшырма берип, борбордон келаткан текшерүүчүлөрдү коноктош үчүн даярдык көрүлүшүн айтып кел деп Соң-Көлгө жиберишти. Эркинбек жаңы УАЗ машинасын шоопуруна айдатып жолго чыкканда кеч кирейин деп калгандыктан, алар Соң-Көлгө жеткенде караңгы кирип кеткен. Көлдүн жээгин бойлоп жайгашкан айылдардын ичинен керектүү кишилердин үйлөрүн таппай, кыйлага дейре кыдырып жүрүштү да, адашып калышты. Анан Соң-Көлдүн жээгинен алысыраакта, тоо тарапта жайгашкан айылдын жарыгы көрүнгөндүктөн, ошоерге жетели, тапсак табаарбыз, таппасак түнөп калаарбыз деп ал жарыктарды көздөй жөнөштү. Болжол менен он беш-жыйырма мүнөттүк аралык-

[1] УАЗ – Ульяновскдагы автомобиль заводу.

та жайгашкандай таасир калтырган айылга эмнегедир эле жете албай убара болушту. Жарым сааттан ашык жүргөн соң алдыдагы айылдын аралыгы дале алыс бойдон калганын байкашты. Машинаны токтотуп, кунт коюп караштьы да, оттор тоонун бийик жагынан эле эмес, тоо чокуларынан да жогорураакта, тагыраак айтканда, асманда жанып турганын ажыратышты. Анан эле күтүлбөгөн көрүнүштөр боло баштады: бир нече боз үйдөн чыккан жарыкка окшошуп чукул жайгашкан оттор кыймылга келишти да бири бирине жакындап келип биригишип бир чоң жарыкка айланышты.

Андан кийин ал чоң жарык учуп жөнөдү. Эркинбек менен шоопуру эч нерсе түшүнүүгө үлгүрө электе алардын үстүнө жетти да, прожектордой болгон күчтүү жарыкты ылдый багыттады. Машинанын эшигин ачып алып жарым-жартылай сыртка чыгып олтурган Эркинбек үстүдөн төмөн төгүлгөн жарык шумдуктуудай күчтүү экендигин баамдады. Анткени, чөптөрдүн арасындагы кибиреген майда курт-кумурскалардан бери даана көрүндү. Ошончолук кудуреттүү жарык болгонуна карабай, көздүн курчун албады. Экөөнүн тең көздөрү караңгылашып кетпей, үстүдөн түшкөн жарыктын чегиндеги нерселерди күндүзгүдөн да дапдаана көрүп турушту. Өңүндө түгүл түшүндө кабылбаган окуяга аралашып калышса да, Эркинбек дагы, шоопуру дагы анчалык эле коркуп үрөйлөрү учпастан, тескерисинче, бул эмне болгон жарык деп кызыгышты. Эркинбек сыртка чыгып жогору караганга ниеттенди, бирок аны жасаганга жүрөгү даабай, машинанын каалгасын ичинен жаап, келген жагыбызды көздөй айда деп шоопуруна буюрду. Машина артка бурулуп жөнөп берди. Үстүдөн түшкөн жарыктын чегинен чыгаары ме-

нен машинанын фарасынын жарыгы өтө эле алсыз экендиги байкалды. Эми дагы бир кызык нерсе болду: машина жылып кетээр замат үйдөй жерди ээлеп турган жарык өйдө көздөй тартылып кетти. Ооба, ооба, жөн гана өчүп калбастан, салаңдаткан арканды кайра жыйрып алгандай болуп, жогору көздөй тартылып барып кыйла бийикте асылган бөлүгүнө сиңип кетти.

«Бул шумдук нерсе эмне болду экен? Же учуучу тарелкабы? Же дагы башка белгисиз нерсеби? Бирок бизге эмне үчүн кызыгып калышты? Баарынан да нурду кайра артын көздөй жыйрып алгандары шумдук экен. Энергияны эч убакта коромжуга учуратпоонун сырын билишет окшойт. Ошон үчүн чексиз ааламды кезип кыдырып жүрүшкөндүр да! А бирок бизде эмне иштери бар? Кызык! Кызык!» – деп чагылгандай тездикте ойлонуп өткөн Эркинбек УАЗдын арткы терезеси аркылуу карап, асмандагы кубулжуган жарык ээрчип келатканын көрдү. Машинадан бир аз озуп, алиги жарыгын кайра чачыратты. Боз үйдүн ордунан чоңураак жер жапжарык болуп көрүндү. Машина жарык кылынган жерди артка калтыраар менен ал жарык кайрадан жогору жыйрылып кетти.

Ошентип, шумдуктуудай күчтүү жарыгын утуру төмөн көздөй чачыратып кайра артына тартып алган табышмактуу учуучу техника үлпүлдөгөн фаралары бар УАЗ машинасы менен же жарышканы, же куугунтуктаганы белгисиз бойдон Соң-Көлдүн жээгиндеги айылдардын бирине өтө чукул калганга дейре келди. Иттердин ажылдап үргөнү угула баштаганда табышмактуу учууучу техника токтоду да, жердеги жарыгын жыйрып алып тоолор тарапка учуп барып жылдыздар менен аралашып кетти.

Эркинбек менен шоопуру машина токтогон жер-

ден эле шылкылдап уктап калышты жана таң куланөөк салган кезде чоочуп ойгонушту. Анткени, учкан снаряддын үнүнө окшоп шуулдаган дабыш Соң-Көл тараптан жакындап келатты да, түндөгүдөй көгүш түстөгү жарыгы бар нерсе машинанын үстүнөн учуп өтүп, тоолордун чокуларына жеткенде токтоду. Анан ал чоң жарыкка ар кандай түстөгү кичирээк жарыктар тоолордун ар тарабынан учуп келип кошулушкан соң, көздөн кайым болушту...

Мына ушундай сырдуу окуяны башынан өткөрүп тажрыйбалуу болуп калган Эркинбек Бүбү Мариямдын Жайсаң Атанын арбагы менен жолугуша баштагандыгына толук ишенди. Бул жөнүндө башка эч кимге билдирбей, экөөнө гана белгилүү купуя сыр кылып сакташканынын чоо-жайын айттырбастан түшүндү. Анан дагы, Жайсаң Атанын буга чейин берген маалыматтары жана мындан кийин бере тургандарынын баары кыргыз элине эң керектүү экендигин туйду. Ошон үчүн:

– Эже, чоң иш чоң курмандыкты талап кылат. Мен колдон келген жардамымды сизден аябайм. Шакин агай айткан бир иш бөлмөнүн маселесин жакын арада чечтирип берем, – деп шыр жооп айтты.

Эркинбектин жылуу кабыл алышы, айтылган кабарды туура түшүнүп мамиле кылышы жана аткарыла баштаган ишке берген жогорку баасы Бүбү Мариям үчүн эбегейсиз зор мааниге ээ болду: чөгүп турган маанайы көкөлөп, демине дем кошулуп, жакындан бери жасап аткан иши аябагандай керектүү жана баалуу экендигине болгон ишеними ого бетер бекемделди. Айрыкча, ***«чоң иш чоң курмандыкты талап кылат»*** деген сөздөрү Бүбү Мариям үчүн бүгүндөн баштап турмушунда тутунган ураанга айланууга татыктуу кудуреттүү сөздөр эле.

## 1995-ЖЫЛДЫН 31-АВГУСТУ

Бүбү Мариям эс тарткандан бери аны коштоп жүрчү деп айтса боло турган, же колдоп жүрчү десе да ылайык келген, же байкап жүрчү десе дагы туура болгон бир нерсе бар эле. Ал нерсе дайым арт жагында жүрчү жана кандайдыр бир жаныбардын же макулуктун элесинде эмес болчу. Ал – кадимки эле Эки Көз болчу. Бирок абдан көлөмдүү. Болжол менен ар бири чоң кишинин бетинин жарымына тең келгидей өлчөмдө. Кадимки көздөрдөй тегерек эмес – сүйрү. Анан дагы, Эки Көз ашкере акылдуу, сүрдүү, сабырдуу экенин Бүбү Мариям таасын туйчу. Айтмакчы, кимге же эмнеге таандык экени түк билинбеген Эки Көздү Бүбү Мариям ички туюму менен гана  көрчү. Алибетте, дайыма жана үзгүлтүксүз эмес, ал Эки Көз арт жагында пайда болгон маалдарда көрчү. Адегенде кандайдыр бир көзкараш желке тушун теше тиктей баштаганын туйчу да, артында Эки Көз бар экенин түшүнүп, бурулуп караганда эч нерсени  көралбаганы менен ички туюму аркылуу Эки Көздү дапдаана көрчү. Көбүнчө жаны кейип кыйналган кездерде же кандайдыр бир кырсыкка кабылаарда, аталган Эки Көз пайда болуп, аяган же кейиген калыбында карап турганын Бүбү Мариям түшүнчү.

1992-жылы табыпчылык өнөрүн моюндаган соң, Эки Көз мурдагыдан кыйла көбүрөөк ээрчигенин  байкаган жана Эки Көздөн кадимкидей маа-

лымат алууга өткөн. Өзүнө кайрылган оорулуулардын дарттары жана алардын дабалары жөнүндө көбүнчө Эки Көз аркылуу кабардар болгондуктан, табыпчылык ишинде таңгаларлык ийгиликтерге жетишкен. Ошол себептүү Эки Көз эмнени каалап турса, аны абдан так аткарууга аракеттенген жана эч убакта өзүнүн каалоосундагы нерсени Эки Көзгө таңуулаганга батынбаган.

Ал Эки Көз күтүлбөгөн жерден медитацияга чык деген тапшырманы берчү. Бүбү Мариям андай учурларда бүт баарын таштачу да, арыдан-бери даярдана калып жылдын маалына, аба ырайына карабай медитацияга жөнөчү. Кайда бар десе ошоякка барчу. Чаек айылынын эки тарабын курчаган кырка тоолордун бирде бул тарабына, бирде тигил тарабына кетчү.

Бир сапар мындай окуя болгон. 1995-жылдын май айынын акыркы күндөрүнүн бири эле. Ал күнү Шакин Эсенгулов Бүбү Мариямды үйүнө чакырып, катуу сыркоологон энесин дарылап беришин өтүнгөндүктөн, оорулуу кемпир менен кечке алек болуп, анын акыбалы кыйла жакшырган кезде кеч кирип калган. Ошо маалда Эки Көз пайда болду да, Бүбү Мариям медитацияга токтоосуз чыгышын билдирди. Үйүнө шашылыш түрдө жетип келип медитацияга керектүү буюмдарын алып жөнөй берээрде, Жазгүл[1] көрүнбөгөндүктөн:

– Жазгүл кайда? – деп Нургүлдөн сурады.

– Апа, сиз кечиккениңизден мен Жазгүлгө уруксат берип койгомун. Ал кызыңыз бүт классындагы балдар-кыздар болушуп экскурсияга кетишкен. Кеч киргенге чейин кайтып кел деп эскерткем. Бирок

[1] *Жазгул* – Бектемирдин инисинин кызы. Аны Бүбү Мариям ымыркайынан багып чоңойткон.

кечигүүдө, – деген жоопту уккан соң сарсанаа боло баштады. Эч нерсеге кабатырланбай медитацияга чыкса, кандай гана дурус болмок. Бирок бойго жетип калган Жазгүл классташтарына кошулуп ээн жакка кетип калганын карабайсыңбы! Эми эмне кылат? Жазгүлдүн келишин күтсө, барчу жагынан кечигет, кете берейин десе – көңүлү тынч эмес.

Күүгүм кире баштаган кезде медитацияга чыгууну болжогон маалы өтө чукул калгандыктан, жөнөй берүүгө аргасыз болду. Бат-бат басып Чаектен бачым эле чыккан соң, Жаманталааны[1] өрдөп жүгүрүп жөнөдү. Бүбү Мариям тынчсызданган абалда кеткенине сарсанаа болгон Кырчынбек[2] (ошол кезде алтынчы класста окучу) артынан ээрчип жөнөгөн экен, текилдеп чуркап жүрүп отуруп Жаманталааны кыйла өрдөп калган апасына араң жетти. Экөөнүн алдынан атчан беш-алты бала чыкты. Алар тоодон койдун жүнүн артынып келатышыптыр.

– Ай балдар, силер келген жактан мектеп окуучулары көрүнбөйбү? – деп сурады Бүбү Мариям.

– Тоого жакын жакта бир топ балдар-кыздар эс алып жүрүшөт. Бүгүн түнөп калышат окшойт. Кетүүгө кам көрүшкөн түрлөрүн байкабадык, – деп жооп берди балдардын бири.

Эми ого бетер тынчсыздануусу күчөгөн Бүбү Мариям тоо тарапка көз жүгүрттү да, ал жактан ылдый жылып келаткан жарыкты көрдү. «Жазгүлдөр автобус менен барышкан го, сыягы. Эми кайтып келатышат бейм» деп ойлоду.

– Силер көргөн мектеп окуучулары кандайдыр бир транспорт менен барышканын байкаган жок

---

[1] *Жаманталаа* –Чаек айылынын жанындагы чоң талаа.

[2] *Кырчынбек* – Жазгүлдүн иниси. Ал да Бүбү Мариямдын колунда чоңойгон.

беленер? – деп атчан балдарга кайра суроо узатып, ылдый келаткан жарыкты аларга көргөздү.

– Эч кандай машине же автобус жок жөө барышса керек эле, – деди балдардын бири.

Ылдый көздөй ыкчам жылып келаткан жарыкты таңыркап карап турушту.

– Апей, ал жакта таптакыр жол жок эмес беле. А тиги автобус кантип жүрүп келатат, ыя? – деп балдардын бири таңгалып жана коркуп айтты.

Ооба, чындап эле ал тарапта эч кандай жол жок болчу. Анткени менен, автобус жүрүп келатты. Дагы кыйла жакындаган соң, ал жөнөкөй автобус эмес, «Икарус» маркасындагы узун, сары автобус экени белгилүү болду. Болгондо да шаарда гана жүрчү упузун, ортосу гармошка менен туташкан «Икарус»! Ички лампалары жаркырап жанып турат. Жүргүнчүлөрү да арбын. Отуруп келаткандар, туруп алып кармагычтарды карманып, же жөлөнүп келаткандар даана көрүнөт. Эмнегедир, «Икарустун» артында «Беларусь» маркасындагы трактор келатат. Анын соңунан эл ичинде «Тогуз» деп айтылчу «Вилис» машинасы ээрчип алыптыр.

Бул шумдуктан корккондуктан балдар аттарын чапкылап Чаекти көздөй качып жөнөштү.

Бүбү Мариям жакындап келаткан үч транспорттон чочулабады. Алардын жарыгынын нурлары жаанын жебесиндей болуп бөлүнүп учуп келип башынын ар кай жерлерине сайыла баштаганын, болгондо да жагымдуу сайылып аткандыгын сезип, транс абалына өтө баштаган кезде жанынан окшуп аткан үндү укту да, кайра кадимки абалына келе калып караса, Кырчынбек окшуп кусуп атыптыр. Көрсө, үч транспорттун жарыгына арбалып бүт баарын эсинен чыгарып койгон экен. Кырчынбектин жүрөгү түшүп корконунан окшуп куса баштагандагы үндөн чочуп өзүнө келгенин түшүндү.

Бүгүнкү медитациясы ушинтип башталбай жатып аяктаганын да түшүндү. Ошо кезде жапжакын эле аралыкка келип калган узун «Икарус» автобусу, «Беларусь» трактору, «Вилис» машинасы үчөө ар бири өзүнчө ак жарыкка айланды да, анан бири бирине кошулушуп чоң жарык болуп биригишкен соң, тоо тарапка учуп жөнөдү. Тоо жакта дагы бир тегерек жарык турган экен, ага барып кошулган соң толгон Айдай болуп туруп калды. Эмнегедир, Бүбү Мариям «Ай толгон тура» деп ойлоп койду. Окшуп кусканы токтогон Кырчынбекти колунан жетелеп Чаекти көздөй жөнөдү. Бир кыйла барышкан кезде:

– Апа, карасаңыз, асманда дагы бир ай бар экен,– деп айтты Кырчынбек.

Бүбү Мариям Чаектин тиги өйүзүндөгү тоо кыркаларынан жаңыдан чыга келген толгон Айды көрүп абдан таңгалды. Ошол эки Айдын биринчиси го кадимки Ай. Ал эми так ошо Айдын өзүндөй болуп көрүнгөн экинчи Ай эмне үчүн пайда болгону Бүбү Мариямга табышмак бойдон калды.

Анткени менен, бул окуяга беш-алты бала катышып, күбө болуп, коркуп качып кетишкендиктен жана алар «Бүбү Мариям учуучу тарелканы чакырып алып сүйлөшкөнүн көрдүк» деп Чаекке айтып барышкандыктан, айылдыктар үчүн аябай чоң жаңылык болуп, көпкө дейре кеп кылып жүрүштү.

Балким, ошол күнү медитацияга чыкканда кандайдыр бир кызыктуу кезигишүүлөр болууга тийиш болуп, ошон үчүн Эки Көз Бүбү Мариямды медитацияга чык деп шаштыргандыр. Бирок, анын жанында Кырчынбек жана беш-алты атчан бала болгондуктан, аткарылчу иш аягына чыкпай калды окшойт. Эмне болгондо да, акылга сыйбаган окуянын далили катары эки нерсе кала берди. Биринчиси – жол жок жер менен тоо тараптан түшүп

келген Икарус, Беларусь жана Вилис машинасы жарыкка айланып тоо тарапка учуп кеткенин жана ал жактагы тегерек ак жарыкка кошулган соң Айга окшошуп калганын көргөн балдар болсо, экинчиси – Бүбү Марийам транс абалына түшө баштаганда башынын ар кайсы бөлүгүнө жебедей болуп сайылган нурлардын издери болду. Ал нурлар терини эле эмес, баш сөөктү да тешип киргендиги быжыраган издерден, күрөң тактардан кадимкидей билинип турду. Аны көргөндөр абдан таң калышты. Ал издер бир жуманын аралыгында тарап жок болду.

Ошол күнү экинчи Айга окшошуп көрүнгөн жарык тегерекче менен жарым жылдан кийин Бүбү Марийам дагы бир кезикти.

Сиңдиси Гүкү төрт жашар уулу Айбекти ээрчитип Бүбү Марийамдыкына келген эле. Бешим болуп калган кезде күтүүсүздөн Айбектин талмасы кармады да, бүт денеси катуу болуп, дем алганы билинбей, жаагы карышып, эки көзү уютулган айрандай коюуланып, айтор, үзүлүп бараткандай жатып калды. Мурда Айбектин талмасы кармаганда Бүбү Марийам же дем салып, же дагы башка ырым-жырымды жасап аны эсине келтирип алчу. Азыр болсо эмне кылса да эм болбой, бала сулк жата берди. Өлүп калды окшойт деп баарынын эстери чыкты. Жүрөгү түшкөн Гүкү уулун көтөрүп үйдөн жүгүрүп чыкты да, эшиктеги суу алгыч колонкага жетип:

– Айланайын эже! Жанагы **тарелкаңыз** бар эмес беле! Ошону деле чакырсаңыз. Менин балама жардам берсинчи! Сактап калсынчы! – деп суранып жиберди.

Эненин тилегин берет деген чын!!!

Гүкү жанагинтип сурангандан көп өтпөй тоо тараптан толгон айдын чоңдугундагы тарелкага окшош ак жарык учуп келди да, Бүбү Марийамдын

үйүнүн үстүнө токтоп, кызыл, сары, жашыл, ак, көк түстөгү нурларды ылдый көздөй чачырата баштаганда Айбектин денеси дирт-дирт деп алган соң дем алды жана өзүнө келип көзүн ачты.

– Айланайын тарелка! Ырахмат сага! Баламды аман алып калбадыңбы! – деп Гүкү айылдан алыстап учуп бараткан ак жарыкты алкаган бойдон узатып кала берди.

Бул окуя күпкүндүзү айылдын ичинде болгондуктан, түркүн түстүү нур чачкан ак жарыкты кошуна-колоңдордун көптөрү көрүп, жакаларын карманышты. Бүбү Мариямга учуучу тарелка жардам берет экен деген сөз бүт Жумгалга тарады.

Чындыгында, ал күнү Айбекти сактап калган ак жарык, же Бүбү Мариямдын өтүнүчүн аткарыш үчүн, же Гүкүнүн тилегин орундаш үчүн учуп келдиби – бул эч кимге белгисиз боюнча калды. Же, балким, Ак жарык өз эрки менен келгендир. Бул дагы белгисиз.

Ошентип, ушул бөлүктүн башталышында айтылган Эки Көздүн жардамы менен Бүбү мариям Ак Жарыкты эки жолу көрдү.

Ал эми 1995-жылдын 31-август күнү да Эки Көз пайда болуп, кайрадан медитацияга чыгышы керектигин билдиргендиктен, Бүбү Мариям өзү деле бүгүн бейшемби экенин эске алып, медитацияга камынды. Жазгүл үйдө жалгыз калбасын үчүн аны Нургүлдүкүнө жөнөттү. Үйдүн төмөн жагында бир булак ага турган. Ошондон суу алып келип дуба окуду. Үйдүн ичинде эле шам жакты. Күн уясына отура электе эле көк баштыгын көтөрүп үйдөн чыкты. Күүгүмдө деле жөнөсө болмок, бирок анда жолдон жолуккандар кайда, кимге, эмнеге бараткanын сурап абдан алаксытышмак,  же кечинде агытылчу иттер үрүп тынчын алышмак. Ушундай

ыңгайсыздыктардан качуу үчүн эртерээк жөнөгөнү туура болгонго, эч кимдин көңүлүн өзүнө бурдурбаган Бүбү Марийам айылдын четине көз байланган кезде жетти жана эми Жамантала деп аталган аңыздагы жол менен тоону беттеди. Дагы эки-үч километрдей аралыкты басып өтүп, медитацияга чыгууга ылайык жайга жетээрине 30-40 кадамдай калганда уйкубези жайгашкан тушка ийне сайылгандай таасир калтырып «тыз» эткенин жана ага удаа уйкубези жагымдуу ысып, ал ысыктык бүт денесине тарап, жандүйнөсүн удургуткан ой-санаалар кайдадыр житип кетишти да транс[1] абалына түшкөн Бүбү Марийам медитацияга чыгаар алдында аткарылчу жол-жоболорду аткараар замат, жанында Жайсаң Атанын көгүш-жашыл шоолага чулганган караанын пайда болуп, узун сөздүн учугун улады.

Ушул жайдын июль айынын үчүндө жана алтысында болгон жолугушууларда өзүн тааныштырып, «Айкөл Манас» дастанын жараткан эң алгачкы ээси өзү экенин айткан жана Чоң Казаттын жүрүшүн көргөзгөн Жайсаң Ата бу сапар эч кимге белгисиз маалыматтары менен тааныштырганын улантып, «Айкөл Манас» дастанын өзүнөн кийин дагы тогуз акын айткандыгын жарыялады. Өзүнөн бир кылым кийин жаралган акындын аты-жөнү да Жайсаң Үмөт уулу болгонун, ошол себептүү биринчи жана экинчи дастанчы элдин эсинде бир эле адам катары сакталганын, бирок иш жүзүндө, эки кылымда жашап өткөн эки башка акын бир эле нерсени – «Айкөл Манас» деген улуу дастанды айткандыгын билдирди…

Ушул күнү – 1995-жылдын 31-август күнү Кыргыз Мамлекети үчүн өтө маанилүү «Манас» эпосу-

---

[1] *Транс* – медитация маалындагы абалдын аталышы.

нун 1000 жылдык маарекесинин негизги салтанаттары өткөрүлгөндүктөн, жалпы Кыргызстандыктар мурда болуп көрбөгөн Улуу Тойго күбө болушту.

Ушул күнү – 1995-жылдын 31-август күнү Чаек айылында жашоочу карапайым аял – Бүбү Мариямдын жеке жашоосунда да өтө маанилүү өзгөрүүнүн жүрүшү улантылып, «Айкөл Манас» дастанынын алгачкы ээси Жайсаң Ата менен кайра дагы кезиккенде айткан кабарынан ушу улуу дастанды урпактардан урпактарга өткөрүп берүү үчүн он акын он кылымда бир-бирден жаралгандыгын, баары тең бир гана максатка кызмат кылгандыгын, ачык айтканда, «Айкөл Манас» дастанын сактап калышканын, анын аркасы менен алар жалпы кыргыз эли аман калышына аябагандай зор салым кошушканын билди.

Ооба, ушул күн укмуштуудай Улуу күн эле. Жалпы Кыргызстандыктар үчүн да, Бүбү Мариям үчүн да...

Кыргызстандын алгачкы ажосу Аскар Акаев 1991-жылы чыгарган чечимдин негизинде төрт жыл бою даярдык көрүлгөн соң гана мамлекеттик деңгээлдеги Улуу Тойдун негизги шаан-шөкөттөрү 31-августта өткөрүлүп, дүйнөнүн алыс-жакын жактарынан чакырылган миңдеген меймандарга «Манас-Ордо» тарыхый музей-комплексинин тегерегине тигилген миң бозүйдө, Бишкектин чекесине курулган «Манас Айылында» жана дагы көптөгөн жайларда так ушул маалда сый көрсөтүлүп, уюштуруу иштерине жоопкер аткаминерлердин жана тейлөө кызматына чегерилген карапайым кыргызстандыктардын баары Айкөл Манастын урматына арналган Улуу Тойдун кынтыксыз өткөрүлүшүнө аянбай аракеттенип жатышса, ал эми Бүбү Мариям да так ушу маалда «Айкөл Манас» дастанынын алгачкы ээси

Жайсаң Үмөт уулуна кезигишип, дастандын сакталышына, ошондой эле, дегеле кыргыз элинин аман калышына түздөн-түз тиешеси бар он акын жөнүндөгү маалыматтарды алуу менен аракеттенди.

Кыргызстандыктар үчүн дүйнө жүзүн дүңгүрөткөндөй таасир калтырган Улуу Той 31-августтун түнү бою улантылса, а Бүбү Мариямдын медитациясы күтүүсүздөн үзүлүп кетти...

«Тарс» эткен үндөн улам өзүнө келген Бүбү Мариям жакын жерден бир машина өтүп баратканын көрдү. Өзү медитацияга чыккан жайдан кыйла алысыраакта экенин жана башы зыңылдап ооруп, кускусу келгенин туйду. Машинанын күчтүү жарыгынан улам Жайсаң Атанын көгүш-жашыл шооласы менен болгон байланышы үзүлүп кеткенде, медитация күтүүсүздөн токтогон окшойт деп болжолдоду. Көзгө сайса көрүнгүс караңгынын кучагында акырын жүрүп отуруп таңга жуук үйгө келди.

Кийинки жуманын бейшембисинде медитацияга чыгып, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи жана сегизинчи Жайсаңдар тууралуу кеңири кабар алды. Дагы эки күндөн кийинки жолугушуу учурунда тогузунчу жана онунчу дастанчы жөнүндө айткан соң, Жайсаң Ата:

**«Угайын, ким экенин айтып берчи,**
**Адамдын сени менен бөлүшкөн ой»**[1] –

деп түз сурады. Бул суроого Бүбү Мариям абдан чочулап, «Менин ыр саптарымды азырынча эч кимге айтпа. Мен жөнүндө да түк эч кимге билдирбе» деген Жайсаң Атанын өтүнүчтөрүн орундай албай абдан чеки иш кылган окшойм» деп ойлоду. Бирок Шакин Эсенгуловдун: «Манас» эпосунун эң биринчи авторун билип бербейсизби?» деген акылга сыйбас

---

[1] Бул эки сап ыр «Айкөл Манастын» 1-китебинин 45-бетинен алынды.

өтүнүчүн аткарам деп жүрүп Жайсаң Атага жолукканын, жана алгачкы ыр саптарын окуганда Шакин Эсенгулов аябагандай кубанганын, анысы аздык кылгансып, бир нече жылдан бери жанын кейиткен дартынан кадимкидей сакайган кейиптенгенин, ошол себептүү, бул ыр саптар Эсенгуловду айыктыруучу дары окшойт деген пикирге бекий баштагандыктан, ал кишиге Жайсаң Атанын арбагына кезиккендиги жана жазылып аткан ыр саптары жөнүндө айтпай коё алмак эмес экендигин эстеп, жапжалгыз өзүнө белгилүү сырды бөлүшкөн кишиси тууралуу мүмкүн болушунча толугураак маалымат берүүгө аракеттенди. Шакин Эсенгуловдун адамгерчилиги абдан жогору экендигине, өмүр бою сөз кадырлап, сөз баккан адис жазуучу экендигине байланыштуу, өзү ал кишини абдан баалап, керек болсо, жетинчи сезиминен орун берип[1] урмат-сый көрсөтөөрүн кенен айтты. Бирок келтирилген жүйөөлүү жагдайларга карабай, эгер ката кетирген болсо, кечирип коюшун өтүндү. Бул кылганы жаңылыштык эмес, тескерисинче, абдан туура болуп, ыр-дастан сөз ээсинин[2] колуна ыйгарылганын, эми экөө бири-бирин толуктап, өзүнүн кош карегиндей кызмат кылып беришээрине Жайсаң Ата ишеним билдиргенде Бүбү Мариям төбөсү көккө жете кубанды. Эсенгуловдун ысымы Шакин эмес Шарыпкул[3] экенин укканда абдан таң калды. Бул маалыматты эртеси Эсенгулов өзү ырастап берген кезде, таңгалуусу ого бетер күчөдү.

---

[1] *Жетинчи сезимден орун берип* – абдан урматтап деген мааниде.

[2] *Сөз ээси* – Жайсаң Атанын доорунда жазуучу деген сөз жок болгондуктан, Ш. Эсенгуловду **сөз ээси** деп атаса керек.

[3] *Шарыпкул* – Ш. Эсенгуловдун энчиленген аты Шарыпкул. Бирок кыскартылган түрдө Шакин деп айтылып жүрүп, ошо бойдон Шакин аталып калган.

Ошентип, 31-августта Эки Көздүн жетеги аркылуу чыккан медитациясында ала баштаган кабардын аягына чыгыш үчүн Жайсаң Ата менен дагы эки ирет кезиккен Бүбү Мариям ошол 1995-жылга чейин эч кимге белгисиз болуп келген, эч жерде жок маалыматка ээ болду. Мындайча айтканда, бир ай мурун Жайсаң Атанын жалгыз өзү жөнүндө кабардар болсо, эми Айкөл Манастын улуу тапшырмасын аткарып залкар дастанды жаратканга жетишкени менен, ал эмгекти элге жайылтууга үлгүрбөй калгандыктан, соңку тогуз кылымда тогуз жолу жаралып, ар бир жолку жашоосунда «Айкөл Манас» дастанын айтканына карабай, Улуу Дастан ордун табалбагандыктан жана акыркы төрт жүз жылдын ичинде кайра туулбастан, ошо дастанды айтып берүүгө ылайык инсанды төрт кылым бою талыкпай издеп келатканын билген соң гана, Бүбү Мариям өзү ушул укмуштарга эмне үчүн аралашып калганынын себептерин сезди. Буга дейре болжолдогонундай, дагы бир дастанчы бала төрөлүшүнө дарыгер катары себепкер болуусунун ордуна, же болбосо, кабыл алынган ыр саптарын Шакин Эсенгуловдун дартына дары катары колдонуу менен чектелүүнүн ордуна, тескерисинче, Жайсаң Атанын эмгегин элге жеткирүү иши өз мойнуна артылаарын жана ал милдетти акыр-аягына чейин аткаргандан башка аргасы да, чарасы да жоктугун ачык-айкын түшүндү.

Айтор, Бүбү Мариямдын жеке жашоосундагы аябагандай зор жана кескин өзгөрүүлөрдүн болушуна эки күн калды. Ал эми «Айкөл Манас» дастаны Бүбү Мариям аркылуу кагазга жазыла баштаганына али эки ай бар.

## НУРШООЛАНЫ БЕЛЕККЕ БЕРГЕН НУРКЫЗДАР...

Бүт баары асмандан (космостон) түшөт деп айтылбады беле бу баяндын башталышында.

Чындыгында эле ошондой экен. Баары, баары эле асмандан түшөт экен. Атүгүл, Нуркыздар да асмандан түшүшөт тура...

Алар менен Бүбү Марийам 1995-жылдын 10-сентябрындагы медитация учурунда кезигишти. Алибетте, ал Жайсаң Атанын жардамы менен болду.

Адегенде, айылдан жаңы эле алыстап, Седеп-Өтөктү[1] өрдөп көтөрүлгөн кезде көгүш шоолага чулганган Жайсаң Ата жанына жылып келди. Ай толгон күндөрдө гана медитацияга чыкканы экөөнүн тең коопсуздугун камсыз кылаарын эскерткен соң, бүгүн бир укмуш кереметке – **кылымдар тогошкондо гана кайталанчу Кадыр Түнгө кабылтаарын билдирээр замат, Бүбү Марийам айланага көз жүгүртүп, теребелге текши төгүлүп аткан Айдын нурунун арасында тогуз кыз бар экенин көрдү.**

Алардын бүт денеси нур... Узун көйнөктөрү да нур... Ар кимиси аябагандай ажайып сулуу...

Алар Айдын нурун аркандай кылып эшип алышыптыр. Аны бирдей узундукка бөлүп кесип алышыптыр. Ар бир аркандын экиден учун асманга асып

[1] *Седеп-Өтөк* – Чаекке жакын кыштоонун аты.

алышыптыр. Анан, асманга салынган селкинчектерди тээп, көңүл-маанайларын ачып жатышыптыр.

Айрым селкинчектин арканынан да, аны тепкен Нуркыздын денесинен да, кийим-кечесинен да салют атылгандай болуп учкундар чачыроодо. Айрымдарынан эч нерсе чачырабоодо.

Адамдар деле бири-бири менен көп жыл бою көрүшпөй жүрүп калышса, же атайылап, же атайылабай эле кезигишип калышса, абдан кубанышат эмеспи. Ал эми бу Нуркыздар ар бир жүз жылда гана жолугуша алышкандыктан, жана жүйөөлүү себептерден улам ушул кезигүүнү Жер планетасында өткөрүп атышкандыктан, ар кимисинин кубанычы койнуна сыйбай, ашкере жагымдуу үндөрүн созолонтуп ырдашууда. Анткени, алар жөн сүйлөй алышпай, ырдап гана сүйлөй алышкандыктан, бирибирине ыр менен кайрылып сырдашышууда.

Ушул укмуш салтанатты кереметтүү музыка коштоодо. Андай жагымдуу музыканы Бүбү Марийам буга дейре түк укпаган.

**«Кыздардан чочулаба ырдап жаткан».**[1]

**«Токтолбо, бар, барагой Нуркыздарга,**
**Шапар тээп Жер-Энеге салам айткан».**

– деп Жайсаң Ата дайындаганына карабастан, Бүбү Марийам эмне кыларын билбей туруп калды эле, Нуркыздардын бири – аппак нурга чулганганы баарынын атынан:

**«Келгин, боорум, бачым баскын,**
**боло көрбө эринчээк.**

---

[1] Бул бөлүмдөгү ыр саптары «Айкөл Манастын» 1-китебинин 49-58-беттеринен алынды.

**Ай нурунан аркан эшип,**
**кел, тебели селкинчек», –**
(1-к. 46-б. 1-куплет)

– деп кайрылды. Бүбү Марийам тартынууну эсинен чыгарып, чакырууга көндү да, өзү үчүн дайындалган селкинчекке көпөлөктөй конду да, Кадыр Түндүн салтанатына аралашты.

Нуркыздардын катарына кирээр менен Бүбү Марийам баарын түшүндү: Нуркыздар кимдер экенин, кайдан келишкенин, эмнеге келишкенин, өзү да ким экенин, эмне үчүн аларга кошулганын...

Теңир дейбизби, Кудай дейбизби, Алла дейбизби, айтор, бар нерсенин баарын жараткан Улуу Күч эң алгач кандайча жараткан болсо, так ошол абалынан ажырабаган Жандардын өкүлдөрү ушул Нуркыздар экенин, алар чексиз Ааламдын баардык жагына бир заматта бара алышаарын, анткени – мезгил менен мейкиндикти тоскоолдук деп түк эсептебегендей эбегейсиз зор кудуретке эгедер экендигин, шарт эмнени талап кылса, ага ылайык кебете-кешпирди, көлөмдү, өңдү, түстү кийип кубула алышаарын, ал эми азыр болсо Жайсаң Атанын өтүнүчүн аткарыш үчүн гана Жер планетасына атайын келишкенин, ошон үчүн, адегенде Айдын нурунун арасынан бөлүнүшүп, тулку бою, кийим-кечеси нурдан жаралгандай көрүнүшүп, андан кийин, ошол эле Айдын нурунан аркан кылып эшип жиберишип, анын учтарын асмандын ар кай жерлерине асып жиберишип, чалкасынан түшкөн Күнжелесине окшош селкинчектерди тээп салтанат кура баштакан соң, алардын бири:

**«Келгин, боорум, бачым баскын» –**

деп өзүнө кайрылганын Бүбү Марийам түшүндү. «Боорум» деген сөз да бекеринен айтылбаганын, өзү

дагы качандыр бир кездерде Нуркыздардын бири болгондугун жана кандайдыр бир тапшырманы аткарыш үчүн адамдардын арасына келгендигин, бирок ошол ишти аягына жеткире электигинен улам узак мезгилден бери Жер планетасында байралып, Өмүр жана Өлүм деген Айлампадан чыга албай келатканын, анан дагы, ушу жолку жашоосунда алиги бүтелек ишине кайрадан киришиши керектигин, ошон үчүн соңку алты айдын ичинде акылга сыйбас окуяларга аралаша баштаганын, ал эми азыр Нуркыздардан абдан көп маалыматтарды угаарын жана сыйкырдуу белекти тартууга алаарын, белектин жардамы аркылуу Өткөн Чак менен Келечекти кымындай кыйынчылыксыз көрүү жөндөмүнө жетишээрин, ошондой эле, жеке тагдырында жакынкы күндөрү болуп өтө турган катаал сыноолорго туруштук берүүгө керектүү күч-кубат топтошу керектигин да Бүбү Мариям топтолук билди.

**«Бүгүнкү түн Кадыр түнүң**
**бир сен үчүн берилген» –**

деген сөздөрдү аппак түстөгү нурга чулганган Нуркыз айтканда, **«Кадыр түн»** деген сөздүн канчалык терең мааниге ээ экенин, карапайым пенделер **«Кадыр түн тосуу»** деп түнү бою уктабай чыгууну, же ырдап-чоорлоп шаңдуу убакыт өткөрүүнү түшүнүшкөнү аябагандай чоң адашуу экендигин, **Кадыр түндү** тосуу – бул кайра жаралууга барабар болоорун, тактап айтканда, **Кадыр түн** тосконго чейинки жашоосу менен **Кадыр түн** тоскондон кийинки жашоо асман-жердей айырмаланаарын, негизи, **Кадыр түнгө** кабылуу айрым гана адамдардын тагдырына буйрулганын, анткени, жүздөгөн же миңдеген жылдарга созулган кайсы бир Доор

соңуна чыгып, жаңы Доорго жол берээр маалда эки Доорду ажыратуучу сызык дал ошол **Кадыр түн** болуп эсептелээрин, ал эми 1995-жылдын 10-сентябрындагы өзү башынан кечирип аткан **Кадыр түн** жеке өзүнүн же жалгыз гана кыргыз элинин эле эмес, жалпы адамзатынын жаңы Доорунун башталышынын белгиси экендигин таасын туйду.

**«Алгын ушул Нурбелекти,**
**Бир сен үчүн өрүлгөн...» –**

деп агыш Нурга чулганган Нуркыз ырдаар замат Бүбү Мариям сыйкырдуу белекке ээ болду. Аны тогуз Нуркыз чогулуп жасашкан. Ар кимиси өзүнө таандык нурдан бир ичке тилке чубап алышып, тогуз бөлөк түстөгү тогуз шооланы үч-үчтөн кылып бириктирген соң, ал үч бөлүктү олоң чач сыяктуу өрүп коюшкан. Ошентип – агыш, көгүш, жашгылт, кызгылтсары, алтынтүс, ачыккызыл, кызгылткөк, кочкулкөк жана кара түстөрдөгү тогуз шооладан түзүлгөн Нуршоола Нуркыздардын өздөрүндөй болуп керемет касиеттерге жана сыйкырдуу сырларга ээ болгондуктан, анын жоондугу 15-20 см.ге чукул болгону менен, абдан узун сыяктанат. Анткени, Нуршооланын бир учу Нуркыздар жана Бүбү Мариям жайгашкан жайда турса экинчи учу чындап эле чубалгандан чубалып кете берген-сийт...

Бүбү Мариям мындан ары медитацияга чыккан маалдарда бул белекти пайдаланып, Жер шарындагы өзүнө керектүү жайларга жана өткөн доорлорго, кээде келер келечекке жепжеңил гана саякатка барып-келип турмакчы. Ушундай укмуш шарттарды түзүп берүү куралды – Нуршооланы Бүбү Мариям колу менен кармабастан, – анткени ал кол-

го кармалбай турган абалда болучу, – ою менен гана кабыл алды жана аны өзү менен ала жүргөн көк баштыгынын ичиндеги касиеттүү буюмдарга кошуп салып койду. Бирок көк баштыктын көлөмү чоңойбоду дагы, кичирейбеди дагы. Себеби пайдаланган учурда узаргандан узарып кете бергенге жөндөмдүү Нуршоола пайдаланбаган учурда өтө кичинекей жайга сыйгыдай болуп жыйрылып калгандыктан, көк баштыктын ичинде эч кандай деле орун ээлебей жайгашты.

**«Келгин бери, Бүбү Мариям» –**

деп баарынын атынан ырдап аткан Нуркыз өзүнө кайрылганда Бүбү Мариям өзүнүн тагдырына таандык табышмактуу бир окуянын чыпчыргасын коротпой көз алдынан чубуртту.

Ал окуя 1950-жылдын 8-мартына эки жума калганда башталып, күнү бүгүнкүгө чейин уланып келаткан.

Анда Бүбү Мариям апасы Бүбүсайранын курсагында. Төрөлөөрүнө бир нече күн калган. Кычыраган кыш маалынын күчөп турган кези.

Ал күнү кечинде Бүбүсайра үйүндө жапжалгыз. Күйөөсү Муса түнкү сменде иштемек. Суу түгөнүп калгандыктан, кечке жуук Бүбүсайра эки чака көтөрүп жөнөдү. Суу сузуп алчу жерге жетелекте бир кемпирге жолукту. Айылдын жашоочулары бирин-бири толук тааныйт эмеспи. Ал эми бул кемпир чоочун экен. «Биздин айылда мындай кемпир жок эле. Кайдан келген жана кайда баратат. Тегеректе текши кар жатса, эртеден бери бороон болуп, кар тозоңун учуруп атса, анан дагы ит өлгөндөй суук болсо», – деп оюнда аң-таң болгон Бүбүсайра кемпир менен учурашкан соң:

«Кайда баратасыз?» – деп сурады.

«Мен Тастар-Ата мазарына[1] барып Баба-Атама[2] арнап шам жагышым керек», – деп кемпир камырабай жооп кайтарды.

«Ушу чыкыроон суукта ээн тоого барып эмне кыласыз? Тоңуп калбайсызбы! Андан көрө азыр биздикине барып конок болуңуз», – деп суранып атып араң көндүргөн соң, эки чакасын ошол жерге калтырган Бүбүсайра бейтааныш кемпирди үйүнө ээрчитип келди. Кемпирдин кийгени кышкы суукка дээрлик ылайык эмес, жепжеңил экенин үйгө киргенде гана байкап, ого бетер таң калды. Күтүүсүз келген табышмактуу конокту бар оокаты менен сыйлаганга аракеттенди. Өзүнө арналып жасалган тамактан кемпир шам-шум этип гана тим болду. Кээде гана берилген суроолорго кыска жооп кайтарганы жана өзү бир нерселерди үстүртөн сурамыш болгонун эске албаганда, чечилип деле сүйлөгөн жок. Жатаарда: «Мага төшөк салам деп убара болбо. Мобу тери көлдөлөң ыйык кайберендин терисинен жасалыптыр. Мен ушуну астыма төшөп, үстүмө чепкенимди жамынам да уктай берем» – деп өтүндү. Бүбүсайра анын айтканын аткарган соң, өзүнүн төшөгүн салып, чечинип жатаары менен ичи катуу ооруп, чыдай албай кыйнала баштады.

«Ай келин, келчи ичиңди көрүп берейин»,– деп кемпир кайрылды да, жанына келген Бүбүсайранын ичин көрүп туруп:

«Ии, мен эмнеге эле сенин тилиңди алып силердикине келип калдым десе, көрсө, сенин курсагыңдагы ымыркай үчүн келген турбайымбы. Жышаа-

---

[1] *Тастар Ата мазары* – 1495-жылы калмактар менен болгон согушта каза тапкан баатыр Тастардын сөөгү койулган жер Тастар-Ата мазары болуп аталып калган. Бул мазар да эң касиеттүү мазарлардын бири.

[2] *Баба Ата* – 15-кылымда жашаган тарыхый инсан. Анын мүрзөсү Тастар Ата мазарына жакын жерде жайгашкан.

налуу кыз бала экен. Эки жумадан кийин майрам күнү төрөйсүң. Үч күн катуу толготуп кыйналасың. Күн нуру теребелге текши чачылып калган кезде балаң жерге түшөт. Канчалык кыйналсаң да чыдап кой. Аман-эсен көз жарасың. Айттым го, жышааналуу кыз бала деп. Атын Бүбү Мариям койгула. Буга чейин төрөгөн балдарың чарчап калып жүргөндүктөн, бул кызың аман калсын десең, ага өз эмчегиңди эмизбе. Башка улуттагы аялга бактыр. Эмчектен чыкчу маалы келгенде ал аялдын көңүлүн абдан ыраазы кылгыдай болгула. Антпесеңер кызыңдын тагдыры тайкы болуп калат», – деп таңгаларлык сөздөрдү сүйлөгөн соң, колун Бүбүсайранын ичине тийгизгенде эле чыдатпаган оору тып токтоп, жаны сеп ала түштү. Кемпирдин колу мамыктан жумшак жана жагымдуу экени Бүбүсайранын эсинде өмүр бою сакталып калды. Эртеси таң азанда кемпир үйдөн кетти. Бирок өзү айтканындай болуп тоону көздөй беттебестен, ылдый тараптагы айылга түшүп кетти. Бүбүсайра кемпирдин ким экенин, кайдан келгенин жана кайда кеткенин билбеген бойдон кала берди. Болгону түндө сүйлөшүп отурушканда «Атыңыз ким?» деп сураганда «Бүбүстүн» деп жооп алган болчу. Ошол ысымды өмүр бою унутпады. Анан дагы, Бүбүстүн кемпирдин алдын ала айткандарынын баары орундалганына таңгалып жүргөн боюнча түбөлүк жайына узады.

Ооба, чындыгында эле Бүбүстүндүн айткандарынын баары ирети менен аткарылып, туптуура эки жумадан кийин кыз бала төрөлдү. Бүбүсайра үч күн, үч түн тынбай толготуп кыйналган соң, 8-март күнү күн нуру теребелге текши чачырап калган кезде бала жерге түштү. Төрөттү Бүбүсайранын кайненеси Ажар өзү кабыл алгандыктан, кыздын ысы-

мын Майрамбүбү деп коём деген чечимин билдиргенде, буга уул-келини каршылык көрсөтүүгө батынышпады. Анткени менен кемпирдин «майып болуп калат» деген катаал эскертүүсүнөн чочулашкандыктан, кошунанын жаңы төрөгөн Маша аттуу аялы менен макулдашышты да Майрамбүбүгө ошол аялдын эмчегин эмизип бактырышты. Туптуура сегиз айдын жүзү болгондо кыздын тили чыгып сүйлөгөндүктөн жана кадимкидей басып калгандыктан, саан уюн беришип Машаны күйөөсү менен ыраазы кылышты да, Майрамбүбүнү эмчектен чыгарып алышты. Эки кошунанын үй-бүлөлүк мамилеси абдан тыгыз болгондуктан, Майрамбүбү бакма энесинин үйүндө да өзүнүкүндөй ээн-эркин жүрүп, орус балдар менен көбүрөөк аралашканга байланыштуу, орус тилин кыйла мыкты өздөштүрүп чоңойду. Кийин орус мектепте билим алды. Орус элинин адабияты менен маданиятынан көбүрөөк кабардар болуп өстү. Майрамбүбүнүн мектептеги аты Маша болду. Үйүндөгүлөр Макүбай деп эркелетип аташты. Күйөөгө тийген соң Майрам деген ысымга конду. Айтор, Бүбүстүн кемпир атайы дайындаган ысымды адегенде чоң энеси Ажар Бүбү Марииям эмес Майрамбүбү деп бурмалап койсо, кийин ошол ысым да улам өзгөрүп жүрүп отурду. Эгер кыздын ысымы алгач төрөлгөн күндөн өзгөртүлбөй, Бүбү Марииям деп коюлган болсо, анын тагдыры түп-тамырынан башкача болмок окшойт. Буга чейинки киши чыдагыс кыйноолорго кириптер болбой, адашпай, бу жарык дүйнөгө келгендеги аткараар ишине эртерээк аралашат беле...

Өз ысымына байланышкан ушул окуя Нуркыздарга дагы белгилүү экенин, ошон үчүн өзүнө Маша, Макибай, Майрам же Майрамбүбү деп эмес, Бүбү Марииям деп кайрылышканын, демек, мындан ары

Бүбү Мариям деген энчилүү ысымга өтүшү керектигин таасын түшүнгөн Бүбү Мариям Нуркыздардын курчоосунда Кадыр Түн тосуп аткан учурда эле Бүбү Мариям деген атка өттү. Бул чечими тууралуу эртеси жакындарына жарыя кылды жана көп өтпөй тийиштүү уюмдарга кайрылып, документине Бүбү Мариям Муса кызы деген энчилүү ысымын жаздырды. **Майрамбүбү** деген ысымдан жана **Сармалдакова** деген фамилиядан баштартты.

...Анткени менен, Кадыр Түн кызыгандан кызып улана берди. Бүбү Мариям менен Нуркыздардын баарлашуусу бүтпөстөй болуп узаргандан узара берди.

**«Үйрөтөбүз Аалам тилин[1]**
**ал эсинен чыгарган»... –**

деп ырдашты Нуркыздар.

Эми Бүбү Мариям аталган улуу тилди – Аалам тилин эстей ала турган болсо, анда аны пайдалануу аркылуу, өзү билген кыргыз жана орус тилдеринен сырткары, жер шарындагы элдер канча тилде сүйлөшө турган болсо, ошолордун баарын түшүнүп жана ал тилдерде сүйлөй алмактыгын, анан дагы, жер бетинде канча түрдүү жаныбарлар бар болсо, алардын баарынын тең тилин билмектигин, ошондой эле, жалпы өсүмдүктөрдүн, дегеле, заттардын баары менен сүйлөшүү мүмкүндүгүнө ээ болмоктугун түшүндү. Анткени, Аалам тилин качандыр бир кездерде Бүбү Мариям эң сонун билген. Болгону, кийин эсинен чыгарып койгон. Ал тилди байыркы заманда адамдардын баары билген, бирок ар кимиси ар кандай шартта эсинен чыгарууга мажбур болгон. Ал тилди үйрөнүүгө мүмкүн эмес. Аны эстесе

---

[1] *Аалам тили* – адамзат тарыхындагы эң алгачкы тил.

гана болот. Аны эстеш үчүн ар ким өзүнүн жандүйнөсүн тазалап жүрүп отуруп эң аруу абалга жеткириши керек. Кудум Нуркыздардын деңгээлине көтөрүлүүгө тийиш. Ошондо гана адамзаты, биринчиден, өзү менен өзү тирешүүсүн, экинчиден, өзүнүн табигат менен болгон тирешүүсүн токтотуп, карама-каршылыктардан толук арылмакчы. Улуу Күч эң алгач кандай абалда жараткан болсо, ошол абалын калыбына келтирмекчи. Тактап айтканда, Адам менен Ааламдын мамилеси теңсалмактуулукка жетмекчи. Дагы тагыраак айтканда, ар бир адам Нуркыздардын абалына өтүү сырын өздөштүрмөкчү.

Айтмакчы, ар бир наристе өз эне тилинде жаңыдан сүйлөй баштаганда, ал тилди акырындык менен эле үйрөнө бербестен, өзү кабылган чөйрөгө таандык тилди утуру четинен эстей берет да, бат эле чоң кишинин деңгээлине тең сүйлөгөнгө жарап калат. Эгер бир нече тилде сүйлөгөн чөйрөдө жашаган болсо, ошончо тилди эч кыйынчылыксыз эле өздөштүрүп кеткенинин сыры да ошондон. Кээде кандайдыр бир кокустуктан же күтүлбөгөн өзгөрүүдөн кийин кай бир адамдар өз эне тилин эсинен түк чыгарып жиберип, өзүнө такыр тааныш эмес тилде сүйлөп калган учурлар дагы, тил өздөштүрүлбөстүгү, болгону эске салынгандыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Ошентип, Нуркыздар Аалам тилин үйрөтүшөөрүн, анткени аны эсинен чыгарып койгондугун ырасташар замат, аталган тил Бүбү Мариямдын эсине түштү да, так азыр өзү жайгашкан чөйрөдөгү ар бир катышуучунун, – мейли ал жандуу болсун, мейли ал жансыз зат болсун, – маанайын толук туюп турду. Нуркыздардын чексиз баалуу маалыматтарынын чыпчыргасын коротпой кабылдоого умтулуп муюп турду.

Бүбү Мариямдын урматына уюшулган бул Кадыр Түн улангандан уланды. Узаргандан узарды...

Кадыр Түндүн каармандары – Нуркыздар чалкасынан түшкөн күнжеледей селкинчектерин бирде катуу күүлөнтүп, бирде жайбаракат каалгытышты. Алардын айрымдарынын селкинчегинен да, өздөрүнүн желбиреген көйнөктөрүнүн этек-жеңдеринин ар кай жерлеринен да салют атылгандай түркүн түстүү учкундар туш-тарапка чачырады. Айрымдары өздөрүнө таандык түстөгү нурду утуру башкачараак түргө кубултуп, кулпуртуп, кайра алгачкы абалга келтирип, айтор, ансыз деле ашкере жарашыктуу көрүнүштүн ажарын ансайын ачышты. Кээде селкинчекти тепкенди убактылуу токтотушканы менен, мукамдуу үндөрүн созолонтуп ырдашканын түк токтотушпады. Бул кереметти коштогон ажайып музыка теребелди текши балкытты.

Кадыр Түндүн жападан-жалгыз коногу – Бүбү Мариям болсо, өзүнө ыйгарылган селкинчектин жардамы аркылуу бирде асмандын бул жагына чыгып барса, бирде тигил тарабына көтөрүлүп жетип, жымыңдаган жылдыздардын арасында гүл терип ойноп жүргөндөй сезимге кабылды. Ал эми жаркыган маанайы Ай-жылдыздардан да жогорураакка көтөрүлгөнсүдү.

Жарашыктуу жана жагымдуу үн менен созолонтуп ырдаган Нуркыздар өздөрү жөнүндө да кененкесири айтып беришти. Чексиз Ааламды кыдырып жүргөндөгү кылган кызматтары жөнүндө дагы баяндашты. Мындан ары кантип кездешсе боло турган шарттар менен тааныштырышкан соң:

**«Коштошолу, Бүбү Мариям,**
**«таң жакын» дейт короздор.**
**Келди учур кайта турган,**
**кездешкенче аман бол!» –**

деп коштошушту да көздөн кайым болушту.

* * *

Бүбү Мариям транс абалынан чыгаары менен короздордун кыйкырган үндөрүн укту да, таң атып келаткандыктан, Нуркыздар келген жагына кетишип, өзү жалгыз калганын түшүндү. Бул жолку медитациясы абдан ийгиликтүү өткөндүгүнөн улам, койнуна сыйбай турган кубанычы менен бөлүшүү үчүн түз эле Шакин Эсенгуловдукуна жөнөдү. Дале Нуркыздардын арасында жүргөндөгүдөй денесин өтө жеңил сезгендиктен, кадам шилтеп басып бараттыбы же канаттуудай учуп бараттыбы, буга деле көңүл бурбай, бир нече чакырым аралыкты эки-үч мүнөттө артка таштап, Эсенгуловдукуна жетип, каалганын коңгуроосун басып, ал киши туруп келип эшикти ачканда үйгө кирип, ушул медитация учурундагы укмуштар жөнүндө кыскача айткан соң, Нуркыздар менен чогуу болгондо уккан керемет музыканын айрым бир ыргактарын кыңылдап ырдап берди. Алибетте, ал ажайып музыканы так өзүндөй кылып кайталаш эч мүмкүн эмес дечи, бирок Кадыр Түндүн көркүн ачып, теребелди текши балкыткан жана Бүбү Мариямдын жандүйнөсүн жыргатып, көңүлүн көкөлөтүп, денесин эритип жибере жаздаган кудуреттүү музыкадан бир шиңгил угузуп коюу аркылуу, азыр өзү кандай сонун абалда турганын туюнтуу үчүн гана Бүбү Мариям аракеттенди. Кунт коюп угуп отурган Шакин Эсенгулов комузун колуна алып, Бүбү Мариям ырдаган ыргактарды комуздун кылына түшүрүп черткилеп көрүп:

– Мен 1960-жылы бир ырга обон жазган элем. Ошого окшошуп атат. Айрым эле айрымачылыктары болбосо, – деди.

– Ошондойбу? Кызык экен? – деп таңгалып жооп кайтарган Бүбү Мариям: «Мен бул кишинин көп эле

обондорун уккам, бирок Нуркыздардын ыргагына окшош чыгармасын билбейт экемин!?» – деп ойлоду. Мындан бир нече мүнөт мурдараакта өзү катышкан керемет окуядан кеңири айтып берүүдөн айныды. Айрыкча, Нуршооланы белекке алгандыгы жөнүндө азырынча Шакин Эсенгуловго айтпай коё турууну чечти. Айтса эле ал киши: «Кана, көрсөтүңүзчү алган белегиңизди!» – деп талап кылчудай. Ошондо же Нуршооланы көргөзө албай, же аны чындап алгандыгын далилдей албай, абдан ыңгайсыз акыбалда калгандыгы канчалык зарыл?..

# ҮЙДӨН КЕТҮҮ

Нуркыздарга жолуккандан кийинки бир нече күндүн ичинде Бүбү Мариямдын жеке жашоосунда куюн учургандай кескин өзгөрүүлөр болуп өттү. Анын негизги себепчиси болгон Бектемир Бүбү Мариямдын табыпчылык ишине кийлигишүүсүн күчөткөндөн күчөтүп, Эсенгуловду дарылаганыңды токтот, ал киши менен бүт мамилеңди үз **жана сен мага аял кылып алып берген сиңдиң кетип калды,** эми өзүң мени менен жаша деген талабын коюп туруп алды. Буларды аткарбай коюу канчалык опурталдуу экенине карабастан, Бүбү Марийам үч талапты тең орундабай, өз билгенин кыла берди. Опузадан коркуп, ой-максаттардан баштарткандан көрө өлгөнүм артык деп эсептеп, өзүнө Жайсаң Ата ишенип тапшырган ишти илгерилетүүгө тырышты.

Эгер ушул жашыруун жагдай жөнүндө: Шакин Эсенгуловдой оорулууну дарылабай койсо болмоктугун, бирок жазуучу Шакин Эсенгулов менен бирге жасалып аткан ишти эч качан токтотууга болбостугун, ошон үчүн ал киши менен мамилесин үзө албастыгын билдирсе жана мындан көп кылым илгери көзү өткөн Жайсаң Атанын Улуу дастанын жаңыдан жаза баштаганын, ал ишти Шакин Эсенгуловдун көзөмөлүндө жүргүзүшү керектигин, айтор,

азырынча үч адамга[1] гана белгилүү купуя сыр тууралуу ачык айтып берсе эмне болот эле? Бектемир уккан маалыматтарынан туура тыянак чыгарып, одоно кийлигишүүсүн тыяр беле, же түшүнбөстүк менен мамиле кылганга өтүп, келекелеп: «Эмне, эми сен жазуучуну дарылайм деп өзүң да жазуучу болуп чыга келдиңби!» дегендей каардуу сөздөр менен шылдыңга алаар беле? Ушу эки жооптун экинчиси аткарылышы көбүрөөк ыктымал болгондуктан, анткени, Бектемирдин түшүнүк деңгээлин эске алып ушундай тыянакка келгендиктен, Бүбү Мариям Жайсаң Ата жөнүндө да, дастан жөнүндө да эч нерсе айтпоону бекем чечти. Анын бул чечими көңүлүндөгү ыйык нерсеге эч кимге шек келтиртпегени менен, күнүмдүк жашоосундагы кыйналуусун өтө оорлотту. Аягына чейин айыктырышым керек деп эсептеген төрт-беш оорулууну гана калтырып, калгандарын дарылаганды токтотту. Күндүзү эптеп үйүндө башпаанек кылганы менен, түнкүсүн өзүнө эле таандык үйгө түнөгөнгө даабай, ошол маалда онунчу класста окуп аткан Жазгүлдү ээрчитип Чаектен сыртка чыгып, ээн талаага бир нече жолу түнөп, ал жер үйдөн да коркунучтуу экенине ынанды. Анткени, «урунарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай» жүргөн айрым тентек жигиттер түнкүсүн талаага келип алышып, ичип-чегип «чардашат» экен. Алардын колуна тийген киши оңгудай эмес. Бүбү Мариям өзүнөн мурда Жазгүл үчүн чочулагандыктан, бойго жетип калган кызды мазактатып албайын деп талаага чыгып түнөгөндү токтотту.

Таалайбектин үй-бүлөсү үчүн курулуп бүткөнү

---

[1] *Үч адам:* Бүбү Мариям Муса кызы., Ш. Эсенгулов, Э. Амалиев.

калган үйдүн жертөлөсүнө кирип да түнөп көрүштү. Ал жер кыйла тынч болсо да, ным жайдын жергиликтүү макулуктары – бакалар менен аралаш жашоо кыйынчылыкты туудурду. Күндүзү уктап, түнкүсүн тиричилигин жүргүзгөн бакалар бекинген жайларынан суурулуп чыгышат да, тынымсыз нары-бери секиришип, мупмуздак жана былжырак денелери менен тула бойду үркүрөтүп тебелей баштaшканда, тирүү киши түгүл өлгөн адам да чыдап жата албаса керек. Анын үстүнө, Бүбү Марийам алардан абдан жийиркенгендиктен, бакалардан түнү бою коргонуп, таң атканча кирпик какпайт.

Ушинтип качып-бозуп, бекинип жашоо качанкыга дейре улана бермек эле, андан көрө Жазгүл менен Кырчынбекти жетелеп үйдөн кетип калсамбы дегендей ойлор Бүбү Марийамдын жандүйнөсүн биротоло ээледи. Ал ойлорго кадимкидей көнүп, андан башка жол жок экенине ынанган кезде, «чыгалбай турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» дегендей, бышып жетилип калган окуялар орундалды.

Райондун акими Эркинбек Аманалиев менен таанышканда, анын кылган туура мамилесинен улам жаңыдан башталган иш – Жайсаң Атанын айткандарын жазыш үчүн жана кээде айрым бир оорулууларды кабыл алыш үчүн бир бөлмө бердирт деп суранган. Эркинбек бул өтүнүчтү орундоого убада берип, андан бери бир айдын жүзү болсо да али аткарылбай, ар кандай тоскоолдуктар болуп аткан. Ошол бөлмө тиер же тийбесин аныкташ үчүн Бүбү Марийам акимчиликке келип иликтеп көрдү да, Эркинбек дайындаган бөлмөнүн ачкычы Жээналиевде[1] экенин билди. Ал жигитке кайрылып ачкычты алалбай Эркинбекке арызданууга мажбур болду.

---

[1] *Жээналиев* – райондук акимчиликтин кызматкери.

Эркинбек Жээналиевди чакыртып, ачкычты беришин талап кылды эле, азыр ачкыч Жекшен аттуу врачтын колунда экенин жана ал бербей жатканын айтты.

– Ачкыч жок болсо кулпуну талкалап туруп бөлмөнү ачкыла. Эже жаңы кулпу салдырып алат,– деп катуу талап койду Эркинбек.

– Эшикти талкалай албайбыз. Анүчүн милицияга арыз жазып, алардын кызматкерлеринин катышуусу менен гана кулпуну буза алабыз. Ал бөлмөдө мурдагы ээлеринин буюмдары бар. Ал буюмдарды тизмелеп туруп бир бурчка жыйып койбосок, кийин ээлерине жооп берүү кыйынга туруп калат го,– деп Жээналиев да өз сөзүнөн кайтпай көшөрдү.

Чындыгында Жээналиевдин айтканы жөндүү эле. Ал бөлмөдө жашаган жигит каза болгондон көп өтпөй анын келинчеги эки кызын ээрчитип Бишкекке кетип калган. Буюмдарын али ала элек. Ушул жагдайдан улам бөлмөнү ачтырууну эртеңкиге калтырышты. Кийинки күнү саат тогузда Бүбү Мариям Жээналиевге барса:

– Кечээ түштөн кийин Жекшенбек Ажыгулов милиция ээрчитип келип, сизге бүгүн берилчү бөлмөнүн кулпусун сындыртып ачтыртыптыр да, ичиндеги буюмдардын тизмесин кагазга жаздырган соң, аларды бир бурчка жыйдыртып туруп, өзү көчүп кирип алыптыр. Эми мен сизге эч жардам бералбайм, – деп акыркы кабарды суратпай айтып, бөлмө берилбестигин билдирди.

Бүбү Мариям кайра да Эркинбектин кабинетине кирип, бөлмөнүн тийбей калгандыгын айтты.

Тапшырмасы аткарылбаганына туталана түшкөн Эркинбек Жээналиевди чакыртып иштин чоо-жайын сураганда:

– Менин түк тиешем жок. Кечээ түштөн кийин Ажыгулов Жекшенбек мага айтпай-дебей милицияга кайрылып, алардан өкүл алып келиптир да, эшикти буздуртуп, ичиндеги буюмдарды тизмелеген соң, өзү көчүп кирип алыптыр. Анын бөлмө сураган арызы да көптөн бери аткарылбай турбады беле. Бу киши болсо сизге оозеки кайрылыптыр. Эми айла жок, көчүп кирип алган кишини кайра чыгарбай эле коёлу. Эже үчүн башка бөлмө караштыралы, – деп актанып жооп берди.

Айласы түгөнгөн Эркинбек анын айтканына көндү.

– Мейли, бирок кечиктирбей бөлмөнү таап бергиле! – деп дайындады.

Ошентип, райондун акиминин буйругун анын карамагындагы кызматкери аткарбай коюп, өзүнө берилчү бөлмө бөлөк бирөөгө тийгенине ыза болуп, акимчиликтен чыгып үйүнө жөнөгөн Бүбү Мариям Рая аттуу абысынына жолдо жолукту. Экөө аркы-беркини кеп кылып келатышканда Раянын күйөөсү Асанкадыр жете келип:

– Макибай, – деп Бүбү Мариямга кайрылды, – айыл ичин ар кандай сөздөр аралай баштады. Азыр биздикине барасыңбы. Өз ара тууганча сүйлөшүп алалы.

– Макул. Барса барайын. Бирок үйгө бурулуп которунуп кийинип алып силердикине барам, – деп Бүбү Мариям сунушту кабыл алды да, үйүнө келип которунуп кийинээр замат Жазгүлдү ээрчитип, абысыны Рая жана кайнагасы Асанкадырдыкына келди.

Ал үйдө Бектемир дагы бар экен. Аны да Асанкадыр өзү сүйлөшөбүз деп чакыртып келиптир. Экөө карта ойноп отурушуптур. Бүбү Мариямга удаа ошол күнү жайлоодон көчүп түшкөн Таалай дагы келди. Айтор, баары бир үйгө чогулганы жакшы

болду. Ийри отуруп түз кеңешип, курч маселелерди кабыргасынан коюп, чогуу чечим чыгарып, бир жаңсыл болууга шарт түзүлдү.

Рая бышырган тамак желип бүткөнгө чейин эч ким үн катпай тымтырс отурушту.

– Майрам, сен кетейин деп атыпсың, – деп сөз баштады Асанкадыр баарын тунжуроо абалынан чыгарып. – Биздин уруудагы аялдардын кимдир бирөөсү кетем десе мен эч нерсе дебейт элем. Бирок, сен кетем дегениңе каршымын, – Асанкадыр сөзүнүн ушул жерине келгенде көзүнөн жашы сызылып айта баштады. – Өөдө-төмөн кеп айтып, кетүүгө камынып кирипсиң.

– Менин кетем деген оюм түк жок. Болгону, Бектемир тынчымды алганын токтотуп, жайыма коюшун гана талап кылуудамын. Мен Бектемир каалаган нерсенин баарын орундадым. Атүгүл, сиңдиңди алып бер дегенинен, анысына да көнүп, ымыркайында эмчегимди эмизген карачечекей сиңдимди алып бердим. Аны өлөр-тирилерине карабай жанчып сабап койгон экен, кыйноого чыдабай качып кетип калыптыр. Эми сиңдиң кетип калды, өзүң менен нике кыркып ажырашпаган соң, кайра чогуу жашайм деп койгон талабына таптакыр каршымын. Макул эмесмин. Мен элге-журтка, арбакка, Кудайга шерменде боло албайм. Мен Бектемир менен өмүр сүргөн узак мезгилдин ичинде биринчи ирет өз чечимимди коргоп, мен эч убакта кабыл алалбай турган сунуштан баштартуудамын. Ушинткенге укугум деле бар болсо керек деп ойлойм. Бүгүн акимчиликке барганымдын себеби, мен дарыгерлик ишимди улантууга ылайык бир бөлмө беребиз дешкен, ошол боло турган болсо, аны беришсе деп баргам. Бирок, акимдин тапшырмасын атайылап аткарбаган ээнбаш кызматкерлердин ке-

сепетинен мага берилчү бөлмөнү башка бирөө ээлеп алыптыр, – деп Бүбү Мариям кайнагасынын суроосуна мүмкүн болушунча токтоо жана толук жооп кайтарууга аракеттенди.

Анда Бектемир:

– Мен кайра чогуу жашайлы деп талап кылмак түгүл, үйгө деле келбей, мал-сал менен алектенип Кашка-Теректе эле болуудамын. Бирок Майрам өзү эле ушинтип айтып, мени жаманатты кылып атпайбы, – деп карандай калп айтты.

Туталана түшкөн Бүбү Мариям:

– Буерде балдардын көзү турат. Менин сөзүм жалган болсо, ушулар күбө өтүшүп, кимибиз чын, кимибиз калп экенибизди аныктап беришсин. Балдар калыс сөзүн гана айтышат. Мен өмүрүмдө бир да жолу Бектемирди жаманатты кылып көргөн эмесмин. Мага кылган зордук-зомбулуктарына кың дебей чыдап жашадым. Бирок соңку мезгилдердеги кылык-жоруктарына чыдай албай баратам. Мына, Таалай турат, Жазгүл турат. Сен менин ишиме кантип кийлигишип, кандай ыза кылгандарыңды мына ушу эки бала азыр туугандардын алдында айтып берсин... – деди.

– Эй, мен сага кайра чогуу жашайлы деп барган жокмун деп атам. Сен өзүң эле ээлигип жүрөсүң. Өзүңчө эле ээленип, өзүңдү өзүң билип, үлпүлдөп кийинип алып, Эсенгуловдун жана анын катынынын ортосуна түшүп алып эле өз билгениңди кылып жүрбөйсүңбү, – деди Бектемир.

Үй-бүлөлүк чыр башталгандан беркилердин дээрлик баарынын күбөсү болгон Таалай, өз атасы Бектемир туугандардын алдына келгенде өзүнүн катачылыктарын мойнуна алгысы келбей, апасы Бүбү Мариямды күнөөлүү кылууга аракет кыла баштаганына чыдабай кетти да, минтти:

– Эй папа, койуңузчу! Аксымдыктын деле чеги бар да. Сиз өз кыздарыңыз Нургүл, Жазгүл түгүл, үч баланын атасы болуп калган мени деле көзгө илбей, соңку мезгилдерде мамамдын башына эмне гана мүшкүл салган жоксуз. Шакин жездемди үй-бүлөсү менен Таалай турган жайлоого көчүрүп барып, уукоргошун менен дарылаганыңды уланта бер деп уруксат бергениңизди унутуп калгансызбы, же эмне болгонсуз, аны билбедим, бирок август айынын башында жайлоого барып алып чоң чыр салгансыз. Ошондогу кылгандарыңыз эч кимдин эси-көөнүнөн кетпес. Мына эми деле мамамдын тынчын алганыңыз аздык кылгансып, азыр болсо бир-туугандардын алдында кылдай күнөөсүз болуп чыккыңыз келүүдө.

Эс тарткандан бери күнөөсү бар болсо деле, жок болсо деле токмок жеп жүрүп чоңойгон уулу Таалайбек эми минтип тик караганга, тик карап эле тим болбой, каяша сөз кайтарганга жарап, жөн гана каяша кайтарбастан, атасынын калпын чукуганга батынганы Бектемир үчүн өтө күтүүсүз сокку болду жана айтылган жүйөөлүү айыпка орундуу жооп табалбай ачууга жеңдирип, алдындагы столду коңторуп жиберди. Столдогу тамак-аш төгүлүп, идиш-аяктын айрымдары талкаланып, пол жайнап жатып калды. Бектемир оозго алгыс сөздөр менен сөгүнүп-сагынып алды да:

– Мен баарыңды жеп-жутам, – деп кекеткен сөздөрдү айткан соң сыртка чыгып кетти.

Анын бул кылганы, кыйышпас жакын тууганы Асанкадыр менен Раянын столун идиш-аягы, тамак-ашы менен коңторуп жиберген арсыз иши эч убакта жакшылыктын белгиси эмес эле. Бектемир столду гана коңторбостон, өзүнүн ырыскысын кошо төгүп-чачып жибергенин, алибетте, туйбады да, түшүнбөдү да.

Биртуугандык парзын аткаруу үчүн Бектемир менен Бүбү Мариямды элдештирүү максатында үйгө чын пейилден чакырышкан аракет күтүлбөгөн тетири майнап бергенине шагы сынып, шаабайы сууган Асанкадыр менен Рая үчүн көп нерсе түшүнүксүз болсо да, андан ары кеп уланбады. Баары көптөп чачылганды жыйнашты.

Бүбү Мариямдын айласы эми чындап түгөндү. Азыр эмне кылаарын: же мында калаарын, же үйгө бараарын, же белгисиз бир жакты көздөй тентип кетээрин билбеди. Бир гана билгени бул болду: мындан ары Бектемир менен жайбаракат сүйлөшүп мамилелерди аныктоо түк мүмкүн эмес, демек, он алты жашында тийген күйөөсү менен жыйырма тогуз жыл өмүр сүргөн үйдө эми кала албайт. Эмне болсо ошо болсун, мен баарына кайылмын деп үйүндө калса деле боло бериши ыктымал эле, бирок анда Жайсаң Атанын айткандарын аткара албай калышы мүмкүн. Антүүгө эч акысы жок. Адамдын ишеничин актабаса, мисалы, Шакин Эсенгулов баш болгон оорулууларды дарылаганын токтотуп койсо, алибетте, айып иш кылмак. Ал эми Жайсаң Атадай арбактын ишенимин актабай коюу эки дүйнөдө кечирилгис күнөө эмеспи.

Азыркы абалдан кантип чыгуунун жолун табалбай терең ойго чөккөн Бүбү Мариям, түн жарымы болуп калган кезде дагы бир өтө жагымсыз кабар укту. Келини Нуриса, кыздары Нургүл жана Карала[1] (айтмакчы, ал күнү кечинде Карала учурашып кетүү үчүн келип калган экен) – үчөө ыйлап келишти да, Бектемир Бүбүайша апага таандык камчы менен теспени үйдөн алып кеткенин айтышты. Бектемирдин бул кылганы Бүбү Мариям үчүн жүрөккө

---

[1] *Карала* – Бектемир менен Бүбү Мариямдын кичүү кызы.

бычак сайгандай сокку болчу. Буга чейинки көрсөткөн кордугу бул кылмышынын алдында арзыбаган эле нерседей болуп калмак. Камчы менен теспе – өтө ыйык буюмдар! Аларды алып кетмек түгүл, жөн эле колун тийгизгенге Бектемирдин акысы жок. Бул ыйык буюмдар кандай шарттарда кантип жана качан Бүбү Мариямдын колуна тийгендигин жана камчы менен теспенин касиетин колдонуу аркылуу жүздөгөн (балким, миңдеген) оорулуулардын сакайышына себепчи болгондугун, ушу эки ыйык буюм Бүбү Мариям үчүн өтө баалуу нерсе экенин, керек болсо, өзүнүн жанынан да артык көрөөрүн, айтор, купуя сырдын көпчүлүгүнөн кабардар болгондугунан пайдаланып, карасанатайлык менен камчы, теспени алып кеткендеги Бектемирдин максаты – ыйык буюмдарды бер деп Бүбү Мариям Кашка-Терекке келсе, аны кармап алып, Чаекке кетирбей, үйгө камап, «сени менен кайра жашабайм» деген чечиминен баштарттыруу, тактап айтканда, 29 жыл илгери бир эле көргөн секелек кызды качырып алып, өзү менен жашап калганга мажбурлаган болчу, ошол жолкудай кылып азыр да өз эркине багындыруу. Эгер бул шартты аткарбай турган болсо, анда өз убалы өзүнө.

Бектемирдин ушундай ниетке бекем бекигендигин жана ар кандай жамандыкка баруудан кайра тартпастыгын Бүбү Мариям ички туюму менен жаңылбай туйду. Бирок эмне болгон ченде да камчы, теспени кайтарып алышы керек. Ал үчүн, керек болсо, Бектемирдикинен ашып түшкөн чечкиндүү кадамдарга да барышы керек.

– Аке, – деп Бүбү Мариям Асанкадырга кайрылды. – Сиз Бектемирге барып камчы менен теспени апкелип бересизби. Сиздин тилиңизди алат деп ойлойм. Ачууга алдырган Бектемир ал эки буюмду же

отко жагып ийиши мүмкүн, же сууга салып жибериши ыктымал. Анда мен абдан уят болом. Камчы менен теспенин ээлерине эмне деп жооп берем.

– Бектемир ыйык буюмдарды эми эч кимге бербейт,– деп Асанкадыр өзүнүн пикирин ачык айтты.

– Анда мен эмне кылайын, – деп айласы куруп сүйлөдү Бүбү Мариям. – Же милицияга кайрылып көрөйүнбү? Кандай дейсиз, аке?

– Мейли, кайрылсаң кайрыл. Бирок Бектемир баары бир камчы менен теспени эч кимге бербейт.

Асанкадыр ушундай уруксат берген соң, Бүбү Мариям, Таалай, Нургүл, Нуриса, Карала жана Жазгүл сыртка чыгышып, үйдү көздөй жөнөштү. Жолдогу көпүрөдөн өтүп дарыянын берки жээгине жетишкен соң, Бүбү Мариям масилет курууну улантып:

– Таалай, кагылайын уулум, сен өзүң да оюңду ортого салчы. Азыр эмне кылайын? Милицияга кайрылайынбы? Же сен барып сурасаң Бектемир сага берер бекен? Мен азыр эмне кылышым керек? – деп кеңеш сурады.

– Мама! Мен эс тарткандан бери кордуктан башыңыз арылбаганын көрүп эле келатпаймынбы! Жок дегенде, мындан ары, эки күндүк өмүрүңүз калдыбы, же эки жылдык өмүрүңүз калдыбы, ушул мезгилди өзүңүз үчүн жашаңызчы. Биз – балдарыңыз үчүн баарына чыдап эле келатпайсызбы. Бутуңузду кенен сунуп отуруп дегендей, кысылып-кыпчылбай, коркпой-үркпөй, жеке өзүңүз үчүн деле жашап көрүңүзчү. Ошон үчүн азыр милицияга бара бериңиз. Мен каршы эмесмин. Антпесеңиз камчы, теспени папам эч кимге бербейт. Ал кишинин үстүнөн арызданганыңызга түк таарынбайм.

Уулу Таалайдын бул колдоо сөзү Бүбү Мариямдын чечимин биротоло бышыктады. Кырчынбек

менен Жазгүлдү ээрчитип милициянын кеңсесине багыт алды. Калгандар үйгө жөнөштү.

– Менин күйөөм Бектемир кызуу экен. Камчы менен теспемди үйдөн уруксатсыз алып, малканабыз жайгашкан Кашка-Терекке кетип калыптыр. Алдыңа кетейиндерим, мен үчүн ыйык эки буюмду алып келип бербесеңер болбойт. Силерден башка эч кимдин сөзүн Бектемир укпайт, – деп кайрылды Бүбү Мариям милиция кеңсесине кирээр замат.

– Сиздин оозеки сөзүңүз менен биз эч нерсе кыла албайбыз. Акыбыз жок. Арыз жазып берсеңиз эле барып буюмдарыңызды алып келип калабыз, – дешти милициядагылар.

Бүбү Мариям азыр эле эмнени айткан болсо, ошол сөздөрдү кагазга түшүрүп, аягына кол коюп, арызды өткөрдү. Милиция кызматкерлеринин колуна арыз кагазы тиер замат, эки-үчөө машинага түшүп кетишти да бир саатка жетпеген убактан соң кайтып келишти.

– Биздин барганыбызды көргөн Бектемир караңгыдан пайдаланып бекинип калганга үлгүрдү. Өзүн кармабаган соң, сиздин буюмдарды таба албадык. Бирок үйүнүн ичин тинтип, эки мылтык таптык. Уруксат кагазы алынбаган мылтык экенин аныктадык. Эми эртең өзүн апкелип камайбыз да, сиздин камчы менен теспени таптырып беребиз. Уруксатсыз мылтык урунганы үчүн өзүн жоопко тартабыз,– деп билдиришти.

Бүт Чаек айылынын ичинен жападан-жалгыз ишенгени – ушу милиция кызматкерлери да минтип куру кол кайтышканы, анысы аздык кылгансып, эртең Бектемирди камайбыз деп билдирип турушканы Бүбү Мариямга түк жакпады. Детектив чыгармасындай болуп окуялардын улам чиеленишип өөрчүй башташы үрөйүн учурду. Тунжурап ойго

чөктү. Кыйладан кийин Шакин Эсенгуловду эстеди. Бирок эмне үчүн ал кишиден башканы эстебегенин түшүнбөдү.

– Балдар, бул телефонго чалып бересиңерби? – деп милиционерлерден суранып Шакин Эсенгуловдун номерин айтты. Телефондун жанындагы милиционер аталган номерди терди да, трубканы Бүбү Мариямга карматты. Бир мүнөткө жетип-жетпей: Да, – деген уйкусураган үн угулганда:

– Агай, – деди Бүбү Мариям, – мен азыр милициядан чалуудамын. Бектемир камчы, теспемди алып кетип калган экен, ал ыйык буюмдарды кайтарып бересиңерби деп милицияга кайрылууга аргасыз болбодумбу. Азыр кайда бараарымды билалбай турам. Сиздикине барсам болоор бекен?!.

– Макул, келе бериңиз, – деп уйкусу чайыттай ачыла түшкөн Шакин Эсенгулов уруксат берди.

– Балдар, эми мен эки баламды ээрчитип алып Чаектин көчөсүн жөө кыдырбайын, машинаңар менен Шакин агайдын үйүнө жеткирип койгула, – деп Бүбү Мариям милиция кызматкерлеринен суранды. Алар өтүнүчүн орундатышты.

Шакин Эсенгулов байбичеси Гүлайды таттуу уйкусунан ойготкон экен, күтүүсүз келген конокторду экөөлөп кабыл алышып, орундук ырастап берип жаткырышты. Жазгүл менен Кырчынбек бат эле уктап кетишти. А Бүбү Мариям кирпик какпады. Таң куланөөк салар замат Жазгүлдү ойготуп, эмне кабар бар экенин билип кел деп Таалайдын үйүнө жиберди. Жазгүл көп өтпөй камчы менен теспени алып кайтты. Көрсө, түндө Таалайбек атын минип атасына барып жолугуп, камчы менен теспени апкелип койгон экен. Бирок аны да, атасын да милицияга кармап кетип камап коюшуптур.

Жазгүлдүн алып келгени теңдешсиз жоготуусун калыбына келтирип, бирок айтып келген жаман кабары абдан чүнчүткөн Бүбү Мариям, бир мезгилде кубануу жана кайгыруу сезимине кабылды. Эркинбек Аманалиевге дароо телефон чалып, милиция кызматкерлери «бөрк ал десе баш алган» ишке барганын айтып, жардам берүүсүн өтүндү. Эркинбек райондук милициянын жетекчиси Сүйүндүк Кебековго чалып, Таалайбекти камактан чыгартты. Ал эми Бектемирди бошотушпай, анын үстүнөн жазылган арыздын негизинде териштирүү иштерин жүргүзөөрүн билдиришти.

Бүбү Мариям милицияга кайра келип, жетекчисине кирип, болгон окуянын баарын ачык баяндап берди да, арыз жазганынын түрткүсү болгон камчы менен теспени кайтарып берген соң, Бектемирди бошотууну талап кылды.

– Бул маселени түштөн кийин чечебиз, – деп Сүйүндүк кыска жооп кайтарган соң, тажияга[1] кеткен бойдон ишине келбей калгандыктан, Бектемир экинчи түндү да камакта өткөрдү.

Эртеси саат 9 чамасында Таалайбек Шакин Эсенгуловдун үйүнө келип:

– Мама, тууган-туушкандын дээрлик баары милицияга чогулушту. Атамды чыгарып алабыз деп атышат. Сизди чакыртышты, – деди.

Шакин Эсенгулов Таалайбекке кайрылды:

– Таалай! Азыр эч ким сенин апаңды туура түшүнгүсү келбей, ак жеринен айыпташууда. Апаң менен менин ортомдо кандайдыр бир шектүү мамилелер болуп кетиптир деп эсептеп атышыптыр. Азыр бизди байланыштырган бир сыр бар. Аны сага ачык айтуунун ыңгайы келди окшойт.

---

[1] *Тажия* – өлгөн адамды акыркы сапарга узатуу учуру ушинтип аталат. Көбүнчө Ош, Жалалабат аймагында.

Шакин Эсенгулов «Он Жайсаң» деген аталыштагы бөлүмдү толугу менен окуп берген соң сөзүн улады.

– Мына, көрдүңбү, сенин апаң жакындан бери бир керемет сырга аралашып, ушундай ыр саптарын кабыл ала баштады. Булар өтө зор чыгарманын башталышы экенине мен терең ишенем. Ушул иштин улантылышына менин да кандайдыр бир катышым бар болууда. Ошон үчүн мамилебизди үзүп таштаганга мүмкүн эмес. Болбосо, мен эмне, көп болсо бир киши экенмин, дартымдын айынан өлүп калганга деле көнүп, апаңдан дарылanganымды токтотуп коймокмун. Буга дейре апаң бир үй-бүлөнүн түйшүгүн тартып келген болсо, азыр жалпы элге керектүү иштин жоопкерчилигин мойнуна алган. Мен ошол ишине гана азыраак көмөк көрсөтүүгө тийиш экенмин. Эми, Таалай, айланайын, сен мындан ары апаңа жардам кылышың керек. Тууган-туушкандардын баары Бектемир тарапта болуп аткан кезде, сен апаңдын таламын талашып, жөлөк болуп бер. Көпчүлүктүн карандай күнөөлөшкөндөрүн жана терс мамилелерин көтөрө албай, апаң кырсыктап калабы деп чочулап турам. Милицияга мен деле бармакмын. Апаңдын абалын жеңилдетүүгө аракеттенмекмин. Мени уруп-согуп жиберишээринен, же өлтүрүп коюшаарынан деле корккон жокмун, бирок анда атаң чындап камалып кетет да, апаң жууса кеткис жаманаттыга калат. Айтор, кандайдыр бир күтүлбөгөн окуяны болтурбаш үчүн мен туугандардын алдына барбай эле коё турайын. Азырынча. Убак-сааты келгенде азыр сага түшүндүргөндөй кылып, аларга да купуя сырды ачык айтып берем.

Шакин Эсенгуловдун чын көңүлүнөн чыккан сөздөрүн кунт коюп уккан Таалайбек:

– Мен силердин мамилеге кийлигишпейм. Мамамды туура түшүнөм. Бирок бул ишти улант же улантпа деп айталбайм, – деп жооп берди. Бирок апасын колдоорун же колдобосун ачык айтпады. Бүбү Мариям экөө милицияга келишти.

Өзүн Бектемирге тууган эсептегендердин көпчүлүгү милициякананын жанына чогулуп, котолоп күтүп турушуптур. Дээрлик баары Бүбү Мариямды жек көрүү менен карашты. «Шамал болбосо чөптүн башы кыймылдабайт» деп бекер айтылбаптыр. Эсенгуловго токол болуп тийип алганы чын болбосо, эмнеге анын үйүнө кирип алмак. Анысы аздык кылгансып, эми эч кандай күнөөсүз күйөөсү Бектемирди каматып салып чыгаргысы келбей атат» – дегендей сөздөрдү,– алар чындыкка такыр коошпосо да,– оздору менен ачык айтканга батынышпаганына карабай, көздөрү менен айтып турушканын Бүбү Мариям түшүндү, бирок актанып эч нерсе айтып отурбастан, Сүйүндүктүн бөлмөсүнө кирди.

– Сиздин арызыңызды карай элекпиз, – деп Сүйүндүк жактырбай сүйлөдү. – Менин убактым жок болгондуктан, азыр жардамчыма дайындайм. Ошол чечет, эмне кылыш керектигин...

Милицияга келгендердин баары тең Бектемирдин таламын талашып, аны актай бергендиги таасир эткендигин, ошон үчүн Эркинбек дайындаган ишти аткарбай атайылап чоюп, эми болсо жардамчысы чечээрин айтып, айтор, өзүнө терс мамиле кылып турганын туйган Бүбү Мариям:

– Утуру эле бириңдин алдыңа келип сырымды төгө бергидей, менин жандүйнөм жайыл дасторкон эмес. Мен сенин наамыңа арыз жазгам. Жардамчыңа кайрылган жокмун. Ошон үчүн чечсең өзүң чеч. Менин талабым ушу – Бектемирди бошот,– деп талап кылды.

«Өөдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат» – дегендей абалга кабылган Сүйүндүк убакытты чоюу үчүн:

– Сиздин маселени түштөн кийин чечели, – деп айтты.

Бүбү Марийам милициядан чыгып акимчиликке багыт алды. Жолдон Иманкариева Бегайымга[1] жолукту.

– Ай, Майрам, сага эмне болгон, кебетең келишип, чүнчүп калыпсың?

Бүбү Марийам болгон окуяны айтып берди.

– Жаман иш болгон тура, – деп күйүп-бышып сөзүн улады Бегайым. – Ак жериңден айыпка жыгылып атыпсың. Сени ушул абалга алып келген Шакин Эсенгулов, – сен аны дарылабаганыңда жалган жалаа сага жабышпайт эле да, туурабы, – болгондон кийин ал киши эмне четте турат. Мейли, өзү корксун. Барбасын. Бирок аялын жаныңа кошуп койсо болмок. Сени жалгыз калтырбай. Азыр Аманалиевге барбай эле гой. Мен ошо жактан келатам. Бир аз баштарaакта машинага түшүп чарбалардын бирине кетти. Андан көрө жүрү, биздикине баралы. Телефон чалып турабыз. Эркинбек кайтып келгенин билген соң барып жолугасың.

Көп жылдан бери курдаш болуп келген Бегайымдын калыс сөзүн айтып турушу жана Эсенгуловдун аялы сени менен кошо болсун деген сунушу Бүбү Марийамга жакканы менен, анын үйүнө барууну каалабагандыктан:

– Туура айтасың. Мен азыр сеникине баргандан көрө, Шакин агайдыкына кайрылып кеңешейинчи, балким, Гүлай эже мени менен кошо бараар, – деп жооп айтып Эсенгуловдукуна келди да, алар ырас-

---

[1] *Иманкараева Бегайым* – Бүбү Марийамдын жакын курбусу.

тап койгон түшкү чайды чогуу ичишкен соң Шакин Эсенгулов Эркинбекке чалып, жооп болоор замат трубканы Бүбү Мариямга карматты.

– Эркинтай, сен дайындаган иш али аткарыла элек. Ушундай жагымсыз окуялардын алдын алайын, болтурбаганга аракет кылайын деп бир бөлмө сурадым эле да. Эгер ал маселе маалында чечилгенде, мен камчы, теспе экөөн ошо жакта кармамакмын. Бектемир аларды алып кеталмак эмес. Эми карабайсыңбы, эмне деген гана окуялардын болуп атканын...

– Эже,– деп ыңгайсызданып жооп кайтарды Эркинбек. – Мен азыр Кебековго чалам. Сиз трубканы койбой угуп туруңуз, – деп ал экинчи телефону менен милициянын жетекчисине чалды да сүйлөшө баштады.

– Алоо, Сүйүндүк байке, сиз Бүбү Мариям эженин суроосун дагы эле чече элексизби? Мен сизге бекем дайындабадым беле, камчы, теспени кайтарып бериптир, баласына кошуп Бектемирди да чыгаргыла деп.

Сүйүндүктүн сүйлөгөнү угулбаганы менен ага Эркинбек айткан жооп жана берген суроосу аркылуу Сүйүндүк эмне дегендиги Бүбү Мариямга түшүнүктүү болуп турду.

– Ооба, мен билем, азыр эже Эсенгуловдукунда. Эки-үч жылдан бери Эсенгуловду эже дарылап келатат. Жакындан бери дагы бир чоң ишти чогуу жасашууда, – деди Эркинбек, себеби «Сенин эжең сен айткандай ак жолго түшкөн аял эмес экен. Тескерисинче, бузулган аял деп мага келгендин баары айтышууда» – деп Сүйүндүк айтты окшойт.

– Мен сизге кечээ берген буйрукту орундаңыз, – деп Эркинбек тапшырманы кайталап дайындады, анткени, эми эмне кылып, кандай чечим чыгаралы

деп кеңеш сурады окшойт. – Азыр эже сизге кайра барат, жазган арызын алат. А сиз Бектемирди дароо бошотосуз. Бирок бошотоордон мурда бекем дайындаңыз. Эртең сотко келсин. Эже менен ажырашкан кагазга кол койсун. Эгер аны аткарбай турган болсо, катуу чара колдонуп, жазага тартабыз деп эскертиңиз. Бул биринчиси. Никеси кыркылган кагазы колго тийер замат эженин тынчын алганын токтотсун. Керек болсо эжени кайтарабыз деп айтыңыз. Кокус эже жашаган жерге келчү болсо, дароо кармап, камап жиберебиз деп катуу эскертиңиз. Бул – экинчиси.

– Сүйлөй беришпейби, – деди Эркинбек үчүнчү суроого. «Элдин баары айткан ар кандай сөздөр менен эсептешишке туура келип атат» деди окшойт Сүйүндүк. – Мен эжени эң жакшы билем. Мен эже үчүн кепил боло алам. Ал киши ак, таза. Сиз уккандын баары ушак-айың, жалган жалаа...

– Эже, уктуңузбу менин Сүйүндүккө айткандарымды, – деп Эркинбек экинчи телефондун трубкасын койгон соң, Бүбү Мариям менен сүйлөшүүсүн улантты. Жайсаң Атанын ыр саптарында «буйруктагы боло турган нерсе болот» деп айтылат эмеспи. Азыр сиз кириптер болгон окуялар да буйруктагы нерселер болушу мүмкүн. Кылдай күнөөсү жок туруп айыптуу болуп калууга чыдаш канчалык кыйын экенин билип турсам да, сизге мындай кеңеш берем: белиңизди бек бууп, туруштук берип коюңуз. Мен муну сизден суранам десем да болот. Азыркыдай сыноолор ар дайым эле улана бербейт. Акыры жакшы бүтөт.

– Ырахмат сага, Эркинбек. Алдыңа кетейиним! Балким, өзүң айткандай, азыркы кыйынчылыктар аркылуу сөзсүз өтүшүм керектир. Эми сен сунуш кылганды аткарганга, алибетте, аракеттенем. Ден соолугум чыдаса эле болду.

– Эже, эми сиз азыр милицияга барыңыз. Сүйүндүк байке баарын бүтүрөт. Мага убада берди. Эртең сотко барыңыз. Сот менен да макулдашып койгом.

Эркинбектин ушундай зор колдоосуна ээ болгондон кийин Бүбү Мариям Гүлайды ээрчитип милицияканага келди. Баары ичкери кириштн. Камалган бөлмөдөн Бектемирди чыгарып, алдыңкы катарга отургузушкан соң:

– Эмне, тиктешип отура береликпи, сиз айтпайсызбы, – деп Сүйүндүк Бүбү Мариямга одоно кайрылды. Эркинбектин кепил болом дегенине карабай, ушак-айыңдын таасиринен бошоно албадагандыгынан улам сыйлабагандыгын көрсөттү.

– Мен айтчу сөзүмдү күнү кечээ эле сага толук айтып бергем. Азыр аларды кайталаш кажетсиз. Менин болгон талабым – Бектемирди бошоткула, – деп Бүбү Мариям токтоо жооп кайтарганга аракеттенди.

– Кечээ мага айткандарыңызды көпчүлүк бүгүн уксун. Сиз мага калп айттыңызбы, чын айттыңызбы, аны мен кайдан билем. Баарыбыз чогуубузда бүт ачык айтыңыз.

– Сүйүндүк, алдыңда арызым жатат. Анда эки гана сүйлөм бар. «Күйөөм мас абалында камчы менен теспемди алып кетип калыптыр. Ошол ыйык буюмдарды кайтарып бергиле». Болду, башка эч нерсе... Мен Бектемирди камап бергиле, түрмөгө отургузгула деп арыз жазган эмесмин. Кашка-Теректеги үйдү тинткиле, Чаектеги үйдү оодаргыла, эки мылтыкты тапкыла деп түк жазбагам. Андай курал ар бир малчынын үйүндө бар. «Бөйрөктөн шыйрак чыгаруунун» деле чеги болсо керек. Камчы менен теспени кайра эле уулум Таалай апкелип берди. Милициянын кийлигишүүсүз эле жаңжал бүттү. Арыз жазган мен болгондон кийин, кайра арызымды алайын, Бектемирди бошоткула деп су-

ранып аткандан кийин, эки күндөн бери баарыбызды зарыктырбай, бизди эки тарап кылып бөлбөй, тирешүүнү күчөтпөй, маселени оң чечип берип койсоңор болот эле да. Эгерде Бектемир мен үчүн эң ыйык эки буюмумду алып кетпегенде силердин эшикти аттап кирбейт болчумун. Анын үстүнөн арыз жазмак эмесмин. Атүгүл, мурда мени өлөр-тирилериме карабай былчылдатып сабаган учурларында арыз жазмак түгүл, эртеси өзүнөн мени эмне үчүн урдуң деп сураган эмес элем. Эч кимге айтпай, унчукпай чыдаган элем. Бирок камчы менен теспени алып кеткенине түк чыдамак эмесмин.

– Урду деп калп айтканын кара, – деди сөзгө аралашкан Бектемир оң колун жогору көтөрүп: – Мынабу чоң кол менен былчылдатып урмак түгүл, жөн эле катуураак  бир чаап койсом, тирүү калаарыңды кудай билет эле.

– Антип калп айтпа. Сен мамамды колуң менен эле урмак түгүл, бычактап жиберген кездериң деле болчу эмес беле, – деп Кырчынбек өз оюн тайманбай айтты. Он эки жашар бала атасы Бектемирдин калыстыктан тайганына макул болбой, билгенин айтты.

Бектемирдин туугандарынын бири ызырына Кырчынбекке келди да:

– Эй, чечек! Сен кимге болушуп атасың. Жаагыңды жап. Көзүңдү оюп алам, – деп колун кезеди.

– Тарт колуңду! Сен мага эч нерсе кыла албайсың! – деп каяша айтты Кырчынбек кымынчалык коркуп-үркпөй.

Өтө балит сөздөр менен сөгүнүп алган Бектемир актанганын улантты:

– Өзү кызыл-тазыл кийинип кылактап жасанып алып эле театрдан чыкпай калганын айтпайт да, адеп эле теспе, камчыны апкетти деп күнөөлөйт.

– Эй, Бектемир, сенде уят-сыят дегенден түк эч нерсе калбаган окшойт. Ушу сөздөрдү ушунча элдин алдында кантип айтып атасың, – деп Гүлай сөзгө кошулду. – Майрамды менин чалымдан кызганып эмне кыласың дейм да. Койнуңда жапжаш колуктуң жатып, кайра күнөөсүз кишини кызганып мамиле кылганыңа жолуң болсун. Менин күйөөм карыган киши. Абдан оорулуу. Алсыз-күчсүз. Анын сырын мына мен, күндө койнунда жаткан аялы катары, жакшы билем. Майрамдын колунан Шакинге эм конуп, жаны азырынча аман калууда. Экөөнүн мамилелеринде шек туудураарлык эч себеп жок. А сен Майрамдын сиңдиси менен чогуу жашап атып, кайра кызганычка алдырып кызаңдайсың. Эгер Шакин менен Майрамдын ортосунда бир нерсе боло турган болсо, аны сенден мурун мен билмекмин, туймакмын. Элден мурун мына мен чоң чатакты чыгармакмын. Антүүгө такыр акым жок. Анткени себеп жок. А сен болсо ар кандай ушак, имиштерге ишенип алып адамгерчиликтин чегинен таптакыр эле чыгып кеттиң го. «Кызыл-тазыл кийинип кылактап театрдан чыкпай калды» деп күнөөлөп коёсуң. Биз, Шакин экөөбүз Майрамды төбөбүзгө көтөрүп баксак да аздык кылмак. Бирок, тилекке каршы, жарды адамдар экенбиз, анда-санда театрга бар деп жарты барак белет бергенге гана жарайт экенбиз, анан биздин ушул чын пейилден жасаган аракеттен айып тапкың келгени, алибетте, жакшы эмес...

Он эки жаштагы Кырчынбектин тайманбай каяша айтканы жана Шакин Эсенгуловдун колуктусу Гүлай да четте калбай калыс сөзүн айтып, Бүбү Мариямдын таламын талашканы милициянын жетекчиси Сүйүндүккө чоң таасир этип, аким Эркинбектин айткандарына айласыздан баш ийип аткан

болсо, ал эми эки адамдын, – бири тестиер бала, бири улгайган аял, – чыркыраган чындыкты айтып турганына чындап ынанып, Бүбү Мариямга болгон терс пикирин оңго бурду.

– Эже, азыр кандай чечим чыгаралы? Бектемирдин туугандары ал кишинин өтүлүн[1] алалы деп сураныштты эле, эгер сиз бала-бакыраңыз менен чогуу жашай берсеңиз, ал эми Бектемир Кашка-Теректе өзүнчө оокат кылышына жетишебиз деп. Сиз ушул сунушту кабыл аласызбы жана Таалайдыкына кайтып барасызбы? – деп Сүйүндүк суроо салды.

– Сен жанараакта «калп айтканыңызды же чын айтканыңызды кайдан билейин» дегениңде менин дарыгерлик ишиме, мен пайдаланган камчы, теспеге шек келтиргениңди билдирдиң. Алибетте, ишенүү же ишенбөө эрки өзүңдө. Анткени менен камчы, теспе мен аркылуу себеп болуп, өтө өтүшүп кеткен ооруларынан сакайгандар арбын. Атүгүл, төрөй албай жүргөн келиндерге да жардам берген учурлар жок эмес. Мен муну мактаныч үчүн эмес, мен айтаар жообумду түшүндүрүүгө аракеттениш үчүн айтуудамын. Камчы менен теспенин касиеттерин көрүп-билип жүрүп карасанатайлыкка барган Бектемир азыр берген убадасын аткарат дейсиңби. Мен буга түк ишенбейм. Анан дагы, эгер катуураак айта турган болсом, алдын ала кечирим сурайм. Мына өзүң жетектеген бул жай киши түгүл жылан сойлоп кирбей турган жай эмеспи. Анан ишиң түшсө буерге гана эмес, гөргө да кирет турбайсыңбы. Айтор, Бектемирдин үстүнөн арызданып силерге башбагып алгандан кийин, эми мен Таалай уулумдун үйүнө да барчу жолум үзүлдү деп эсептейм. Эми мен көчөдө тентип калсам да, өз алдым-

[1] *Өтүлүн* – кепилдигин деген мааниде.

ча болом. Бектемир экөөбүз бөлүшө албай кыйналгыдай майда балдарыбыз жок. Баары чоңоюп, уулубуз улан, кызыбыз жубан болгон кез. Эми ар кимибиз өз алдыбызча бололу.

Менин бул катаал чечимге бекем бекигенимди толук түшүндүрүү үчүн дагы бир купуя сырды ачып берейин.

1992-жылы элдик дарыгерлик жолуна түшүшүм же түшпөшүм керек болуп, айрылышта турганымда ушу Бектемир өзү: «Майрам, сен көп жылдан бери дээрлик үзгүлтүксүз сыркоолоп, «бир бутуң көрдө, бир бутуң төрдө» болуп келдиң. Эми мына, Түгөлдүн[1] жардамы менен жакшы болуп сакайып баратасың. Бирок мындан ары элдик дарыгерлик ишин аркалашың керек экен. Сен бала-бакыраны ойлоп кылчактабай жана алдыдагы белгисиздиктен кооптонбой, Түгөлдүн сунушун кабыл ала бер. Бизге сенин оорудан оолак болуп эле аман жүргөнүң керек. Калганыбыздын күнүбүз эптеп өтө берет», – деген сунуш кылган. Анда мен: «Бектемир, болуптур, мен сен айтканды аткарайын, элдик табыпчылык өнөрүн мойнума алайын. Ошондо ар кандай ооруулар менен иштөөгө туура келет. Эгер мен эркек кишилерди дарылай баштаган болсом, чатак кыялыңды карматып, кийлигишчү болбо. Себеби, дарыгерчилик өнөрү оюнчук иш эмес. Же ага баш-отуң менен аралашасың, же такыр жолобойсуң. Сен мага өзүң сунуш кылып аткандан кийин, мейли, айтканыңды аткарайын да, дарыгерчиликти мойнума алайын. Бирок, алдын ала эскертип коёрум: кокус эле кийлигишчү болсоң, мен үйдөн кетип калам. Бала-чака, оокат-аш деп байланбайм. Бир гана көк баштыгымды көтөрөм да, үстүмдө эмне

[1] *Түгөл* – Жумгалдагы көрүнүктүү табыптардын бири. Бүбү Мариямдын тагдырындагы кескин бурулушка Түгөлдүн тийгизген оң таасири зор.

кийимим бар болсо, ошо бойдон кете берем» – деп мен да өз талабымды коюп, экөөбүз макулдашканбыз. Мен ошондон кийин гана дарыгерлик өнөргө аралаштым.

Тилекке каршы, Бектемир узак убакыт өтө электе эле тынчымды ала баштады: «Сен табып болуп, такыба кишиге айланып, сопунун жолуна түштүң. Сага күйөөнүн кереги жок болуп калды. А мен баягы эле Бектемир боюнча калгандыгыма байланыштуу, мага аял керек, мага аял алып бер», – деди. Мен бул сунушту кабыл албаска жана аткарбаска аргам жок болгондуктан, адегенде келин-кесектердин арасынан издештирип көрдүк, бирок ылайыктуусу чыкпагандыктан жана өзүмдүн сиңдим ошо маалда күйөөсүнөн ажырашып келип биздикинде жүрүп калгандыктан, ага көзүн артып, сиңдиңди деле ала берем дегенинен улам, анан дагы, бул сунушка сиңдим да каршы болбогондуктан, экөөнө нике кыйдырып, башын бириктирип койгом. Дээрлик эки жыл чогуу жашашты. Жакында сиңдимди абдан катуу сабап коюптур. Анан ал Миңкушка качып кетиптир. Ошондон бери эле эмнегедир Бектемир пейилин өзгөртүп, мага асыла баштады. Нике бузуп ажырашкан эмеспиз, кайра чогуу жашайлы деп талап кылууга өттү. Бул сунушка кантип көнөм?! Анысы аздык кылгансып, жакындан бери Шакин агайдан мени кызганчу болду.

Мына ушундай уятсыз мамилелерден кийин мен кантип үйдө калууга тийишмин?!

Сүйүндүк, сен өкмөттүн кишисисиң. Баарыбыздын тагдырыбыз сенин колуңда болуп, калыс чечип берет деп алдыңда турабыз. Кана, сен айтчы, мага кеңеш берчи?! Деги эркекке кандай аял жагышы мүмкүн. Мен Бектемир үчүн аткарууга болгон нерсенин баарын аткардым деп ойлойм. Мен

азыр аткарууга болбой турган сунуштардан гана баштартуудамын. Мен өзүмдүн ар-намысымды гана коргогонго тырышуудамын. Мен өз абийиримди сактаганга укугум бар деп эсептеймин. Мени ушул абалга жеткиргендиги үчүн, силердин алдыңарга чейин апкелип, каргадай какылыктатып актантып сүйлөтүп койгондугу үчүн, мен Бектемирге таарындым. Менин азыркы абалымды туура түшүнгүсү келбей, көрсө да көрмөксөн, билсе да билмексендикке салышып, Бектемирдин таламын талашып, мени күнөөлөшкөндүгү үчүн, бул жердеги кайын журтума, кайнага, кайни, кайнежелердин баарына таарындым...

Бектемир сөзгө аралашып бир нерсе айтууга аракеттенди эле, аны Сүйүндүк сүйлөтпөй тыйды:

– Сен унчукпа. Сага эч ким сөз берген жок, – деп өтө өктөм айтты. – Сен эмне, адеп лакылдайсың. «Суудан таза, сүттөн ак» болуп чыга калгың келет. Сен азырынча мыйзамдуу түрдө камоодосуң. Абалың абдан начар. Эгер эки мылтыкты уруксатсыз пайдаланганың үчүн соттолуп кетсең, шоруң шорподой кайнайт. Түрмөдө сенден кыйындар отурат. Алар кирпичти ысытып мээңе басышы мүмкүн. Азыр лакылдабай тынч тур. Сен, Бектемир, эртең сотко келип арызыңды жаз да, эже менен ажыраш. Ошол боюнча ал кишинин тынчын алганыңды токтот. Антпей турган болсоң, кайра эле кармап келебиз да камап жиберебиз. Азыр болсо бошсуң. Анткени, эже өз арызын алып койду.

Ал эми силер, Бектемирдин таламын талашкандар, эми Бүбү Мариям эжеге каршы эмне пикир айта аласыңар? «Кутурган аял, бузулган аял, көпкөн аял! Аны тыйып кой» деп эле ар кимиң мага айта берип кулагымдын кужурун алып бүттүңөр эле. Кана, айткылачы, мен эженин эмнесин тыяйын?

Силердин арызданганга түк акыңар жок экен. Тескерисинче, эже арызданса болчудай. Анткени, силер айткандай болуп, башка күйөөгө тийип кетпептир. Болгону өзүнүн укугун коргоого умтулуп атыптыр, – деп Сүйүндүк Бектемирдин тууган-туушкандарынын үстүнөн сүйлөнүп өткөн соң, Бүбү Мариямга кайрылды:

– Эже, дагы эмне сөзүңүз бар. Толук айтыңыз!

– Мен айтайын дегенимдин баарын айттым. Эми мага уруксат берсең, кете берейин, – деди да, Бүбү Мариям Гүлай менен Кырчынбекти ээрчитип сыртка жөнөдү.

Ошентип, болбогон жерден башталып, күчөгөндөн күчөй берип акыры милицияканага чейин жеткен жаңжал эки тарап үчүн тең калыс чечилип, Бүбү Мариям жана аны ээрчиген азчылык бир жакка, Бектемир жана анын таламын талашкан көпчүлүк экинчи жакка кетти.

Өзүн «эримден кетсем да элимден кеткен жокмун» деп эсептеген Бүбү Мариям Шакин Эсенгуловдукуна келип камчы, теспе салынган көк баштыгын алды да, кайын журтуна келип, өзүнө өтө ынак мамиледе болгондордун бир нечесине кайрылып, убактылуу жашап туруу үчүн бир бөлмө бергиле деп суранды, бирок эч кимиси көнбөй, караманча баш тартышкандыктан, кеч күүгүмдө курбусу Бегайымдын үйүнө келди.

– Бир нече күн сенин үйүңдө турууга уруксат бер. Квартира тапкан соң кетем, – деди.

Бегайым чын ыкласы менен макул болду.

Эртеси күнү сотко келип расмий түрдө ажырашышты.

– Мен сенден суранам, – деп кайрылды Бектемир соттон чыгышкандан кийин, – Жумгалдын суусунан бери өтпөй, «Кашка-Теректе» болоюн. А сен

үйгө кайтып бар да, уулубуз Таалай менен чогуу жаша.

– Жок. Болбойт. Сени милицияга берип алып, ушинтип сот аркылуу ажырашып бүткөн соң үйгө эмнеге бармак элем, – деп Бүбү Мариям кескин айтты да, чечкиндүү түрдө басып кетти.

Убактылуу башпаанек берген курбусу Бегайымдын үйүнө келип, аны ээрчитип алды да, Чаек айылын кыдырып үй издегенге киришти. Бирок эмнегедир эле, сатылат деген үйлөрдүн ээлери эки аялды көргөндө дароо баштартышып, же сатпайбыз деп, же сатылып кетти деп шылтоо айта баштады. Адегенде буга Бүбү Мариям анча маани бербей, акчасы жок экенимди билип алып байланышкылары келбей жатат го деп ойлоду. Мейли, акча табылганда, сатылчу үй да опоңой табылаар, ага дейре квартирага чыгып жашай турайын деп чечимге келип, жарыя жазылган квартираларга кайрылышты эле, алар да ар кандай шылтоолорду беттерине кармашып, квартирант кылып албай тургандыктарын билдиришти. Бүбү Мариям иштин чоожайын ошондо гана түшүндү. Өтө орчундуу келишпестиктердин кесепетинен улам күйөөсү менен ажырашууга аргасыз болгондугу Чаектин элинин дээрлик эч кимисине жакпай, «чындап эле бузулган аял тура» деген пикирге заматта өтүшүп, ошон үчүн мамиле кылууну каалабай атышканын билди. Ак жеринен айыпкер болуп калганына абдан арданды. Ал абалдан кантип арыларын билбей чүнчүдү. Бирок сыртынан эч кимге сыр бербегенге аракеттенди жана үч күн бою тынбай издеген соң гана Мики деген жигит көмүрканасына квартирант кылып алууга макулдугун берди.

Бүбү Мариям Бегайымга берген убадасын так аткарып, анын үйүнөн токтоосуз чыкты да, жаңы

конушка келип, аны жууп-тазалап, иреттегенге кириштти. Жеңил ремонт бүткөнгө чейин эки күндө ачык асман алдында эле түнөдү. Анан көмүрканага кирип жашап калды. Такыр эч нерсе табылбай калгандан көрө, көмүрканага убактылуу жетишкенине каниет кылды. Көчөдө тентип калганыма да макулмун деп аттым эле, ага караганда көмүрканада турганым жакшы эмеспи деп эсептеди. «Үңкүр да болсо үйүм бар» деген макал бекер айтылбаганына ынанды.

Айтмакчы, «чыга турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» дегендей, бышып жетилип калган окуялар орундалды деп ушул бөлүмдүн орто тушунда айтылып өтпөдү беле. Ооба, чындыгында ошондой болду. Бүбү Мариям Бектемирден 1995-жылы 14-сентябрь күнү эмес, андан алда канча илгери кетмек. Анын ар бир жолку аёосуз токмогунан кийин кетүүгө бел байлачу, бирок балдар чоңойсун, ошондо алар атасынын абийирин ачышат, адамгерчиликсиз мамиле кылганын айыпташат, бизди атасыз өстүрдүң деген күнөөнү мага тагышпайт жана ажырашыңыз деген сунушту киргизишет, ошого чейин чымырканып чыдай туруу үчүн кетем деген чечимин кийинкиге жылдырып койчу. Мындай чечимге бир  же бир нече жолу гана эмес, абдан көп ирет келип, бирок ошончо жолу айныган. Ошол чечимдердин баардыгына Бектемирдин эң акыркы кордугу кошулганда эми муну да күрмөп жутуп койгон болсо, анда Бүбү Мариям өзүн адам катары да, аял катары да сыйлабай калмак. Ошон үчүн чечкиндүү кадамга батынып барды жана көздөгөн максаты орундалганга чейин эч нерседен кайра тартпай, Бектемир экөө чогуу жыйнаган мал-мүлктүн баарынан өз эрки менен баш тартып, тууган-туушкандардын, жердештердин жана замандаштардын ара-

сындагы азыноолак кадыр-барктан да кыйылбай ажырап, атүгүл өзү төрөп багып чоңойткон балдары менен болгон мамилелер үзүлүп калаарына, жападан-жалгыз калаарына да көнүп, айтор, талап кылынган нерсенин баарын аткарды.

Айтмакчы, «эримден кетсем да элимден кетпейм» деп Бүбү Марийам эсептегени да айтылбады беле алдыда. Бүбү Марийам Бектемир менен ажырашкан маалда жана ажырашкандан кийинки алгачкы бир жыл бою өзүн кайын журтунан кеттим деп эсептебей, көп болсо күйөөм менен мамилем үзүлдү, бирок тууган-туушкандын дээрлик баары менен байланышым сакталса керек деген ниетте жашады жана алардын арасынан кимдир бирөө ал-жайын сурап келет деп күттү. Анткени, Бүбү Марийам туугандардын улуусун урматтап, кичүүсүн ызаттап, эч кимисинен сый-урматын аяган эмес эле. Тилекке каршы, алар Бүбү Марийамга татыктуу мамиле кылууга жарашпады. Башына ат көтөргүс кыйынчылык түшкөн аялдын ишенимин акташпады. Кайдагы бир ушак-айыңдын деңгээлинен жогору көтөрүлө алышпады. Бүбү Марийам эринен эле эмес, элинен дагы чыгып кеткенин бир жылдан кийин, кызы Нургүл күтүүсүздөн каза болуп, анык аза башына түшкөндө гана түшүнбөдүбү.

Айтмакчы, соңку окуялар дал ушундайча гана аяктамактыгын алдын ала билдирген бир белги бар болчу. Ал – Бүбү Марийамдын түшү эле. Аны үч ай мурда, жай маалында, Шакин Эсенгуловду үй-бүлөсү менен кошо Таалайбек жайлаган жайлоого көчүрүп барардын алдында көргөн эле.

Түшүндө Бүбү Марийам Ойкайың жайлоосуна барыптыр. Ал жайлоого бир чоң белди ашып анан жетишет. Ошо белдин берки тарабы экен. Ал жерде бир булак бар боло турган. Эмнегедир ал булак

соолуп калыптыр. Жалгыз гана ал булак эмес, жакын арадагы булактардын баарынан суу чыкпай атыптыр. Бүбү Мариям Ойкайыңга суу ала барайын деп ниеттенгенинен, булактарга көңүл бөлүп, алар соолуганын көрөт. А бирок бул жакта дагы бир жаңылык пайда болуптур: өтө бийик темир мамылар орнотулуптур жана алар аркылуу абдан жоон электр зымдары тартылыптыр. Бирок али электр тогу чуркатыла элек. Анан дагы, электр тогу үчүн тартылган жоон зымдарга асылган бир вагонетка жүрүп баратыптыр. Бүбү Мариям бул вагонетканы, өзү бала кезинде көргөн вагонеткага окшоштурду. Андай вагонеткаларды пайдаланып «Миңкушта» шахтыдан жер кендерин ташып чыгышчу. Эмнегедир жүрүп бараткан вагонетканын ичинде суу бар экен. Ушундай таза, мөлтүр кашка, мупмуздак суу. «Ойкайыңга суусу жок бармак белем деп арсарсып турганымда, жерден издегеним асмандан табылганы ырас болбодубу» деп ойлоп кудуңдап кубанган Бүбү Мариям вагонетка өзүнүн тушуна жеткенде бутунун башына таканчыктады да, колундагы эки чакага суу сузуп алууга жетишти. Сол колундагыга мелт-калт сузду. Оң колундагы чака саал бөксөрөөк. «Эмне болсо да жерден эмес асмандан алдым, анан дагы, вагонеткадан менден мурун эч ким суу алган жок, менден кийин деле кимдир-бирөө суу алганын байкабадым. Эми бул эки чакадагы суунун бир тамчысын да чайпалтып төкпөй жана жолдо бир да жолу тыныгып токтобой Ойкайыңга жете турган болсом, анда эмне ойлогон болсом, ошонум орундалат», деп ойлогон Бүбү Мариям бачым басып баратканда, кайдан-жайдан пайда болгону белгисиз, бир кара кыл оң колундагы чакага түшүп кетти жана ачып көздү жумганча эле чоңоё баштады. Бүбү Мариям Ойкайыңга же-

терине аз калганда жыланга айланды. Анан атырылып секирди да, Бүбү Мариямдын оң колунун сөөмөй жана ортон манжаларынын түпкү муунунан эки сантиметр жогорураак жердеги эки муундун ортосун чагып алды. Бүбү Мариям чочуп кетти. Теңселип барып оңолду. Чайпала түшкөн чакадагы суунун жарымы төгүлдү... Бүбү Мариям катуу чочуган бойдон ойгонду.

Ойгонсо, оң колунун жылан чаккан жери кадимкидей ооруп калыптыр. Жылан өңүндө чаккандай сыздап атыптыр. Сол колу менен оң колун сыйпалап, сөөлдүн ордундай болгон так пайда болгонун байкады. Эртеси жарыкта кара такты көрдү. Ал так ошол бойдон кетпей калды.

Жыланды өңүндө көрсө да, түшүндө көрсө да кандайдыр бир жагымсыз окуялардын белгиси катары карачу адаты бар Бүбү Мариям бу сапар да түшүндө оң колун чаккан жыланды жакшылыкка жоруй албады. Ошол түшүн Бүбү Мариям кийин көп эстеди. Анын чечмеленишин арадан сегиз жыл өткөндөн кийин гана аныктай алды. Көрсө, Бектемир экөөнүн арасын кымындай кыл аралап өтсө, аны экөө өстүрүп, өөрчүтүп жыланга айлантып ийишкен тура. Эгер экөө бири-бирине түшүнүп мамиле кыла билишсе, мисалы, Бектемир ушак-айыңга ишенип, кызганчаактыкка жеңдирип ийбесе, ал эми Бүбү Мариям өзү жөнүндө эч негизсиз имиштер таркап атканын байкабай калбаса, баёолук, өтө ишенчээктик кылбаса, кыскасы, тирешүүнү жеңилдетүүгө бүт аракетин жумшаса, баары башкача чечилип, бүтүн бүлө чилдей тарабай, алар чогуу калышмак окшойт. Көрсө, Бүбү Мариям түшүндө бир эмес эки кемчиликке жол берип алган тура. Биринчиси, чакага кыл түшкөнүн көргөндө кейип жибергени. Экинчиси, ал кылдан коркуп кеткен-

диги. Эгер кейибесе, коркпосо, таптакыр көңүл бурбай койсо, балким, ал кара кыл кичирейип отуруп эрип сууга сиңип жок болуп кетет беле. Анын анығын айтуу, алибетте, кыйын. Анан дагы, ойгоноор замат түштү жакшылыкка жоруп койгон болсо, балким, дагы көп окуя бөлөкчө болмок...

# ЖАЙСАҢ АТАНЫН ЖАРДАМЫ

Соңку жарым жылдын ичинде байланышка чыккан учурда же түш көргөн маалдарда гана күтүлбөгөн окуяларга кириптер болуп келаткан Бүбү Мариям, күйөөсү Бектемир менен ажырашып үйүнөн чыгып кеткен күндөн тарта, кадимки күнүмдүк турмушунда да ойлосо ойго келбеген окуяларды башынан кечире баштады. Ага өзгөчө катуу тийгени – өзү менен өтө көп мезгилден бери ысык ымала түзүп келгендердин дээрлик баары байланышты үзүп, алыш-бериш кылганды токтотуу менен гана чектелишпестен, көчөдө кезигишип калган маалдарда учурашкылары келбей, тетири бурулушуп, көрмөксөн, билмексен болушкандыгы жана Бүбү Мариям өтүп кеткенден кийин артынан акырайып жаман көз менен карашып, ар кыл сөздөрдү шыбырашып айтышкандыгы. Жепирейген эски отунканага көчүп кирсе деле, тирүү жан болгондон кийин кайсы бир муктаждыктын айынан көчөгө чыккан учурларда, эси да жок, таалим-тарбиясы да жок  кай бир экижүздүүлөрдүн айрым кылыктарына, аны киши ордуна санагылары келбей, жөөлөп же түртүп өтүшкөнүнө, кээде өзү тарапка какырынып-түкүрүнүүдөн кайра тартынышпай, жийиркеничтүү мамиле кылгандарына Бүбү Мариям сыртынан сыр бербей, туура түшүнгөндөй түр көрсөткөн менен, айласы жоктон гана чыдап атты.

Бир нече миң кишиси бар килейген Чаек айылында жашап туруп дээрлик жалгыз калган абалынан, ошол абалдын үрөй учураарлык сүрүнөн чүнчүгөндөн чүнчүп, басынгандан басынып бараткан Бүбү Мариям, кылбаган кылмышы үчүн күнөөлүү болуп, ээноздордун эрмегине айланып калгандан көрө жашоомдон кечип кетсемби дегендей азгырык ойлорго азыраактан берилип, моюн сунуп, аны ылайыктуу чечим катары кабылдап, ага көнө баштаган кезде, бир күнү түндөсү уктап жатып түшүндө Жайсаң Атаны көрдү.

Азгырыкка алдырбаш керектигин, азыркы кыйынчылыктардын баары артта калаарын, ал эми алдыдагы сыноолор алда канча оор экенин, аларга да майышпай туруштук берүүгө туура келээрин, анткени – башка жол жоктугун айтты Жайсаң Ата. Эгер ушул сыноого чыдабай сынып кала турган болсо, алды-артын караныл, кылчактап тынып кала турган болсо, же кокустан өзүнө өзү кол сала турган болсо, анда анын жашоосу түкүрүкчөлүк да мааниге ээ болбой калаарын эскертти Жайсаң Ата. Ээноздордун эч негизсиз ушак-айыңдарын угуш түк зарыл эместигин, акылы тайкы айрым замандаштарына теңелүүнүн керексиздигин, андан көрө, башын бийик көтөрүп, маанайын да жогору көтөрүп, алдыда күтүп турган улуу иштерди көздөй ишенимдүү кадам шилтей берүү гана керектигин билдирди Жайсаң Ата. Кыскасы, көптөгөн кеп-кеңештерин айтты Жайсаң Ата! Бүбү Мариям алардын баары менен макул болду. Өзүнүн абалы анчалык эле аянычтуу эмес экенин мойундады. Арзыбаган нерселер үчүн чүнчүгөндөн чүнчүп баратканына абдан уялды.

Бүбү Мариям уялып атып ойгонуп кетти. Салмакташкан денеси жеңилдеп, санаалардын дээрлик

баарынан арылып, маанайы жаркып калганын байкады. Жайсаң Ата түшүндө айткан ыр саптардын акыркы төртөө эсинде калган экен, аларды кагазга

**«Ишенип кабыл алгын аянымды.**
**Сыр чечтим жалгыз сага баянымды.**
**Жеңдирип кур санаага төгүп алба,**
**ырыскы толуп турган аягыңды»**[1] –

деп көчүрүп жазды. Ушул түшүндө Жайсаң Атага жолукканы жана ойгоноор замат жазып алган төрт сап ыр анын көңүлүн дагы көтөрүп, иштегисин келтирип, столуна отурду да, Нуркыздарга жолуккан маалда алган белгилерди чечмелеп аягына жеткирди.

Ошентип, өмүрүнүн эң опурталдуу учурунда Жайсаң Ата түшүнө кире калып берген жардамы аркылуу аман калды.

Бектемир менен болгон жаңжал туу чокусуна жеткенден улам, аны менен ажырашкан кезде жана андан кийинки күндөрдө, эмнегедир Жайсаң Атаны, ал улуу инсан өзүнө табыштай турган ишти, анан дагы Нуркыздарды, алар өзүнө ыйгарган керемет белек – Нуршооланы эсинен түк чыгарып, өзүн жападан-жалгыз калгандай сезгенден улам, жашоосундагы жаңы шарттарды өтө оор кабылдагандыгын түшүндү. Чындыгында жалгыз эместигин, Жайсаң Ата колдоп турганда азыркыдай кыйынчылыктардан алда канча оор сыноолорго деле туруштук бере алаарын дагы түшүндү. Анткени менен, дагы эмне сыноо же кыйноо болушу мүмкүн деп алдыдагы белгисиздиктен баары бир жүрөксүдү…

---

[1] Бул ыр саптары «Айкөл Манастын» 1-китебинин 52-бетинен алынды.

## АКМАТААЛЫ МЕНЕН ЖАҢЫБАЙ

1995-жылдын 21-сентябрында Бүбү Мариям кайрадан медитацияга чыгып, Жайсаң Атадан мындан эки-үч күн мурда түшүндө алган акыл-насааттарынын уландысын укту. Байланышууга ылайыксыз күндөрдө үйүнөн эч кайда чыкпашы тууралуу катуу эскертүү алды. Медитациясы өтө бачым аяктап, транс абалынан чыгып өзүнө келгенде өтө коркунучтуу окуяга кириптер болду. Көрсө, болжошкон маалдарда гана жолугушалы, болжошпогон кездерде келбей жүр деп Жайсаң Ата бөөдө тынчсызданбаган экен. Улуу Айкөл Манастын тапшырмасы боюнча айткан дастаны кыргыз элине толук таркай электе күтүүсүздөн каза болгондугуна байланыштуу, ошол эмгегин эми Бүбү Мариямдын ортомчулугу аркылуу урпактарга жеткирүүнү көздөгөн Жайсаң Атадан айырмаланып, ошол эле Бүбү Мариямдын колу менен кандайдыр бир жамандыктарды жайылтууну каалаган Кара Күчтөр да бар турбайбы. Атайылап күтүп турушканбы же кокусунан кабылып калыштыбы, анысы белгисиз, ошол Кара Күчтөрдүн өкүлдөрү Бүбү Мариямга кезигишти да, анын каршылык көрсөткөнүнө карабай, түк эсептешпей, маектешүүгө тартышты. Ар кандай азгырыктуу убадаларды берип, алдаганга аракеттеништи. Алар менен мамиле түзө турган болсо, акыры абдан жаман бүтөөрүн туюмунун тереңинде так түшүнгөн Бүбү Мариям көптөгөн кыйынчылыктар

менен акыркы күч-кудуретин сарптап атып Кара Күчтөрдүн таасиринен араң дегенде аман калды.

Жайсаң Ата менен кийинки кезигишүү 28-сентябрда болду.

«Сен мага жолугушууга ниет коёр замат мен ал жөнүндө кабардар болом жана сен болжогон күндү мен да чыдамсызданып күтөм. Болгону, айдын ыңгайлуу күндөрүн жаңылбай так эсепте жана күтүлбөгөн окуяларга кабылышыңа, өмүрүңө коркунуч туулушуна жол бербе, анткени – мен сага ар дайым колдоо көрсөтүү кудуретине эгедер эмесмин. Ал эми сен мага абдан зарылсың. Сен мага жарыкты көрсөтүүчү карегимдейсиң» – деп оюн айтты Жайсаң Ата.

Өткөн жолу Кара Күчтүн тузагына кабыла жаздаганы үчүн, – анткени ал күн байланышууга ылайык эмес экенин билип туруп медитацияга келген эле да, – кечирим сурады Бүбү Мариям.

Өткөнгө өкүнүп, кеткенге кейиштин кереги жоктугун билдирген Жайсаң Ата 8-сентябрдагы жолугушуу учурунда «Он Жайсаңды» айтып бүткөн соң, Бүбү Мариямга бир тапшырма берген эле, ошону аткардыңбы деп эсине салды.

Сөз төркүнү ким жөнүндө экенин, тактап айтканда, Акматаалы жана Жаңыбай деген эки киши тууралуу эмнелерди билдиң деп сурагандыгын түшүнгөн Бүбү Мариям, алардын ким болгонунан, кайда жашаганынан, эмне иш кылганынан эң сонун кабардар болсо да, бирок билбейм, болжолдоп айта алам деп жооп кайтарды эле, буга Жайсаң Ата капалангандай түр көрсөттү.

Ооба, чындыгында эле суралган эки киши жөнүндө Бүбү Мариям эң сонун билчү. Алардын бири Акматаалы – өзүнүн таякеси болчу. Ал адам абдан чыгаан дастанчы эле жана чакан дастандар-

дын көбүн айтчу. Өзгөчө «Бегарстан Тайчыны[1]» өтө укмуш баяндачу.

Акматаалы дастандарды комуздун коштоосунда айтканды да эң сонун өздөштүргөн эле. Атүгүл, ал киши кээде бийик дөңгө чыгып алып дастан айткан учурларда бир нече чакырым алыстыктагы адамдарга да дапдаана угулчу. Комузунун добушу да, өзүнүн үнү да.

Анан ошол касиеттүү дастанчы Акматаалы Улуу Ата Мекендик согуш башталганда аскерге чакырылып, жүзүкара баскынчылардан эли-жерин коргошкон миллиондогон жоокерлердин катарында жүрүп, тилекке каршы, 1944-жылы дайынсыз жоголгондугу жөнүндө алакандай каракагаз айылына келип, анын кереметтүү өнөрү өзү менен кетти. Ал киши көз жумгандан берки жарым кылымдын ичинде анын дастанын уккан замандаштары азайып отуруп, бирин-серин гана калгандыктан, азыр Акматаалыны эсине салган киши деле жокко эсе.

Ал эми экинчи киши – Жаңыбай да «Манас» айтчу. Ачык айтканда, андай манасчы буга чейин болгон эмес жана мындан кийин болбостур. Анткени, анын вариантында Айкөл Манас кээде 1941-45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушка катышкан учурлар дагы кездешет.

Улуу Дастанды ушунчалык бурмалап, өтө пастыкка бара алган адам – Жаңыбай каза болгондон бери деле чейрек кылымдан ашып кетти окшойт. Алибетте, анын атын айткан да, эстеген да эч ким жок.

---

[1] *Бегарстан Тайчы* – Айкөл Манастын доорунда жашаган көрүнүктүү баатырлардын бири. Бегарстан Тайчы жөнүндөгү жаңы жана кыйла толук маалыматтар дастандын ушу түп нуска вариантында белгилүү болду.

Ушул эки кишинин дайнын өзүң билип көрсөң деп Жайсаң Ата атайы тапшырма бергендеги максаты: эки дастанчынын ортосундагы асман менен жердей айырмачылыкты, анан дагы, нукура дастанчы кандай ийгиликтерге жетише алаарын, ал эми мажирөө дастанчы өз дарамет-күчүн эске албай дастан айтууга аракет кылганда өзүн өзү эле шылдыңга калтыраарын, жана башка жагдайларды Бүбү Мариям өзү түшүнүшүнө түрткү берүү болчу. Ошондой эле, Акматаалы айткан дастандарын бир нече чакырымга чейин угуза алган болсо, а Бүбү Мариям «Айкөл Манасты» ай-ааламга угузууга аракеттенейин деген чечимге бекишинен үмүттөнгөн.

Айтор, бири бирине таптакыр карама-каршы болгон эки замандаштын дайынын бил деген тапшырмадагы ачык айтылбаган шарттардын баарын баамдаган Бүбү Мариям ошол эле замат, 8-сентябрда медитациядан келген соң эле керектүү нерсени бүт билген. Бирок атайын барып архивден издеген эмес. Кимдир-бирөөлөрдөн сурамжылаган да эмес. Болгону, Жайсаң Ата өзү жана Нуркыздар ыйгарган жөндөмүнүн жардамы аркылуу эки кишинин таржымалы менен топтолук таанышып койгон.

А бирок билип, туюп, түшүнүп тургандарын айткысы келбеди. «Жайсаң Атанын жана тогуз дастанчынын дайыны билинбей калган азыркы заманда Акматаалы менен Жаңыбайдын кимге кереги бар? Ал экөөнүн чоо-жайын тактаганга чолом да, шартым да, каалоом да жок», – деген чечкиндүү ойлорун Бүбү Мариямдын акылына баш ийбеген сезими чагылтты. Ачык эле каяша айтты. Айтаарын айтып алып абдан чочуду. Анткени, Жайсаң Атага алгач ирет каяша кайырганы ушул эле.

Ташка тамга баскандай таамай жоопту Жайсаң Ата туура кабыл алды. Чындыкты тайманбай ачык айтканына ыраазылык билдирди.

Андан кийин Жайсаң Ата кыйлага тунжурап турду да, жеке турмушундагы кескин өзгөрүүлөрдүн кесепетинен көңүлү чөгүп турган Бүбү Мариямдын маанайын көтөрүү үчүн, өткөн доордогу бир окуяны көргөзүүгө аны ээрчитип жөнөдү. Алар көп жүрүштүбү, аз жүрүштүбү, аны Бүбү Мариям билбеди, бирок башка доордун жашоосуна күбө боло баштаганын түшүндү.

...Чокусу асман тиреген, ак кар, көк муз баскан улуу тоолордун койнунда бейкут жашаган көчмөн эл...

...Ал элдин бейкут жашоосуна, бейиштегидей керемет кооз жерине көз арткан карасанатай душмандын капилеттен кол салып киргени...

...Суудай аккан кан... Өрттөлгөн боз үйлөр... Жайнаган өлүктөр... Кандын-жиндин жыты... Курмушунун, куйканын жыты...

...Күтүүсүз чапкан жоо көп эсе күчтүү экенине карабай, татыктуу каршылык көрсөткөн жоокерлердин аракетинин акыбети аз дагы болсо кайтып, толук кырылып калбай, качканга үлгүргөн кайран эл... Тукумун сактап калуудан эч качан үмүт үзбөгөн кайран ата-бабалар...

...Ошол Алтай жериндеги чабылган жана чачылган элдин журтбашысынын эки уулун да эптеп аман сактап калып, аларды Алай тоолорундагы кайберен гана мекендечү бийик жайларда асырап, алар эрезеге жеткенде: «Чачылганды жыйгыла! Журттун башын кошкула!» – деп аябагандай оор тапшырманы берген, «сакадай бою сары алтын» дегендей Бөгөй карыя...

Жайсаң Ата Бүбү Мариямга мына ушундай укмуштарды көргөздү. Азыркы кыргыз элинин өткөн замандардагы эң кейиштүү учурларынын бири менен тааныштырды. Бир гана максат үчүн – аман калыш үчүн байыркы Байкөлдөн, – ал азыркы Байкал көлү эмеспи, – баштап миңдеген чакырым аралыкты артка таштап, Улуу Уузхандын мекени – Алай тоолоруна чейин жеткен элдин чыдамкайлыгына, туруктуулугуна таңгалтырды. Ошондо эгер Бөгөй карыя акылмандык кылбаса, журтбашынын эки уулун эптүүлүк менен сактабаса жана аларды эстүүлүк менен асырап өстүрбөсө, анда кийин кыргыз эли аман калмак эмес болгон сыяктуу, азыр болсо, Бүбү Мариям жеке керт башына түшкөн кыйынчылыктарга багынбай, баарына чыдап, өзүнө тапшырылган ишти абийирдүүлүк менен аткарышы аябагандай маанилүү экенин түшүндүрдү...

Кийинки бейшемби (5-октябрь) күнү кайрадан медитацияга чыгаар алдында күрүч демдеп, токоч бышырып, жыт чыгарды да, даяр болгон даамды ортого коюп, Жайсаң Атага арнап Бүбү Мариям дуба окуган соң, Кырчынбек, Жазгүл үчөө тамактанышты.

– Каалганы жакшылап бекитип жаткыла! – деп өтүнгөн Бүбү Мариям эшикке жөнөдү. Короонун сыртына чыгаар замат денеси ток ургандай дирт эте түшүп, колуна жылуу-жумшак бир нерсе урунду – ал Жайсаң Атанын Шооласы эле. Эмнегедир, Жайсаң Ата бу сапар адатынча алыс жактан күтпөстөн, айылдын ичине кирип, короонун сыртынан утурлап алууну чечкен окшойт. Бирок эмне үчүн мындай кадамга баргандыгын: же ээн жерге чейин Бүбү Мариям басып бара турган болсо, жолдо кандайдыр бир коркунуч бар болгондуктан, аны болтурбоонун камын көрдүбү, же дагы башка жүйөөлүү

себеп бар беле, бул жагдайларга түк көңүл бурбай, колуна урунган жылуу жана жумшак нерсе Жайсаң Атанын Шооласы экенин туяр замат башкача абалга – медитация абалына өткөн Бүбү Марияма үчүн короонун сырты, Чаек айылы, Жумгал району, Кыргыз мамлекети жана жалпы Жер планетасы көздөн кайым болуп, Жайсаң Атанын катарында болуп калды жана өзүнө тааныш коңур үнду уга баштады.

Шартка жараша, бар болгон мүмкүнчүлүккө ылайык даам ырастап, жыт чыгарып, куран окугандыгы үчүн Бүбү Мариямга ыраазылыгын билдирди Жайсаң Ата.

Арналган даамдын жупунулугуна түк кейибеши керектигин, чын дилден багышталган тамак эле жетиштүү болоорун, курмандык чалып мал союш зарыл эместигин, даамдын да, курмандыктын да бар болгону жытын искеп жандүйнөсүнө кубат алаарын,  ал эми аруу дилден айтылган дуба баарынан кымбаттыгын айтты, Жайсаң Ата.

**«Чырагым, даярсыңбы угууга сен,**
**дастанды өзүң күткөн баштасам мен?»** –

деп собол салган соң, ал Дастанды кантип айтып калгандыгы тууралуу баяндады. Чоң Казат жүргөн майдан талаада жарадар болуп эс-учун билбей жатканда, муңканган сырдуу үндөн көзүн ачса, ачык турган асмандан күркүрөгөн үн чыгып «Көргөнүңдү ырдагын!» – деп аян бергенден баштап ырдап калгандыгын кайталап айтып берди, Жайсаң Ата.

А бирок ал иш аягына чыкпай, дастан-ыр кыргыз элине толук жетпей, кыянаттык менен өмүрү кыйылганын, ошон үчүн ысымы унут болгонун да айтты Жайсаң Ата.

Бир да сабын жоготпой, кылымдарды карытып сактап келаткан ошол дастан-ырды эми элге жеткирүү милдетин Бүбү Мариямга жүктөй тургандыгын, бирок дастандын кайсы бөлүгүнөн баштап айтууга киришээри азырынча белгисиз экенин, кийинки кезигишкенде, же Айкөлдүн жарык дүйнөгө келгенинен, же Чоң Казаттын жүрүшүнөн айта баштаарын, кыскасы, буйрукка жараша болоорун да билдирди Жайсаң Ата...

Аңгыча жолугушуунун убактысы бүтүп калды.

Электр зымдары тийише калганда «жарк» дегендей күчтүү жарыктан көзү уялып атып, өзүнө келген Бүбү Мариям дендароо болуп, каерде экенин билалбай бир саамга турду да, анан квартирасынын короосунун ичинде экенин түшүндү.

Эки-үч кадам шилтеп жепирейген отункананын эшигине жеткенде ички тарабынан бекиген илгичи өзүнөн өзү көтөрүлүп, каалга дабышсыз ачылды.

– Апа, ушунча тез келдиңизби? Эшикти ким ачып берди? – деп Кырчынбек суроо салып тосту.

– Эшикти бекем бекитип жатып жүрсөңөр деле мага ал өзү ачыла берет, андан чочулабагыла, – деп Бүбү Мариям жооп кайтарып, чүпүрөк тосмонун наркы бөлүгүнө – өзүнө таандык бөлмөгө өтүп кетти.

# ТИБЕТ ТООЛОРУНА АЛГАЧ ИРЕТ БАРУУ

Жайсаң Ата кийинки кезиккенде дастан айта баштайм деп убада бергендиктен, келерки бейшембини Бүбү Марийм чыдамсыздык менен күттү. Күткөндө убакыт өтпөй маалкатып калат эмеспи. Жети жылдай созулган жети күн акыры артта калды. 12-октябрда кечкисин колдо бар оокат менен даам ырастап, жыт чыгарып, дуба окуган Бүбү Марийм үйдөн чыгып, Чаектин Шортоң[1] деп аталчу колотуна жетип, жаңы гана өөдө баса баштаганда Шоола түштү.

Бул жолку жолугушууда айрым бир эскертүүлөрдү жасаган Жайсаң Ата: бүгүн Нуркыздардын бири – Чолпон планетасын мекендеген Нуркыз менен Бүбү Марийм кезигишээрин, дарыгерчилик өнөрүнө ушул учурда өтө зарыл болгон маалыматтарды сурап алышы керектигин айтып бүткөн кезде медитациянын убактысы аяктады. Шоола мунарыктап, үн алыстап баратканда «Жайсаң Атанын апасынын аты ким болду экен?» – деп Шакин Эсенгулов дайындаган соболду Бүбү Марийм берүүгө жетишти. Өз апасы жөнүндө кыска, бирок нуска жооп кайтарды, Жайсаң Ата. Андан ары үзүл-кесил чыккан үн угулбай калды. Аптыга дем алып аткан калыбында кадимки абалга келген Бүбү Ма-

---

[1] *Шортоң* – Чаекке жакын жайгашкан көлдүн аты.

риям айдын жарыгына бөлөнгөн жон ылдый түшүп, анын этегине жеткенде кайрадан бөлөк Шоолага чулганып, – ал Шоола абдан жагымдуу, жылуу жана жашылгыт түстө эле, – түш көргөндөй окуяга аралашты.

«Түш көргөндөй» деп бекер айтылган жок. 10-сентябрдагы медитация учурунда да Бүбү Мариям түшүндө көргөндөгүдөй укмуштарга учурабады беле. Андагы керемет көрүнүш – Нуркыздарга кезиккендиги, жомоктогудай ажайып дүйнөгө кабылгандыгы Бүбү Мариямдын жапжалгыз өзү үчүн гана чын, ал эми анын замандаштарынын көпчүлүгү үчүн жомок сыяктуу болуп кала бербеди беле. Алибетте, азырынча. Ал жолугушуу чын экендигине ынангандардын саны дагы көбөйөрү чын дечи. Кийин, убак-сааты келгенде...

Эми ошол 10-сентябрь күнүндөгү (1995-жылы) окуянын уландысына Бүбү Мариям кайра кабылып, тогуз Нуркыздын бири – Чолпон планетасын мекендеген Нуркызга жолукту. Анын турган турпаты, кийген кийими баягыдай эле ажайып кооз. Бир гана айырмачылыгы, – маанайы шайыр да эмес, чөгүнкү да эмес, абдан олуттуу.

Тогуз Нуркыз менен кезигишине Жайсаң Ата себепчи болгон сыяктуу эле, ошол тогуз Нуркыздын бири менен жолугушуу демилгеси да Жайсаң Атага таандык эле. Бүбү Мариям үчүн ушул учурда ушунчалык зарыл маалыматтарды айтып берүүсүн өтүнгөн эле. Ошол өтүнүчтү аткаруу үчүн келген Нуркыз өтө жагымдуу шыңгыраган үнүн чыгарып, дарыгерчиликке тиешелүү маалыматтарды айтууга өттү.

Бүбү Мариям уккандарынын арасынан эске сактоого ылайыктууларын көңүлүнө түйдү, жазып алчуларын дептерине көчүрдү.

Ал маалыматтар, биринчиден, Шакин Эсенгуловдун табышмактуу дартын дарылаганга кереги тиймек. Жакындан бери анын оорусу кайра козголуп, ага эмне чара көрүүнү Бүбү Марияем билалбай аткан. Оору күчөгөндөн күчөп барып ээсин жалмап коё турган болсо, Жайсаң Ата айта баштайм деген дастан өтө деле орчундуу болбой калышы ыктымал. Анткени, Бүбү Марияем өзүн дастанчы же жазуучу катары түк элестетпей, элдик дарыгер деп гана толук эсептегендиктен, ошондой эле, буга дейре жазылган ыр саптарынын баары Шакин Эсенгуловду айыктырууга дары деп кабыл алгандыктан жана «Манастын» алгачкы автору ким?» – деген суроосуна жооп табам деп атып Жайсаң Атага кезиккенден кийин кабыл ала баштаган белгилерди чечмелеп ыр саптарына айлантып кагазга көчүрүүгө өткөн күндөн тарта, ал кишинин өтүшүп кеткен дарты басаңдап баратканы да кокустук эмес болчу. Ал кишинин аман турушу Жайсаң Атага да, Бүбү Марияемга да зарыл эле.

Экинчиден, Шакин Эсенгуловдон сырткары дагы үч-төрт адамдын оорусуна себепкер болуу үчүн деле Нуркыздын айткандарын пайдаланмак. Үйүнөн кетип, жепирейген отунканада жашай баштаган Бүбү Марияем күнүмдүк оокаттын өтүшүнө керек тамак-ашты, кандайдыр бир буюмду эч кимден эч убакта сурап алалмак эмес, бирок тирүү жан болгондон кийин, ач-жылаңач калалмак да эмес. Ошондуктан өзүнөн мамилени үзбөгөн ушу үч-төрт оорулууга кызмат көрсөтүү жолу менен, алардын мүмкүнчүлүгү жете алчу нерселерди табышып коюшун суранмак. Ансыз деле так ушинтип аракеттенип аткан. Бирок жан кейиткен азыркы абалдан аман калышы үчүн, аны түшүнбөй күнөөлөгөндөр табасын кандырбаганга жетишиш үчүн, ошол үч-төрт

адамды дарылаганы күткөн натыйжаны берүүсү өтө зарыл экендигинен улам да, алардын дарты тууралуу кошумча маалымат керек эле.

Дагы ушул сыяктуу муктаждыктарды убактылуу болсо да чечүүчү маалыматтарды айтып аткан Нуркыз эч нерседен аянбады. Өзүнө белгилүү нерселердин көпчүлүгүн баяндады. Атүгүл, Бүбү Мариямды Тибет тоолоруна чейин алпарып, Сертог Манба аттуу монахтын ысымындагы монастырда сакталуучу «Вайдурья-Онбо[1]» деп аталган дарыгерчиликтин эң улуу эмгегинин «Бри-ша» деген иллюстрациялык (сүрөттөр менен берилген) бөлүгү менен тааныштырды. Ушул улуу китеп качан, кантип, ким тарабынан жаратылгандыгы тууралуу да айтып берди. «Вайдурья-Онбодогу» жазууларды уурдап алууга кылынган айрым бир аракеттер жөнүндө дагы кабардар кылды.

Кыскасы, жашгылт шоолага чулганган Нуркыз абдан арбын маалымат берип жана жөнөкөй акыл менен өлчөп болбос аралыктарды кыдыртып бүткөн кезде таң кылайып атып калгандыктан, Бүбү Мариямды короосунун ичине калтырды да, Чолпон планетасына кайтты.

Кызыктуу түшү ийгиликтүү аяктаган соң, таттуу уйкудан ойгонгондой абалда медитациядан келген Бүбү Мариямга ичинен бекиген каалга өзүнөн өзү ачылып, ичкери кирди. Бул жолкуда таңкы ширин уйкуда жаткан Кырчынбек менен Жазгүл анын келгенин туюшкан жок.

Уйкусу келбей жана түк чарчабай турганын сезген Бүбү Мариям Жайсаң Ата айткандар түшүрүлгөн белгилерди чечмелеп жазып бүткөн кезде Шакин Эсенгулов келди.

---

[1] *Вайдурья Онбо* – дарыгерликтин улуу сырлары жазылган китеп.

– Ушул элеби? – деп нааразы болуп сурады жаңы жазылган ыр саптарын окуп.

Сакалына ак кирген чопчоң эле киши, момпосуйга таарынган бала кебетеленип, өзү күткөн нерсесин талап кылып турганына Бүбү Марийам катуу туталанып барып кайра жазылды. «Мен эмне гана күндү көрүп, кайда гана барып келгендигим менен иши жок кишинин кылаары ушу да. Анын кантип иши болмок эле. Медитацияга чыккандан кийинки абалымдан таптакыр кабардар болбосо. Же өзүм алар жөнүндө чечилип айтпасам. Мени да туура түшүнүш керек. Мен сырларымды айтканымда деле, башканы коюп, ушул эле Шакин агай ишенбес. Аны бир гана нерсе – дастандын жазыла башташы кызыктырат. Мен ошо дастан деп жүргөндөгү аман-эсендигиме дегеле кызыгып койбойт» дегендей ойлор башына келип, күлүп жибере жаздап, араң кармады. Үндөбөдү.

– Ушул элеби? – деп Шакин Эсенгулов суроосун кайталады түнөргөн калыбында.

Азыркы дүркүрөп өнүккөн медицинанын эң соңку ийгиликтеринен көп эсе жогорку көрсөткүчтөрдү бере алуучу дарыгерчиликтин өтө улуу китеби «Вайдурья-Онбо» эмгеги жөнүндө, анын иллюстративдүү бөлүгү жөнүндө, жана айрым бир керектүү маалыматтарды алып келгендиги жөнүндө Бүбү Марийам үстүртөн өтө учкай айтып берди эле, бул уккандарына ишенер же ишенбесин билбей олку-солку болгон Шакин Эсенгулов:

– Сиз буларды кайдан билесиз? – деп шектенип суроо берди.

– Кайдан билерлигим анча маанисиз. Ал эми «Вайдурья-Онбо» эмгегинен алган маалыматтарымды кантип пайдаланарым жөнүндө сизге айтууга акым жок, – деп кесе айтты Бүбү Марийам. Антпесе, Ша-

кин Эсенгуловдун бир жаман адаты бар: ар нерсе жөнүндө сурамжылап, айтууга болбой турган маалыматтарды да билгиси келе берет. Азыр дагы ошонусун карматып ар кандай суроолорду жаадырышы ыктымал. Ал кишинин дагы бир жаман адаты: Бүбү Мариям медитацияга чыгып келгендигин уккан кездерде: «Жайсаң Ата эмне үчүн мени да сизге кошуп ээрчитип албайт. Сизге айткандарды мага айтпайт!» – деп наалып, «Ушул карапайым аялга берилген жөндөм эмне себептен менде жок? Эмне үчүн бул аялдын ордунда мен эмесмин?» – дегендей күмөндүү ойлорун ачык билдирет. Ушундай учурларда Бүбү Мариям: «Өзүн өтө акылдуу адам катары эсептеп, өзгөлөрдүн баарын байкуш жана галдирбай[1] катары караган ушу киши бир жүйөөлүү жагдайды эсине албай атат. Мен кандайдыр бир жөндөмгө ээ болгон болсом, ал нерсе менин эркимден сырткары, менин каалоом же аракетим аркылуу эмес, ата-бабаларыбызга таандык арбактардын айрымдарынын же Улуу Күчтүн чечими менен аткарылууда жана ошолордун тапшырмасын орундаганга милдеттүүмүн; эгер Шакин агай мага кошулуп медитацияга чыга турган болсо, арбактар менен жолугушканда, же корккону нан жүрөгү жарылып кетиши мүмкүн, же башка катмардан кайтып келүүнүн жол-жоболорун билбей, дайынсыз жоголуп кетиши да ажеп эмес. Мына ушундай опурталдуу шарттар менен түк эсептешпей, өзү таптакыр даярдыгы жок дүйнөгө аралашкысы келгендиги, алибетте, көрпенделиги» – деп ойлоп, аны абдан аяп, туура түшүнгөнгө аракеттенчү. Азыр дагы ал киши ишенбей койбосун деп кооптонгондуктан, Бүбү Мариям түндө Тибет тоолоруна чейин барып

---

[1] *Галдирбай* – акыл-эси кем деген мааниде.

келгендиги жөнүндө түк эчтеке айтпай коюп абдан туура кылган болчу.

Ал эми Шакин Эсенгулов:

– Дастан дагеле башталбаптыр? – деп суроону өзү өтө кызыккан тарапка бурду. – Эмне үчүн кечигип атат десең?! Кийинки кезиккенде айта баштайм деп убада бербеди беле?..

– Жайсаң Ата менин көрпенделигимди көрүпбилип тургандыктан, баштаган ишти аягына жеткирбей коёбу деп чочулап атса керек, – деп Бүбү Мариям да жүрөгүн өйүгөн түпөйүл оюн ачык айтты. Шакин Эсенгулов муну ырастагандай үнсүз тунжурап тим болду.

# ӨТӨ КАТААЛ ЧЕЧИМ

Бүбү Марийям дагы бир күтүлбөгөн окуяга кабылып, соңку үч жылдан бери колдонуп келаткан камчы менен теспеден ажырады. Муну күтүлгөн нерсе катары караса да болот. Убактылуу пайдаланууга алынган буюмдар эртедир-кечтир ээсине кайтарылмак. Болгону, аталган эки ыйык буюмду эмне кылышы керектиги жөнүндөгү көрсөтмөнү Бүбайша апа өзү берген учурда гана... Ага дейре камчы менен теспе Бүбү Марийямдын колунда калууга тийиш эле. Анткени, Бүбайша апа өзүнүн баласы Бокиндин түшүнө кирип: «Менин көзүм өткөндө сенин сактооңдо калтырылган камчы менен теспени Бүбү Марийямга бер!» – деп дайындап, ал эми Бүбү Марийямга да кандайдыр бир табышмактуу жолдор аркылуу жолугуп: «Менин камчы, теспемди Бокинден сурап ал!» – деп тапшыргандыктан Бүбү Марийям Бокинге барып, аманатты айтып, анан алардын макулдугу аркылуу касиеттүү камчы, теспени алып кеткен. Эми кайра кандайдыр бир белги Бүбайша апа тарабынан берилбесе, эки буюм өзүндө сакталууга тийиш деп эсептегени да ошондон. Бирок, акыркы эки айдан бери айылды жөө тумандай болуп каптап калган ушак-айыңдарга, имиштерге Бокиндин келинчеги Жүкүн да ишенип алгандыктан жана камчы менен теспеге эптеп эле ээ болгусу келген жалган табыптардын азгырыгына да жетеленгендиктен, Бүбайша

апанын атын сыйлабай, анын арбагынын эрки менен түк эсептешпей, «көзү жоктун сөзү жок» дегендей кадамга барды. (Окуянын күтүлбөгөн жери мына ушунда болуп атпайбы.)

– Эже, мен сизге келдим эле. Жеке өзүңүзгө айтаар сөзүм бар, – деп кайрылды Жүкүн.

– Мен сенин эмнеге келгениңди билем. Жеке өзүмө эмес, жанымдагылардын көзүнчө тартынбай айта бер. Мен булардан жаап-жашырар сыр жок, – деп жооп айтты Бүбү Мариям өзүн мүмкүн болушунча жайбаракат карманып. Анткени, Жүкүндүн ушинтип келээрин бир нече күн мурун туйгандыктан, камчы менен теспени алып кете турган болсо, анда эмне болот деп алдын ала башталган тынчсыздануусун азыр билдирбөөгө аракеттенди.

– Камчы менен теспени алганы келдим эле... – Жүкүн келген максатын түшүндүргөнү менен, эмне үчүн алышы керектигин түшүндүрө албады.

– Сенин ушунча ниетиң бузулуп, алууну көздөп калгандыгыңды көрүп туруп, мен камчы менен теспени сага бербей коё албаймын. Мен аларды ырастап койгом, – Бүбү Мариям ошо эки буюмду сакталуу турган жайдан алып келип, Жүкүнгө сунуп, сөзүн улады. – Бирок ачык айтып коёюн: сен азыр жөн гана камчы менен теспени аласың. Алардын касиеттери менде калат. Ал касиеттерди Бүбайша апанын уруксатысыз эч кимге өткөрүп берүүгө акым жок. Демек, сен бул камчы менен унааны камчылансаң болот. Теспени шуру ордуна мойнуңа тагынып аларсың. Эми эки буюм тең башка эч нерсеге жарабайт. Сен эмнени кааласаң, ошого ээ болдуң...

Жүкүн Бүбү Мариямдын сөзүнүн төркүнүнө маани деле бербей, камчы менен теспени алды да жолуна түштү.

Бүбү Мариям жанындагы үч-төрт келинди дарылоону дароо токтотуп, башка күнү кабыл алаарын айтып, аларды узатты да, бөлмөнү өзүнө тиешелүү кылып бөлүп турган көшөгөнү түшүрүп койгон соң ыйлап кирди.

Ак жаанга айланып алып токтобой койгон жамгырдай болуп акты анын көз жашы. Араң турган тосмону жарып кеткен селдей болуп акты анын көз жашы.

Ансыз деле кыйноо жана сыноолор аз эмес болчу Бүбү Мариям үчүн.

Соңку үч жылдан бери жанынан  дээрлик чыгарбаган касиеттүү эки буюмдан кутүүсүздөн ажырап калыш жөнөкөй жоготуулардын бири эмес болчу Бүбү Мариям үчүн.

Ушу камчы менен теспеге ээ болгон күндөн элдик дарыгерчилик деп аталчу сырдуу өнөрдүн жолуна түшпөдү беле. Ошол күндөн ушул бүгүнкүгө чейин камчы менен теспенин касиеттүү күчтөрүн пайдаланып, нечен-нечен оорулуулардын сакайышына себепкер болбоду беле.

Ушу камчы менен теспе колунда болбогондо, анда өтө өтүшүп кеткен дарты бар Шакин Эсенгулов деле өзүнө келмек эмес. Келген күндө деле, кандайдыр бир жылышты байкамайын, ал киши Бүбү Мариямдын дарыгерчилигине ынанмак эмес жана алардын мамилеси бат эле үзүлүп калмак.

«Манас» эпосунун миң жылдык маарекесине кызуу даярдык көрүлө баштаган кезде, «Манас» дастанынын  алгачкы автору ким экенин билип бересизби?» деген суроосун бермек эмес. Андай болгон күндө, Бүбү Мариям Жайсаң Атанын арбагына кезикпей калышы ыктымал эле. Балким, башка бир шарттардын түзүлүшүнөн улам, баары бир жолукмак. Ага бир беткей жооп айтуу дээрлик

мүмкүн эместир. Ошол себептүү, кайра эле камчы менен теспенин ээлеген орду эбегейсиз зор болуп атпайбы.

Ушу камчы менен теспени уруксатсыз алып кетип калган ээнбаштык жана эси жоктугу үчүн күйөөсү Бектемир менен кымындай кылчактабай туруп ажырашып тынбады беле. Үй-бүлөсүз, үйсүз-жайсыз, жапжалгыз калууга өз эрки менен башын байлап, кыйынчылыктын баарына чыдайм, кордуктун, кемсинтүүнүн баарын көтөрөм деп, кара жанын карч уруп, аракеттенип атпады беле.

...Анан эле ушунун баары жокко чыгарылгандай болуп, эң ыйык туткан эки буюмунан ажырап калабы? Ушуга көнүү, макул болуу Бүбү Мариям үчүн канчалык оор. Камчы менен теспе жок жашоосун элестетиш кандай кыйын.

Ошон үчүн Бүбү Мариям такыр токтоно албай ыйлады. Ага кошулуп синдиси Гүкү, кызы Нургүл жана курбусу Бегайымдар да көз жаштарын төгүштү.

Бүбү Мариямдын токтобой төгүлүп аткан көз жашын Шакин Эсенгулов тыйды.

Жумгал районунун элдик театрынын жетекчиси болгон бу киши өз жамааты менен гастролдо кыйла күндөн бери жүргөн. Бирок күтүүсүздөн оорусу күчөп, шашылыш түрдө Чаекке кайтып келип, ошо замат Бүбү Мариямга кайрылган. Бүбү Мариям жеке өзүнө гана белгилүү ыкмаларды колдонуп атып жарым сааттын ичинде Шакин Эсенгуловдун кыйналган жанын сеп алдырган соң, өзүндөгү өтө чоң жоготууну айтып шолоктоду.

– Абдан жакшы болгон тура, – деп Шакин Эсенгулов күтүүсүз пикирин ортого койду. – Бирөөнүн доолуу буюмдарынан ырас кутулупсуз. Мен сиз үчүн дайым тынчсызданчумун. Ниети бузук кимдир-

бирөө, – андайлар чыкпайт деп ким кепилдик берет, – камчы, теспеңизди уурдап кетсе, же жок кылып койсо, сиз кандай абалда калат деп, чын айтам, абдан коркчумун. Мына, жакында эле Бектемир эки буюмду алып кеткени эмне менен бүткөнү баарыбызга белгилүү. Кыскасы, камчы менен теспенин башы аман кезинде кутулганыңыз өтө туура болуптур. Сиз мындан ары киши дарылай албай калам го деп тынчсыздана көрбөңүз. Сиздин касиеттериңиз Бүбайша апанын камчы менен теспесинде гана эмес, сиздин өзүңүздө дагы болчу. Сиз – Бүбү Мариямсыз. Ушуну эстен чыгарбасаңыз.

Мынчалык чечкиндүү пикирди Шакин Эсенгулов ачык айтат деп күтпөгөн Бүбү Мариям, адегенде, ал киши же шылдыңдап атканын, же табалап атканын ажырата албай турду да, анан анын көзүнө тик карап, өтө олуттуу сүйлөгөн кебетесин көргөн соң, чын пейлинен өз оюн айтып атканын билип, туталанды. Анын сөздөрүнүн маанисин толук түшүнөөр замат, жандүйнөсүндөгү жүрүп жаткан дүрбөлөң дароо тыйылып, көңүлү тынчый түштү. «Чын эле, камчы менен теспеден кол жууганым менен, Жайсаң Ата бар эмеспи. Кийинки кезиккенде айта баштайм деген дастан бар эмеспи. Дастанды кабыл ала баштасам деле көп кишиге керегим тийип калгысы бардыр!» – деп ойлоду.

Ошентип, камчы, теспеге байланышкан маселе баардык тарап үчүн туура чечилди.

Бүбү Мариям 2-ноябрда кечинде байланышка чыгууга даярданып алып эми жөнөйүн деп атса, Бегайымдын сиңдилери келип калышты.

– Апабыз жаман болуп атат. Коркутуп атат. Жүрүңүз. Жардам бериңиз, – дешти көздөрүнөн жаштарын куюлтушуп.

«Мен медитацияга кетип аттым эле. Азыр силер менен бара да албайм. Апаңарга жардам бере да албайм» – деп оюнда ойлогону менен сыртынан айталбады. Антүүгө акысы жоктой сезилди. Көп жыл катары менен ынак курбусу болгон Бегайымдын кадыр-баркын эске алып, кете албады. Анан дагы, жакында үйүнөн кетип, тааныш-тамырлар менен тууган-туушкандардын көпчүлүгү андан жүзүн тетири бурганда, ушу Бегайым мамилесин үзбөй, жанында болуп, кыйла эле колдоо көргөзгөн. Көчөдөн-көчө кыдырып квартира издешкен. Ушул сыяктуу жакшылыктары бар курбусунун апасы ажал оозунда жатса, колдон келген жардамды, – эгер эле колдон чындап келе турган нерсе болсо, – берип койгонго неге болбосун деп ойлоп, алардыкына барды.

Шолоктоп ыйлаган Бегайымды, чогулуп калган кошуналарды жана байбичесинин бетин жоолук менен жаап аткан Бегайымдын атасын көрдү. Үндөбөстөн Айша апанын жанына отуруп, билегин кармады да, байбиченин узун тамыры бир жолу билинер-билинбес сокcондуктан, бетинен жоолукту алып, чекесине оң колун коюп, анын тамырын кармаган сол колу аркылуу өзүнүн энергиясынан бөлүшө баштады. Жарым секундча убактан кийин Айша апа көзүн акырын ачты да, анан акырын үшкүрүндү. Сенейген колун кыймылга келтирип, төшөгүн ээгине жеткире тартты. Бүбү Мариямдын колун алсыз кысып: «Айланайыным!» – деп алкады. Кыздары ыйын токтотушту. Бөлмө ичи жымжырт.

– Апа, кыздарды коркутпаңыз, – деди Бүбү Мариям анын маңдайынан сылап, – Кудай деп туруңуз…

Андан соң:

– Бегайым, мени туура түшүнүп, таарынба. Медитацияга жөнөгөн жеримден сиңдилериң чакырып

келишти. Эми жолумдан калбай барайын, – деп курбусуна кайрылды да, сыртка жөнөдү.

Шашып-бушуп үйгө жетти. Бир чака муздак суу менен короонун далдоо жеринде денесин чайкаган соң, кийинип алып көк баштыгын көтөрдү да, тоого багыт алды. Баятан жакшынакай эле болуп турган аба ырайы кескин бузулуп, асманды кара булуттар каптап, жамгыр жаап кирди. Бүбү Мариям кийими суу болгонуна карабай өтө ыкчам басып «Жаманталаага» жетти. Дайыма медитацияга чыкчу жерге келсе, мурдагыдай болуп Шооласы түшпөй койду. Болжогон убактысынан кечикпесе деле Шооласы түшпөй аткандыгынын себебин түшүнө албады. Балким, күн бүркөк болгондуктан, Жайсаң Ата Шооласын түшүргөнгө ыңгайсыз болуп аткандыр деп ойлоду. Кыйла күттү. Акыры андан майнап чыкпасы айкын болгон соң дагы илгериледи. Айылдан алысыраак жана бийигирээк жактан байланыш болуп калаарына үмүттөндү. Утуру бийиктеп кете берди. Байланышка ылайык деп эсептелген жайлардын биринде дагы үмүтү акталбады. Акыры бир нерсеге: эмнеден жаңылып, эмнеден адашканына иш жүзүндө ынанды да, ыйлап жиберди.

«Мен куруюн. Менин эсим да, акылым да жок. Бегайымдын сиңдилери мен үчүн жөн гана азгырык экенин туюп-билип туруп анан эмнеге алардыкына бардым десең. Төрүнөн көрү жакын калган кемпирдин тагдырына кийлигишип тапканым эмне? Дастанды айта баштайм деген Жайсаң Атаны таарынтып алдым. Эми Жайсаң Ата мени менен байланышка эч убакта келбей койсо, анда кантем? Дастан аркылуу Шакин агайды сакайтууга аракеттенишим керек эле, эми эмне кылам? Кантип дарылайм? Мен кимди кимге айырбаштап жибердим? Же эмнеге ээ болуп, эмнеден кол жуудум? Айша апа көп

болсо дагы эки-үч гана күн жашай алат. Көрөр күнүн жашап бүткөн, ичээр суусун ичип бүткөн. Сексенден ашырып өмүр сүргөн кемпирдин эки же үч күндүк өмүрү узарышы үчүн, эч кандай баа жеткис, Улуу Дастанды айырбаштап жибердимби? Ошо эки же үч күндүк өмүр Айша апанын өзүнө керек беле? Анын кыздарына жана күйөөсү Иманкарыга керек беле? Аларга түздөн-түз тиешеси жок мага керек беле? Эч кандай керек эмес болчу! Мына ушул жагдайды түк эске албай, жөнөп аткан жолумдан чыгып, өзүмдүн эркимди өзгөлөрдүн эркине багындырып, көңүлүм каалабай турган ишти аткарганым үчүн – көрпенделик күнөө кылганым үчүн, алибетте, жеке өзүм гана айыптуумун. Айыбымды мойнума алганым абалымды жеңилдетүүгө жарабас эми. Баары кеч болуп калды окшойт...» – деп Бүбү Мариям оюнда өзүн өзү урушуп, тилдеп баратты. Өмүрүндө биринчи ирет өзүнө өзү өтө катуу таарынып, түңүлүп, көңүлү кирдеп баратты. Жамгырдай төгүп көз жашын, Шооладан үмүт үзалбай, Жайсаң Атаны издеп баратты.

Баяраакта башталган жамгыр эми кар аралаштырып жаап кирди. Бүбү Мариямдын аябагандай зор адашуусуна Жаратылыш да кейигендей, капалангандай, ошон үчүн жамгырын да, карын да төгүп, ыйлап аткансыды. Жок, бул жаратылыштын гана эмес, Жайсаң Атанын да көз жашы сыяктанды.

Кийими чылгый суу болуп оорлошконуна карабады, Бүбү Мариям. Жер кыртышынын суу өткөн бөлүгү жибип, басуу кыйындаганына да карабады, Бүбү Мариям. Көзгө сайса көрүнгүс караңгыда тоонун боору менен тик жогору чыгып баратканына дагы карабады, Бүбү Мариям.

«Менин соңку эки-үч айдагы жашоом жалаң гана Жайсаң Атага, анын айтам деген дастанына бай-

ланыштуу болуп калбады беле, – деп ой жүгүртүүсүн улантты. – Дастан жазылмак болду деген кабарды күйөөмө ачык айталбай, – анын ишенбей коюшунан жана эми жазуучуну дарылайм деп өзүң дагы жазуучу болуп кетмей болдуңбу деген шылдыңынан корктум да, – ошол эле мезгилде Бектемирдин тыюсуна көнбөй, кабыл албай, аны менен ажырашып тынбадым беле. Бул кылганым эч кимге түшүнүксүз кадам болгондуктан, айылдаштардын көпчүлүгүнүн терс мамилесине кабылып, жалган жалааны өзүмө жабыштырбадым беле... Менде жапжалгыз гана максат калбады беле. А бирок, жаңылып калганыма байланыштуу, аткараар акыркы ишимден ажыраганым ушул болсо, ушунум чын болсо, анда мен мындан ары жашабай эле койгонум туура! Ансыз да айылдан абдан алыстап кеттим окшойт. Эми бир аскадан боюмду таштап жиберейин. Баарына чекит коюлсун...»

Бүбү Марияма оюнда ушундай укмуш катаал чечимге бекиген кезде, Мадемил тоосунун боорундагы көп аскалардын биринин кылда учунда турган эле.

«Ушул бийик аскадан бой таштасам, аман калбасым чын. Денем жакын арада табылбасы да чын. Кар көмгөн өлүгүмдү жазында кимдир бирөө кокустан эле көрүп калбаса. Балким, ит-куш жеп кетээр. Кыскасы, ит өлүмү менен өмүрүм бүтмөй болду го, сыягы. Айтмакчы, «Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт» деп айтылат эмеспи. Мен эмне, жакшы итчелик иш кылалбайт бекем...»

Асканын кылда учунда турган Бүбү Мариям өмүрүнүн соңку ирмеминдеги эң акыркы ишин – ойжүгүртүүсүн аягына жеткирип, толук бүткөрүп коюу үчүн гана боюн ылдый таштаганды утурумдук токтотуп турду. Көз жашы болсо токтобой агып атты. Кар аралашкан жамгыр тынымсыз төгүп атты.

«Азыр мен аябагандай зор күнөөгө батканы турам. А бирок аны жасабай койгонум андан алда канча чоңураак күнөө экенин билип турган соң, башка аргам барбы?» – деп Бүбү Марийам оюн аягына жеткирди. Кымынчалык кыйылбай, кылчактабай, коркпой... боюн төмөн таштады.

А бирок шуулдап учуп жөнөгөндүн ордуна, эки буту асканын учунан таяр замат денеси калкып калды. Көзгө көрүнбөгөн тосмого тутулгандай туюмда болуп, анын эмне экенин аныктоо үчүн эки жагын карады да, күтүп атып келтире албай койгон Шоола төшөлүп, ошонун үстүндө калкып турганын түшүндү. Шооланын экинчи учунда, өзүнүн башы тарабында Жайсаң Атанын үрөйү учуп корккон карааны...

«Чырагым!» – деп кайрылды Жайсаң Ата. Бирок өтө катаал кайрылды. Буга чейин мынча катаал кайрылып көргөн эмес. Мындан кийин да мынчалык катаал кайрылбас. Андан ары сөзүн улап:

**«...Алакан жайып дуба айтып, өзүнө ишенбесе жолунан кайтып, салмагы туздан да оор журттун жүгүн көтөрө алаарына же көтөрө албасына түз жооп беришин»** – сурады, Жайсаң Ата.

Жайсаң Ата жардамга келип аскадан учурбай аман алып калаарын дагы, ага удаа эле журттун жүгүн көтөрө аласыңбы же албайсыңбы деген суроого так жооп берүүгө туура келээрин дагы күтпөгөн Бүбү Марийам эмне айтаарын билбей апкаарый түшүп, бир көз ирмем мурдараакта эле жанкечтиликке баргызган чечкиндүүлүгүнүн деми менен көкбеттигин карматып: «Арткан жүгүн көтөрөр же көтөрбөсүм мага караганда өзүнө көбүрөөк белгилүү да!» – деп оюнда каяша айтты. Бул анын экинчи жолку каяшасы эле. Чындыгында Бүбү Марийам «көтөрөм» деп убада бере албак эмес. «Көтөралбайм»

деп баштарта алмак да эмес. «Аракет кылам» деп да алаксыта албайт болчу. Анткени, бул сырдуу жана кооптуу ишке өз каалоосу же чечими менен аралашпастан, так ошо Жайсаң Атанын тандоосу жана чечими боюнча кошула баштагандыктан, эртеңки күнү эмне өзгөрүүлөр жүрүп кетеринен караманча кабарсыз экендигине байланыштуу, буйруктагы нерсеге гана баш ийе алмак. Ушул жагдайлардан улам Жайсаң Ата каяшаны туура кабылдап, жанагы катаалдыгын кыйла жумшартып, сөзүн улады.

Чоң казат жүргөн талаада жарадар болуп эси ооп жатканда, ачык турган асмандан күркүрөп чыккан сырдуу үндү угаар замат өзүнө келип, айта баштаган дастанын элине толук жайылта электе, ичтардыктын айынан жалган дүйнө менен коштошкондуктан, кыргыз элинин **эң улуу инсаны**, **акылманы, баатыры Айкөл Манасты** жана **ал жашаган доорду** даңазалаган дастанды жумурай журтка жеткире албагандыгы үчүн жан-досу чын дүйнөдөн жай таппай, кийинки ар бир кылым сайын бир жолудан төрөлүп, баш-аягы дагы тогуз жолу утуру жаралуу жолу менен жасаган умтулууларынан деле жетиштүү майнап чыкпагандыгына байланыштуу, соңку төрт жүз жылдын ичинде эч кандай аракет кылбагандыктан, **«чаң уюп, тозоң каптап, далки баскан, козголбой төрт кылымдан бери жаткан, журт жүгүн ишенип жонуңа артам, ак жолуң ачылсын!»** – деп бата берди.

Кыйынчылыктар качан да болсо коштоп жүрөөрүн, эми жаңыдан жазыла баштай турган дастан аягына жеткенге чейин эч кимге ачык сырды айтпашын, эгер айта турган болсо, ичитар кимдир бирөө элдин энчисин ээлеп алууга аракет кылаарын эскертти.

**«Айкөл Манас» дастанын жазып аягына жеткириши үчүн бу дүйнөнүн кызыкчылыкта-**

**рынан кечип кетиши керектигин дайындады.**

Көп кылымдан бери катып келген дастанымдын жолу чындап ачылып, элиме-журтума жетип, урпактарымдын керегине жарасын деген аруу тилеги ишке ашышын Теңирден тиленди.

Көз жашына жуурулган баян эч кимдин эсинде сакталбай калабы деп зар какшаган учурлары унут болоруна, ушул кызы аркылуу дастанды анын анык ээси – элине тартуулай аларына чексиз кубанычта экенин жаап-жашырбады...

* * *

– Жазгүл, ач, мен келдим! – деп Бүбү Мариям үнүн өктөм чыгарып каалганы каккылады. Катуу уктап жаткан Жазгүл ыргып турду да, жылыткычты токтон суура калып эшикти ачты. Бүт кийими чылгый суу болгон, жоолугунун сыртына чыккан маңдайкы чачтарына ак бубак муз тоңгон Бүбү Мариям шайдоот басып өз бөлмөсүнө кирди, үй ичин жылытып койгон кызына ыраазы болду. Ысык жылыткычка жонун жөлөп олтурду да көк баштыгындагы дептерин алып чыгып жаңы белгилер жазылган бетти ачты. Аларга кунт коюп карады.

Ошо маалда саат таңкы бешке чукул болчу.

Бүбү Мариям бир нече белгини чечмелеп, пайда болгон сөздөрдү – шурудай тизмектешкен ыр саптарын бөлөк дептерге эми гана жаза баштаган кезде...

Жер эки-үч курдай силкинди...

«Айкөл Манас» дастанынын Жайсаң Үмөт уулу айткан варианты Бүбү Мариям Муса кызынын ортомчулугу аркылуу кагазга түшүрүлүп жазыла башташынын жана 1995-жылдын 2-ноябрында таңкы саат беш мүнөтү кем беште жер титирөөнүн болушунун түздөн түз байланышы бар эле...

## ОКУРМАНГА БИРИНЧИ КАЙРЫЛУУ

*Өзүнөн өзү түшүнүктүү болгондой, кереметтүү окуя эми чындап башталмакчы. Аны арабызда эле эч кимибизден өзгөчөлөнүп бөлүнбөй жана билинбей жүргөн карапайым замандашыбыз Бүбү Мариям Муса кызы аткармакчы. «Манас» эпосунун жаралышынын болжолдуу түрдөгү 1000 жылдык маарекеси белгиленген 1995-жылы, ошол эле эпостун түп нускасы деп эсептелген эмгек – «Айкөл Манас» дастаны жазыла башташы – ушул үрүнттүү эки окуянын бир жылга дал келиши кокустук эмес. Туурабы? Ал эми Жайсаң Үмөт уулу Бүбү Мариям Муса кызын тандап, өзүнүн өлбөс-өчпөс эмгегин элине жеткирүүчү Ортомчу кылууну чечкени дагы кокустук эмес. Ушул жүйөөлүү жагдайга ынануубузга Бүбү Мариям башынан кечирген соңку жарым жылдыктагы жомоктогудай күтүлбөгөн окуялар менен тааныштканыбыз жетиштүү эле болду окшойт. Антсе дагы, анын өмүрүндө мындан үч жыл мурун болгон өтө сырдуу окуяларга саякат жүргүзгөнүбүз артыкбаштык кылбас.*

# БҮБҮ МАРИЯМДЫН ӨМҮР БАЯНЫНА БИРИНЧИ САЯКАТ

## ТҮШҮНҮКСҮЗ ООРУ

1992-жылдын февраль айынын аягы.

Үйдүн короосунда басып келаткан Бүбү Мариям сол колу менен сол буту эркине баш ийбей, кыймылдабай калгандыктан, ордунда токтолуп турду да, оң капталына ооп, жерге жыгылды. Кокусунан эле сол колу менен сол бутунан кармачу бул илдеттин запкысын буга дейре көп эле жолу тартып, азмаз тажрыйба топтоп калганга, атайылап оң капталы менен кулады. Үйдө эч ким жок болгондуктан, кимдир бирөө келгенге чейин кардын үстүндө жатып калбаш үчүн акыркы күчүн жумшап кылган аракети абдан туура болгон экен. Бир нече мүнөт жаткан соң оң колу, оң буту жана жалпы эле оң капталы менен тырмышып кыймылдап жыла баштады. Ар бир обдулган сайын беш-он сантиметрге илгерилей берип, кыйла убакыттын ичинде он беш кадамдай аралыкты артка таштап, босогого чукулдаганда, короонун дарбазасын ачып кирип келген кызы Нургүл:

– Апа, сизге эмне болгон? – деп чочуп кыйкырып жанына чуркап жетти. Аны жерден так көтөрүп үйгө киргизди. – Врач чакырайынбы? – деп сурады диванга жаткырган соң.

Бүбү Мариям үн катып жооп beралбады. Сөз айтайын десе тили дагы күрмөөгө келбей калчудай туюлгандыктан, сүйлөгөндөн коркту. Башын чайкап врачтын кереги жоктугун билдирди. «Мага эч ким жана эч нерсе зарыл эмес. Үйдө жалгыз жата бергенди каалап турам. Ошон үчүн кызым, Нургүл, сен деле үйүңө барып оокатыңды кыла бер» деген оюн айталбады.

Кандай айла-амал менен апасынын абалын жеңилдетип ийерин билбей алактап корккон Нургүл «Кашка-Теректеги» атасына кабар айттырды. Бектемир ал күнү кечинде келип, төшөктө сулк жаткан Бүбү Мариямды көрүп:

– Бул дагы ооруп калган турбайбы. Врачты чакыртпай аткандан кийин мен жанында болгондо эмне кылмак элем. Мал-салды кароосуз калтырбай «Кашка-Терекке» кетейин. Өлсө кабар айттырарсың. Өлбөсө адатынча көп күн жатып айыгып кетет. Сен, Нургүл, апаңдын жанында бол. Бак! – деп кам көргөн кишидей «баалуу көрсөтмө» берди да, айткан жагына аттанды.

Нургүл атасынын кайдыгерлигине арданды. Апасы врач чакыртпаганына акылы жетпеди. Өзүнүн колунан келген камкордугун көрүүгө өттү: ыкчам кыймылдап суюк тамак жасай койду да, бир кесеге куюп алып келди.

Бүбү Мариям ичпестигин билдирип баш чайкады. Ал азыр эч нерсени иче албайт болчу. Анткени, анын тамагынын ички тарабында бир түшүнүксүз нерсе жүрүп аткан: бая диванга жаткырганына удаа эле, бир сөөмөй жана бир бармак оозунан кирип, алкымынын ички тарабынан ылдый көздөй сыдыра баштаган. Көлөмү чоң кишиникиндей болгон бул сөөмөй менен бармактын биринчи муунга чейинки бөлүгү гана бар сыяктанды. Чындыгында

«бар» деген сөз да тагыраак болбой калат го. Бармак менен сөөмөйдүн биринчи муунуна чейинки көлөмдөгү нерсе тыгыздык же катуулук сыяктуу көрсөткүчтөргө ээ эместигине карабай, бармак менен сөөмөйдүн учуна окшоштой таасир калтыргандыктан, Бүбү Мариям бармак менен сөөмөй деген туюмда болду жана ал эки нерсе эч кандай физикалык зат эместиги айгинеленип, Бүбү Мариям окшубады. Дем алуусуна да түк тоскоолдук көрсөтүлбөдү. Андыктан алкымынын ичиндеги ишке байкоо жүргүзүп жата берүүдөн башка аргасы калбады. «Бармак менен Сөөмөйдүн» талыкпай эмгектенүүсү бир кыйла деңгээлде жагымдуу да болчу.

Ошон үчүн Бүбү Мариям Нургүл даярдаган тамакты ичпеди. Эртеси таңга жуук:

– Кайнак суудан чоң кашыкка куюп берчи? – деп суранып, аны кайнак бойдон ууртады. Оозунун ичин күйгүзүп аларын эске албай ичкенгеби, суунун ысыктыгы сезилген деле жок.

«Бармак менен Сөөмөй» бир көз ирмем токтобой алкымдын ичин сыдыруусун улантты.

Сыртынан билинер бекен деген кыязда оң колу менен тамагын, моюнун көп жолу сыйпалап көргөн Бүбү Мариям эч нерсени байкай албады. А бирок алкымынын ичине кирген бойдон батарея менен иштеген куралдардай болуп такыр токтобой сыдырып аткан «Бармак менен Сөөмөйгө» байкоо жүргүзүүсүн улантты.

Эртеси таң атаар замат кайрадан бир кашык кайнак суу жутту. Андан башкага табити тартпады.

Үчүнчү күнү ушул көрүнүш кайталанды. Бир гана айырмачылыгы, «Бармак менен Сөөмөй» алкымдагы жумушту аткарып бүтүштүбү, айтор, бир аз ылдый жылып, моюндун ичин, кекиртекти сыдырууга өтүштү.

Кийинки үч күн удаасы менен эч өзгөрүү болбоду.

«Бармак менен Сөөмөй» кекиртектин ичиндеги ишти аягына чейин аткарышты окшойт, жетинчи күнү кызылөңгөчкө түшүштү.

Ушул күнү Бүбү Мариямдын сол кол, сол буту кыймылга кирип, Нургүлдүн жардамы менен даараткана барып келди. Бул анын жыгылгандан бери биринчи жолу барышы эле. Андан кийин экиүч күндө бир жолудан даараткана барчу болду.

Бир кашык кайнак суудан бир маал гана ичүү менен чектелгенине карабастан, арадан көп убакыт өткөндөн кийин деле арыктабады. Жатып калганга чейинки көлөмүн сактады. Жүзү кыйла агарып, айрым бир так жана сепкилдердин жоголгонун эске албаганда, өңү дээрлик өзгөрбөдү.

«Бармак менен Сөөмөй» ички органдардын ар бирине кенен-кесири токтолуп сыдыруу ишин уланта берди.

Болжол менен жыйырма күндөн кийин Бүбү Мариям кандайдыр бир үндөрдү уга баштады. Ал үндөргө кунт коюп кулак төшөп, айтылгандарды эсине түйүүгө өттү. Алар – **касиеттүү Курандын айрым бир сүрөөлөрү жана кайсы бир ооруну сакайтуу үчүн колдонулчу дубалар болчу**. Арадан бир ай өтүп-өтпөй элдик дарыгерчилик жолуна түшө турган Бүбү Мариямга бул сүрөөлөр менен дубалардын абдан кереги тиймекчи. А бирок азырынча алдыдагы окуялардан кабарсыз болгон Бүбү Мариям кулагына угулгандарды жатташым керек деп түшүнгөндүктөн, абдан аракеттенип, так жана тыкан өздөштүрүүгө тырышты. Кийин, Бүбү Мариям киши дарылай баштаган кезде, Курандагы кээ бир сүрөөлөрдүн арабча вариантын мыкты билгендигине, күчтүү дубаларды да сонун өздөштүрүп алгандыгына айран-таң калгандар көп болду.

Ошентип, анын ооруп төшөктө жатып калышына кырк күндөн ашуун убакыт өткөн соң, сол капталы кыймылга келип, өзү басканга жарап калды.

Күтүлбөгөн окуялар андан ары өзүнөн өзү өнүгүп-өөрчүдү.

Кошунасы куран окутуш үчүн киши чакырып, өзүнүкүнө батпагандарды силердикине жайгаштыралы деп сурангандыктан, анын өтүнүчү боюнча Нургүл үйдүн бир бөлмөсүнө киши кабыл алды. Алар келген учурда жатууну каалабаган Бүбү Мариям төшөгүн жыйнатып, диванда отурган эле.

– Ушуерде буту ооруган бирөө бар экен, – деп бир аял анын бөлмөсүнө чакыруусуз кирип келди. – Мен тиги бөлмөдө отуруп сездим. Анан айтайын деп атайы кирдим. Ии, сенин бутуң ооруп аткан тура. – Чоочун аял Бүбү Мариямдын жанына келип, айтпай-дебей эле анын сол бутун кармалап кирди.

Бүбү Мариям мындай ээнбаштыкты жактырбай: «Мен өзүм кайрылбаган соң эмне үчүн кийлигишип атат?» – деп оюнда жаман көрдү.

– Сен мени жаман көрбө, – деп чоочун аял анын оюндагыны таап айтты. – Сен аябагандай зор жүгүң бар адам экенсиң. Сен кыргызчылык жолуна түшпөсөң, ачык эле айтайын, өлүп каласың. Таш-Дөбө айылында Түгөл аттуу табып бар. Сен барсаң, сага сөзсүз түрдө жардам берет. Көзү ачыктарга, табыптарга ишенбегениңе карабай, Түгөлгө баруууга туура келет. Мен сага айтуууга тийиш болгон нерсемди айттым. Эми кетейин.

Анын сөздөрү Бүбү Мариямга такыр жакпаганы менен, Нургүлгө абдан жакты. Артынан ээрчий чыгып, аты-жөнүн, дарегин сурап калды. Атасы келгенде аны менен кеңешти. Экөөлөп апасын көндүрүүгө киришишти. Бүбү Мариям караманча каршы болуп туруп алганда, Бектемир минтип өктөм айтты:

– Сен же сакайып тирүүлөрдүн катарына кошул, же өлүп маркумдарга аралаш. Менин дагы башым бошоп, өзүм билген арбайымды согоюн. Кыскасы, сен кежирленбей, Таш-Дөбөдөгү табыпка баруугa көн. Сенин эмнең короп атты эле. Ансыз деле үйдө сулап жатып күн өткөрүп атпайсыңбы. Сени алпарсам мына мен алпарам. Убараны мен тартам.

Ушундай жүйөөлүү талаптардан кийин Бүбү Мариям: «Чындап эле, мен нары же бери болуп аныкталышым керек да, акыры. Дайыма эле ооруй берген киши жакын тууган-туушкандарын деле жадатып жиберет эмеспи. Мен өз сыйымды билбей, узагыраак ооруп, буларды көбүрөөк чүнчүтүп жибердим окшойт. Андан көрө, айтылган табыпка барайын. Жардамы тийсе – жакшы. Тийбесе – айлам канча!» – деп ойлогон соң, көндү.

Бектемир ошол замат үйүнөн чыгып жеңил машине жалдап келди. Ага түшүп жөнөштү. Адегенде Ылама айылында жашоочу алиги аялдыкына кайрылып, керектүү даректи такташкан соң, Таш-Дөбөгө жетишкен кезде караңгы кирди.

– Силер Чаектен келдиңерби? – деген суроо менен бир келин аларды тосуп алды.

– Эмне, машинанын маңдайында «Чаектен келдик» деген жазуу бар бекен? – Бектемир керооздонуп[1] сурады.

– Бала силерди күтүп аткан. Бирок аял киши келет деди эле. Киминер көрүнөсүңөр? – деп келин такып сураганын улантты.

Эми Бектемир кадимкидей сестене түштү. Унчукпастан машинага барып Бүбү Мариямды ээрчитип келди. Көрсөтүлгөн бөлмөгө кириштi.

---

[1] *Керооздонуп* – тийишип же жактырбай.

Таза жыйналган тыкан бөлмөдө жыйырма беш жашка жете элек курактагы бир жигит бар экен.

Учурашышкан соң, улаганын тушундагы орундукка Бүбү Мариям отурду. Бектемир эшиктин жанында туруп калды.

– Эмне үчүн Таш-Дөбөгө дароо бурулбай, жогорку айылга барып келдиңер?

– Силердин даректи билбей, Окен деген аялга барууга туура келди. Таш-Дөбөгө барып итинен сурасаңар да Түгөлдү айтып берет деди ал киши. Анан силердин айылга кайттык. Алибетте, итинен эмес, эң биринчи кезиккен кишиден сурадык, – деп Бектемир шашып жооп айтты.

– Сиз эшикке чыгып турсаңыз, – деп Түгөл өтүнүп Бектемирди бөлмөдөн чыгарган соң:

– Эже, эмнеге келдиңиз? – деп кайрылды.

Бүбү Мариям аны адеп көргөндө уулу Таалайбек менен тең чамалаш экендигинен улам өзүнө кандайдыр бир жардам бере алаарына анчалык ишеним пайда болгон эмес. Эми эшиктен кирер замат минтип «эмнеге келдиңиз?» деп сурап турушу да жакпады. «Көзү ачык болгон соң, менин эмнеге келгенимди айттырбай билиши керек эле да» деп оюнда нааразы болду.

– Көптөн бери ооруп аткам. Анан сага бар деп айтышканынан келдим. Кыйла жылдан бери ооруп, врачтардан дарыланып эле келатам. Ал эми көзү ачыктарга, табыптарга кайрылган эмесмин. Анткени, аларга ишенбейм, – деп бүбү, бакшыларга болгон өзүнүн мамилесин ачык айтты.

– Ишенбесеңиз анда эмнеге келдиңиз?

«Ооба, туура суроо! Мен эмнеге келдим?» – деп Бүбү Мариям оюнда Түгөл менен макул болду.

– Жаным ооруп кыйналгандан улам балким жардам берер белең деген үмүт менен келдим.

– А бирок сиз ишенбейт турбайсызбы. Мен эми эмне кылайын? Дарылайынбы же кайра кетесизби?

Бүбү Мариям бирөөнүн жардамысыз өзү отуруп-туралбаган акыбалда болгондуктан гана азыркы суроодон кийин «кете берейин!» деп айткан соң, туруп жөнөбөдү. Ордунан козголбоду.

– Мен көзү ачыктарга, табыптарга ишенбейм деп, бирок оорунун айынан аргасыз келдим деп ачык айтпадымбы. Эми эмне кылышым керектигин билалбай турганым ошондон. А сен дайыма киши дарылап жүргөндөн кийин, өзүңө белгилүү нерсени жасай бербейсиңби. А мен сага эч кандай көрсөтмө beралбайт эмесминби.

Түгөл бул сунушту туура көрүп, бөлмөнүн керебет турган тарабына басып барып, анын үстүндөгү ак кемсел, топусун кийип, камчысын колуна алып бери бурулду. Эми ал жаш жигиттей эмес, чоң кишидей көрүндү.

Бүбү Мариям аң-таң калып:

– Ай, коё турчу. Азыр сенин атың Түгөл экен. Бирок Төлөбек деген ысымың болгон эмес беле? – деп сурады.

## ТӨЛӨБЕКТИН ТАРЖЫМАЛЫ

Ооба, бул табып жигиттин азыркы аты Түгөл болгону менен, анын Төлөбек жана Каналбек деген дагы эки ысмы боло турган. Анын ата-энесинин Түгөлдөн мурунку бир ымыркайы чарчап калат. Кийинки жылы ошол маалда дагы бир уулдуу болушуп, былтыркы жоготконубуздун орду толду, төлөнүп калды деген тыянак менен атын Төлөбек коюшат. Бала ымыркайынан эле талмалуу болуп, көбүнчө ыйлап атканда талмасы кармай берип, ата-энесинин эсин чыгарат. Ошентип, жүдөп-какап жашап атышса, күндөрдүн бир күнүндө ымыркайдын таятасы бала көргөнгө келет да, анын талмалуу болуп атканын жана аты Төлөбек экенин угуп: «Силер эмне, Теңир менен теңтуш, Кудай менен курдаш болуп калдыңар беле? Бир гана Теңир бергенин алганга акылуу. А силер андан былтыр чарчап калган балаңарды төлөтүп алалбайсыңар. Бу баланын аты жаңылыш коюлуп калганы үчүн талмалуу болуп, өзүңөрдү кыйнап атыптыр. Ысымын оңдоп койгула!» – деп урушуп, катуу дайындап кайтат. Туура эмес кылышканын мойнуна алышкан жаш жубайлар кеңешишет да, баланын атын Каналбек деп которушат. Аты өзгөрсө деле анын талмасы токтобой мурункудан катуураак кармачу болот. Ата-эненин айлалары абдан куруйт. Келиндин атасы кийинки жолу келгенде: «Силер эмне деген атты койгонсуңар? Ушундай кантип болсун? Жайлоого ка-

нал курулса эле уулуңар Каналбек болуп калмакпы? Бул сөздүн мааниси «кан ал» болуп атпайбы. «Кан алгандын» эмнеси жакшы?» – деп дагы аларды тилдейт да, сыртка чыгып азан чакырып: «Оо, Жараткан Теңир! Кымынчалык күнөөсү жок ымыркайга туура эмес ысым ыйгарышкандыктары үчүн кечир! Бул жерде ыйык мазар – Түгөл мазары бар болгондуктан, ушул ыйык жайдын ээлери жээнимди колдоп-коштоп жүрсүн үчүн аты Түгөлбек болсун!» – дейт. Ошо менен баланын аты Түгөлбек деп үчүнчү ирет өзгөрөт. Кийин чоңойгондо «бек» деген сөз түшүп, Түгөл деп аталып калат.

## «ООБА, МЕН ТӨЛӨБЕКМИН»

Мындай суроону түк күтпөгөн Түгөл чочуп кетти.

– Ооба, менин Төлөбек деген атым болгон. Менин Каналбек деген дагы атым болгон. Азыр Түгөлмүн, – деп жооп берди. – Бүбайша апаңыз сизге мени түшүңүздө көргөздү беле. Ошондогу Төлөбекке окшош бекемин?..

Эми Бүбү Марияма чочуду.

# БҮБАЙША АПА БЕРГЕН АЛМАЛАР

Ал болжолу жарым жыл мурда түш көргөн эле.

Анда Чаектин көчөсүндө баратыптыр. «Толкун» деген дүкөндүн тушуна келгенде, андан чыккандар бүт эле алма көтөрүп баратканын көрдү. Өзүнө тааныш Айсулуу аттуу келин да алма көтөрүп чыгып келатыптыр.

– Бул эмне болгон алма экен? – деп сурады андан.

– Ар бир кишинин өзүнө деп атайын бөлүнгөн алма дүкөнгө келиптир. Ошону сатып алыш керек экен. Мен өзүмө таандык алманын акчасын төлөп, алып баратам.

– Ий, ка-ап. Жаныма акча салбадым эле да. Ырас, үстүнөн чыккандан кийин, ала кетсем жакшы болбойт беле. Акчаң бар болсо карызга бере турчу?

– Мен акчамдын баарын коротуп койбодумбу, – деди Айсулуу.

«Мейли эми, акчам жок болсо деле башбагып көрөйүнчү» деген бүтүмгө келген Бүбү Марияm дүкөнгө кирди. Анын ичинде прилавкалар, текчелер, же жыйылган, же тизилген, же илинген товарлар жок, ээн экен. Узун бойлуу бир киши, – ал врачтын ак халатын жана ак топусун кийип алыптыр,– отургучка отурган бир келиндин маңдайында эшикке далысын салып туруп алып, бир колун

анын башынын үстүрөөгүндө кармап, экинчиси менен өөдө-ылдый кыймылдарды жасоодо.

– Кандайдыр бир өзгөрүүлөрдү көрө баштадыңызбы? Жогору жактагы бир нерселер менен аралаша алдыңызбы? – деп сурады ал киши өзүнүн аракети канчалык деңгээлде максатына жеткенин текшериш үчүн.

– Жогору жагы менен да, төмөн жагы менен да ишим болбой, жөн эле отурам. Эч нерсеге деле аралаша албадым, – деп көзүн жумуп отурган келин чынын айтты.

Ушул жооптон кийин узун киши эки колун ылдый түшүрүп капталына бурулду да, чарчагандай түрдө:

– Негизи, операция болгон кишилер менен иштөө жеңил. Наркоз алган маалда адамдын жаны денесинен бөлүнүп, аябай алыс жактарга барып келалат. Башка дүйнөлөргө аралаша алат, – деп кимдир-бирөөгө кайрылды.

– Мага он жолу операция жасалып, он ирет наркоз алгам. Демек, мен «убали» болом го, – деп Бүбү Марият өзүнө тиешеси жок сөзгө аралашты. «Убали» деген сөздү билбесе да эмнеге айтып койгонун түшүнбөдү. (Ал сөздүн түшүндүрмөсүн кийин өңүндө деле кезиктирбеди. Балким, «өтө ылайыктуу» деген маанини билдирер).

– Мен сени ошон үчүн чакыртып албадымбы, – бир тааныш үн тиги узун киши кайрылган тараптан угулду. Бүбү Марият ал жакка бурулуп Бүбайша апаны тааныды. Ал киши калың көрпөчө салынган табуреткада отуруптур.

– Апей, ботом! Сиз да биерде белеңиз? Мен сизди көрбөй, учурашпай калган турбаймынбы? – Эсенсизби! – деп шашып сүйлөдү Бүбү Марият.

Бүбайша апа учурашкан соң, тиги кишиге кайрылды.

– Ай, Төлөбек! Сен алдагы келинге бекер убара болуп атасың. Сен иштеше турган, сен жолго сала турган киши, сага керектүү киши эми келди. Көрөрсүң, кийин убак-сааты келгенде Майрам экстрасенстердин анабашы болот. Сен ушуга тарбия беришиң керек.

«Бүбайша апа өмүрүндө бир дагы орусча сөздү аралаштырбай сүйлөчү эле. Эми орус тилин үйрөнсө керек» – деп Бүбү Мариям оюнда таңгалды.

– Мен сенин ыңгайыңды карап, сени түшүнсүн деп орусча сөздү кошуп сүйлөдүм. Кээде башка тилдердеги сөздөрдү да пайдаланууга туура келет. Азыр көп нерсе өзгөрбөдүбү. Шартка жараша өзгөрбөсөң болбойт тура, – деп Бүбайша апа анын оюндагы таңгалууга жооп кайырды.

«Көрсө, мен бул дүкөнгө Бүбайша апа чакырткан үчүн келген турбаймынбы. Эми тапшырмасын алдым, кете берейин, – деп ойлонуусун улантты Бүбү Мариям. – Баса, алма берилип атат дешпеди беле. Мага тийешелүүсү бар болсо, ала кетсем жакшы болмок. Муну ачык айтсамбы? Же унчукпай эле койсомбу?»

Бүбү Мариям саамга олку-солку болуп туруп, көп батынбай сурады.

– Эгер мен үчүн деп бөлүнгөн алма бар болсо, ала кетсемби деп ойлогом.

– Ай, Майрамдын алмасын бергиле! – деп Бүбайша апа буюрганда полжуугуч келин бир мүшөктү көтөрүп келди. Ак түстөгү ал мүшөктүн капортосуна чейин алма бар экен жана оозу сөгүлүү эле.

– Өзүңдүн идишиңе салдырып ал, – деп Бүбайша апа көрсөтмө берер замат Бүбү Мариямдын колунда чоң чара пайда болду. Полжуугуч келин

мүшөктөгүнү салганда чаранын жарымына жетпеди.

– Мунун өзүнө арналган мүшөктү берген эмес турбайсыңбы, – деп Бүбайша апа өктөм айтты. – Бүбү Мариямдын аты жазылуу биркасы бар мүшөктү апкел.

Полжуугуч келин наараазы болгон түр менен ыкчам басып барып башка мүшөктү көтөрүп келди. Анын ичи толтура жана оозу сөгүлүү эмес болчу.

«Мен өзүмдүкүн алмак болгон соң, бул чаранын түбүнө салынган алмалар башка бирөөнүкүдүр. Муну берейин» деп Бүбү Мариям ойлогондо, Бүбайша апа башын ийкеп, аны да ала бериш керектигин билдирди.

Полжуугуч келин экинчи мүшөктүн тигишин сөгүп, алманы көңтөрдү. Чара үймөк болуп толуп, ашкандары жерге төгүлдү. Бүбү Мариям эңкейип жердегилерди терип этегине сала баштады да, «Нысапсыз экен, алма көрө элексип, төгүлгөндөрүн дагы жанталашып чогултууда» деп ойлобосун деген ой кылт эткендиктен, Бүбайша апага көз кыйыгы менен карады.

– Баарын терип ал. Ансыз деле ырыскыңды төгүп-чачып келатасың. Алдагы алма бүт сеники болгондон кийин, калтырба, – деди Бүбайша апа.

Бүбү Мариям этегинин учундагы такты көрө калды да, аны Бүбайша апа байкабасын үчүн, этектин тагы бар бөлүгүн колуна бүктөп кармап (айтмакчы, ал эмненин белгиси экендигин Бүбү Мариям көп жылдан кийин гана билбедиби) жердеги алмаларды жыйнап бүттү. Жанындагы чарага көз жүгүртүп, алмалардын кыпкызыл өңүнө, жарашыктуу көрүнүшүнө суктанды. Айрыкча, аларды атайылап тизгенсип, иреттүү жайгашышканы купулуна

толду. Сол колу менен этегине салынган алмаларды кармап, оң колуна чараны көтөрдү.

«Полжуугуч келин бутташтырайын деп ниетин бузуп кылган аракетине карабай, Бүбайша апанын жардамы менен өзүмө таандык алманы толук алганым ырас болбодубу! Эми буларды бала-бакырама бөлүп берем. Келиним Нуриса кош бойлуу жана алмага талгак. Ага берем. Кыздарым Нургүлгө, Каралага берем. Баарына жетет» – деп оюнда кубанып атса:

– Ай, далбаңдаган далдакем! Ушу сен качан оңолосуң, деги? Бала-чака, тууган-туушкан деп жүрүп, өзүңдү унутуп калат окшойсуң. Ооба, аларды да ойлош керек. Бирок, чеги менен. Ар кимдин өзүнө гана тиешелүү ырыскысы болот. Ал ар кимдин өзүнө гана буйрулат. Сен алдагы көп алмадан эч болбоду дегенде бирди оозтийсең боло. Кана, менин көзүмчө жечи! – деди Бүбайша апа, анын оюн окуп.

Эки колу тең бош эмес Бүбү Мариям чаранын эң үстүндөгү алмага, – ал бадырайып чоң, кыпкызыл жана супсулуу эле, – башын созуп жетип бир тиштеп алды. Өтө жагымдуу жана, эмнегедир, кымыз даамданган алманын ошол бир тиштемин жеп бүтүп, ошо маалда суусап турган экен, суусуну канганын жана пейили тойгонун түшүндү. Анан ойгонуп кетти. Дүкөндөн же чыкканын, же чыкпаганын гана эстей албай койду.

Ошол түшүндө Бүбайша апа Бүбү Мариямды жолго саласың деп Төлөбекке табыштаган эле да...

## КЫРГЫЗЧЫЛЫК
## ДЕГЕН ЫКМА МЕНЕН ДАРЫЛОО

...Аны өзүнөн башка эч ким билбегенине карабастан, ал түштү кошо көрүшкөнсүп: «Бүбайша апа түшүңүздө көргөзгөн Төлөбекке окшош бекемин?» деп Түгөлдүн сурап тургандыгынан чочуган Бүбү Марийам:

«Менин түшүмдөгүнү билип аткандан кийин, өңүмдөгүнү – оорумду деле билет тура. Айыксам, ушу баланын жардамы тийип айыгып калгым бардыр. Айыкпасам, аргам канча?.. Мен Түгөлгө моюн сунуп, ынанайын», – деп оюнда бүтүм чыгарып:

– Ооба, жаңы көргөнүмдө баладай элең. Алдагы кийиминди кийип, колуңа камчыны алганыңда чоң кишидей боло түштүң. Түшүмдө көргөн Төлөбек сен экенсиң, – деди.

– Мен сиздин уулуңуз менен тең болгондугумдан улам, адегенде баладай көрүндүм. Эми болсо колдоочуларымдын коштоосунда чоң кишидей сезилүүдөмүн. Чындыгында, сиз менден улуусуз. Энемдейсиз. Сизди «эне» десем да болмок. Бирок адегенде «эже» деп кайрылып алган соң, эже деп гана айта алам. Эже, сиз жөнөкөй адам эмессиз. Сиздин жолуңуз улук. Жасай турган ишиңиз улук. Колдоочуларыңыз улук... Эми сизге дем салайын. Көзүңүздү жумуңуз.

«Карасаң, дароо эле башкарууга өткөнүн, – деп оюнда Бүбү Марийам каршы болду. – Көзүмдү жумдуруп коюп өзү эмне кылаарын кайдан билем».

– Мен көзүмдү ачып эле отурганда дем салсаң болбойбу. Муну сураганым, мен көзүмдү жумуп, сен дем сала баштап, анан эмне болуп жатканын көргүм келип, көзүмдү ачып ийсем, жалганчы болуп калам го.

– Сиз бүт дитиңизди коюп көзүңүздү жумсаңыз эле болду, мен дем сала баштаганда, ачайын деп аракет кылып да ачалбай каласыз.

– Мен аны жакшы билем. Ошон үчүн сурап атпайымбы, көзүмдү жумбай отурсам болобу деп.

– Жок. Көзүңүздү жумушуңуз керек.

Бүбү Мариям Түгөлдүн айтканын аткарбай коюшка эч шылтоо таппай, көзүн жумду. Жумаар замат «ш-ш, ш-ш» деген үн укту. Жыландын ышкырыгындай болгон бул үн катуулагандан катуулады. Анан эле анын денесинин сол капталынан мупмуздак шамал бөлүнүп чыкты да, куюндай болуп удургуп барып бөлмөнүн эшигин «тарс» ачып, сыртка чыгып кетер замат жыландын ышкырыгындай үн тыйылып, эми Бүбү Мариям Түгөлдүн үнүн укту.

«Көрсө, ал дем салып аткан тура, бирок эмне үчүн анын бир калыпта чыгып аткан коңур үнүн буга чейин кулагым чалбай, жыландын ышкырыгындай дабышты уктум?» – деп ойлоду Бүбү Мариям.

Дагы бир аздан кийин Бүбү Мариямдын башынан муздак шамал бөлүнүп чыкты. Бул шамал сол капталдыкына караганда анчалык муздак эмес эле, жана сыртка жайыраак ылдамдыкта чыгып кетти.

Түгөл үнүн бир калыбынан жазбай дем салуусун улантты.

Бир маалда Бүбү Мариямдын оң капталынан ыпысык шамал бөлүндү да, мурунку эки шамалдын артынан кетти.

Андан көп өтпөй Түгөл үнүнүн кыраатын өзгөртүп, адегенде колундагы теспени Бүбү Мариямдын денесинин ар кай жерине тийгизген соң, камчы менен эки-үч курдай чабымыш болду.

«Кап... Азыр мени аябастан эле катуурак чапса... Айрыкча сол капталымды...» – деп Бүбү Мариям ойлоду аргасыздан, анткени, өзүнүн сол капталына камчы катуу чабылышын самады. Бирок эмне үчүн ушундай туюмда болгонун түшүнбөдү.

– Көзүңүздү ачыңыз, – деди Түгөл дубасын окуп бүтүп.

Бүбү Мариям жумулуу каректерин ачты.

– Сиз көзү ачыктарга, бүбү-бакшыларга ишенбейм дегениңиз менен, мурда кыргызчылык кылган кишиге кайрылган турбайсызбы. Аны менден эмне үчүн жашырып койдуңуз?

– Ооба. Көп жыл мурда Алмамбет ата мага дем салып берген. Ал киши деген окуп билим алган атактуу молдо да.

– Бүбү-бакшылардын кандайдыр бир ырым-жырымдарды колдонушу, молдолордун дем салышы, тамырчылардын тамырды кармоо аркылуу оорулууну дарылашы, айтор, ушунун баары **кыргызчылык деп аталган бир чоң түшүнүккө таандык.**

– Мен ал жагын билбегендигимден, Алмамбет ата жөнүндө айткан жокмун.

– Ошо Алмамбет атаңызга алкыш айта берсеңиз болот. Ал киши сизге аябагандай чоң жакшылык кылып кеткен экен, – сиздеги касиет, кудуреттердин баарын сиздин өзүңүздүн денеңизге бекитип койгон экен. Дуба менен байлаган экен. Антпеген болсо, ошо касиет, кудуретиңизди кимдир-бирөөгө тарттырып иймексиз. Же кантип башкарууну билбей жүрүп майып болуп калмак окшойсуз. Көп оорудум деп атпайсызбы, ал оору-сыркоонун баарынын сыры так ошо сиздеги **кыргызчылык** деген жөндөмүңүзгө байланыштуу.

Өзүнө карата айтылган сөздөр менен жакшы тааныш экенине карабай, алардын артындагы зор

маанини такыр түшүнө албай угуп отурган Бүбү Мариям суроо менен кайрылды:

– Февраль айынын аягында сол кол, сол бутум кыймылдабай калып жыгылдым. Ошондон бери менин ичимде бир кызыктуу нерсе болуп келатат. Бир Бармак менен бир Сөөмөй ичимди сыдыра берет. Адегенде алкымдан баштаган. Бир нече күндөн кийин кекиртекке түшкөн. Анан ички органдарымды сыдырган. Ошол сырдуу сыдыруу азыр гана токтоп калды. Бул эмне болушу мүмкүн?

– Сиздин ички органдарыңызды тазалап аткан турбайбы! Андан коркпоңуз! – деп Түгөл шар жооп айтты. Бирок ким же эмне экенин жана эмнеден тазалап атканын айтпады. – Мен сизге жети жолу дем салам. Дагы алты күн катары менен келиңиз.

Ошентип, «айыгар оорунун дарысы өзү табылат» деп бекер айтылбаган белем, Окен деген аялдын сунушу боюнча Түгөлгө кайрылганы оң натыйжа берди. Келгенде начар акыбалдагы Бүбү Мариям кеткенде кыйла жеңилдеп, айыгам деген ишенимге ээ болуп кайтты. Өзүнө келгендердин оюндагысын, атүгүл, түшүндө көргөнүн да айттырбай билип койгондугу үчүн Түгөлдү жогору баалады. Кадимки медицинанын көнүк дары-дармек жана операцияларынан сырткары дагы башка ыкма – **кыргызчылык деген ыкманын** бар экендигине ынанды. Айрыкча, өз денесинин сол капталынан кыштын ызгаар маалындагыдай мупмуздак шамал, башынан анчалык муздак эмес шамал, ал эми оң капталынан жай саратанындагыдай ыпысык шамал чыкканына, анан дагы, эмнегедир сол колунун алаканы отко кактагандай ысып-күйүп аткандыгына, оң колунун алаканы муздаткычка салгандай муздап калгандыгына таңгалды. (Айтмакчы, ошондон баштап жай-кышы дебей Бүбү Мариямдын бир колу ысык, экинчиси муздак бойдон калды.)

## БЕЛГИ КҮТҮҮ

– Сизге эртең шерт дуба окуйм, – деди Түгөл алтынчы ирет дем салып бүткөн соң. – Сиз эртең Бүбайша апанын камчы менен теспесин сурап алып келиңиз.

– Апей, мен кантип алып келем. Бокин камчы менен теспени мага карматпайт да, – чочуп сүйлөдү Бүбү Марийам. – Бүбайша апанын Залкар деген небереси чоңойгондо ошого берилет деп уккам.

– Бүгүн түнү үйүңүзгө шам жагыңыз да, Бүбайша ападан кандайдыр бир белги күтүңүз. Белги сөзсүз болот. А эртең атайы барып камчы, теспени сураңыз. Берсе, алыңыз. Бербесе, айла жок. Анда эликсап камчыдан бирди таптыра келиңиз. Теспени өзүм дайындап коём.

– Шамды кантип жагам?

Түгөл өзү ырастап койгон чий шамдан тогузду берди.

– Кружкага буудай саласыз. Ага шамды саясыз да аны жагасыз. Карап отурасыз.

Бүбү Марийам үйгө келип Түгөл дайындагандарды так аткарды. Балбылдап күйгөн шамды карап отурду. Эч кандай белги болбой шам күйүп бүттү. Түнкү саат он экилерден өткөн кезде төшөгүн салды да, чечинип жатты.

Анан эле уктап кетип түшүндө көрө баштаганын, же өңүндө катышып атканын айырмалай албаган окуяга аралашты.

Бөлмөнүн эшиги шарт ачылып, Бүбайша апа кирип келди.

# БҮБАЙША АПАНЫН ӨМҮРҮНӨН ЭКИ ҮЗҮМ

Ооба, Бүбайша апанын нак өзү. Жумгал өрөөнүндө элдик дарыгерлик өнөрүн аркалагандардын эң атактуусу катары узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына белгилүү болгон Бүбайша апа жарыкчылык менен кош айтышканына беш жылдан ашса да, Бүбү Мариямдын бөлмөсүнө кирип келди.

Чындыгында Бүбайша апанын бүт өмүрү кыргызчылык жолунда жүрүп өткөн. Ал бул касиетке өтө эрте аралашкан. Алты жашка толгон кезинде бир сапар суу алыш үчүн булакка барат да, дайынсыз жоголуп кетет. Аны издегендер тоо-таштын баарын кыдырып тинтишет. Эч нерсе табылбайт. Бирок жетинчи күнү жанагы булактын жанында уктап жаткан жеринен таап келишет. Ошондон баштап кандайдыр бир жөндөмдөргө ээ боло баштайт. Жоголуп табылгандан кийин кызындагы өзгөрүүлөрдү байкаган Манапбай, өзү дагы төгүн эмес киши болгондуктан, ага көп сырларды үйрөтөт. Айтор, Бүбайша апа кыргызчылык жолуна өтө эрте түшөт.

Мындай бир окуя Бүбайша апаны көрүп-билгендердин көпчүлүгүнүн эсинде.

Анда Бүбайша апа жаш келин болгон кези. Бир күнү кымыз уулап жүргөн эки жигит алардыкына келет. Кымыз ичип отурушуп, бири тийишип сөз ыргытат:

– Ай келин, сени көзү ачык дейби? Аның чын болсо айтып берчи: мен качан өлөм?

Бүбайша апа көпкөн жигиттин жанына басып келип жүйүртө отурат да:

– Берчи колуңду, тамырыңды кармап көрөйүн,– деп анын тамырын кармап чай кайнамча отурган соң: – Сен азыр биздин үйдөн чыгаар замат өлөсүң,– дейт.

Мынчалык каардуу кабардан үрөйү учкан эки жигит же ишенерин, же ишенбесин билбей отуруп калышат. Кымызды ичип бүтүп сыртка чыгышат. Аттарын казыктан чечип алып мине баштаган кезде, жакын жерде жайгашкан желеден адырандап чуркап килейген чоң айгыр жетип келип аттарына тиш салмакчы болот. Ошондо эки жигиттин «мен качан өлөм?» деп сураганы үзөңгүгө бут салып калган экен, аты чукул бурулуп качып жөнөгөндүктөн, чалкасынан түшүп, каракушу ташка тиет. Буйдамга келбей жантаслим болот.

Бүбайша апага байланышкан дагы бир окуяны айылдаштары аңыз кылып айтышат.

Бүбайша апанын атасы Манапбай жана анын досу Жамансары сырдашып отуруп: эгер экөө тең эркек балалуу болушса, аларды дос кылалы, бири эркек, бири кыз болсо алардын башын бириктирип кудалашалы, кокус экөө тең кыз болуп калса, эже-сиңдидей ынак мамиле түзүшсүн деп чечишет. Бирок эки достун тилеги орундалбай, Манапбайдын кызы Бүбайшадан Жамансарынын уулу Сапарбек бир нече жыл кеч төрөлүп калгандыктан, экөөнүн сапары бирикпеген бойдон чоңоюп-чочоюп, ар кимиси өз алдынча үй-бүлө күтүп, бала-чакалуу болушат.

Бир курдай Сапарбек түшкү тыныгуу маалында жумуштан чыгып, өзү иштечү мекемеге жакын жай-

гашкан Бүбайша апанын үйүнө башбагат. Өзүнүн үйү кыйла алыс болгондуктан, узак жолду басып барып тамактанып келүүдөн эрингенден улам, Бүбайша апаныкынан эле шам-шум этип алууну көздөйт. Бирок ал үйдө эч ким жок болот. Сапарбек нары-бери карайт да, дубалда илинүү турган камчыга көзү чалдыгып, аны ордунан алып сыртка чыгат. Бүбайша апанын үйүнөн жарым чакырымча ыраакта аккан Жумгал дарыясына барып, сууну кечип жогору жөнөйт. Суу жиреп кыйла аралыкты артка таштаган соң жээкке чыгып, ээн талаа аркылуу Чаек айылында жайгашкан өз үйүнө келип, камчыны жыйылуу төшөктүн арасына бекитет. Анын кылгандагы максаты – Бүбайша апанын көзү ачыктыгынын канчалык деңгээлде чын экенин текшерүү болот.

А Бүбайша апа болсо, кеткен жагынан эшикке келер замат камчысы ордунда жок экенин туюп, үйгө шашып кирип, анын чындап жок экенине ынанып, сыртка атып чыгат. Жыт алган иттей болуп мурдун жогору көтөрүп эки тарапты жыттагылайт да, дарыя тарапка жүгүрөт. Сууга жетип эки жагын жыттагылаган соң, кудум Сапарбек кечкен жээк аркылуу дарыяга кирип агымга каршы жөнөйт. Сапарбек суудан чыккан жерден ал да чыгат. Ээн талаа аркылуу Чаекке жетип Сапарбектин үйүнө келип, ичке кирет. Жүккө катылган камчыны таап сыртка чыгат да:

– Ушинтип дагы тамашалайсыңбы, Сапарбек? – деп бир ооз айтып, талмасы кармап жыгылат. Абдан катуу кыйналып жатып көптөн кийин гана өзүнө араң келет.

«Кайсы шайтанга азгырылып, Бүбүкемди сынай коём дедим эле. Талмасы кармап кыйналып жатканда өлүп калат окшойт деп абдан коркподумбу.

Дагы шүгүр, аман калды. Мен ошондон кийин Бүбүкемдин алдынан кыя өтпөс болдум. Ага дейре көп эле ирет: «Бүбүш, бүгүн ишиң кандай жүрдү. Выручкаң[1] канча болду, планың толдубу?» – дегендей суроолор менен кайрылып, анын көзү ачыктыгына, дарыгерчилигине катуу шек келтирип, келе-келечүмүн. Кийин андай бейоздугумду такыр тыйдым. Бүбүкемдин жөн киши эместигине, аны колдоочулары колдоп, жөлөөчүлөрү жөлөп жүрөрүнө ынандым. Болбосо, мен басып өткөн узак жолдун бир да жеринен жаңылып койбой, изимди кууп үйгө чейин келип, жүккө катылган камчыны дароо таап чыгалмак эмес. Аябай машыктырылган ит дагы сууга келгенде жыт алалбай калмак», – деп Сапарбек өз оозу менен ушул окуяны айылдаштарга көп жолу айтып берген.

Айтор, Бүбайша апага тиешелүү кызыктар абдан арбын. Анын кабыл алуусунда болуп, керектүү кеп-кеңешин алгандар, кандайдыр бир илдеттен заматта арылгандар, кыскасы, анын шарапатына кабылгандар өтө эле көп. Тескерисинче, Бүбайша ападан эм конбой, ага наразы болгондор да жок эмес.

Бүбү Мариям өзү да Бүбайша апага эки ирет кайрылган. Биринчисинде, кызы Салтанат катуу ооруп калганда барса, Бүбайша апа кыйналып жаткан наристеге эмес, анын өзүнө дем салган. Экинчисинде, Бектемир муунаксак[2] оорусуна кабылганда барышкан. Анда абдан жакшы жардам берген.

Негизи, Бүбү Мариям эс тарткандан бери эле Бүбайша апаны жакшы билчү. Атасы Муса менен апасы Бүбүсайра ал кишини абдан сыйлап «Бүбүш»

---

[1] *Выручка* – тапкан пайда.

[2] *Муунаксак* – ревматизм.

деп өзгөчө ызат менен кайрылышкандыктан, өзү дагы мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче сый-урмат көргөзгөнгө тырышчу. Бүбайша апанын үйүнө барганды, анын кыздары менен ойногонду абдан жактырчу. Ал кишинин кыздары кир жууган учурларда барган болсо, Бүбайша апа өзүнүн кирлерин атайы эле ага алып берип: «Макибай, сенин кир жууганың мага жагат. Сен менин кирлеримди жууй салчы!» – деп сурангандыктан, Бүбү Мариям бул тапшырманы сыймыктануу менен аткарчу.

Кыскасы, кыргызчылыкты аёосуз куугунтуктаган коммунисттердин доорунда жашагандыгына карабай, Бүбайша апа касиет-кудуретинин керегин калайык-калкка аянбастан тийгизип жүрүп, жетимиш жаштан ашык өмүр сүрдү.

Бул мезгилде Бүбү Мариям абдан сыйлап, асыл адам деп эсептеген Бүбайша апанын көзү өткөнүнө беш жылдан ашып бараткан...

## КЫРГЫЗЧЫЛЫКТЫН ЭҢ УЛУУ СЫРЫ

...Анан эле болбой турган нерсе болуп, келбей турган киши келип калып жатпайбы!

– Келиңиз, апа! – Бүбү Мариям ыргып турду. – Жакшы жүрөсүзбү? Мен сизди келет деп күткөн жокмун да. Мен сизден кандайдыр бир белги болот деп ойлодум да. Бирок эч кандай белги болбогондуктан, жаккан шам күйүп бүткөн кезде, уйку сураганымдан улам жата калбадым беле. Сиз өзүңүз келериңизди билгенимде, таң атканча тирмийип кирпик какпай күтмөкмүн. Сиз мени кечирип коюңуз. Мен азыр...

Бүбү Мариям бачым кийинди да, дивандагы төшөктү тоголоктоп четке алды.

– Олтуруңуз.

Бүбайша апа көрсөтүлгөн орунга көчүк басты.

Анан ал экөө – бири тиги Дүйнөнүн – Чын Дүйнөнүн, бири Бул Дүйнөнүн – Жалган Дүйнөнүн өкүлү катары өтө олуттуу сүйлөшүүнү башташты.

Бүбайша апада Бүбү Мариямга айтып берер абдан көп маалыматы бар эле жана аларды бу жалгандан кете электе айта алган эмес. Анткени, Бүбү Мариям али даяр эмес болчу. Бирок акыры минтип ал маалыматтарды кабыл алууга даярдыгы жетишип калгандыктан, эми ага таандык нерсени өткөрүп бербей коё албайт болчу. Бүбайша апа ошон үчүн артына атайы кайрылып келүүгө мажбур болуп олтурат.

Негизи – табып, тамырчы, дарыгер, жайчы, бакшы, бүбү, көзү ачыктык, олуялык сыяктуу дагы көптөгөн жөндөмдөрдүн баарын өзүнө камтыган **кыргызчылык** деген көрүнүштүн өтө жашыруун сырлары, артыкчылыктары эч убакта кагазга жазылбай, андай жөндөмдөргө ээ болгондордун көөдөнүндө гана сакталып, керектүү учурда Устаттан шакиртке өткөрүлүп берилчү. Татыктуу шакирт табылбай калган кездерде жөндөм, кудурет, касиеттердин баары устаттар менен кошо кетчү. Кыргызчылыктын артыкчылыгы ушунда эле, – ага даярдыгы жок, жоопкерчилиги жетишсиз кишилер эч убакта ээ боло алышчу эмес. Кыргызчылыктын кемчилдиги да ушунда эле, – элдин ырыскысындай болгон жетишкендиктер элди үзгүлтүксүз түрдө коштоп жүрбөй, дайыма кызмат кылбай, кээде бир муундан экинчи муунга өткөрүлүп берилбей калчу. Бирок андай учурларда деле кыргызчылык дайынсыз жоголуп кетпей, көптөгөн сырдуу ыкмалар аркылуу кайра эле кайтарылчу.

Бүбайша апа менен Бүбү Мариямдын табышмактуу шарттарда жолугушуусун так ушул укмуш салттын аткарылышынын дагы бир далили катары караса болот.

Ошентип, Устат менен шакирттин баарлашуусу бир нече күнгө созулгансып, абдан жайбаракат жүрдү. Негизинен Бүбайша апа гана сүйлөп, айтайын дегенинин баарын айтты, дейин дегенинин баарын деди, кыскасы, **«кыргызчылык»** деп аталган керемет дүйнөнүн өзүнө белгилүү сырларынын дээрлик баарын ачты. Бүбү Мариям негизинен кунт коюп угуп, айтылгандардын дээрлик баарын эсине түйдү.

Өзүнөн калган камчы менен теспени уулу Бокинден сурап алышы керектигин билдирди, Бүбайша апа, сөзүнүн акырында.

«Мага бербей коёт го?» – деп арсар болуп турганын ачык айтты Бүбү Мариям.

– Бүгүн таң эртең менен Бокинге бар да «үч күн мурун апаң сага дайындаган нерсени алганы келдим» десең, берет, – деди Бүбайша апа.

...Андан ары ал экөө дагы эмнелер жөнүндө сүйлөшүшөт эле, же сөзүбүз бүттү деп коштошушат беле, анын баары белгисиз болуп калбадыбы! Анткени...

– Э, Майрам! – деп өктөм үн каткан Бектемир бөлмөнүн эшигин шарт ачып кирип келди. Кирип келди да, диванда отурган кимдир бирөө менен сүйлөшүп аткансып, ал тарапка бурулуп жерде отурган Бүбү Мариямды көрүп, өзүн өтө ыңгайсыз сезип, кызыктай абалда туруп калды.

Бектемирдин күтүүсүз чыккан үнүнөн улам өзүнө келе түшкөн Бүбү Мариям жерде отурганын, диван жакты карап отурганын, дагы бир нерсе жөнүндө Бүбайша апага айтмакчы болуп, эки колун ал кишини көздөй созгонун, а бирок баятан бери баарлашкан адамынын орду бопбош калганын түшүндү.

Бош орунду сыйпалап, кишинин салмагынан улам кичине чөгүп калган изден кадимкидей жылуулукту сезди.

Бирок Бүбайша апа менен өңүмдө сүйлөшүп отурганымда Бектемир жолтоо болуп койду деп ойлой албады. Анын өктөм үнүн уккан соң, уйкудан ойгонгондой болуп  өзүнө келе түшкөнү, маңдайындагы адамдын көздөн кайым болуп кеткени жана бөлмөдө өзү жалгыз отурганы буга жол берберди. Ошол эле маалда, Бүбайша апаны түшүмдө көрүп жатып ойгонуп кеттим деп эсептегенге да даабады. Түгөл берген тогуз шам күйүп аткан учурда жана күйүп бүткөн соң да эч кандай белги бол-

богондуктан, анан дагы, шылкылдап уйкусураган-дыктан, төшөгүн салып чечинип жатып алгандан көп өтпөй, эшик шарт ачылып, Бүбайша апа кирип келгенде, ордунан ыргып туруп, шашып-бушуп кийинип, төшөгүн жыйнап, ал кишини диванга отургузганын жана абдан көп маселелердин тегерегинде узакка сүйлөшкөнүн кантип түшүнө шылтап коймок. Айтор, Бүбайша апа менен жолугушуусу же өңүндө болуп өткөнүн, же түшүндө болуп өткөнүн так ажырата албай калган Бүбү Мариям жалт бурулуп Бектемирге карады. Анын кызыктай абалда босогодо туруп калганын байкады. Көзүнө бир нерсе көрүнгөндөн улам ушундай абалда туруп калган болсо, ким келди же эмне болду деп өзү тактап сурамжылаганга аракеттенер. Же жөн эле, мен алиге уктабай отурганыма түшүнө албаган болсо, анда ага такыр тиешеси жок нерсе тууралуу эчтеке айтпаганым туура эмеспи деген чечимге оюнда бекип, унчукпады.

– Эликсап камчы издеп суй жыгылдым. – Бектемир мурдагыдан пасыраак добуш менен сүйлөдү. – Менин билишимче, Асанкадырдыкында бир камчы болуш керек эле. Атайы сурап барсам, болбогон шылтоолорду айтып бербей койду. Эми Түгөлгө эмне деп айтып барабыз деген сарсанаада үйгө келсем, сенин бөлмөңдүн жарыгы күйүп туруптур. Таң атып калды, Бокиндикине жөнөй берели деп айтыш үчүн кирдим.

Бүбү Мариям үндөбөстөн сыртка чыгып, жолго түштү. Бектемир атына минип артынан бастырды.

– Бүбайшанын камчысын Бокин кантип эле бере койсун. Бирок бу Майрам деген неме болбой эле баратпайбы. Бир эсептен муну да туура түшүнсө болот. Мээсинен сезгенип жин оорусуна чалдыккан немеге баары бир эмеспи. Эмне иш кылышы

керектигин ачык аңдай албай жатпайбы. Буга кошулуп мен да кызык абалда калат окшойм. Ансыз деле «Жинди Бектемир» деген атым бар эле. Эми аным өчүп, «Бакшы Бектемир» деген ысым мага ыйгарылат окшоп калды, – деп Бектемир тынбай сүйлөнүп баратты. Жолдон бирин-серин кишилер кезиккенде да тыйылбады.

А Бүбү Мариям такыр каяша айтпай, бара көрөбүз деп да, берет деп да, бербейт деп да ачык пикир билдирбей бара берди.

Таңкы үрүл-бүрүлдө Бокиндикине жетишти. Эшикте бетин жууп аткан бир жигитти көрүштү. Анын аты Солдат эле. Анткени, Бүбайша апа уулу Бокин мектепти бүтөр замат аны үйлөндүрүп койгондуктан, анын биринчи уулу төрөлгөндөн көп өтпөй аскерге чакырылып, ал жакта кызмат кылып жүргөндө экинчи баласы да төрөлөт. Ал кездеги аскердик мыйзамга ылайык Бокин Советтик Армиянын катарынан мөөнөтүнөн мурда бошотулуп айылына кайтып келет. Ошентип, атасы аскерде жүргөндө төрөлгөн баланын ысымын Солдат коюшат. Ошол Солдат азыр эшикте бетин жууп аткан.

– Атаңар үйдөбү? – деп сурады Бүбү Мариям.

– Ооба, үйдө. Бирок жакында эле уктаганга жатты эле.

– Анда ойгот. Биз жумуштап келдик.

Солдат негедир кыйыктанып саамга турган соң гана ичке кирип апасын чакырып чыкты.

– Жүрүңүздөр, кириңиздер, – Жүкүн таңкы конокторду үйгө чакырды. Дасторкону жыйылбаган бөлмөгө кирип отурушкан соң:

– Бир аз мурдараакта эле башка конокторду узатканбыз. Коноктор деле эмес, Бокиндин жоро-жолдоштору. Быйыл туулган козулардын төлбашысын

союп аларды чакырган элек. Түнү бою ичип-жеп, ойноп-күлүп отуруп кетишкен, – деп абалды түшүндүрүп бүтүп калган кезде Бокин да келип калды.

– Бокин, – деп сөз баштады Бүбү Мариям аны менен учурашкан соң, – сен экөөбүз кичинекейибизден бири-бирибизди билебиз. Мен Бүбайша апа тутунган өнөрдү түшүнмөк түгүл, түк кабарсыз болуп өскөнүм сага маалым. Бирок жакындан бери кыргызчылыкты карманышым керек деген зарылдык пайда болду. Мен буга, ачык айтайын, өзүм толук ынана элекмин. Анткени менен азыр сага атайы келгенибиздин сырын өзүң деле түшүнүп тургандырсың. Үч күн мурун Бүбайша апа сага эмнени дайындады эле, мен ошого келдим.

– Азыр, эже! – деп Бокин ордунан туруп ишарат берип аялын сыртка чакырып, ага шыбырап бир нерселерди айтты эле, Жүкүн дароо башка бөлмөгө кирип, сандыктын үстүнө жыйылуу жууркандарды обочо алып, аны ачып, ичинде сакталган түйүнчөктү көтөрүп келип Бокинге карматты.

Ал аны Бүбү Мариямга сунду.

Бүбайша апанын ыйык буюмдарын дароо колуна алганга даабай:

– Дасторконго койсоң, – деп өтүндү Бүбү Мариям.

– Эже, сизди бүгүн эрте келип камчы менен теспени сурайт, алып бер, эгер келбесе, кечинде өзүң үйүнө жеткирип бер деп апам дайындаган. Сиздин келгениңиз ырас болду. Болбосо, кеч кирген кезде өзүм жеткирмекмин.

Болбойт деген окуялар болуп, бербейт деген буюмдар берилип атканына аң-таң болгон Бектемирдин оозу ачылды. Бир мурутунун учу ылдый саландап, бир мурутунун учу жогору карап чычайды.

– Бокин, ачык айтчы, апа сага кантип дайындады? Эмне, келип кеттиби? Бирок кантип? – деп суроо салды Бектемир өз көзү менен көрүп турган табышмактуу окуяны өзү үчүн чечмелемекке. Өз үйүнөн буерге жеткенге чейин тынбай сүйлөнгөн учурда бир нече курдай «Бүбайша» деп ал кишини сыйлабай атынан айткан болсо, эми «апа» деп ардактап атады.

– Үч күн мурда түшүмө кирген. Башта да бир нече курдай түшүмдө табыштаган. Апам Майрам эженин өзүнө кандай жол менен дайындаганын мен билбейм. – Бокин жайбаракат жооп берип ак түйүнчөктү чечип жайды да сөзүн улады: – Бул жерде эки камчы бар. Бири Манапбай таятамдыкы. Бири апама таандык. Сизди өзү тандап алат деген.

– Мен Бүбайша апанын урунган камчысын гана алам. Манапбай атанын буюмуна тийүүгө акым жок. Бокин, мен ушул эки ыйык буюмду колума кармардан мурда Бүбайша апага арнап куран окуп койчу.

– Жок, эже, – деп Бокин чочуп каршылык билдирди. Түнү бою жоро-жолдоштору менен чогуу болуп ичимдиктен татып койгондуктан, апасынын арбагына багышталган куранды өзү окуганы орунсуз экенин ачык айтпай түшүндүрдү. – Өзүңүз эле окусаңыз.

Бүбү Мариям Бокиндин сунушун кабыл алып өзү куран окуду. Бата кылышты.

Аңгыча буркулдап кайнаган самоорду Жүкүн көтөрүп кирип келди да, чай куйду.

Дээрлик кырк күндөн бери наар албай, күнүгө таң эрте бир чоң кашыкка толтура куюлган кайнак сууну ичүү менен гана жашап келаткан Бүбү Мариям бул жолку ырыскысы – бир куюм карандай чайга шекер да салбастан, ууртап ичти. Дасторкондо-

гу көптөгөн даамдын бирин дагы оозтийүүнү туура көрбөдү. Узак мезгил бою такыр эч нерсе жебегендигине байланыштуу, нандын бир күкүмү деле организмине оорчулук келтирмек.

– Эми дасторконго бата кылалы, – деди Бүбү Мариям. Баары бата тартышты.

– Эже, – Жүкүн сөзгө аралашты. – Биз бөлөк-бөтөн эмеспиз. Апабыздын ыйык буюмдары сизге тийгенине кубанычтабыз. Камчы менен теспенин касиеттерин колдонуп көп кишилерди оору-сыркоолорунан сакайтышыңызга тилектешпиз. Сиз да апамдай болуп эл-журттун кадыр-баркына жетиңиз. Сый-урматын көрүңүз.

– Алдыңа кетейиним, Жүкүн, айтканың келсин. Аруу тилегиңе ыраазымын. Бул ыйык буюмдар Залкарга арналганын билемин. Айланайыным, Залкар, келчи бери...

Айтмакчы, Бокиндин дагы бир уулу Залкар, – ал азыр он жашта, – таңкы ширин уйкусунан эч ким ойготпосо деле өзү ойгонуп, Бүбү Мариям менен Бектемир бөлмөгө киргенде конокторго удаа кошо кирип, алардын маңдай тарабына мандаш урган бойдон Бүбү Мариямдан көзүн албай карап отурган. Ошол баланы Бүбү Мариям өзүнө чакырды. Залкар ыргып туруп басып келди.

– Залкар, мен бул эки буюмду убактылуу пайдалануу үчүн гана алып турам. Кийин кайтарчу мезгил келгенде жана сага берүү жөнүндө белги болгондо мен өзүңө берем. Ага чейин менде болот. Сен ушуга макулсуңбу?

Залкар башын ийкеди.

– Анда эмесе, камчы менен теспени өз колуң менен алып мага берчи.

Залкар элпек эңкейип жазылуу ак чүпүрөктүн үстүндөгү ак кебезде жаткан эки камчынын би-

рин, – Бүбайша апага тиешелүүсүн жана теспени астейдил алып сунду. Бүбү Мариям камчы, теспени этияттык менен алып, Залкардын маңдайына акырын тийгизди да андан кийин жүрөгүнүн тушуна – коюнуна салып оң колу менен бекем кысты.

– Эми биз кетели, – деди Бүбү Мариям.

Бир жумадан бери Түгөлдүкүнө машинасы менен ташып аткан Бекиндин үйүнө Бектемир барды да бат эле аны айдатып келди.

– Кудая тобо десе, бүгүн бөтөнчө кызыктарга күбө болуудамын. Майрам Бокинге «апаң айткан нерсени алганы келдим» десе эле Бокин ага: «Келгениңиз ырас болбодубу. Бүгүн эртелеп келбесеңиз анда өзүм үйүңүзгө жеткирмекмин» деп Бүбайша апанын камчы, теспесин бере салды. Бекинге барсам, бу дагы эртелеп машинасын оталдырып күтүп туруптур. Ай Бекин, сен ачык айтчы, же сен да түшүңдөн аян алганың үчүн бүгүн өтө эрте туруп, машинаңды жүргүзүп коюп күтүп аттыңбы? – деп сурады Бектемир таңгалуусун жашырбай.

– Эмне, жеңем менен Бокинден башка киши түш көрбөйт бекен? – Бекин сырдуу жооп айтты. – Отургула. Жөнөйлү.

– Бокин, менин атым сенин эшигиңде байлануу боюнча кала берсин. Ананыраак биздикилерге айттырып ийчи, атты алып кетишсин. Биз жолдон калбай кете берели.

– Такыр камтама[1] тартпаңыз. Бираздан соң өз балдарымдын бирин атыңызга мингизип үйүңүзгө жеткиртем.

– Ушундай да шумдук болот экен ээ. Мен буларды өз көзүм менен көрбөсөм, анда ишенмек эмесмин. Бокиндин үйүнө жетээр-жеткиче мен Майрам-

---

[1] *камтама* – кабатыр, сарсанаа.

ды аёосуз тилдеп, оозуман «ак ит киргизип, кара ит чыгарып» барбадымбы. «Үч күн мурун апаң мага бер деген нерсеге келдим», деп Майрам айтса эле Бокин аялы менен шыбырашып кеңешкен соң апанын камчы, теспесин бере салбадыбы. Баарынан дагы, сизди бүгүн эртең менен келет деген, кокус келбесе кечинде үйүнө алып бар деп дайындаган дебеспи. Мен таңгалганыман оозум ачылып, эсим ооп кала жаздабадымбы, – деп Бектемир өз көзү менен көргөн кызыкты бир нече ирет кайталап айтты. Аңгыча Бекиндин «Жигулиси» отуз чакырымдай аралыкты басып өтүп, Түгөлдүн үйүнө жетти. Ошо кезде:

– Эже бүгүн эрте келет деп айтпадым беле. Саат таңкы алтыларга келип калышат дебедим беле. Бачымыраак кыймылдашпай... – деп сүйлөнгөн Түгөл колуна шыпыргы алып, короонун ар кай жерин шыпырып коюп басып жүргөн эле.

– Мына келип калышты, – деди Түгөл аларды көрүп. – Биз да негизинен даярданып бүткөн элек: Бүбайша апанын камчы, теспеси Майрам эжеге өткөнү үчүн курмандыкка бир жандык союп, этин асып койгонбуз, бышканы калды.

Эми Бектемир айраң-таң калып:

– Бокиндикинен көргөндөрүм аздык кылгансып, Түгөл иним, сен да табышмактуу сүйлөп тосуп алдың. Сага телефондон кимдир бирөө кабарлап койду деп ойлоюн десем, биз камчы, теспени алганыбызды азырынча эч ким көрөлек жана силерде деле телефон орнотулбаптыр. Ага карабай – камчы, теспени алганыбызды, анан дагы саат таңкы алтыга чейин келип каларыбызды алдын-ала билип, даярдык көрүп коюпсуң. Муну кандайча түшүнсө болот? – деди.

– Биз ушинтип эч кандай телефонсуз байланыша алабыз, – Түгөл сырдуу жооп кайтарган соң Бүбү Мариямга кайрылды. – Эже, жүрүңүз, сизге дем салайын.

Бүбү Мариям бөлмөгө кирер замат ак чүпүрөккө астейдил оролгон камчы менен теспени койнунан алып чыкты.

– Бүбайша апанын уулу бул эки ыйык буюмду сизге берип абдан туура кылды. Кокус бербей койсо, бүгүнкү шерт дуба окулушу үзгүлтүккө учурабасы үчүн мен да бир эликсап камчы таптырып, бир теспе тизип койгом. Мен дайындаган эки буюмдун кудурет күчү Бүбайша апанын камчы, теспесиники менен, алибетте, теңелбейт. Ошентсе да, жоктон көрө жогору деп ойлогом. Эми мен азыр бул жолу дээрлик эч нерсе кылбайм. Болгону, сиздин оң колуңуздун билегинде бекитилген дубанын күчүн толук жандырам. Буулган жипти чечип алып койгондой эле кылам.

Түгөл ушул сөздөрдү айткан соң Бүбү Мариямдын оң колун билегинен кармап, ортоңку жоон тарамышты өзүнүн сол колунун бармагы менен басып турду да:

– Жип менен катуу таңганда түшкөн издей болгон чуңкурча бул ортоңку тарамышыңызга түшүп калган. Аны сол сөөмөйүңүз менен басып байкасаңыз болот, – деди.

Бүбү Мариям сол сөөмөйү менен оң билегиндеги ортоңку жоон тарамыштын алаканга туташкан жерин басып, андагы билинер-билинбес изди аныктады. Буга абдан таң калды.

– Азыр ал из жок болот, – деди Түгөл.

Анын айтканына удаа «бүлк» эткен кыймыл сол сөөмөйүнүн учу аркылуу Бүбү Мариямга сезилди. Болгону ошо болду. Башка эч нерсе болгон жок.

Бирок, Түгөл айткандай болуп тарамыштагы чуңкурчанын жиги билинбей жоголду. Ага удаа тарамыштын из болгон жеринен бир ысык агым жылып жөнөдү да алакандын ортосун жиреп ортон манжанын учуна жетип токтоду.

– Эмне өзгөрүүлөр жүрүп атканын өзүңүз эң сонун билип-туюп турасыз, – Түгөл сөзүн улады. – Биринчи жолу мага келгениңизде айтпадым беле, Алмамбет атаңызга алкыш айта берсеңиз болот деп. Ошо сөзүмдү дагы кайталайм. Эгер Алмамбет ата күчтүү дубалардын жардамы менен сиздин дарамет, кудурет, касиеттериңизди өз денеңизге байлап, ушу оң билегиңиздин ортоңку тарамышына бууп койбогондо, азыр сиз экөөбүз минтип сүйлөшүп отурмак эмеспиз. Алмамбет ата антүүгө аргасыз болгон. Ал эми мен ал киши байлаган дубаларды жандырдым. Башка эч нерсе кылбадым. Эми мындан аркы эрк өзүңүздө. Сизге таандык жөндөмдөрдү кайсы багытка бурасыз, аны өзүңүз чечесиз. Ак жолду тандайсызбы, же кара жолду тандайсызбы, же экөөнү эриш-аркак кылууну каалайсызбы, анын баары өзүңүзгө байланыштуу.

Бүбү Марием алгач Түгөлгө келгенде анын айткан табышмактуу сөздөрүнө анча түшүнө бербеген эле. Азыр деле ошол деңгээлде гана кабылдады. Ак жол деген эмне экенин, кара жол кайда алып барарын, дегеле, жөндөм, кудурет, касиет деген сөздөрдүн төркүнү эмне экенин, анан дагы, негизинен эле Түгөл айткан маалыматтардын толук маанисин акырындык менен өздөштүрүп жүрүп отуруп, бир нече жылдын ичинде гана толук түшүнбөдүбү.

А Түгөл болсо сөзүн уланта берди.

– Сиз ушул учурдан баштап буга чейинки оорусыркоолоруңуздун дээрлик баарынан арылдыңыз

жана эми мындан ары, Бүбайша апанын касиеттүү камчы менен теспесине ээ болгонуңуздан кийин, ал кишинин ишин улантасыз. Элдик дарыгерчиликтин жолуна түшөсүз. Камчы менен теспе көптөн бери пайдаланылбай тургандыктан, булардагы күчтөр баш ийгиси келбей, ээн-эркин боло түшүшкөн экен. Камчы менен теспени канчалык көп иштетсеңиз, алардагы байланган күчтөр сиз үчүн ошончолук ийкемдүү боло берет. «Чү» деген жерден эле жин оорусу бар кишилерди дарылаңыз. Андан коркуп, үркпөңүз. Чочулабаңыз, жин оорусу бар кишиден да, ага дем салгандан да кооптонбоңуз. Болгону өзүңүзгө, өзүңүздөгү жөндөмгө, камчы менен теспедеги күчкө ишениңиз. Жин оорунун эң күчтүүсүн дагы сакайтууга болот деген ишеним баарынан күчтүүлүк кылат.

Айтмакчы, сиз кыргызчылыкты мойнуңузга алып, анын жүгүн көтөрүүгө ниеттенип калган соң, бул улуу жолдун шарттарын жана шерттерин ачыкайкын билүүгө тийишсиз. Ал талаптарды, мейли алар канчалык катаал, кыйын болсун, өтө өжөрлүк жана тактык менен аткарууга милдеттүүсүз.

Адегенде үч тыюу менен тааныштырайын.

**Биринчиси**, сиз элдик дарыгерчиликтин жашыруун сырларын эч ким менен бөлүшпөңүз. Алибетте, дарылаңыз, сакайтыңыз. Бирок ички сырларын бир гана өзүңүз билиңиз.

**Экинчиси**, сизге таандык кайсы бир адаттан баш тартышыңыз керек. Мисалы, өтө жакшы көргөн тамагыңыз бардыр. Сиз ал тамакты күн сайын пайдаланып келгенсиз. Бирок андан баш тартууга туура келет. Ушул тыюуну аткарыш үчүн кайсы тамактан баштартууну ылайык көрөсүз.

Бүбү Марийам өзүнө кутүүсүз берилген суроого туура жооп кайтарыш үчүн саамга: «Мен өтө жак-

шы көргөн тамактар бир нече. Алар – шекер, сүт, жумуртка жана башкалар. Ушулардын ичинен эң орчундуусу – жумуртка. Тооктун жумурткасы кошулган тамак күн куру эмес ичип-желет. Камыр оокаттардын дээрлик баарына жумуртка кошпой жасабайм. Атүгүл, кыш маалында дүкөндө жумуртка убактылуу сатылбай калган кезде, анын жоктугуна көнбөй, жумуртканын порошогун кеңири сатып алып, даамдуу тамакты жасай берем. Бир болсо, ушу жумурткадан баштартканым ылайыктыр» – деп ой жүгүртүп өткөн соң:

– Мен жумуртканы тандадым. Мен андан баштартайын, – деген чечимин билдирди.

– Сиз өтө кызыктуу чечим кабыл алдыңыз. Мен сизге айтып аткан экинчи тыйуунун уландысы катары мындай шарты бар: сиз мындан ары бүтүндү бүлдүрбөңүз, мисалы, бүтүн нанды сындырбаңыз, жумуртка чегип жарбаңыз. Себеби, элдик дарыгерчиликтин жолуна түшкөн киши оорулууну сакайтууга аракет кылып аткандан кийин, демек, ал киши күнүмдүк турмушунда дагы эч нерсени бүлүндүрбөгөнгө, бузбаганга аракеттенүүгө тийиш. Ал – бузулганды оңдогонго, кемтикти толтурганга гана милдеттүү. Сиз ушул эрежеге каршы келбешиңиз үчүн, мындан ары азыр айтылган шартты кабыл алып, жумуртканы чегип жарганды токтотмоксуз. Өзүңүзгө өтө жаккан адат катары жумуртканы тандаганыңыздан кийин, эми мындан ары жумуртканы жарбайсыз, аны пайдаланбайсыз, ачык айтканда, жумуртка кошулган тамакты такыр жебейсиз.

**Үчүнчүсү**, бүгүндөн баштап кечилдин жашоосуна өтөсүз. Бул үчүн күйөөңүз менен ажырашыштын зарылчылыгы деле жок. Болгону, сиз кечилдин жашоосун карманганга жетишсеңиз болду. Балким, күйөөңүз бул шартка көнбөсө, анда башка аял

алууну ылайык көрөр. Аны өзү чечсин. А сиз сизден талап кылынган нерсени аткарууга тийишсиз.

Ошондой эле, аталган үч тыюуга кошумча дагы үч шарт менен да тааныштырайын.

**Кыргызчылык** деген улуу жолго түшүп, анын ичинен элдик дарыгерчиликти тандаган соң, эч убакта, эч кандай жагдайда ал жолдон тайбайсыз. Бул – биринчиси.

Эч убакта эч кимге төлгө салбайсыз жана көзү ооруган кишини дарылабайсыз. Себеби төлгө салуу аркылуу кандайдыр бир боло турган окуяны болтурбай койсо, же башка нукка буруп жиберсе болот эмеспи. Бу деген ошо окуяларга одоно кийлигишүү катары эсептелет. Ошон үчүн төлгө салууну дээрлик баардык динде жактырбайт, колдобойт жана тыюу салат. Ал эми көзү ооруган кишини дарылабашыңыз керектиги – сиз эч ким көрбөгөн дүйнөлөрдү көрө алчу жөндөмгө ээсиз. Ошонуңуздан ажырап калышыңыз этимал. Бул – экинчиси.

Дубаларды эки максатта пайдаланса болот. Жакшылык кылуу үчүн жана жамандык кылуу үчүн. Сиз болсо дубаларды актык, жакшылык үчүн гана пайдаланууга тийишсиз. Эгер кимдир бирөөгө зыян келтирүү аркылуу экинчи бирөөнүн ишин оңдогонго, же жолун ачканга туура келе турган шарттар болсо, сиз бул сыяктуу иштерден жаа бою качып, түк аралашпайсыз. Бул – үчүнчүсү.

Мен сизге азырынча ушул шарттарды айтуу менен чектелем. Буларды так аткарууга жетишсеңиз, кийинкилерине өтөбүз.

Түгөл ушуну менен сөзүн аяктап, шерт дубаны окуду. Бата кылышты.

– Айланайын Түгөл! Сен мен үчүн кылган аракеттериңди көрүп туруп, өзүмдү өтө ыңгайсыз сезүүдөмүн. Сенин алдыңа куру кол келгениме аб-

дан өкүнүп турам. Ата-бабаларыбыздан калган «Куру аякка бата жүрбөйт» деген салттан кабарым бар. Эгер туура көрсөң, Бубайша апанын эки буюмун бүгүнчө сенин үйүңө калтыра туруп, даярданып келип, сени ыраазы кылган соң гана камчы, теспени колума алсам кантет? – деп Бүбү Мариям өзүн баятан бери түйшөлткөн суроосун ачык берди.

– Камчы менен теспенин ээлери ыраазы болуп калганы эле мен үчүн дагы жетиштүү. Азырынча сизден мага кандайдыр бир ыраазычылыктын зарылчылыгы жок. Аманчылык болсо, баары алдыда. Ал эми камчы менен теспе дал бүгүн сиз менен чогуу болууга тийиш. Бүгүн үйүңүзгө барганда, бир жандыкты курмандыкка чалып, тууган-туушкандардан бата алышыңыз керек. Ошондой эле, жакынкы күндөрдүн биринде  Жумгал-Ата мазарына барып камчы менен теспеге мазардын батасын алууга тийишсиз. Кайсы күн ылайык экенин аныктап, сизге кабар айттырам. Жумгал-Ата мазарына чогуу барабыз. Эми жүрүңүз. Биздикиндеги түлөөнүн эти да бышып калды окшойт. Даам оозтийели, – деп Түгөл Бүбү Мариямды конок бөлмөгө чакырды.

Бүбү Мариям ал жерден бир гана чыны шорпо ичти. Өзүнө тийген устукандан бир чымчым оозтийди. «Дан оокатынан дагы жешиңиз керек» деп Түгөл сунуш кылгандыктан, тууралган эт кошулган кесме камырдан бир кашык сугунду. Дээрлик кырк күндөн берки орозосу ушинтип аяктап, абдан көп тамак ичкенсип тоюнду.

– Байке, мен эжеме түшүндүрдүм. Сизге да атайы айтайын. Бүгүн үйгө барганда бир жандык курмандыкка чалып, тууган-туушкандардан бата алыңыздар. Эже камчы менен теспеге убактылуу ээ болгонунун шарты ушундай, – деп Түгөл Бектемирге эскертти.

Анын айтканын аткарыш үчүн Бектемир үйгө жетер замат атына минип Кашка-Терекке барып бир козу өңөрүп келип, сойдуртуп, эт бышкан маалда жакын туугандарын жана кошуналардын айрымдарын чакыртты. Чакырылгандардын алдына эт тартылган кезде, Бүбү Мариям камчы менен теспени көтөрүп алардын үстүнө кирип:

– Мен «бисимилла» деген сөздү айтканды билбеген жан элем. Оорунун айынан Түгөл аттуу табыпка барып көрүнсөм, мага жети күн дем салып сакайтты да: «Сиздин **кыргызчылыгыңыз** бар болчу, бирок аны карманбаганыңыздан улам көп жылдар бою ооруп келдиңиз. Эми бул өнөрдү мойнуңузга алышыңыз керек» – деди. Мен эгер чынымды айта турган болсом, буга толук көзүм жетпей турам. Анткени менен, анын айтканын аткарып, Бүбайша апанын камчы, теспесине убактылуу ээ болдум. Мындан ары табыпчылык кылууга тийиш экемин. Силерди чакырганыбыздын себеби, Бүбайша апанын арбагына багыштап куран окутуу жана мен кыргызчылыктын жолуна түшүүмө бата берип койсоңор деп ниеттенгенбиз, – деп айтты.

Анын сөздөрүн дээрлик  эч ким олуттуу кабыл ала албай, ушунча аракеттенип, тамак-ашын белендеп алып атайы чакырып суранган батасын берип койгондон эмнебиз коромок эле дегендей маанайда өтө үстүрт мамиле кылышып, ооз учунан «Түлөөңөр кабыл болсун!» деп айтышканы менен, ичинен шылдыңдап, айрымдар ал шылдыңын жашырбай сыртка чыгарып мыйыгынан күлүп, бата тартышты. Буга Бүбү Мариям абдан ызаланды. Бирок сыр бербей, өз бөлмөсүнө кетти. Ошо бойдон тамак ичилип бүткөн учурда гана алардын үстүнө кайра кирип, бата алып кайткан соң, эмнегедир тумары эсине түшүп, мойнун сыйпалап, таппай, аны

кечээ түнү жатаарда мойнунан алып жаздыктын астына койгонун жана ал жерден кайра албаганын эстеди.

Айтмакчы, бул тумарды Бүбү Мариям 1984-жылы февраль айында Алмамбет молдодон алган. Ал киши Жумгал өрөөнүндөгү эң сабаттуу жана кадыр-барктуу молдо эле жана төрт-беш жыл мурун бул жалгандан өткөн болчу. Ошондон бери тумарды үзгүлтүксүз тагынган.

Бүбү Мариям үчүн ал тумардын орду аябагандай зор болгондуктан, ансыз жашоону элестете албачу. Аны мойнунан алганда эле денеси жерден көтөрүлүп жөнөгөндөй, кайдадыр учуп кетчүдөй туюлчу. Тумарды тагынып жүргөн учурда бала-бакыралардын тентектик кылганын же туура эмес иш жасаганын көрсө деле анчалык урушпачу. Жаман-жуман сөз айтпачу. Айтор, аны абдан аздектеп мамиле жасачу.

Анан эле ошол тумарды бүгүн эртең менен тагынбай кеткен турбайбы. Бектемир күтүүсүздөн кирип келгенде, өзү менен баарлашып отурган Бүбайша апа көздөн кайым болуп кеткенине дендароо болуп туруп калганда: «Бокиндикине жөнөйлү. Таң атып калды!» деген анын сунушу боюнча шашып жөнөгөндүгүнөн улам, тумарды эсинен түк чыгарып койгон экен да.

Бүбү Мариям тумарды кантип күтүүсүздөн унуткан болсо, так ошентип күтүүсүздөн кайра эстеп, аны табыш үчүн издегенге киришти. Дивандын асты-үстүн карап, таппады. Жыйылуу төшөктөрдү бирден жазып көрсө да тумардан дайын жок. Атүгүл, бөлмөнүн ичин бир сыйра тинткенде деле издегени көзүнө урунбады. Суй жыгылгыдай болуп чарчаганына карабай издей берди.  Тиги бөлмөнү жыйыштырып, идиш-аякты жууп баарын ордуна

жайгаштырып бүткөндөн кийин келген Нургүл да апасына кошулуп издешип, эч нерсе табышпады. Бөлмөнүн ичин бир нече ирет тинтип өтүшкөн соң: «Кызым, азыраак тыныгып алайынчы» – деп Бүбү Мариям Нургүлдү кетирди да, өзү чөк түшүп отуруп башын диванга сүйөп, үргүлөдү.

Аңгыча каалга шарт ачылып, Алмамбет молдо кирип келди. Колуна узун таяк кармап, ак калпагын, кара түстөгү жеңил чепкенин кийген, белин жоолук менен курчанган жана бутундагы маасы менен көлөчүнө чаң жуккан Алмамбет молдо өтө алыс жолду басып өткөнсүп, абдан чаалыккан түрдө эле.

Бүбү Мариям ордунан ыргып турду.

– Келиңиз, ата!

– Айланайын кызым! Сен эсиңден чыгарып койгон турбайсыңбы. Мен сага айтпадым беле, бул тумар качандыр бир кездерге чейин сага кызмат кылат жана ал мөөнөт бүткөндө өзүнөн өзү жоголуп кетет деп. Ошондо сен аны издебе деп. Сен аны унутуп коюп, өзүңдү да, мени да абдан убара кылбадыңбы. Мен ушуну эсиңе салыш үчүн аябай алыс жактан келүүгө аргасыз болбодумбу – деди, өзү айткандай «аябагандай убара» тарткандыгына кейигенин жашырбай...

# КЫЛЫМ КӨЧҮН КӨРГӨНДӨ...

...Ооба, Алмамбет молдо так ушинтип мындан тогуз жыл мурда дайындаган эле.

Анда, 1983-жылдын декабрь айынын аягы.

Согумга жылкы союлуп, анын этинен оозтийели деп казанга асышкан кезде, Бүбү Мариямдын ичи түйүлүп ооруп кирди. Күтүүсүз башталган оору күчөгөндөн күчөдү. Чыдаганга чамасы жетпей онтоп жатып калды.

– Балээ басып, менин зайыбым дагы ооруп калбадыбы. Мен бул үчүн кыйналып деле бүттүм. Же бул ооруган бойдон андан ары өлүп жок болбоду! Же ооруганын токтотподу, – деп катуу кейиген Бектемир Чаектен «Тезжардамдын» машинасын айдатып келип Бүбү Мариямды салып ооруканага жеткирип, доктурларга өткөргөн соң, Кашка-Терекке кайтты. Бектемирдин ачуу сөздөрүнө жана өзүн малчалык дагы эсептебеген кайдыгер мамилесине таарынганга деле чама-чаркы жетпей, жанын көзүнө көргөзгүдөй болуп кыйнаган оору менен алышып аткан Бүбү Мариямды дежур врачтар текшерип, «ичегиси түйүлгөн» деген диагноз ыйгарышты да новокаинден куюп оорусун убактылуу сездирбей коюшту. Таң атканга чейин байкайлы деп чечишти. Укол сайылганда ичинин ооруганы билинбей калса деле, баары бир, Бүбү Мариям жакшы уктай албай, кыйналып чыкты.

– Ай, кызым! Сени түндө апкелишкенден баштап мен уктабадым, – деп сөз баштады палатада жаткандардын арасынан бир байбиче, – Сенин **кыргызчылыгың** бар экен. Мен аны көрдүм. Сага догдурлар жардам beралбайт. Сен үйүңө кетип, молдолорго дем салдырышың керек.

«Кыргызчылыгың бар экен» дегендин толук маанисин түшүнмөк түгүл, бул сөздүн өзүнө таандык болуп айтылышын өмүрүндө биринчи ирет уккандыктан, Бүбү Марияm тиги кемпирдин сөзүн улап көңүлүн алып коюш үчүн минтти:

– Эмне, мен молдого дем салдырсам эле операцияга кирбей каламбы?

Чындыгында, түндө ичи катуу ооруп аткан учурда деле эмнегедир операция болууну каалаган эмес. Эми новокаиндин жардамы менен ооруну убактылуу сезбей турганда андан бешбетер көңүлү чаппагандыктан, бирок башка айласы жок экендиктен гана өзүнө операция жасалышына макулдук берүүгө туура келерин түшүнүп турган. Ошон үчүн операция болушуна же болбошуна түк таасир эте албаган кемпирден жөн гана сурап койду. Кемпир да өзүнүн абалын туура баалап:

– Антип айтыш кыйын. Молдо дем салганда дартыңа эм консо, сакайып кетерсиң да, операция болбой каларсың, алдыңа кетейиним. А мен түндө көргөнүмдү гана сага айтып коёюн дедим, – деди. Бирок эмнени көргөнүн айтпады.

Бүбү Марияm өзү да тактап сурабады. Ооруканынын башкы хирургу Түнгатар келгенде:

– Байке, мен азыр операцияга кирбей койсом кантет? Кайра эле үйгө барып, молдо чакыртып дем салдырчудаймын. Буга дейре канча жолу операция болгонума карабай, илдетимден арыла албай

келатканым өзүңүзгө белгилүү. Ушу сапар операцияны каалабай турам, – деп өтүндү.

Түнгатар өзү бир нече жолу операция жасаган оорулуунун өтүнүчүн колдоду:

– Айланайын, аксакал,– деди, анткени Бүбү Мариям-га «аксакал» деп кайрылчу,– мейли, сен ошону ылайык көрсөң, мен макулмун. «Тезжардамдын» машинасын чакыртып, үйүңө жеткиртип коёюн.

Башкы хирург айтканын аткарып, оорукананын машинасына Бүбү Мариямды салып, Кашка-Терекке айдатып келди.

– Молдо чакыртып, дем салдыртып көргүлөчү, балким, жакшы болуп калгысы бардыр, – деди Бектемирге. Бул сунушту ал такыр жактырбай, жаман көзү менен карады.

– Мунун түйүлгөн ичегисин жазуу врачтардын колунан келбей жаткан заманда, молдо кантип жардам бермек?..

Бектемир өз колуктусуна ушунчалык мерез мамиле кылганына Түнгатар катуу нааразы болуп, Бүбү Мариямга кайрылды:

– Кой, сен мында калба. Кайрадан ооруканага баралы. Буюрганын көрөбүз.

– Жок, байке! Мен баралбайм. Буюрган нерсени ушуерден эле көрөйүн.

– Мейли, аксакал, мен сенин чечимиңе көнөйүн,– деп Түнгатар келген жагына кайтты.

А Бүбү Мариям:

«Атаңгөрү десе, оору кадырын соо билбейт» деген ушул да. Мен атайылап ооруп калгансып, Бектемирдин терс мамиле кылганын карасаң. Түндө кантип жатканымды, кайра неге кайтып келгенимди, азыр абалым кандай экенин сурап билгендин ордуна, күнүмдүк тиргилигинин баарын жасап бүткөрүп жиберчүдөн бешбетер, мал менен алаксып

жүрөт. Аны да туура түшүнсө болот. Ооруган учурумда менин ага керегим жок. Мен Бектемирге деникардым соо кезде гана керекмин. Аны менен тең жарышып оокат кылам. Малды карашам. Ал эми ооруп калсам, пайдамдан зыяным көп: эч иш кылбайм жана бекер тамак ичип жата берем. Жыйырма төрт жашыман бери дээрлик үзгүлтүксүз ооруй берип, байкуш Бектемирди тажатып деле бүттүм окшойт. Ошон үчүн «Көп эле кишилер оору-сыркоосу жок туруп эле мүрт өлүп калышат экен, а бу менин катыным аябай катуу ооруп жатып эле кайра өлбөй-житпей айыгып кетет. Бул же ооруганын токтотуп сакайып кетсе жакшы болот эле, же ошо ооруган бойдон өлүп кетсе да жаман болмок эмес; бири-бирибизден кутулуп жаныбыз жай алмак» – деген сөздөрдү кийинки кездери ачык эле айтчу болбодубу.

Бул сөздөрүн кечээ дагы кайталабадыбы. «Менин бешенеме жазылган нерсе ушул беле, же өзүмдүн кайсы бир күнөөм үчүн оорукчан болуп калдымбы, ал мага белгисиз болгондуктан, ушу тагдырыма көнүп, мендей оорукчан аялга Бектемирдей күйөөнүн кайдыгер жана ташбоор мамилесине чыдагандан башка арга жок эмеспи. Эми Бектемирге теңелбей, колумдан келишинче жана алымдын жетишинче үй оокаттарын кыла берейин. Кокус ичим кайра түйүлө турган болсо, аны дагы көрө жатармын», – деп оюнда өзү менен өзү бир сыйра сырдашып алды да, кыбырап кыймылдап үй ичин иреттеп чыкты. Суу ысытып, балдарды – Нургүл, Карала жана Жазгүлдү жуунтту. Дагы көптөгөн үй жумуштарын кылгычакты кеч кирди. Эртелеп төшөктү салып балдарды уктатты. Өзү дагы жатты да: «Эми эртең кайсы молдону чакыртсам болот?» деген суроонун тегерегинде ой жүгүрттү.

Аңгыча эле алагүү болуп кызыган Бектемир үйгө кирип келип:

– Эй, сен эмне жатып алдың. Жүр Майрамбектикине. Эт бышып калды! – деп чакырды.

Айтмакчы, Майрамбек дагы малчы. Бектемир бир короо кой бакса, Майрамбек бир короо кочкор багат. Быйыл экөө кыштоо учурун ушу Кашка-Теректе чогуу өткөрүп жатышкан. Кечээ жылкысын дагы ошо Майрамбектин жардамы менен сойгон. Бүгүн кечинде мал жайгашылып бүткөн соң, анын үйүндө эт бышырылып аткан. Анан дагы, бозо менен арак алмак-салмак ичилип аткан. Бектемир Бүбү Мариямды ошол чөйрөгө чакырды. Чындыгында анын максаты аялына сый көрсөтүү эмес, эптеп бир шылтоо таап аны дагы кайрадан токмоктоо болгондуктан, ал барбайм деп баштартып коюшун шылтоо катары пайдаланыш үчүн гана чакырган эле. Бүбү Мариям ордунан турду да, барбастыгын билдирди. Ушуну гана күтүп турган Бектемир аялына адатынча кол көтөрмөк болду эле, Бүбү Мариям аны акырайып карап, аёосуз каршылык көрсөтүүдөн кайра тарпастыгын билгизди. Экөө балбандардай болуп кармаша кетишти. Уйкудан чочуп ойгонгон балдар чуркурап ыйлап жиберишти. Бектемир өз үй-бүлөсүнө ызы-чуу салып атканын уккан Майрамбек кирип келип, аларды ажыратууга аракеттенди. Бектемирди колунан кармап эшикти көздөй тартканда, ал күчөп булкунуп аялына тап берди. Ушунчалык ыза болуп, каары кайнагандан улам Бүбү Мариям адаттагысынан алда канча күчтүү болуп кетти белем, бир колу менен Бектемирди, экинчиси менен Майрамбекти кармап, экөөнү ордуларынан жепжеңил козгоду да, бирибирине сүзүштүрдү. Анан аларды артын көздөй дегдеңдетип түрттү. Бүбү Мариямды өмүр бою са-

бап жана кордоп келаткан Бектемир үчүн бул аябагандай чоң күтүүсүздүк эле. Ал мындай жорук менен таптакыр макул эмес болчу жана өзүнүн ар дайым жеңүүчү деген укугун дароо калыбына келтириш үчүн аялын көздөй жүткүндү. Бүбү Мариям болсо, анын ушул жолку жана мындан кийинки сокколарынын баарынын мизин кайтарып, түртсө – түрттү, тартса – тартты, муштаса – муштады, иши кылып жөн калбады. Тажаал Бектемир токтолбостон асыла берди. Бирок өзү суй жыгылчудай болуп чарчады. «Арачыга алты таяк» демекчи, экөөнүн ортосунда жүрүп нары да, бери да түрткү жеген Майрамбек да ырп этерге дарманы калбай чарчапчаалыкты.

Ошентип, түн жарымында башталган жаңжал таң атканга чейин уланганына карабай, Бүбү Мариям өмүрүндө биринчи ирет жеңилген жок.

Жерге жарык кирип калган кезде Бектемир Майрамбекти сыртка ээрчитип чыгып:

– Көрсө Түнгатар бир нерсени билип алган үчүн ага операция кылбай, молдого дем салдыргыла деген тура. Анын айтканын аткарбасак болбойт окшойт. Сен атты минип Чаекке чаап жет да, Карыбек молдону чакырып келчи, – деп аны айылга жөнөттү. Өзү үйгө киргенге даабай сыртта басып жүрдү.

Бүбү Мариям үйдүн бурчунда тынч алып отуруп калды. Кыйладан кийин:

**«Исфайрам көздөй көч барат,**
**Ырасул эгем колдой көр»** –

деген эки сап менен башталган узун ырды акырын үн салып ырдап бүттү да, үйдүн тоо жагын көздөй колун жаңдап:

– Тигине, баягы Улуу Көч көзүмө дагы көрүндү. Адатынча узак сапарын улап баратат. Мурда мага бул көч өтө алыстан гана көрүнчү. Азыр абдан жакын жерде баратат. Мен ал көчкө жетким келүүдө. Мен ал көчкө кошулуп кетким келүүдө. Мени коё бергилечи. Мен кетип калайынчы, – деди.

Таалай апасынын жолун тороп:

– Мама, эч жакка кетпеңиз. Үйдө эле болуңуз! – деп айтып чыңырып ыйлады.

Бүбү Мариям анын айтканын аткарып, ордунан козголбоду. Бирок көз алдынан Улуу Көч узап баратты.

Бул көчтү Бүбү Мариям дайыма талмасы кармаар алдында көрчү. Эмнегедир, ал көчкө кошулгусу келчү. Өзүнүн орду алардын арасында экендей туюмда болчу. Анан кээде чуркап жөнөчү. Бир сапар да ошентип чуркап жөнөгөндө, Бектемир атын чаап ага араң жетип кармап келген эле. Көп учурда Бүбү Мариям чуркап жөнөй электе эле жанындагылар токтотуп калышчу.

Ошол Улуу Көч азыр да адатынча улуу сапарда. Анын өкүлдөрү Бүбү Мариямдын азыркы замандаштары эмес, көп кылым илгери жашаган ата-бабалары сыяктанышат.

Бул Улуу Көчтө ак сакалдары жайкалган, ак калпак, суусар тебетей кийген карыялар жана аталар, ак элечек жана узун чепкен кийген энелер менен апалар, көз жоосун алган кызыл-тазыл гүлдөрдөй жарашыктуу кийинишкен чүрөктөй сулуу кыздар, кыргыйдай кыраан жигиттер, кандайдыр бир зарылчылык болсо, дароо пайдалана калуу үчүн курал-жарактарын ыңгайлуу асынышкан аскер кийимчен жоокерлер, күү черткен комузчулар, дастан айткан ырчылар жана көпчүлүктүн көңүлүн көтөргөн шайырлар, айтор, караламан калктын баардык

катмарынын өкүлдөрү бар. Болгону, ар кимиси өзүнүн ээлеген орду, даражасына жараша улуу көчтүн же алдыңкы сабында, же орто тушунда, же аягында жайгашкан. Баары унаачан. Көпчүлүгү атчан. Төөчөндөрү да бар. Унаанын башка түрлөрүн мингендер да жок эмес. Дээрлик ар бир унаада ар кандай өлчөмдөгү жүк артылуу. Чаалыгып-чарчашкандары же өздөрүнөн, же унааларынан билинбейт.

Көчтүн алдыңкы сабындагылар аркайган бийик тоонун кырын ашып нары түшүп баратса, ортодогулар тоо бетиндеги оюрма[1] ат жол менен акырын жогорулашууда. Ал эми көчтүн арты каерге чейин чубалаары белгисиз. Аккан суудай болуп түгөнбөчүдөй... Утуру келип кошула берчүдөй...

Бир жайлоодон экинчи жайлоого эмес, бир доордон экинчи доорду көздөй бараткан Улуу Көч... Кылым көчү...

...Көз алдында убап-чубап бараткан Улуу Көч узап барып карааны үзүлүп кете электе ага жетип алууга Бүбү Мариям дагы бир жолу аракеттенип:

– Бектемир бөөдө эле Карыбек молдону күтүүдө. Ал киши келбейт. Анын ордуна Алмамбет ата кара кашка атын минип келатат. Ал киши үйгө жеткиче мен тиги Көчкө кошулуп кетип калайынчы... – деп өтүндү.

Апасы эмнени айтып, эмнени көрсөтүп атканын, кайсы көчтү кууп жетип алайын дегенин такыр түшүнө албаган Таалайбек:

– Эч жакка барбаңызчы. Үйдө эле биз менен болуңузчу,– деп айтып, көз жашын көлдөтүп, анын жолун тороду.

Анан Бүбү Мариямдын талмасы кармап, эс-учун билбей калды.

---

[1] *Оюрма* – тик бетке бирде оңго, бирде солго кыйгачтатып салынган жол.

Анын айтканындай болуп, бир аздан кийин эле кара кашка ат минген Алмамбет молдо Чаектен келди. Үйгө кирип, төргө отурар замат, дем алганы дээрлик билинбей сулк жаткан Бүбү Мариямга дуба окуп кирди.

Бир маалда Бүбү Мариям өзүнө келе баштады. Алтыгана деп аталчу тикенек өсүмдүктөн жасалган шыпыргы менен кимдир-бирөө жер шыпырып жаткандай туюмда болду. Анан ошо шыпыргы нары-бери жылып атканы көзүнө бүдөмүк көрүндү. Жакшылап үңүлүп карап, бүдөмүк көрүнгөн нерсе шыпыргы эмес, сакал экенин жана анын кыбырап кыймылга келип атканын аныктады. Ага удаа, эркек кишинин бети көзүнө илинди. Бирок чакадагы бир аз чайпалып турган суудан чагылышкан караан дагы кошо чайпалып калдаңдап кыймылдаганына окшошкондуктан, кишинин ким экенин ажырата албай кыйла жатты. Анан: «Ии, Алмамбет ата келген турбайбы» – деп аны тааныды. Жер шыпыргандагыдай «шырп-шырп» эткен дабыш Алмамбет молдонун дем салып аткандагы өтө жагымдуу коңур үнүнө алмашты. Бүбү Мариям өзүнүн жерде жатканын, жанындагы Алмамбет молдо өзүнө дем салып отурганын түшүндү. Башын бир аз көтөрүп, көйнөгүнүн этеги оң тизесинен жогору кайрылып калгандыгын көрүп, буга өзүн ыңгайсыз сезип, этегин оң колу менен тартып ылдый имерди.

– Айланайыным десе, эч нерсе эмес, козголбой жата бер, – деди Алмамбет молдо аталык мээрим менен.

Улгайган кишинин алдында чалкасынан жатканын осол нерседей эсептеген туюмдан улам, Бүбү Мариям башын акырын жогору көтөрүп, денесин артка жылдырды да, дубалга жөлөнүп отурду.

Алмамбет молдо эки колун адегенде Бүбү Мариямдын эки тизесине коюп, аерге жабышкан бир жаман нерсени үзүп алгансып жана аны обочого ыргыткансып, кескин тартып алды да, капталды көздөй бекем силкти. Андан кийин анын денесинин ар кай жеринен ошол жаман нерсенин калган бөлүктөрүн жулуп алып ыргыткандай кыймылдарды кайталады. Анын ар бир үзүп алуусу Бүбү Мариямдын абалын жеңилдетти. Өзгөчө, Алмамбет молдо анын башын эки колу менен бекем кысып туруп ыкчам тартып алганда, Бүбү Мариямдын көңүлү сергий түштү.

Баш-аягы кенен-чонон эки сааттай убакытта Алмамбет молдо дем салып бүттү. Аябагандай оор кара жумушту аткаргансып, же абдан алыс жолду жөө жана тынымсыз басып өткөнсүп катуу чарчап, шалдырап отуруп калды. Дасторкон жайылып, чай ичилген соң, эт тартылды. Жылкынын бир чучугун жана төрт-беш киши кенен тоёрлук кара кесек этин чекесинен кесип жей берип жалгыз өзү түгөткөн соң гана кадимки калыбына келди. Бүбү Мариямга дем салганда корогон күч-кубатынын ордун толтурду.

Алмамбет молдо дагы алты күн катары менен келип Бүбү Мариямга дем салды.

– Айланайын молдоке, – деп Бүбү Мариямдын апасы Бүбүсайра кайрылды. Ал киши үч күн мурда Миң Куштан келип, ушуерде болуп, баарын өз көзү менен көрүп аткан. – Кызыма кылган жакшылыгыңыз үчүн эки дүйнөдө ыраазымын. Сизге жанымды тартуу кылгандан да кайра тартпасмын. Эгер ошол зарыл болсо. Молдоке, «куру аякка бата жүрбөйт» дейт. Азырынча жанымда он беш сомум бар экен жана бир эркек көйнөк ырастап койдук. Ушу арзыбаган ыраазылыгыбызды алып коюңуз. Бул азырынча гана...

– Байбиче, мага бирдеме берем деп убара болбосоңуз болмок. Сиздин сунган колду суутпай, мейли, азыр бергениңизди алайын. Бирок кийин дагы бир нерсе берем деп түк убараланбасаңыз деп суранам. Кызыңыздын жакшы болуп сакайып кеткени эле баарыбызга болгон белек эмеспи. Эми, байбиче, сиз, чакырткандай атайы келгениңиз абдан жакшы болду. Сиз бүгүн кызыңызды Миң Кушка апкетип, туптуура кырк күн багыңыз. Илгертеден ата-бабадан калган салт бар: кыз бала ооруп калса, аны төркүндөрү алып кетип багышкан. Сиз да ошондой кылыңыз. Кырк биринчи күнү ушуерден жолугалы. Мен шерт дуба окуп, кызымдын оорусун бекитип берейин.

Алмамбет молдо Бүбүсайрага тапшырманы берип бүткөн соң, Бүбү Мариямга кайрылды:

– Сен, кызым, чынынын сыныгындай болгон таза жан экенсиң. Сөөгүң таза экен. Ошол тазалыгыңдан улам сага берилген **нерсеге** туруштук берип келатыпсың. Сага берилген **нерсе** чанда гана адамдарга ыраа көрүлөт. Аны токтоткон киши гана токтото алат. Эгер, кызым, сен да азыркы айрым бир чолок этек, шайкелең кыз-келиндерибиздей боло турган болсоң, анда үйүң эбак Чымкоргон[1] болуп калмак. А сен андай эмессиң. Сага берилген **нерсеге** ашык-кеми жок татыктуусуң...

Бүбү Мариям Алмамбет молдонун айткандарынын дээрлик эч нерсесине түшүнө албады. Арадан көп жыл өткөндөн кийин гана ошондогу сырдуу сөздөрдүн маанисин толук өздөштүрүп, ал кишиге абдан ыраазы болбодубу.

Бүбүсайра өзүнө жүктөлгөн ишти так орундап, кызын Миң Кушка алып кетти да, кырк күндөн

[1] *Чымкоргон* – Республикалык масштабдагы жиндикана жөнүндө сөз болууда.

кийин Бектемир барганда кайра жөнөтүп жиберди. Алар Кашка-Терекке түндөсү келишти.

Таң атканда Бүбү Марийам сыртка чыгып, кара кашка атын минген Алмамбет молдо эшикке келип калганын көрүп, абдан таңгалды.

– Биз сизге айттырып жиберели деп ойлоп атканбыз. А сиз өзүңүз эле келип калдыңыз. Менин Миң-Куштан келгенимди кантип билдиңиз? – деп сурады ал киши үйгө кирген соң.

– Э, балам, анча-мынчаны айттырбай билбесем молдо болалбайт элем да. Андан көрө, өзүң айтчы, төркүндөрүңдө кандай жүрдүң? Кандайдыр бир белги болдубу?

– Ата, жакшы эле жүрдүм. Бирок эч кандай белги байкабадым.

Алмамбет молдо мостоё түшүп:

– Эмне, эч кандай аян алган жоксуңбу? – деп сурады.

– Ал эмне, аян деген?

– Ии, сен түшүнбөй аткан турбайсыңбы! Аян деген нерсе түш аркылуу берилиши мүмкүн. Балким, түш көргөндүрсүң.

– Ооба, ата, бир эле түштү көп жолу кайталап көрүп аттым.

– Кандай түш экен? Айтып берчи, кызым?

– Мейли... Кузгунуя деген кокту бар эмеспи. Ошо жерде «Зил» машинасы бар экен. Ал бузук экен. Анын кузовуна жайнамазыңызды жазып алып сиз отурасыз. Сиздин батыш тарабыңыздагы жантайыңкы тумшуктун бетинде бир чоң таш бар экен. Анын үстүнө жайнамазын жазып алып Абайылда ата отурат. (Бир нече жыл мурда көзү өткөн молдо Абайылда атаны айтып атам.) Экөөңөрдүн ортоңордо мен камгактай болуп каалгып турам. Сиз дуба окуп туруп мени көздөй «сүф» деп үйлөгөнүңүздө,

Абайылда атанын жанына учуп жетип токтойм. Аңгыча дубасын окуп бүткөн Абайылда ата да «сүф» деп үйлөгөндө, кайра сизге учуп жетем. Анан сиз үйлөп нары учурасыз. Абайылда ата бери учурат. Ушинтип эле таң атканча экөөңүздөрдүн ортоңуздарда учканым учкан. Ушул түштү көргөн күндөрү өзүмдү өтө жакшы сезем. Айланам жаркып, телегейим тегиз болгонсуп калат. Бул түштү көрбөгөн күндөрү маанайым кыйла пас.

– Айланайын десе! Аян деп ушуну айтат. Сен эң сонун аян алган турбайсыңбы. Абайылда молдонун сенин алдыңда бүткөрбөй калган бир иши[1] бар эле! Ал кишини да карызынан кутултупсуң. Ишибиз оңунан чыгат экен. Сен сакайып кетет экенсиң. Мээнетибиздин акыбети кайтат экен. Эми мен шерт дубамды окуй берсем болот. Төркүнүңө жибергенимдин негизги себеби ушул эле. Кандайдыр бир аянды алышың, же белги байкашың керек болчу. Же өңүңдө, же түшүңдө. Иши оңолордун түшү оңолот дейт. Мен сенин саламаттыгың жана эсендигиң үчүн эми көңүлүм тынч! – деп Алмамбет молдо абдан кубанып сүйлөгөн соң, теспесин Бүбү Мариямдын башына кийгизип, эки жагынан кыскан соң кайра чыгарды. Анан анын денесиндеги ар бир муунга теспени салып, эки чекесин кысты.

– Менин бүгүнкү жасай турганым ушул болчу. Эми эртең үйгө барсаң тумар чийип берем. Тумарга ылайык бышык чүпүрөк ала бар. Аны өзүң тигесиң, – деди да, Бектемирге буларды айтты:

– Сен, баатыр, колуктуңа көп түшүнбөй мамиле кылат экенсиң. Башка-көзгө карабай кол тийгизип

---

[1] Абайылда молдо Бүбү Мариямга бир курдай дем салып дарылаган. Бирок анын аягына жеткире албай калган. Ал жөнүндө Бүбү Мариям айтпаса деле Алмамбет молдо өзү билип койду.

урат экенсиң. Ушунуңду токтот. Кандайдыр бир жакшылык болордо талмасы кармап ooруп калса, сен андан кутула тажайт экенсиң. Мунуңду да тый. Сенин ырыскың, кутуң, айтор, баары ушу колуктуңда.

Алмамбет молдо Бүбү Мариямдын таламын талашып калыс сүйлөгөнү Бектемирге караманча жакпай, каяша айтты:

– Менин ырыскым ушуга байланып калган болсо, мен ошол ырыскымдан кечтим. Андай ырыскысы жок эле жашайм. Бул Майрам, керек болсо, менден соо. Оорусунун баары калп.

– Антип кесир сүйлөбө,– деди Алмамбет молдо Бектемирди башынан бутуна чейин, кайра бутунан башына чейин бир сыйра сыдыртып өтө нааразы болгон көзкараш менен карап. – Эгер ушу балама берилген оорунун бир эле күкүмү сага тие турган болсо, сен аны көтөрүп басып жүрө алмак эмессиң.

Алмамбет молдонун каардуу көзкарашына Бектемир араң туруштук берди. Каяша айтам деп катуу жаңылышканын түшүндү. «Алмамбет молдону наараз кылгандар оңбойт» дегендей сөздөр кээде эл арасында айтылып жүргөнүн эстеп, эси чыкты. Кеч болуп кала электе кетирген кемчилдигин оңдош үчүн, эртеси Бүбү Мариям менен кошо ал кишинин үйүнө келди.

Куру кол эмес, эки чоң мүшөккө жык жем жана бир ирик койду артынып келди. Аларды аттан түшүргөн кезде Алмамбет молдо сыртка чыкты да: «Эч нерсе алып келбегиле. Тилимди албасаңар белегиңерди кайра өзүңөргө көтөртүп жиберем» дегенин кайталап айткыча, Бектемир озунуп:

– Аксакал, сиз менин атамды көргөн кишисиз. «Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн» деген

кеп бар. Мен сиздин жашыңызды сыйлап, сакалыңызды сыйлап, бизге кылган жакшылыгыңыз үчүн арзыбаган нерсе ала келдим. Муну чын пейилим менен берип атам. Бул сиздин ырыскыңыз. Сиз мындан баштарта көрбөңүз, – деп өтүндү.

– Болуптур, баатыр, сен айткандай болсун, – деп Алмамбет молдо жүйөөлүү кепке көндү. – Жүргүлө, үйгө киргиле.

Алар үй ээсин ээрчип ичкери кирип, жайланып отурушту.

Алмамбет молдо тумарды Бүбү Мариямдын көзүнчө чийди.

– Кана, балам, мунун кабын өзүң тик, – деди.

Бүбү Мариям ала барган алакандай чүпүрөктү үч бүктөп тумардын кабын тикти. Үч бүктөлгөн кагазды анын ичине салып, туюктап бекитти.

Алмамбет молдо кыйлага дейре дуба окуп, Бүбү Мариямга алмак-салмак дем салды.

– Бул тумарды, – деди Алмамбет молдо, – мындан ары мойнуңдан түшүрбөй тагын. Кийин түндөсү мойнуңду кыса баштайт. Ошондо чечип жаздыктын астына коюп уктап жүр. Эртеси унутпай тагын. Мен сендеги **нерсенин** баарын өзүңдүн денеңе бекитип, бууп койдум. Анын ачкычын тумарга каттым. Кийин убак-сааты жеткенде, бул тумар өзүнөн өзү жоголот. Ошондо сен аны издебе. Анын үстүнө, ал кезде бүт баары өзүңө белгилүү болуп калат. Андан ары эмне кылыш керегин өзүң чечесиң...

## ЭКИНЧИ ТУМАР

...Ошондо, мындан тогуз жыл илгери, көзү тирүүсүндө, өз үйүндө турганда айткандарын Алмамбет молдо, азыр, Бүбү Мариямдын түшүнө кирип келип сөзмө-сөз кайталап, аларды Бүбү Мариям унутуп калганын эсине салып атпайбы.

Ошондо, мындан тогуз жыл илгери, Бүбү Мариям Алмамбет молдонун айткандарына дээрлик түшүнө албай тургандыктан, «убак-сааты келип, тумар жоголуп кеткенден кийин эмне болом, кайра ооруп каламбы, анда кантем, эмне күндү көрөм?» дегендей суроолорун берүүдөн тартынып, ошо бойдон күдүк ойдо калган, кооптонуп жүргөн.

Анан эле бүгүн эрте менен Түгөл: «Алмамбет атаңыз денеңиздин жыйырма бир жерине бууп бекиткен **нерселериңизди** бошоттум!» – деп жарыялап жибергенде, эмнегедир, бир нерседен коркуп, кооптонуп койгон. Бирок эмнеден тынчсызданганын түшүнө албагандыктан, Түгөлгө эч нерсе айткан эмес. Анан үйгө келип, түлөө өткөрүшүп, бата алып, конокторр кеткен кезде, күтүүсүздөн Алмамбет молдодон алган тумарын эстеп, аны мойнунан таппай, түндө Бүбайша ападан белги күтүп шам жагып отуруп чарчаган соң, уйкусурагандан улам, чечинип жатаарында, тумары мойнун кысып, муунткандай болгонун туюп, аны чечип жаздыктын алдына койгон бойдон кайра албаганын эстеп, анан, тумарды жоготуп жибергенин түшүнгөндө, эми эмне болом,

кандай күндө калам, кайра оорубаймынбы деген-дей кыжаалат сарсанаалар күчөп, ошон үчүн катуу коркуп, тумарды табууга жанталашпадыбы. Эгер Алмамбет молдонун: «Убак-сааты келгенде бул тумар жоголуп кетет, ошондо аны издебе!» – деп дайындаганын унутпаган болсо эле, мынчалык убара тартмак эмес. Алмамбет молдону да убара кылмак эмес. Ушул кылганы үчүн Бүбү Мариям Алмамбет молдонун алдында өзүн өтө ыңгайсыз сезди.

– Кечирип коюңуз, ата! Мен сиздин айткандарыңызды таптакыр унутупмун да, эми тумарым жок кантем, эмне болом деп коркуп аны издей берген турбаймынбы... кечириңиз...

Бүбү Мариям андан кийинки сөзүн айта электе ойгонуп кетти. Ойгонсо, тизелеп полго отуруп, башын диванга жөлөгөн калыбында эмес, ордунан туруп алып, – анткени, Алмамбет молдо каалганы шарт ачып кирип келгенде ордунан ыргып турган эле, – эки колун алдыга созуп, дагы бир нерсени сурайын деп калган экен. А бирок, жанында эч ким жок, жапжалгыз өзү...

Бүбү Мариям азыр эле Алмамбет молдону түшүндө көрдүбү же өңүндө көрдүбү, буга түк көңүл бөлбөдү. Ал бир нерсеге – тумардын жоголгонуна кабатыр болбошу керектигин түшүнгөнүнө кубанды.

Аңгыча Нургүл бөлмөсүнө кирип келди.

– Мен бөөдө убара тартып, тумарды бекер эле издей берген турбаймынбы. Бир аз мурдараакта мен «кичине эс алып алайын» деп айтып сени бөлмөдөн чыгарбадым беле. Ошол замат башымды диванга жөлөп уктап кетипмин. Түшүмө Алмамбет ата кирип: «Кийин убак-сааты келгенде тумар өзүнөн өзү жоголот. Ошондо сен аны издебе...» деп дайындаганын эсиме салбадыбы. Мен бул сөздөрдү тапта-

кыр унутуп калган экемин да. Мунум үчүн Алмамбет атадан абдан уялбадымбы. «Мени кечирип коюңуз» деп кечирим сурап атып ойгонуп кеттим. Ойгонсом, чөк түшүп отуруп, башымды диванга жөлөгөн боюнча эмес экемин. Ордуман туруп, бөлмөнүн ортосуна чейин басып жетип калыпмын. Алмамбет ата жок болуп кетти. Мен ал кишини түшүмдө эмес, өңүмдө көргөндөй туюмда болуудамын. Эмне болгондо да, Алмамбет ата мен унуткан нерсени эсиме салганы жакшы болду. Болбосо, өзүм эстей албай, абдан жаман акыбалда калмак окшойм. Бирок бир жагдайга – бу жалгандан эбак көзү өткөн адамдын тынчын алганыма жана убара кылганыма өкүнүп турам. Алмамбет ата мага түшүмдө келдиби же өңүмдө келдиби, – мунун түк айырмасы жок, – баары бир ашыкча түйшүк тартты. Убара болду...

– Мама, «тумарым жоголду» дегениңизде, мен да аябай коркподумбу. Бүбайша апанын камчы менен теспесин алып келген күнү Алмамбет ата берген тумар жоголгону эмнеси деп абдан таңгалбадымбы. Тумар табылса экен деп укмуш тиленбедимби. Бирок, көрсө, айтылган убак-сааты жеткени үчүн тумар өзүнөн өзү жоголуп кеткен экен да. Ал шартты Алмамбет ата өзү эсиңизге салганы жакшы болуптур, – деп Нургүл апасынын кубанычтуу кабарын колдоп сүйлөдү. – Мен чай ырастап, сизди чакырайын деп кире калган элем.

Бүбү Марийам кызын ээрчитип кийинки бөлмөгө чыгып, дайындалган дасторкондун чекесине отурду. Тамакка табити тартып калган экен. Эки-үч чыны чай, бир чыны шорпо ичти, тууралган эттен азыраак жеди. Кырк күндөн ашык убакыт бою күндө таң эртең менен бир кашык кайнак сууну гана ичип жашаган Бүбү Марийам бүгүн минтип акы-

рындык менен кадимки тамакка аралаша башташы үйдөгүлөрдүн баарын кубандырды.

– Баса, тумарың табылдыбы? – деп сурады Бектемир.

– «Убак-сааты келгенде тумар өзүнөн өзү жоголуп кетет. Ошондо аны издебе», – деп Алмамбет ата айтканын сен деле укпадың беле. А мен аны таптакыр унутуп коюпмун да, тумарды издей берип суй жыгылгыдай болуп чарчаганымдан улам кичине уктап алайын деп көзүмдү жумгам. Анан Алмамбет ата түшүмө кирип, мен унутканды эсиме салбадыбы.

– Тооба, – деди Бектемир, – бүгүн таң азанда Бокиндикинде биринчи таңгалдым. Түгөлдүкүндө экинчи таңгалдым. Эми өз үйүмдө отуруп, Алмамбет ата көп жыл илгери айткан сөз аткарылганын угуп, үчүнчү жолу таңгалуудамын. Жарыктык Алмамбет молдо алдын ала билген экен. Көрсө, ал кишинин да көзү ачык тура.

– Эсиңдеби, – деп Бүбү Мариям күйөөсүнө кайрылды. – Мен ал тумарды 1985-жылы жазында жоготуп жибергенимди. Кашка-Теректеги малканада кышында жем сакталчу, жайында бош болгондуктан, жуунчу жай катары пайдаланчу чоң бөлмө бар эмеспи, мен ошо бөлмөгө кирип жуунгам. Тумарды болсо дубалга илип койгом. Бирок кайра албай унутупмун. Кечке жуук араң эстеп, барып карасам, жок. Мен ошондо аябай тынчсызданып... Денем салмагы жок калгансып, мен көтөрүлүп учуп жөнөчүдөй туюмда болуп... Тумарсыз калганымды элестете албай... Тумар менин жашоомдо зор орунга ээ экенин эң сонун түшүнүп... эртеси таң азанда Алмамбет атага бардым.

«Тумарды жоготуп алдыңбы?» – деп сурады ал киши мени көрөр замат.

«Ооба, – дедим өзүмдү күнөөлүү сезип. – Кечээ Кашка-Терекке мектеп окуучулары барып картошка тигишкен. Түш маалында биздин сарайдын жанында тамактанышкан. Ошолор эле алды деп шекшип, баарынан сураштырсак, эч кимиси моюндарына албай койду».

«Эси жок балдар тумардын эмне экенин түшүнбөй алышты да, аны ачкан соң кагазын өрттөп, сыртын ыргытып жиберишти. Аны кийин табасыңар. Эми жоголгон тумарга кейигенде, ал кайра калыбына келип калбайт. Мен сага жаңы тумар чийип берейин».

Алмамбет ата ушинтти да байбичесине: «Баягы катылуу чүпүрөктөн бир тумарга жетерлик айрып келчи» деп тапшырды.

Байбичеси сандыгына катылган ак материалды алып келди.

«Бул «ыстампыл» деген кездемени менин атам ажыга барганда Ыстамбул шаарынан ала келиптир. Ал киши өтө чоң молдо болгон. Мен атамдын тырмагынын агына теңелбеген молдомун.

Мынча болду, эми атамдын таржымалын үстүртөн айтып берейин.

Совет өкмөтү күчүнө толук кирип, динге катуу кысым көрсөтө баштаган кезде, жалпыга келген жамандыктан, алибетте, атам да сыртта калбайт. Аны дагы НКВДнын желдеттери кармап алышып, сүргүнгө жиберүү үчүн борборго алып жөнөшөт. Айылдан бир аз узаганда өзүн айдап бараткан аскерлердин аттарынын буттарын дубанын жардамы менен бастырбай коёт. Эмне себептен улам аттардын буттары шилтенбей калганын түшүнүшпөгөн аскерлер кайра кайтууга аргасыз болушат. Алар айылга келгенде, атам көзкөрүнөө эле качып жөнөйт. Анын максаты – кутулуп кетүү эмес эле.

Анын максаты – алыскы сүргүнгө айдалып кетпей, киндик каны тамган өз айылында түбөлүк калуу болчу. Ал максатына НКВДнын желдеттеринин колу менен гана жете алмак. Анан атамдын күткөнү аткарылып, аны аскерлердин бири атып таштайт. Ошентип, ал киши өз мекенинде – Дыйкан айылында жерге берилет. Атамдын анык ажы, касиеттүү молдо экенин билген жергиликтүү эл анын мүрзөсүнүн үстүндөгү топуракты дагы ырым үчүн алып атып түгөтүшкөн. Ал топуракты ар кандай оору-сыркоолорго каршы пайдаланышкан.

Айтор, ал киши өлгөндөн бери жарым кылым өткөнүнө карабай, азыр деле атамдын мүрзөсүнүн топурагынан пайдалангандар бар. Алыска барбай эле коёлу, атүгүл, мынабу сенде да ушу кезде бир чымчым топурак бар. Ал сенин колуңа кокустан тийген жана анын жарымын бир сапар өз керегиңе жараткансың. Калган жарымы – бир чымчым топурак үйүңдө сакталуу. Бийик жерге бекитип койгонсуң. Кийин аны да кандайдыр бир керегиңе жаратасың» – деди Алмабет ата менин көзүмө тике карап.

Мен мындай сөз угам деп түк күтпөгөндүгүмдөн, чочуп кеттим. Качан, кимден, кайсы мүрзөнүн топурагын алганымды, аны кандай керегиме жаратканымды жана калган бир чымчымын кайда катканымды такыр эстей албай элейип отуруп калдым.

«Сен унутуп коюпсуң. Эстесең. Бир аял сага берген», – деди Алмамбет ата менин көзүмө тике караган калыбынан жазбай.

Мен үчүн белгисиз нерсени билерлиги жөнүндөгү ал кишинин бекем ишеничи мага жардам берди окшойт, анан мен баарын эстебедимби...

«Ооба, Алмамбет ата, сиз айткандай болгон. Бир сапар биздин сүттүү уйбуздун желини ооруп, ши-

шип, сүт ордуна кан чыгып калды. Мистегүл аттуу аял муну көргөндө «көз тийген тура» деп айтты да, сөөмөйдүн учундай көлөмдөгү нерсе түйүлгөн түйүнчөктү берди. «Бул Бакы ажынын мүрзөсүнүн топурагы» деди. Анын жарымын сууга эзип уйдун желинине сыйпаш керектигин айтты».

«Ошо Бакы ажы – менин атам».

«Мен алиги топурактын жарымын сууга эздим да аны уйдун желинине шыбап койдум. Сизге ачыгын айтайын, Алмамбет ата, мен ошондо ишенбей эле жасадым. Бирок уйдун желинине көз тийгендиктен, жөн жерден эле заматта ооруп, шишип кеткендигине байланыштуу, башка арга таппай, балким жардам берер деген ой менен гана топурактын эзилген бөлүгүн шыбап койдум. Эртеси таң азанда карасам эле уйдун желини жакшынакай болуп сакайып калыптыр. Мистегүл туура айтыптыр, бу топурак чындап эле кандайдыр бир касиетке эгедер экен деп ишенип, анын калган бөлүгүн катып койгом. Бирок кайда катканым эсимде жок».

«Сен аны бийик жана таза жерге койгонсуң. Үйүңдүн ичинде. Эгер эмдигиче жоголгон болсо, мен азыр билалмак эмесмин. Үйгө барганда жакшылап издесең, сөзсүз табасың, кызым. Анан аны адатыңча кастарлап сакта, кийин чоң зарылчылык болот. Ошондо керегиңе жарайт».

«Макул, Алмамбет ата, сиз айткандай кылам».

«Ал эми бул ак чүпүрөк ошо Бакы ажы атамдын кепининен ашып калган бөлүгү. Аны абдан кастарлап сактап жүрдүк эле, буйрук экен, мына эми сенин тумарыңдын сыртын тиккенге жарай турган болду».

Ушул алакандай чүпүрөктүн дагы узун таржымалы бар экенин укканымда жана анын күнү бүгүнкүдөй жакшы сакталганына: өңү өчпөй, ап-

пак түсү менен калганына, анан дагы, жагымдуу жыты бар экенине таңгалып, аны кызыгып карадым.

«Байбиче, ушу кызымдын назары түшүп калды, чүпүрөктөн дагы бир айрым алып келчи, жүзаарчы кылып пайдаланып жүрсүн», – деп Алмамбет ата дайындады эле, байбичеси барып «ыстампыл» кездемеден айрып алып келди.

«Сиздин атаңыздан – улук адамдан калган мурасты дароо колума алганга даабай турам. Бакы ажы атага багыштап куран окуп коёсузбу?» – деп өтүндүм.

«Айланайыным десе! Сенин акылыңдын зирektигин карачы! Айттырбай баарын билип атасың. Мен өзүм унчукпай, сени эмне дээр экен деп күтүп тургам. Көңүлүмдөгү нерсени таап айттың», – деп Алмамбет ата менин сунушумду чын дилинен аткарып, куран окуду. Бакы ажы атанын арбагына багыштап бата кылдык.

«Кызым, – деди Алмамбет ата жаңы тумарга дем салып бүткөн соң. – Мурунку тумарың жоголбосо жакшы болмок. Бу да болсо буйруктун күчүнөн улам болгондур. Мейли эми. Анын кагазын өрттөгөн кыздын жакыны[1] кийин сага абдан зор колдоо көрсөтөт. Ал эми бул экинчи тумарды мындан ары такыр түшүрбөй тагын. Жуунганда деле мойнуңдан алба. Дубанын күчүнө суунун алы жетпейт. Сенин денең абдан терчил эмеспи. Тердеп-тепчиген убагында мойнуңдагы тумарга ным жукпай, купкургак жүргөнүнө көңүл буруп байкаган эмес турбайсыңбы. Бул тумарга деле тер дагы, суу дагы өтпөйт.

---

[1] *Кыздын жакыны* – арадан туптуура он жыл өтүп, 1995-жылы «Айкөл Манас» дастанын Бүбү Мариям жаза баштаган кезде тумардын кагазын өрттөгөн кыздын бир тууган агасы Бүбү Мариямга зор колдоо көрсөткөн.

Тумар сени менен үзгүлтүксүз түрдө чогуу болууга тийиш. Кийинчерээк, түнкүсүн мойнуңду кысып, муунта баштагандай болгонун туясың. Ошондо аны түнкүсүн чечип жаздыктын астына коюп уктап жүр. Эртеси унутпай тагын, качан гана убак-сааты жетип, өзүнөн өзү жоголуп кеткенде, аны издеп убара болбо...»

Мен Алмамбет атага албан-албан алкыш айтып үйгө келдим. Эси-дартым алиги бир чымчым топуракта болуп атты эле, үйдү үч көтөрүп издеп атып аны таптым: шифонердин эң үстүнкү текчесинин түбүнө койгон экем. Бул чымчым топурактын чоожайын билгенден кийин, алибетте, абдан кастарлап сактап жүрдүм. Төрт жылдан кийин сол эмчегимден операция болуп келген соң, чымчым топуракты сууга эзип, үч жолу сыйпадым. Операциядан кийинки шишиктер таркап, ооруксунгандары токтогону менен, эмчегимдин катуулугу жоюлбай сакталып кала берди. Эмне болгон ченде да, Бакы ажы атанын мүрзөсүнүн топурагы менин керегиме абдан жарап, мага операция жасаган врачтардын калпыс аракетинин айынан менде рак оорусу пайда болушу мүмкүн экендигине бөгөөт койгонуна бөркүмдөй ишенем.

Кыскасы, менин аман калышыма, араңарда басып жүрүшүмө Бакы ажы атанын да, Алмамбет атанын да салымы зор.

Айтор, 1985-жылдан бери тагынган тумар минтип жоголуп кетер убак-сааты жеткен окшойт, – деп Бүбү Мариям Алмамбет молдо экинчи жолу берген тумардын таржымалын бир сыйра эске салып, кызыктуу окуяны айтып өттү.

Муну Бектемир да, Нургүл да өтө берилип, кунт коюп угушту.

Ошентип, бүгүнкү күн Бүбү Марияsince үчүн жомоктогудай керемет окуяларга жыш күн болду. Таң куланөөк сала электе Бүбайша апага кезигип, ал кишиден абдан арбын маалыматтарды, болгондо да, **кыргызчылык деген табышмак дүйнөгө** таандык өтө купуя сырларды уккандыгы менен башталган күн, андан ары камчы, теспеге ээ болушу жана Түгөлдүн таңгалычтуу тапшырмаларды бериши менен улантылган болсо, эми минтип кайра да тиги дүйнөнүн өкүлү – Алмамбет молдого кезигип, ал кишиден дагы өтө зарыл нерсени – өзүнөн өзү жоголгон тумарды издебеши керектигин угушу менен ийгиликтүү аяктады.

Ошентсе да аталган өзгөрүүлөр жана жакшылыктар менен гана чектелбестен, Бүбү Мариям үчүн тагдырдын дагы бир белеги беленделип коюлган эле. Бүбү Мариям табышмактуу дагы бир инсан менен кезикмек эле. Ал жолугушуу ошол күндүн кечи кирип, түн жарымынан ооп калган кезде болуп өттү.

# ТҮНКҮ КОНОК

Таңдан кечке тыным албай жүрүп абдан чарчап-чаалыккан Бүбү Мариям кечки саат ондордо өз бөлмөсүнө кирип, диванга төшөгүн салган соң, магдырап уктап жаткан. Анан эле өзүн кимдир бирөө үңүлүп карап турганын туюп, ойгонуп кетти. Ойгонгону менен өзүнө толук келе электе, жанында бир киши турганын түшүнүп, ал Ринат экенин тааныды.

Анын Ринат экенин кантип тааныганын билалбады. Анан дагы, бөлмө ичи капкараңгы болуш керек экенине карабай, кандайдыр бир күңгүрт көгүш түскө чулганып турганын байкады. Бирок эмне үчүн антип калганына кызыкпады...

# РИНАТ

Ринат демекчи...

Бул табышмактуу киши менен Бүбү Мариям 1977-жылы 7-апрелде таанышкан. Такыр күтүлбөгөн шарттарда. Бишкектеги Инфекция ооруканасынын балдар бөлүмүндө.

Бүбү Мариямдын эки жарым жаштагы кызы Салтанат күтүүсүздөн ооруп калганда, Чаектеги врачтар ага жардам бералбасын айтышып, Бишкекке жөнөтүшкөндүктөн, ошо кызын алып ооруканада жаткан эле. Тилекке каршы, борбордун врачтары да Салтанаттын абалын жеңилдете алышпай, кыз күндөн-күнгө начарлап бараткан.

Бир сапар түн жарымы болуп, ооруканадагылардын баары кызуу уйкуда жаткан кезде, «тарс» этип мылтык атылгандай үн угулду. Бүбү Мариям чочуп ойгонду. Бир эле Бүбү Мариям эмес, бул палатадагы жана коңшу палатадагы аялдардын бир нечеси ордуларынан ыргып туруштү. Бирок эмне болуп кеткенин түшүнүшпөй, эстери чыгып элейишти. Бүбү Мариям кызынын жүрөгүнүн саал жогоруураак тушунда кара көгүш так пайда болгонун көрдү. Анын абалы уктаганга чейинкиге салыштырганда кыйла начарлай түшкөнүн байкады: Салтанаттын башы желкесин көздөй тартылып, тарамыштары тырышкансып калыптыр. Анан Салтанат онтой баштады. Анын аянычтуу онтогонун угуп туруу Бүбү Мариямга абдан оор болду. Ага – боор этинен

бүткөн кызына, кантип жардам берерин билалбады. Аны көтөрүп алып нары-бери басып жүрүп таң атырды.

Эртеси врачтар деле Салтанаттын оорусу кескин күчөгөнүнүн себебин аныктай алышпады.

Кичинекей кыз кечке кыйналды. Түн киргенден кайра таң атканга чейин азап тартты.

Оорусу күчөгөндөн күчөп, тынымсыз онтоп жаткан наристе башкалардын тынчын албасын үчүн, Бүбү Мариям менен Салтанатты палатадан чыгарып, залдын экинчи тарабындагы верандага которуп коюшкандыктан, ал ээн жайда эне-бала кечке жалгыз болушту.

– Мага уруксат бериңизчи? Мен бат эле кайра чыгам! – деп бир эркек киши медсестрадан уруксат сураган соң, веранданын терезесинин жанындагы кроватта кызын алдына алып олтурган Бүбү Мариямга басып келди:

– Саламатсызбы! – деп учурашты да, колун Салтанаттын башына койду. – Кызыңыз кандай гана кыйналып атат, – деди эң жакын адамдай мамиле кылып. – Сиз чыдашыңыз керек. Белиңизди бек буушуңуз керек...

Орто жаш курактагы, бою узун, денеси чымыр, көк түстөгү спорттук костюм-шымчан, оорукананын тапичкесин бутуна илген бул бейтааныш киши бир нече секунддан кийин колун Салтанаттын башынан тартып алды эле, анын жаны жай ала түштүбү, онтогонун токтотуп, мемиреп уктап кетти.

– Сизге ыракмат! – деди Бүбү Мариям чын пейлинен.

– Эч нерсе эмес. Анда таанышып алалы. Менин атым – Ринат.

– Меники – Мария.

– Эң сонун ысымыңыз бар турбайбы. Бул ысым бүт дүйнөгө белгилүү эмеспи.

– Мунуңузга да ыракмат.

– Сиздин кызыңыз кыйналып, сиз да кошо кыйналганыңызды көрүп, мен сыртта терезенин тушунда нары-бери басып турдум. Акыры түтпөй кирип келбедимби.

– Ооба. Баятан бери эле терезенин тушунда тынбай нары-бери басып турганыңызды көргөм. Бирок биздин кыйын абалда экенибизди түшүнүп турат деп ойлобогом. Үстүбүзгө кирип келет деп да күткөн эмесмин.

– Тынчыңызды алып койдум. Кечириңиз.

– Эч нерсе эмес. Тескерисинче, сиз менин кызыма жардам бербедиңизби.

– Жок. Мен жардам бере алган жокмун. Мен эми кетейин. Тиги медсестра кууп чыга электе, өз сыйым менен кеткеним дурустур.

– Жакшы барыңыз! – деп Бүбү Марияма аны узатып кала берди.

«Белиңизди бек буушуңуз керек» деп айтканына караганда, боло турган жамандыкты Ринат алдынала билсе керек. Салтанат ошол түнү саат бирлерде чарчап калды.

Негизи, эки күн мурун түн жарымында мылтык атылгандай «тарс» эткен үн жөндөн жөн эле чыккан эмес окшойт. Салтанаттын көкүрөгүнүн сол тарабында пайда болгон көгүш кара так өзүнөн өзү жарала калбаса керек.

Чымын жаны чыркырап учуп кеткен кызын кучактап, көз жашын көлдөтүп ыйлап олтурган Бүбү Мариямдын жанына палатада чогуу жаткан аялдардын бири басып келип:

– «Тарс» эткен үндү угуп чочуп ойгонбодук беле. Ошондо эле сенин кызыңды атып кетишкен болчу. Сен ошол замат «Эмчек сүтүмдү кечтим» – деп

айта турган болсоң, кызың эки күн бою кыйналмак эмес. Эртерээк жаны жай алмак. Же аны өзүң түшүнбөдүң. Же «мындай кыл» деп ачык айта сала турган шарт эмес... – деди. Бирок кимдер атып кеткенин, эмне үчүн атып кеткенин түшүндүрбөдү...

* * *

Бүбү Мариям Ринатты экинчи ирет 1981-жылы 12-апрелде кезиктирди.

Бул жолу өзү катуу ооруп, Республикалык оорукананын ичеги-карын бөлүмүнө түшүп, бир айча дарыланганда абалы кыйла жакшырып калгандыктан, сыртка чыгып басканын күндөн-күнгө көбөйтүп бараткан.

12-апрелде да ошол адаты боюнча сыртта жүргөн. Бакты аралап баскан кишилердин өзүн көздөй келаткандары менен кайчылашып өтүп аткан. Алардын жүзүнө үңүлүп караган эмес. Өзүнүн ички дүйнөсү менен алек болуп бараткан. Өзү жаткан оорукананын маңдайындагы имарат тараптан келаткан эркек киши менен да кайчылашып өтүп, бир нече кадам узаган соң:

– Мария! – деген үндү угуп тык токтоп артына кайрылды. Өзүн атынан атап чакырган кишини, – ал узун бойлуу, чымыр денелүү киши эле, – тааный албады.

– Сиз мени кайдан билесиз?

– Мария, бул мен, Ринат эмесминби. «Дүйнө – тар» деген чын окшойт. Биз кайрадан жолугушканыбызга кубанычтуумун.

Ринат деген ысымды угар замат Бүбү Мариям анын үнүн эстеди. Абдан кыйналып турган учурунда уккан үндү эч убакта унутмак эмес. Анын үстүнө, адамдардын өң-түсүнө, кебете-кешпирине карaганда, алардын үндөрүн эсине түйүп калуу жөндөмү Бүбү Мариямда өтө күчтүү өнүккөн эле.

– Саламатсызбы, Ринат! – деди Бүбү Мариям чын дилинен кубанып.

Эски тааныштар кол алышып учурашышты. Алжай сурашып, өткөн-кеткенди кеп кылышып, ооруkананын тегерегинде кыйлага дейре басып жүрүштү.

– Сиздин кесибиңиз эмне? – деп сурады Бүбү Мариям сөздүн ыңгайы келе калганда.

– Мен – кибернетикмин[1], – Ринат сыймыктануу менен жооп айтты. Өзгөчө «кибернетикмин» деген сөзгө өтө басым коюп айтты.

«Кибернетика» эмне экенин билбесе да, ал сөзгө Ринат өтө сый мамиле кылганын көргөн Бүбү Мариям, ушул учурдагы илимдин эң бир жетишкен тармагы дал ушу «Кибернетика» экенин божомолдоп билди.

Ринат анын абалын айттырбай түшүндү. Негизи Ринатта ушундай жөндөм бар боло турган: адамдардын оюндагыны көргөн нерседей таба алчу. Ал азыр да өзү менен сүйлөшүп аткан аялдын «Кибернетика» деген сөздү түшүнбөгөнү менен анын эмне экендигин божомолдоп билгенин аныктады.

– Мен Москвадагы Бауман атындагы техникалык университетин бүтүргөм, – деп сөзүн улады Ринат. – Мен азыр көбүнчө электрондук эсептегич машиналар менен иштейм.

Ринаттын бул маалыматы Бүбү Мариямдын көңүлүнө төп келди. Өзү окуучу кезинде так илимдердин сабактарын өтө жакшы окугандыктан, анын аракетин жогору баалаган химия мугалими: «Эгер араңардан кимдир-бирөө Бауман атындагы жогорку окуу жайында келечекте окуп кала турган болсо, демек, ал бир гана Сармалдакова Майрам болушу

---

[1] *Кибернетика –*

мүмкүн!» – деп көп мактагандыктан, аталган окуу жай Бүбү Мариямдын көңүлүнө жакын сыяктуу туюлчу, жана дал ошо окуу жайында окуйм деп ишенчү. Тилекке каршы, тагдыры баарын башкача чечип, жогорку окуу жай түгүл, орто мектепти толук бүтпөй, он алты жашында турмуштун тузагына илинип, өзү бала туруп бала-бакыралуу болуп, анан оокат-жайлуу болуп, колхоздун бир короо коюнун артынан түшүп, үй-бүлөмдүн курсагы ток болсо болду, көңүлүм тынч болсо болду дегендей көзкараш менен күн кечирип жүрүп, түгөнбөгөн түйшүктүн айынан ооруга чалдыгып, эми андан аман-эсен айыгып алсам, айлыма кайра кетем, баягы көнүмүш тиричилигимди улантсам дегенден башка максаты жок Бүбү Мариям үчүн өзү жетпей калган максатка жетип, Бауман атындагы жогорку окуу жайында окуп, аны ийгиликтүү аяктап, ошол тармакта иштеп жаткан адам менен сүйлөшүп турушу, алибетте, көңүл кубантарлык окуя эле. Анан дагы, Москвадай зор калаада көп жыл жашап, Бауман атындагы окуу жайын бүтүргөн интеллигент киши өзүн теңине алганына, бүт өмүрү тоо-таштын арасынан чыкпай, мал-келден башка менен кабарсыз карапайым аял экенине такыр карабаганына ыраазы болду. Ошондуктан Ринат менен баарлашуусу абдан кызыктуу жүрдү жана узакка созулду. Аны менен эртеси дагы жолугуп маегин улантты. Ошол бойдон, ооруканадан чыгып кеткенге чейин күн сайын Ринаттын табышмактуу маалыматтарына сүңгүй берди.

* * *

Бүбү Мариям Ринат менен кийин дагы көп эле жолу жолукту. Бирок дайыма кезектеги оорунун айынан, же дарылануу үчүн, же операция болуу үчүн Бишкектеги ооруканалардын биринде жатканда

кезикти. Эмнегедир, дал ошол маалда Ринат дагы так ошо ооруканада дарыланып аткан болчу. Анан кокустан беттешип калышчу. Бул өзүнөн өзү болуп атабы, же кимдир-бирөөнүн кийлигишүүсү аркылуу жүрүп атабы,– буга Бүбү Мариям көңүл бөлбөчү. Ал бир гана нерсеге – Ринат менен жолугушуусу болгон сайын так илимдердин өтө жашыруун тармактарынан көбүрөөк кабардар болуп, өзгөчө, бирден тогузга чейинки бирдик сандардын сансыз сырларынан азыноолак болсо да биле баштаганын байкачу. Эгер Ринат кандайдыр бир нерсе жөнүндө, мисалы, электрондук эсептегич машина жөнүндө үстүртөн эле айтып өтсө, а Бүбү Мариям ал айтылган нерсенин элесин кадимкидей көрчү жана анын ички түзүлүштөрүн, иштөө принциптерин, аткаруучу функцияларын таптак сүрөттөп бере алчу. Анын бул жөндөмүнө Ринат абдан таңгалып, мурунку мисалынан кыйла татаал тапшырма берчү. Бүбү Мариям бул сыноону да кыйынчылыксыз орундачу.

Ринат кара жанын карч уруп жүрүп, талыкпай изденип жүрүп жетишкен кандайдыр бир ийгиликтери тууралуу үстүртөн айтып өтсө эле, Бүбү Мариям аларды кадимкидей өздөштүрүүгө үлгүрчү. Жалпылап айтканда, Ринаттын терең билими, жашыруун маалыматтары Бүбү Мариям үчүн канчалык кызыктуу болсо, Бүбү Мариямдын өздөштүрүүчүлүк жөндөмү, туюмунун күчтүүлүгү, байоолугу, жупунулугу жана көңүлүндө кыпынчалык кири жоктугу Ринат үчүн да дал ошончолук кызыктуу болчу. Ошон үчүн бири Бишкекте, бири Жумгалда жашаганынан улам, аралыктын алыстыгына жана жылына бир же бир нече ирет пикир алышкан соң кайра бөлүнүшүп кеткенине карабай, экөөнүн мамилеси үзүлүп калбады. Кандайдыр бир көрүнбөгөн жиптин эки учунда байлангандай абалда жүрүштү.

## РИНАТТЫН ЖООБУ

...Анан эле ошол Ринат, Чаектен үч жүз отуз чакырым ыраакта – Бишкекте жашаган Ринат, Бүбү Мариямдын үйүнө түндөсү түгүл күндүзү келип көрбөгөн жана анын каерде жашаганын билбеген Ринат, соңку үч жылдан бери жолугуша элек Ринат, кудайдын көп күндөрүнүн биринде эмес, дал бүгүн, Бүбү Мариямдын өмүрүндө өтө чоң өзгөрүү болуп өткөн күнү түн ортосунда анын түшүнө киргенден бешбетер бейкапар гана үйүнө кирип, чаалыгып-чарчаган аялдын уйкусун бузуп атпайбы.

– Сен кантип кирдиң? Эшикти сага ким ачып берди? – Бүбү Мариям жини келип сурады. Ордунан ыргып туруп халатын кийди.

– Эшик өзү эле ачылып берди, – деди Ринат жайбаракат. – А мен өзүм эле кирдим.

Анын жайбаракат үнү Бүбү Мариямга да оң таасир берип:

– Эмне үчүн келдиң? – деп жай гана сурады.

– Сенин бүгүнкү сакайышың менен куттуктайын деп келдим, – деди Ринат. – Мен сенин ушинтип сакайышыңды кандай гана күтүп жүрдүм. Анан акыры айыкканыңды билген соң, келбей коёалбайт болчумун. Элдик табыпчылыктын жолуна сен бүгүн чындап түштүң. Бирок эмнеден баштаарыңды билбей турасың. Туурабы?..

Бүбү Мариям баш ийкеди.

– Мен сага анык жардам берчү учур эми жетти. Азыр жайнаган көп көзү ачыктар пайда болушпадыбы. Сен да ошолордун бири болуп калышыңды мен каалабайм. Сен өзгөчө жөндөмдүү дарыгер болуп чыгууга тийишсиң. Ал үчүн менден бир аз маалымат алууга туура келет. Мен ушуну эскертүү үчүн гана атайы келдим. Сен маалымат алышыңа кайсы күн ылайык экенин аныктаган соң, ошол күнү түнкүсүн кайра келем. Эми кетейин. Мени узатып коёсуңбу.

Бүбү Мариям күтүлбөгөн конокту ээрчитип өз бөлмөсүнөн коридорго чыкты. Кийинки бөлмөдөгүлөр ойгонуп кетет деген кооптонуу оюна, эмнегедир, такыр келбеди. Үйдүн сырткы каалгасы ичинен илингенине карабай, ачык экен. «Эшик өзү ачылды» деп айтканы менен, алибетте, Ринат кандайдыр бир ыкманы колдонуп, эшик өзүнөн-өзү дабышсыз ачылып берүүсүнө мажбур кылганын Бүбү Мариям айттырбай түйдү. Ачык эшик аркылуу короого чыгышты. Жаңыдан жаңырган ай эбак батып кеткендиктен, сыртта капкараңгы эле. Короонун тышында жеңил машина туруптур. Бүбү Мариям аны унаасына чейин ээрчитип келип узатып койду.

## АЛГАЧКЫ МЕДИТАЦИЯ

Ринат убадасына турду. Туптуура эки жумадан кийин түн жарымында келди. Бүбү Мариям үйдөн чыгып, анын машинасына отурду. Жаманталаага барышты.

– Сен медитацияга чыкканды үйрөнүшүң керек,– деди Ринат.

– Кантип?..

– Мен сага жардам берем.

– Медитациянын эмне зарылчылыгы бар?

– Медитацияга чыкканды үйрөнүү – бул сыйкырдуу дүйнөгө аралашуу. Бул жол – сыйкырдуу дүйнөнүн жоокерлеринин гана жолу. Алибетте, ачык айтышым керек – өтө опурталдуу жол. Сени мындан коркпойт деп ишенем. Эгер жок дей турган болсоң, баштартам десең, ал да өз эркиңде. Бул дүйнөгө эч кимди эч ким мажбурлап аралаштыра албайт. А сенде абдан көп жөндөм бар. Сен канчалык деңгээлдеги кудуретке эгедер экениң өзүңө дагы белгисиз. Азырынча...

– Сен айткан сыйкырдуу жол сен менден байкаган жөндөмдөрдү ачууга жардам береби?

– Эң туура суроо! Медитациянын эмне экенин түшүнүшүң үчүн, эмесе, ишке өтөлү. Макулбу?

– Ооба.

– Азыр түн жарымы. Төбөбүздө – толгон Ай. Эч ким жок ээн талаада турабыз. Мунун баары кокустук эмес: Айдын толгон маалы медитацияга чыгууга абдан ыңгайлуу; эл жок жерде анын жол-жоболорун аткаруу кыйла жеңил жана медитация башталгандан бүткөнгө чейин сени эч ким көрбөгөнү дурус.

Эми бул шарттарды дагы чечмелегенге аракеттенейин.

Биз, адамдар, көзүбүз көргөн жана акылыбыз жеткен дүйнөнүн жападан жалгыз кожоюнубуз деп өзүбүздү эсептейбиз.

Биз үчүн биздин дүйнөдөн башка эч нерсе жоктой... Чындыгында андай эмес. **Биздин дүйнө менен катар жайгашкан дагы көптөгөн дүйнөлөр бар. Алар – параллелдик дүйнөлөр деп аталышат.** Мен муну мындай салыштыруу менен түшүндүрмөкмүн: жер планетасы өзүнүн өзөгү – Ядросунан баштап эң сырткы бөлүгүнө чейин көптөгөн катмарлардан турган сыяктуу, ошол эле жер планетасын сыртынан чулгаган атмосфера дагы көптөгөн катмарларга бөлүнгөн сыяктуу, дүйнө да көптөгөн катмарларга ээ. Ар бир катмардын өзүнүн жашоочулары бар. Биз болсо биздин дүйнөнүн жашоочуларыбыз. Себеби, биздин аң-сезим биздин дүйнөнү гана кабылдай алат. Башка дүйнөнүн жашоочуларынын аң-сезимдери өз дүйнөлөрүн кабылдаганга гана жарактуу.

Мария, сен медитациянын жол-жоболорун өздөштүргөнүңдө биздин дүйнөдөн башка дүйнөлөргө өтүп барып келүүнү үйрөнөсүң. Эгер ошо-

го кандайдыр бир зарылчылык бар болсо гана ал жөндөмдү пайдаланасың.

Ошондой эле, медитацияга чыккан учурда өткөн чакка да келечекке да саякат жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Же болбосо, адам өзүнүн жандүйнөсүнө сүңгүп кире алат. Өзүн кызыктырган суроолордун баарына ар ким өзүнүн жандүйнөсүнөн жооп таба алат. Жандүйнөнүн сырларын ачуу – ааламдын сырларын ачуу менен барабар. Аалам кандай кенен, чексиз, табышмактуу болсо, ар бир адамдын жандүйнөсү так ошондой кенен, чексиз жана табышмактуу. Анткени, аалам – адамдын жандүйнөсүнүн көчүрмөсү, жана, тескерисинче, адамдын жандүйнөсү – ааламдын көчүрмөсү.

Кыскартып айтсак, **медитация – адамдын акыл-эсинин эмес, анын аң-сезиминин жана жанынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу**.

Мария, мына ушул жолго, башталышы бар, бирок эч качан бүтпөй турган узак жана улуу жолго, «Медитация» деген бир ооз сөз менен аталчу – сыйкырдуу жолго мен сени чакырамын...

Бүбү Мариям Ринаттын ар бир сөзүн, ар бир оюн толук түшүнүп угуп тургандыктан, «көрсөтмөлөрүңдү бере бер» дегенчелик кылып башын ийкегиледи.

– Медитацияга чыгуунун ырым-жырымдары булар... – деп Ринат эң алгач аткарылчу шарттарды санаган соң минтип эскертти: – саздак жерлерден, эски мүрзөлөрдөн оолак бол. Эмесе, сага ийгилик каалайм. Алгачкы сапарың байсалдуу болсун. Мен сенин медитацияң аягына чыккыча ушуерде күтөм.

Космостук ракета учушу үчүн атайы дайындалган старттык аянтча зарыл болгон сыяктуу, медитацияга чыгышына ыңгайлуу жерди – жарым метр-

че бийиктиктеги дөбөчөнү Ринаттын жардамы менен тапкан Бүбү Марийам анын так ортосуна турду да, ырым-жырымдарды аткарды. Тапшырмалардын баарын так орундаганы үчүн медитациясы абдан ийгиликтүү аяктады.

...Ошентип, арадан үч жыл артта калган соң, Жайсаң Үмөт уулунун «Айкөл Манас» дастанын Бүбү Марийам кайыптан алып, кагазга түшүрө баштаышына чейинки аткарылчу шарттардын дагы бири – абдан орчундуусу – медитацияга чыгууну үйрөнүүсү жогорку деңгээлде өттү.

# ЖУМГАЛ АТА МАЗАРЫНДА

Мазарга барууга ылайык күндү аныктаган соң, айттырам деген убадасы боюнча Түгөл Окен деген аялды Бүбү Мариямга жиберди.

– Келерки бейшембиде Жумгал Ата мазарына барабыз. Камынсын деди, – деп айтып келди Окен.

Кандай камылга көрүштү тактоо үчүн Бүбү Мариям Түгөлдүн айылына барып:

– Мен эмне кылышым керек? Өмүрүмдө биринчи ирет бараткан соң, кандай камылга көрөрүмдү билалбай, өзүңдөн сураш үчүн атайы келдим, – деп андан сурады.

– Сиз шам орогонду азырынча билбейсиз да. Шамды мен өзүм ырастайм. Сиз өзүңүзгө жана байкеге жети токоч – баабедин бышырып алсаңыз эле жетишет. Калган даярдыктын баарын мен ырастайм.

– Келерки бейшембиде кайсы маалда мазарга барып калышыбыз керек?

– Саат күндүзгү он бирлерде мазарга бурулчу жолдо жолугушалы.

«Атайы келгеним туура болгон экен. Шарттардын баарын тактап алдым», – деп ойлогон Бүбү Мариямдын көңүлү тынчып, Чаекке кайтты.

Бектемир Кашка-Теректен келгенде ага мазарга барчу убак жеткенин айтты. Болжонгон бейшемби күнү Бектемир жайлоодон эки ат менен келип, анын бирине Бүбү Мариям минип, экөө эртелеп жөнөштү

да, бурулушка келип күтүштү. Саат он бирлерге чукулдаганда бир автобус келип токтоду. Анын ичинде Түгөл, Окен жана Нургүл аттуу кыз бар экен. Жылуу учурашкан соң автобус алдыга жөнөдү, алардын артынан аттарды акырын бастырышты.

– Ыйык мазарга баратканда аттарды адыраңдатпай жай барыш керек. Тилегим кабыл болсун деп тиленип барыш керек, – деди Бектемир жолдун жарымы артта калган кезде.

Жумгал Ата мазарына жакындаган сайын кандайдыр бир белгисиз нерседен кооптоно баштаган Бүбү Мариям унчукпады. «Көрсө, ыйык жай сүрдүү болот тура. Сыры дагы көп болуш керек», – деп ичинен ойлоп койду.

Чейрек сааттай убакытта автобус токтогон жерге жетишти. Жүктөрдүн баары жерге түшүрүлгөн экен, аларды аттарга артынып, керектүү жерге көчүштү. Автобустун айдоочусу эртең түштө келем деп айтып, артка кайтты.

Жумгал Ата мазарына дайыма келгенде Түгөл жайгашчу жерден орун алышты. Таңылчактар чечилип, жерге салынчу төшөктөр жайылды. Баштыктар ачылып, мазарга арналган даамдар: боорсок, конфет, печенье жана жер-жемиштин түрлөрү дасторконго төгүлдү. Самоорго суу куюлуп, от жагылып, көк түтүн булады. Мунун баары Түгөл үчүн көнүмүш нерсе катары болгону менен, Бүбү Мариямга абдан таңгалычтуу көрүнүп:

«Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» деген сөз бекер айтылбаган, – деп ойлоду. – Түгөл менин уулум Таалай менен гана тең экенине карабай, мазарга келүүнүн жол-жоболорунан эң сонун кабардар тура. Алюминий зымдан токулган сандыкка самоорго жакчу отунду, көмүрдү сала келиптир. Чакан балтасы дагы бар экен. Бул буюмдарды ма-

зарга барганда гана пайдаланат окшойт. Дасторконду дагы мыкты ырастаптыр. Сарамжалдуу аялдын камылгасынан кем эмес. Алибетте, үйдө апасы, жеңеси жардам берди дечи. Ошентсе деле, Түгөл өзү суранып, даярдатып алды да. А мен аял башым менен куру кол келип алган турбаймынбы…»

Бүбү Мариям оюнун ушул жерине жеткенде ачык айтты:

– Түгөл! Мен мазарга кантип келүүнүн жолун билбей, өзүңөн сурасам «жети токоч – баабедин жасап алыңыз» дегениңден улам, андан бөлөк эч нерсе албай куру кол келип алдым эле да. Азыр сенин даярданганыңды көрүп алып абдан уялуудамын.

– Эже! Эч нерсе эмес. Мазарга сизди алып келүү менин милдетим болгон соң, мазардын камылгасын көрүү дагы менин милдетим болчу. Ошон үчүн сизге «байкем экөөң үчүн жети токоч – баабедин жасап алыңыз» деп айткам. Башка эч нерсе алып келбей эң туура кылдыңыз. Мына, Окен эже да эч нерсе албай келди. Нургүл карындашымды да куру кол кел дегем. Сиз өзүңүздү такыр ыңгайсыз сезбеңиз. Бул – мазарга келүүнүн шарты.

Түгөлдүн бул жообу Бүбү Мариямдын көңүлүн жайгарды.

Самоордун суусу кайнаганда чай демделди. Баары дасторконду тегеректеп отуруп, Жумгал Ата мазарынын ээсине, бу жалгандан көзү өткөн ата-бабалардын арбактарына багыштап куран окулган соң бата кылышты. Мазардын даамынан насиптеш болушту. Андан кийин Түгөл алып келген козу курмандыкка чалынды. Анын ичеги-карыны тазаланып жуулуп, мүчөлөрү жиликтенип бүткөн маалда күн батып, кечки шам жагуу учуру келди.

– Байке, сиз этти казанга салып, бышыра бересизби? – деп Түгөл Бектемирден өтүндү. – Биз болсо кечки шамга отурушубуз керек.

– Мейли. Бул менин көнгөн ишим. Кылып жүргөн кызматым. Силер шам жага бергиле. Эттен кам санабагыла. Мен бышыра берем.

Түгөл Океңди, Бүбү Мариямды жана Нургүлдү ээрчитип жөнөдү. Дубалдын урандыларынын нугу бар жерге келгенде:

– Мындан көп жыл илгери ушу Жумгал Ата мазарында бир шайык[1] жашаган. Ал кишинин аты Мырзакмат болгон. Чаначка куюлган сууну ташып ылай жасап, аны менен үй курган. Мазарга зыярат кылганы келгендер ошол үйгө токтолушкан. Мырзакмат шайык өмүрүнүн акыр-аягына чейин Жумгал Ата мазарына кызмат кылган. Тилекке каршы, ал кишинин көзү өткөндөн кийин анын ишин улантуучу болбой, үй кароосуз калып, урап түшкөн. Биз ошол үйдүн урандысына шам жагышыбыз керек, – деп Мырзакмат шайыктын баянын үстүртөн айтып берди.

Алар шам жакчу орунду тегеректеп отурушту. Түгөл өзү менен ала келген баштыкчанын ичинен көп шам алып чыкты да, тогузду санап алып жерге сайды. Дагы тогузду Океңге берди. Ал киши колундагыны Түгөлдүн шамынын катарына жайгаштырды. Бүбү Мариям менен Нургүл да ошентишти. Түгөл ичинен күбүрөнүп дуба окуган соң, ширеңкенин талын тутантып, шамдын үстүнө от койду. Өсүмдүк майы сиңирилген кебез оролуп жасалган отуз алты чий шамдын жогорку бөлүгүн бир заматта текши каптаган от акырындык менен боюн көтөрүп, тегеректи текши чүмкөп калган караңгылыкты жиреге киришти. Күтүүсүздөн пайда болгон кичинекей жалындын соймоңдогон кызыл тилине

[1] *Шайык* – мазарды көзөмөлдөгөн же кайтарган адам.

денесин күйгүзүп алууну каалабаган караңгылык оттун жанынан оолак боло бергенсиди, – шамдын тегерегиндеги төрт киши бири-бирине дапдаана көрүндү. Шамдын жалыны кубаты жеткен жерге чейинки аймакты гана жарык кылуу менен чектелбестен, Жумгал Ата мазарынын купуя сырын дагы көргөзө баштады. Тилекке каршы, аны бир гана Бүбү Мариям көрө алгандыктан, кудум кино тасмадагыдай кылып  көз алдынан чубурган окуяларды айта баштады.

«...Кайран кыргыз калкы үчүн эң кыйын кезең маал экен. Көп кылым тынбай согушкан, элдешкис душман болушкан калмак аттуу күчтүү жоо кайра да басып кирди эми...

Калмактардын көздөгөн максаттары бул эле: Баба ата[1] менен Мунар эненин[2] Жумгал[3], Чолпон[4], Кочкор[5], Тастар[6] аттуу уулдары эле. Аталган төрт азамат кыргыз элдин намысын сактайлы деп чыгышкан. Манас Ата баш болгон бабалардын ишеничин актайлы деп чыгышкан. Чачыранды көчмөн эл биригишин ойлошкон. Анан ошол төрт баатыр Ала-Тоонун орчундуу төрт жеринде жайгашкан. Касын тиккен душманга тиш кайрууга камданган. Аракети алардын болгон кезде белгилүү, калмактар жыйнап көп аскер, басып кирген кези ушу.

---

[1] *Баба ата, Мунар эне* – 15-кылымда жашаган тарыхый инсандар. Азыр Баба Атанын ысымын алган тоо бар. Мунар эненин атындагы мазар таш бар. Ал мазар таш жонуна бала көтөргөн аялдын айкелине абдан окшош жана Чаек – Миңкуш жолунун орто жериндеги аралыкта тик бет жакта жайгашкан.

*Жумгал, Чолпон, Кочкор, Тастар* – Баба Ата менен Мунар эненин уулдары. Бул төрт азамат 15-кылымда кыргыз элинин тарыхында орчундуу таасир тийгизишкен. Ошондогу эрдиктеринин урматына төртөөнүн тең ысымдары ар кай жерлерге коюлган. Жумгал Ата Мазары – Чаек айылынын жанында, Кочкор-Ата мазары – Кочкор районунда. Чолпон Ата шаары – Ысык-Көлдө. Тастар Ата мазары – Миңкушта.

Эң биринчи соккуга Жумгал болду кириптер.

Аскеринин аз санда экенине кейибей, душманынын эсепсиз көптүгүнөн коркпостон, кармашып кирди жолборстой.

Анык баатыр Жумгалдан кем калбастан чабышты ар бир кыргыз жоокери. Кашык каны калганча салгылашкан баатырлар, кыргын салып калмакка, катуу зыян кылышты, өздөрү да ажал таап, абийирдүү өлүп тынышты.

Аскеринен ажырап, жарадар болуп өзү да, жалгыз калган Жумгалды душмандар алды туткунга.

Дөбөгө мамы орнотуп, баатырды ага байлашты. Жылаңачтап денесин, уруп-сабап кыйнашты. Жанкечти баатыр баарына чыдап турду «кың» дебей.

Каарданган калмактар кайран Жумгал баатырды кордогонду улантып, уулун алып келишип, койчосунан мууздашты. Көкжал баатыр мында да, сыр ачпады душманга. Андан кийин аялын кескилешти тирүүлөй. Аялы тарткан азапты эли көрчү азаптан чоң эмес деп эсептеп, айтпады дале эч нерсе.

Байлануу турган баатырды багынта албай таптакыр, калмактардын айласы түгөнгөндө акыры арсыз ишке барышты, – өлтүрүштү аны да.

Баатырдыгы ченде жок, акылман Жумгал шериңдин жан-досу учту чыркырап...

Кайран Жумгал баатырдын бейгам жаткан айылын жоо чапканын уккандар шашып жөнөп жардамга, кечигишти, аттиң ай!

Анткен менен бар болчу, Чыңгыш аттуу бир аяр[1]. Билүүчү ал учканды – канаттуудай кадимки. Кысталышта ар кандай, бачым учуп жетүүчү... Келээр болсо колунан, көмөк сөзсүз берүүчү адатынча ушул саам жардам бере албады. Калмактардын кордугун

---

[1] *Аяр* – алдын-ала айта билүүчү жана кандайдыр бир кудуретке эгедер адам.

көрүп жаткан Жумгалга жакындап бара албады, – ушул болду арманы. Жаа жебеси жетпеген бийиктикте айланып учуп жүрдү аргасыз.

Чыңгыш аяр калмакка, качырып кол салганда, курман болмок өзү да. Бул чечкиндүү кадамга атырылып барганга жок болучу акысы.

Калмактардын кылганын, бир боорлорун кырганын, көрүп-билип турса да, өлтүрбөстөн аларды, же өлбөстөн алардан, баарын көрүп тим туруу, аяр үчүн кандай оор!..

Жалгыз уулун Жумгалдын, жана дагы аялын, андан кийин өзүн да өлтүргөндө душмандар, Чыңгыш аяр көз жашын төгүп ийди мөндүрдөй.

Эр Жумгалдын жан-досу дене-досун калтырып, чыкканында чыркырап, Чыңгыш аяр буркурап, собол менен кайрылды:

«Калмак деген каапырга, каалабадык жамандык. Биз аларды кыралы, сүрөлү деп ойлобой, Ала-Тоонун коюну кең экенин эске алдык. Биз дайым бар бололу, алар да болсун деп калдык. А бирок залим калмактар андай ойго көнүшпөй, Ала-Тоону – мекенди кыргызга ыраа көрүшпөй, кыралы деп келишти. Мына сенин айлыңа күтүүсүздөн кол салып, адамдарды өлтүрүп, мал-мүлктөрүн олжолоп, албаганын өрттөштү. Аман калды бир гана, катуудан – казан, жумшактан – бозала болгон күл гана! Бул не деген айбандык! Бул не деген алаамат!..»

Эр Жумгалдын жан-досу дароо жооп кайтарды:

«Кайран Чыңгыш аярым, көз жашыңды аягын! Күтүүсүз келген душманга айылымды чаптырдым. Өлдү уулум, аялым, набыт болдум өзүм да. А бирок жалпы кыргыз эл аман-эсен калды да. Бар болгон күчүн чогултуп, катылып келген калмакка катуу сокку уруучу – кыйратчу күндөр алдыда. Мен ошого ишенем. Мен ошого кубанам. Ошондуктан дал

азыр, эч нерсеге кейибейм. Баскынчылар дайыма, убактылуу жеңген соң, түбөлүккө жеңилет. Калмактар да ошону каалап, тилеп алышты. Кыргызды кырам, жоём деп, кан-жинине тоём деп, каргышка чындап калышты. Калдайган калың кыргыз эл бир муштумдай бириксе, чечүүчү сокку урууга жан аябай киришсе, Теңирим анан буюрса, улуу кыргын урушта, калмактар катуу кыйрашат. Аман калган калдыгы Ала-Тоодон алыска качып-бозуп кетишет. Көп кылым күткөн жеңишке, кайран кыргыз жетишет. Ошол жеңиш – зор максат орундалып кетсин деп жанды чалдык курмандык! Ошондуктан, аярым, көз жашыңды төкпөгүн, курман болгон биз үчүн. Убактылуу кайгыга ыйлабагын эч качан!..»

«Ооба, сенин сөзүңдүн баары-баары калетсиз. Кайран Жумгал баатырым, айтканыңды угайын. Кайгынын жашын тыяйын!..»

«Ооба, ошент, аярым. Бүт баарына даярым. Сага айтаар менин кабарым: **мен – Жумгалдын жан-досу, эми ушул аймакта кала берем байырлап. Дене-достон ажырап кетчү мезгил келгиче, кагылайын кыргызга канча кызмат кылсам да, аны аз деп эсептейм. Дене-достон бөлүнүп калсам деле мен эми кагылайын кыргызга кызмат кыла бермекмин, – кандайдыр бир керегим тиерине ишенем. Менин колдоо, коргоомо муктаж болгон бир дагы кыргыз калбай калгыча ушул жерде болмокмун. А сен, Чыңгыш аярым, мында ыйлап турбагын. Бачымыраак жөнөгүн, кабар айткын баарына. Биригишсин. Камданышсын. Сокку урушсун душманга...»** – деп Жумгалдын жан-досу Чыңгышка айтты соңку сөз...

...Ошондон бери арадан беш кылым өттү. Ошондон бери бул жер Жумгал Ата мазары. Ошондон

бери Жумгал Атанын жан-досу кыргызга кызмат кылып келет…

…– деп Бүбү Мариям кудум кино тасмадагыдай көз алдынан чубурган окуяларды айтып аткан кезде «чарт» эткен дабыш чыкты да, айлана караңгынын кучагына сиңди. Анткени, шам күйүп бүтүп, «жалп» өчкөндүктөн, кинону көргөзүп аткан тасма үзүлгөнсүп «чарт» эткен үн чыгып, Бүбү Мариямга эч нерсе көрүнбөй калды. Анын кызыктуу аңгемесине:

– Эже, сиз укмуштарды көрдүңүз. Көргөндөрүңүздү өтө элестүү кылып айтып бердиңиз,– деп Түгөл абдан таңгалуу менен баа берди. Анан куран окуду. Жумгал Атанын арбагына багыштап бата кылышты.

– Жүрүңүздөр, эми Эне-Мазарга баралы, – деди Түгөл.

Айтылган жерге барышып, арналган шамдарды жагышып, алар күйүп бүткөндө:

– Бул жерде Жумгал атанын жубайын өлтүрүшкөндүктөн Эне-Мазар болуп калган, – деп Түгөл кыскача маалымат берди.

Андан кийин Бала-Мазарга барып шам жагышты. Жумгал Атанын жалгыз уулун – жаш баланын жанын ушул жерде алышкандыгына байланыштуу, «Бала мазар» деп аталып калганын, бала тилеп келгендер ушуерге сыйынуу иштерин жүргүзгөнү максатка ылайыктуу экенин да Түгөл үстүртөн айтып өткөн соң:

– Эми Жумгал атанын өзүнүн кабырына баралы, – деди.

Алар мазардын үстүндө жайгашкан кабырга чыгып келип шам жагышкандан кийин кайтышты.

Бектемир этти жаңы эле бышырып бүтүп калган экен, аны чыгарып, дасторкондун ортосуна коюп, Жумгал Атанын арбагына, жана дагы көптө-

гөн арбактарга арнап куран окулуп, бата кылынган соң, курмандыкка чалынган койдун этинен даам татышты. Тамактанып бүтүшүп, дасторкон жыйналды. Окен жертөшөктүн бирине кыйшайды. Нургүл да өзүнө орундук ырастап, уйкуга кирди.

– Молдоке, мен силерге кылчу кызматымдын бүгүнкүсүн бүттүм окшойт. Эми даарат алып келип жатып уктасам болобу. Силердин кимиңерде кандай ыйыктык бар экенин Жумгал Атадан сурап билүүгө ниет койдум. Эгер мен кандайдыр бир аян ала турган болсом, аны, алибетте, эртең өзүңөргө айтып берем. Мен силерге теңелип катарыңарга уктаганга даабайм. Ошон үчүн очоктун боюна эле уктайм, – деди Бектемир күтүүсүздөн.

– Мейли, байке! Ылдыйыраак барып даарат алып келиңиз да ниеттенген ишиңизди аткарууга аракеттениңиз, – деди Түгөл.

Бектемир көрсөтүлгөн жакка кетип көптөн кийин келди да очоктун боюна жертөшөк жайып, ага жатып уктады.

Түгөл менен Бүбү Марийам экөө гана уктабай, кээде өткөн-кеткенди кеп кылып коюшпаса, негизинен, түндүн түркүн кубулуштарына кулак төшөп олтурушту.

Саат он эки болгон кезде:

– Туруңуздар, түнкү шамды жагалы, – деп Түгөл Окен менен Нургүлгө кайрылды.

– Мен аябай чарчадым. Алым келбей турат. Барбай эле койсом болобу? – деп сурады Окен кыйыктанып. Нургүл болсо уктап калып укпадыбы, же укса деле Окендин айтканына кошулдубу, айтор, унчукпады.

– Мейли, өзүңөр билгиле, – деп Түгөл макул болду. – Бүбү Марийам эже, жүрүңүз, түнкү шамды жагып келели.

Түгөл менен Бүбү Мариям кечинде барган мазарларды дагы бир сыйра кыдырып шам жагып келишти.

– Эже, эми сиз дагы жатып уктаңыз. Кандайдыр бир аян алышыңыз мүмкүн. Мазардын шарты ушундай, – деп Түгөл көрсөтмө бергендиктен, Бүбү Мариям дале уйкусу келбегенине карабай, Окен жаткан жакты карап оң капталына кыйшайды. Эмнегедир эле маңдайы чокко кактагансып ысыпкүйүп атканынын себебин түшүнө албай, ойго чөктү. Көзүн жумбай жаткандыктан, кыйла бой көтөрүп өсүп калган шибер чөптөр жапырылып, эки тарапка ачылып атканын көрдү. Анан эле, шуудурап үн чыгарып жапырылган чөптүн арасынан бир жылан сойлоп чыга баштады. Өңү боз түрдөгү бул жыландан Бүбү Мариям, эмнегедир, коркподу. Аны карап жата берди. Жоондугу жеңдүү билектей боз жылан түз эле аны көздөй сойлоп жетти. Жыландын башы үч бурчтук сыяктанганын, көздөрү кишинин үрөйүн учурарлык коркунучтуу эместигин, тескерисинче, мээримдүү экенин Бүбү Мариям баамдады. Жылан болсо, Бүбү Мариямдын башына сойлоп келди да, анан бутун көздөй сойлоп барган соң, кайра бурулуп башына жетти. Анан үч бурчтук болгон башын Бүбү Мариямдын ысыпкүйгөн маңдайына койду. Бою 1 м. 58 см. болгон аялдын денесин узундугу 3 метрден ашыгыраак, жоондугу билектей, өңү боз, көздөрү муңдуу, акылдуу, мээримдүү сыяктанып таасир берген, башы үч бурчтуу жылан бир курчап, кудум нөл санынын элесин берген калыбында бир нече көз ирмем жатты. Ошол убакыттын ичинде Бүбү Мариямдын ысып-күйгөн маңдайынын табы кайта түштү. Ал табышмактуу ысыктыкты боз жылан өз денесине өткөрүп алды окшойт.

Ошол бир нече көз ирмемде боз жыландын аткаруучу иши аяктадыбы, айтор, үч бурчтуу башын Бүбү Мариямдын маңдайынан көтөрдү да, келген жагына сойлоп жөнөдү. Шибер чөптү эми нары көздөй жапырып, шуудуратып барып караңгылыкка сиңип кетти.

Боз жылан сойлоп келгенин, узун денеси менен өзүн курчаганын, үч бурчтуу башын маңдайына коюп бир нече көз ирмем убакыт бою жатканын, так ошол учурда маңдайынын ысып-күйгөн табы кайтканын, эң негизгиси, жыландан таптакыр коркпогондугунун, жадагалса, денеси жыйрылып чочулабаганын жана дагы көптөгөн сырлардын жандырмагын билалбаган Бүбү Мариям ордунда былк этпей жата берди.

– Айланайын Жумгал Ата мазары! Бул эмне кылганың? Мен өзүңө ушу менен алтынчы жолу келгениме карабай, сен менден аяган аяныңды башка кишиге көргөздүң. Сага ынанмак түгүл «биссимилла» деген сөздү түзүктөп айта албаган аялды биринчи келген күнү эле кабылдап, кереметиңди көргөзүп жибергениң эмнең? – деп Окен үнүн пас чыгарып сүйлөнүп алды да үнүн угулар-угулмаксан кылып ыйлап жиберди.

Жумгал Ата мазарына Окендин койгон дооматын Бүбү Мариям орундуу сыяктуу кабылдап, өзү татыктуу эмес сыйды тартып алгандай туюмда болуп, кандайдыр бир арзыбаган өтүнүчү же талабы орундалбай калганда ызаланган жаш баладан бешбетер бышактаган аялды абдан аяп, а бирок азыр Окенди соороторун же сооротпошун билбеди. Эгер сооротпой жайына коёюун десе го, түшүнүктүү, анда унчукпай тим болот. Эгер сооротууну чечсе, анда кандай сөздөрдү айтмак. Ушуга акылы жетпеди.

– Эже, сизге ачык аян берилди. Сизди Жумгал Ата мазары кабыл алды. Аяныңыз кут болсун! – деп Түгөл жадырап-жайнап кубанып куттук айтты. Ал эми Окенди болсо жактырбаган көзкараш менен карап тим болду. Улгайып калган аялдын ичтарлыгына кийлигишип ачык нааразылык билдирүүгө батынбады.

Окен дароо токтоно албай, кыйлада араң басылды.

Таң кулаңөөк салган кезде баары турушту. Самоорго от жагылып, суу кайнатылып, чай демделип, дасторкон жайылды.

– Мен түндө Жумгал Атадан аян алдым, – деп сөз баштады Бектемир. – Жумгал Ата бою узун, кең далылуу, чымыр денелүү киши экен. Анын ар бир далысына экиден киши отурса батчудай. Ушу төртөөңдө кандай ыйыктык бар экенин көрсөтүп бериңиз деген өтүнүчүмдү орундатып, «өзүң баа берип ал» деп мага силерди көрсөттү. Түгөл, иним, сенин касиетиң көп экен. Себеби, сен жерди бойлоп жылган ак булутту кечип алып, менин алдымдан жылып өттүң. Сенин артыңда менин байбичем келатыптыр. Аппак кийим кийип алыптыр. Тимеле перинин кызындай сулуу экен. Мен аябай таңгалып, суктанып карабадымбы. Эжең дагы сендей болуп ак булутту кечип алып алдымдан жылып өттү. Кандайдыр бир касиет-кудуреттен куру эмес экен, кайран байбичем, деп кубандым.

Ал эми сиз, Окен эже, жашыңыз алтымыштан ашып, пайгамбар курагына жеткениңизге карабай, утуру башка көзү ачыкка кайрылып, алардын ар бирин ээрчип мазардан-мазарды кыдырып, өзүңүздүн көзүңүз ачылышын чыдамсыздык менен күтүп жүргөнүңүзгө карабай, али акылыңыз токтоло элек сыяктанат. Эң кур дегенде, ушу ыйык Жумгал Ата

мазарына жөнөгөн күнү күйөөңүз менен урушпай келсеңиз болмок. Кечээ эртең менен оозуңуздан ак ит кирип, кара ит чыгып урушупсуз. Ушинтип жүрсөңүз анан кантип сиздин көзүңүз ачылмак эле?.. Ал эми сен, Нургүл кызым, болор-болбос эпкинди байкап алып эле Түгөлдү ээрчип алыпсың. Мындан ары Түгөлдүн да, мазардын да тынчын алганыңды токтотуп, үйүңдөн чыкпай эле койгонуң оң.

Мен азыр катуураак айткан болсом кечирип койгула. Бирок мен алган аянымды эч алымча-кошумчасыз өзүңөргө айттым.

Бектемирдин бул билдирүүсү баарын таңгалтты. Окен күйөөсүн катуу жемелеп урушуп келгени чын окшойт, каршы бир ооз сөз айтууга даабады.

– Байке, көзүбүз ачык деген төртөөбүз биякта калып эле, сиздин көзүңүз ачылган окшойт. Укмуштарды айттыңыз, – деди Түгөл «бырс» күлүп.

Мазарчылар тамактанып бүтүшкөн соң, дасторкон жыйналып, жүктөр таңылды. Таңылчактарды эки атка артышып, машина токтоочу жерге чейин жеткиришти. Кечээ айдоочу эртең түштө келем деп айтып кеткендиктен автобусту күтүп калышты.

Эмнегедир Бүбү Мариям уктагысы келди. Таңылчактардын ыңгайлуусун жерге алып, кынтайды.

Бирок катуу уктап кетпей, уйку-соонун ортосунда жатып, бир кызды көрдү. Ал кыз сегиз-тогуз жаш куракта окшойт. Колунда камчысы бар. Элик саптан жасалган ал камчынын нипничке өрүмү адаттагыдай кайыш эмес, типтирүү соймондогон жылан экен. Кыз ошол камчысынын жылан өрүмү менен ар кимисин – бирде Түгөлдү, бирде Окенди, Бирде Нургүлдү, бирде Бектемирди, бирде Бүбү Мариямды учуктап[1] жүрдү. Кыз Бүбү Мариямга

---

[1] *Учуктап* – оорулууну дарылаган элдик ыкма.

жакындаганда, анын жыланынан коркоюн деп ойлоп, бирок, мындан чоң жыланды кечээ түнү өңүндө көргөнүндө деле коркпой-үркпөй жатканын эстеп, эми бул нипничке жыландан эмнеге коркмок элем деген тыянакка келип, Бүбү Марийам коркконун тыйды. Өзүнөн башкаларга кыз жыланы менен жакындаганда алар ачууланганын байкады. Өзүнүн коркпогондугун кыз да, анын колундагы камчы-жылан да жактырганын туйду. Жылуу сөз жыланды да ийинден чыгарат деп бекер айтылбаган тура деп ойлоду. Кыздын колундагы камчы-жылан Бүбү Марийамдын тизелеринен баштап бүт денесин бир сыйра мээримдүү сылап, дем салып бүткөн кезде Бүбү Марийам ойгонуп кетти.

– Жо-ок. Эмнеге? Барат менин аялым, – деп Бектемирдин айтканын укту. Көрсө, Куйручук айылынын этегиндеги булактын боюна боз үй тигип, киши дарылап иштейли, эгер ушуга эже көнсө деп Түгөл сунуш кылгандыктан, ага Бектемир жооп кайтарып жаткан экен. Иштин чоо-жайын түшүнөөр замат Бүбү Марийам каршы болду:

– Мен баралбайм. Келиним Нурисанын боюнда бар. Биринчи төрөтүндөгү баласынан, туура эмес жасалган операциянын айынан, кол жууп калганбыз. Келинимдин өзү араң аман калган. Эми экинчи төрөтү кандай өтөт деп өтө сарсанаа чегип жүрөм. Эң орчундуу себебим ушул: Нуриса аман-эсен төрөп алгыча эч кайда бара албайм. Анын үстүнө, ар кимибиз өз үйүбүздө эле иштегенибиз дурус эмеспи.

Бүбү Марийамдын бул жообуна Түгөл унчукпаганы менен таарына түшкөнүн сырткы кебетесинен байкаган Бектемир:

– Менин байбичем тарбия көргөн аял. Өзүн эри бар аялдай алып жүргөндү жактырат. Сенин суну-

шуңа мени сыртынан эле макул болду, бирок ичинде каршы деп ойлогондуктан барбайм деп айтууда. Мен үйгө барганда байбичем менен жайма-жай сүйлөшүп, сенин сунушуңа көндүрөм, – деди анын көңүлүн алууга аракеттенип.

Аңгыча автобус келди. Ага таңылчактар менен баштыктар салынды. Коштошушту. Автобус кетти.

Бектемир менен Бүбү Мариям экөө атка минип Жумгал Ата мазарынан узашты. «Питомник» деп аталчу жердеги булакка жетишкенде:

– Аттан түшөлү, – деп Бектемир сунуш кылды.

Бул күтүүсүз сунушка Бүбү Мариям абдан таңгалды. Кандайдыр бир олуттуу сөз бар экенин туюп, аттан түштү. Булактын боюна келип Бектемирдин маңдайына отурду.

– Сен менин кыялымды аябай жакшы билесиң. Мен өзүм көп эле нерселерге ишене бербеген кишимин. Буга чейин деле «жинди Бектемир» деген атым бар эмеспи. Эми «бакшы Бектемир» деген кошумча атка конууну түк каалабагандыктан, сага кошулуп Түгөлдү ээрчип мазарга келмек эмесмин. Эгер бир түш көрбөгөн болсом. Сен жөнүндө жакында бир керемет түш көргөн элем. Ошон үчүн мазарга баралы дегениңе көндүм. Ошону азыр сага айтууну ылайык деп эсептейм, – деди да Бектемир түшүн айта баштады. – Экөөбүз эки ат минип баратыппыз. Чоң дарыянын бою экен. Биз аттарды жорголотуп баратып эки имаратка туш болдук. Бирөөнүн ичинде шаңдуу музыка жаңырып, кандайдыр бир шаан-шөкөт болуп атат окшойт, шайыр үндөр угулууда. Ага кирген-чыккан киши көп. Экинчи имарат болсо ушундай каардуу, сүрдүү. Өкмөттүн үйү сыяктанат. Эшигин кайтарган милициялар бар. Мен биринчи имаратка кирейин десем,

сен: «Биз бул үйгө эмес, тигил үйгө барууга тийишпиз», – деп айтып, шаңдуу үйгө мен бурулганыма карабай кете бергениңден улам, мен аргасыздан артыңдан ээрчидим. Сүрдүү имаратка жетип, аттан түштүң. Милициялар пропуск сурашты эле, көкүрөк тушуңдан төрт чарчы кичинекей ак баракты сууруп чыгып көргөздүң.

«Сиз утуп атасыз, Майрам эже! Утуш сиздики. Кириңиз!» – деп сага жол беришти. Сени ээрчийин десем, жолумду торошту. Сен артыңа кылчайып:

«Бул менин күйөөм. Өткөргүлө» – дедиң. Мен сага удаа эле киргениме карабай, сени таппай калдым. Имарат үч кабат экенин ичинен билдим. Спиралдай тегеренген тепкичтер менен экинчи кабатка көтөрүлдүм. Көптөгөн тааныштарды жана чоочундарды көрдүм. Түгөл да ошерде жүрүптүр. Абазкан агайдын[1] уулу бар го, өңү кара жигит эмеспи, азыр ПМКнын[2] жетекчиси, ошо жигит да жүрөт. Айтмакчы, үч кабат имараттын ички дубалдарына жайнаган эле телевизорлор тизилип орнотулуптур. Ошол телевизордун баарында сени көргөзүшүүдө. Имаратка киреерде милицияларга көрсөткөн төрт чарчы ак барак колуңда. Сени утту деп телевизордун баарында айтышууда. Имараттын ичиндеги кишилердин бири калбай сенин утушуң жөнүндө айтышууда. Абдан кубанып алган Түгөл:

«Менин эжем утушка ээ болбодубу» – деп ушундай мактануу менен айтты. Сенин утканыңа Эркинбек да аябай кубанычта экен. Айттым го, баары тең, мага тааныштардын жана тааныш эместердин баары тең сенин ийгилигиңе сыймыктанып, төбө-

---

[1] *Абазкан агайдын уулу* – Эркинбек Аманалиев жөнүндө сөз болууда.

[2] *ПМК* – передвижно-механизированная колонна деген үч сөздүн башкы тамгалары.

лөрү көккө жетчүдөй болуп кубанып алышыптыр. А сен жайнаган телевизорлордун баарынын экранында төрт чарчы ак баракты кармаган калыбында көрүнүүдөсүң. Эмнегедир, бир гана мен: «Ушул утушка ээ болгон аял – менин аялым» деп айтканга батына албай койдум. Анан ойгонуп кеттим.

Бул жөн түш эмес. Сен укмуш болосуң. Сен элдик дарыгерчилик ишин кармanышың керек. Сен бая Түгөлдү бөөдө эле капа кылдың. Менин айтканыма көнүп, Түгөл менен иштеш. Нурисадан кабатыр болбо. Үй-жайдан да бейгам бол. Мен сага ушуну айтайын дегем.

Бүбү Мариям саамга ойлонгон соң жооп кайтарды:

– Элдик дарыгерчилик жолуна батынып түшпөй атканымдын себеби экөөбүзгө гана белгилүү эле, эми ошонун тегерегинде ачык сүйлөшүп албасак болбойт. Анткени, өзүң сөз баштадың. Элдик дарыгерчиликти бир жолу мойнуңа алган соң, андан кайра баш тарта албайсың. Ар кандай адамдарды дарылоого туура келет. Бала-бакыраларды, катын-калачтарды жана келин-кесектерди гана эмес, эркек кишилер менен да иш алып барган учурларда, сенин кыялыңдын чатактыгы кармап, бул ишти токтот деп кийлигишишиң мүмкүн. Ошондо мен сенин тилиңди албайм. Мен сенин айтканыңдай болуп, дарыгерчиликти карман дегениңде карманып, токтот дегениңде токтотуп койгудай, дарыгерчилик иши оюнчук эмес. Ошон үчүн, мен азыр сенин сунушуңду кабыл алам. Дарыгерчилик жолуна түшөм. Сенин кыялыңдын чатактыгын эске алып, эркек кишилерди дарылабоого аракет кылам. А бирок азыртадан айтып коёюн, дарыгерчиликтин жолуна түшкөн киши өзүнө кайрылгандардын дарты сакайышына себепкер болуудан баш-

тартууга акысыз болгондуктан, качандыр бир кездерде эркектерди да дарылоого туура келиши ыктымал. Ошондо сен менин ишиме кийлигишчү болбо. Эгер кийлигишсең, мен үйдөн чыгып кетүүдөн кайра тартпайм. Болгону камчы менен теспени гана алам. Андан башка бир учук жип да албайм. Анан үйдөн чыгып кеткен бойдон көчөдө калсам да мейли. Дубана болуп калганыма да кайылмын.

Сен, Бектемир, менин ушул шарттарымды кабыл алсаң, анда сенин сунушуңа көнөм. Дарыгерчилик жолуна түшөм. Бирок, Түгөл айткандай болуп Куйручук айлынын жанына барып иштей албайм. Келинибиз Нуриса аман-эсен төрөгөнгө чейин эч кайда барбайм.

– Мен сага өзүм сунуш кылып аткан соң, эмнеге кийлигишмек элем. Өзүм көргөн түштү гана айтып, бул түш жөн түш эместигин кошо айтып, дарыгерчилик жолуна түш деп сунуш кылып атып, анан кайра кийин дарыгерчилигиңди токтот деп кийлигишкенимдин кандай зарылчылыгы бар, – деди Бектемир беймарал.

Анткени, ушу булактын боюнда сүйлөшүлгөн сөздүн баары үч жылдан кийин аткарылаарынан түк кабарсыз эле.

## ОКУРМАНГА ЭКИНЧИ КАЙРЫЛУУ

*Урматтуу окурман!*

*«Бубу Мариямдын өмүр баянына жасаган биринчи саякатты» кунт коюп окуган соң, өгеле көп күдүк ойлорго жооп тапкандырсыз. Табышмактуу дарттын айынан Түгөл аттуу көзү ачыкка кайрылгандан баштап жети күндүн ичинде көп жылдар бою азап чеккен илдеттен таптаза арылып, Бубайша апанын касиеттүү камчы, теспесине ээ болуп, ага удаа Алмамбет ата берген тумардан колжуп, андан соң өзүнүн эски тааныш Ринаттын жардамы аркылуу медитацияга чыгуунун жолжоболорун өздөштүрүп, андан көп өтпөй Жумгал Ата мазарынын колдоосуна жетишкенден кийин гана, Жайсаң Ата менен жолугууга даяр болгондугуна, так ошонун натыйжасында «Айкөл Манас» дастанын жараткан алгачкы адамдын арбагы менен кезигишкенине ынангандырсыз. «Кантип эле карапайым аял күндөрдүн бир күнүндө дастан жаза баштасын», — дегендей шектенүүлөрдөн дээрлик арылгандырсыз.*

*«...Биринчи саякатты» жазуудагы көздөгөн максат ушул болчу. Анан дагы, эч кандай окуя эч убакта өзүнөн өзү болбостугу, кокусунан дагы болбостугу, болчу нерселер гана аткарылары, бышып жетилген нерселер гана иш жүзүнө ашырылаары дээрлик баарыбызга белгилүү экендигине карабай, бул айныксыз чындыкка анча маани бербей жүргөн-*

дүгүбүздү айгинелеп коюуга далалаттангандыз. Ушул эки максат кыйла даражада аткарылды деп эсептеп, урматтуу окурман, мындан ары «Айкөл Манас» дастаны жана «Бүбү Марияи» жөнүндөгү баян китептердеги окуялар чындык экенине жана болуп өткөн окуялар экенине ынанат деп ишенүү менен, «Айкөл Манас» дастанынын түп нуска вариантын анын эң алгачкы ээси Жайсаң Үмөт уулу Бүбү Мариям Муса кызына кандай шарттарда, кантип айтып бере баштагандыгы жөнүндөгү аңгемебизди улантмакчыбыз. Көптөн-көп жана жападан жалгыз өтүнүчүбүз — эки китепти окуган учурда окуяны кубалабай, мүмкүн болушунча шашылбай, чын дилиңиз менен берилип, ынанып, эң негизгиси, кокустан кандайдыр бир түшүнүксүз сөздөр кезикчү болсо, алардын маанисин сөздүктөрдөн таап тактап, айтор, толук өздөштүрүп окусаңыз эле түшүнө аласыз, чаташпайсыз. Дүйнөдөгү эң көлөмдүү жана улуу дастандардын бири катары таанылган «Айкөл Манастын» ички сырлары, кереметтери сизге толук ачылып берет.

Эмесе, урматтуу окурман, сизге ийгилик каалап, баяныбызды улантабыз...

Эмки сөз Бүбү Мариям 1995-жылдын 2-ноябрь күнүндө медитацияга чыгып келген соң, дастандын эң алгачкы саптарын кагазга түшүрө баштаганы жөнүндө болмокчу.

# «АЙКӨЛ МАНАС» ДАСТАНЫНЫН ЖАЗЫЛА БАШТАШЫ

# АЛГАЧКЫ САПТАР

...Бүбү Мариям бир нече белгини чечмелеп, пайда болгон сөздөрдөн шурудай тизмектешкен ыр саптарын бөлөк дептерге жаңы гана жаза баштаган кезде...

...Жер эки-үч курдай силкинди...

...Жаза баштаган ишине бүт дитин коюп берилип отурган Бүбү Мариям, жаратылыштын кооптуу кубулушунун бири – жер титирөөгө деле көңүл бөлбөдү. Дастандын алгачкы ыр саптарын чубуртуп жаза берди.

Өмүрүндө бир дагы жолу ыр жазбаган, ыр эмне болуп калыптыр, ырдын бир эле сабын чүргөбөгөн, атүгүл, тун уулу Таалайбек аскерде жүргөн кезде ага колуна калемсап алып кат жазып көрбөгөн аял, эми минтип «Айкөл Манастын» алгачкы саптарын кагазга түшүрө баштады. Катуу берилип эргип иштеди. Таң аткан маалда отурган ордунда бир аз эс алды.

Саат ондон өткөн кезде жамбашындагы жараатын оңдоп таңдыруу үчүн Шакин Эсенгулов келди. Учурашкан соң:

– Таңга жуук жер титирегенин туйдуңузбу? – деп сурады.

– Туйдум. Андан бир аз мурдараакта эле медитациядан келип, дастандын алгачкы саптарын түшүрө

баштаган элем. Ошон үчүн жердин титирегенине алаксыгым келбей, иштей бердим.

– Эртең менен телевизорду койсом, соңку жаңылыктардан айтышты, жер титирөөнүн эпицентри Кызарттын бели болду дешип. Дастандын алгачкы саптарын жаңы гана жаза баштаганыңызда жер титирегенине караганда, Жайсаң Атанын денедосу жаткан жеринен козголуп, бир оодарылып алса керек деп божомол кылуудамын. Баса, сиз Жайсаң Атага кезиктиңизби?

– Ооба. Бирок абдан аз убакыт гана жолугууга мүмкүн болгондуктан, дастандын арзыбаган эле бөлүгүн айтып берди окшойт.

– Сиз караңгы кирер замат медитацияга чыгам деген элеңиз, таңга жуук гана кайра келипсиз. Анан эмне үчүн жолугушууңуз кыска болду?

– Мен кечээ күүгүм кирер замат үйдөн чыгып кете албай калгам. Бегайымдын сиңдилери мага келип «апабызды көрүп бериңиз?» деп суранышкандыктан, алардын көңүлүн кыялбай барууга жана кийлигишүүгө болбой турган ишке аралашууга туура келди. Менин ушул көрпенделигим Жайсаң Атага жакпады окшойт, дайыма жолукчу жерге шооласын түшүрбөй койду. Балким, айылдан алысыраак жерди ылайык көрүп атпасын деп ойлоп, утуру жогорулап чыга бердим. Кар аралаш жамгыр жаап, кийимим чылгый суу болду. Жердин бети баткак болуп эзилип, басуу кыйындады. А мен жогорулай бердим. Мадемил тоосундагы аскалардын биринин учуна жеткенимде баарын түшүндүм... Мындан ары Жайсаң Атага такыр жолукпай калгандан көрө, жашабай эле коёюн деп чечтим. Боюмду аскадан таштап жибердим... Жайсаң Ата мени

сактабаганда азыр сиз менен сүйлөшүп отурмак эмесмин. Анан мен дастандын айрым бир окуяларына аралаштым. Көп өтпөй медитациянын убактысы аяктады. Кадимки абалга келсем, үйдөн анча деле алыс эмес жерде турупмун. Таң жарылганы калыптыр. Божомолумда саат төрттөн бир аз өтсө керек. Мен саат бешке чукул үйгө жеттим. Ушундай себептерден улам аз убакытка жолугуштум.

Бир түндө Бүбү Мариямдын башынан өткөн окуяларга, айрыкча, ал боюн аскадан таштап жибергенде аны Жайсаң Ата сактап калганына Шакин Эсенгулов эмнегедир көңүл бөлбөдү. Эки-үч айдан бери күтүп аткан дастандын алгачкы саптары жазыла баштаганына деле сүйүнбөдү. Медитация кыска убакытка созулгандыктан, дастандын кичинекей гана бөлүгү алынгандыгына катуу кейип, сүйлөнүп коё берди:

– Ушу Иманкариевалар кандай эси жок немелер. Дастан үчүн алардын баарын бириктирип туруп садага чаап жибергенге да арзышпайт. Ансыз деле тоскоолдук көп болуп, баштала албай аткан ишке кедергилерин тийгизишкенин карасаң. Же сиз өзүңүз деле баштартууга жарабаптырсыз. Алар го, мейли, эч нерсе түшүнүшпөйт, анткени, эч нерсени билишпейт. А сизчи?

Шакин Эсенгуловдун бул ачуу сөздөрүнө Бүбү Мариям абдан катуу таарынды. Ушу кишинин дарты сакайышына себепчи болуш үчүн баарына чыдап жүрсө, а бул адам анын бир ажалдан калганына кайдыгер гана карап, дастандын аз бөлүгүн алып келгенине кейигенин кантип түшүнөрүн билбеди.

Чындыгында, азыр бул эки адам бирин-бири туура түшүнө турган акыбалда эмес эле. Шакин Эсенгулов «Манас» эпосунун билерманы катары, эми ошол улуу эмгектин дагы бир варианты, болгондо

да түп нуска варианты жакынкы күндөрдө жазыла баштайт деп бекем ишенгендиктен жана анын башталышын чыдамсыздык менен күтүп жүргөндүктөн, ал иш башталаар күнкү болгон кедергиге – Иманкариевалар күнү бүтүп бараткан апасын Бүбү Мариямга дарылатканына катуу наараzы болуп, эч кимди аябай, баарына тил тийгизди. Ачууга алдырып жибергендиктен, Бүбү Мариямдын түнү бою тарткан азабы менен тозогуна жана жанын кыйып жиберүүгө батынган чечкиндүү кадамына көп маани бербей, дастандын аз бөлүгү түшкөнгө кейиди. А Бүбү Мариям болсо, дастанды жалпы кыргыз элине энчиленүүчү зор эмгек деп эсептебей, Шакин Эсенгуловдун дартына шыбаа берчү дары катары кабылдагандыктан жана ушул максатына жетиш үчүн талап кылынган шарттардын баарын аткарып келатканына карабай, так ошо Шакин Эсенгуловдун өзү: «Эмне үчүн аз убакыт жолуктуңуз, эмне үчүн аз бөлүгүн жаздыңыз?» дегендей суроолорун жаадырып, кайра өзүн күнөөлөп турганына таарынды. Анткени, Жайсаң Ата айта баштайм деген дастанды бир жолку жолугушууда кабыл алып бүтө албастыгын, бир жолугушуу эмне болуп калыптыр, керек болсо, аябагандай көп ирет жолугушуу аркылуу гана аягына жетүү мүмкүн экендигинен кабардар. Ал жагдайды Шакин Эсенгулов, алибетте, азырынча билбейт. Ошон үчүн өзү күткөн нерсени Бүбү Мариямдан ташбоордук менен талап кылды. Мунусуна Бүбү Мариям таарынып, анын жамбашындагы жараатын оңдоп таңууну бачым бүткөрдү да, аны үйүнө кетирип жиберди. Бүбү Мариям ушуну туура кылды. Антпей, адаттагыдай ал кишини чайга чакырганда, баары бир тил табыша алышмак эмес. Себеби, экөөнүн азыркы абалы, күрпүлдөп ташкындаган чоң дарыянын эки жээгинде туруп

алып, бири-бирине кыйкырып сүйлөшкөнгө аракет кылган эки кишинин абалына окшош эле.

Шакин Эсенгулов кетер замат Бүбү Марияи чай ичүүгө отурду.

– Түндө сиз келип, өз иш столуңузга олтуруп жаза баштаган кезде эшиктен көп аттын дүбүртүн уктум. Ага удаа темир буюмдар кагылышкандай дабыштар чыкты, – деп сөз баштады чай куюп берип олтурган конок келин. Ал келин талмалуу болуп ооруган эки жашар кызын алып Миңкуштан бир нече күн мурун келгендиктен, Бүбү Марияи ал кызга дем салып аткан. Келиндин барар жайы жок экенден улам, өз үйүндө дээрлик эч кандай шарт жок болсо да, биздикинде эле жүрө тур деп уруксат берген. – Эмне болгон аттардын дүбүртү, эмне болгон дабыштар деп эсим чыкты. Кызымды көкүрөгүмө бекем кысып, жата бердим. Кимдир-бирөө мас болуп алып атчан келгенби деп корктум. Аңгыча жер титиреди. Андан кийин темир буюмдар кагылышкандай дабыштар тыйылып, дүбүрт узап барып угулбай калды. Түн ичинде ошончо көп атчан Чаектин ичинде эмне кылмак эле. Мен ушуга түк түшүнбөй турам, эже?..

– Мен аттардын дүбүртүн уктум. Жер титирегенди туйдум. Бирок эч нерсеге алаксыгым келбеди, – деп жооп кайтарды Бүбү Марияи. Чай ичилип бүткөн соң, чүпүрөк тосмо тартылып бөлүнгөн өз бөлмөсүнө кирип, иш столуна отуруп, кагазга үңүлдү.

Дастандын дагы бир нече сабын чечмелеп дептерине жаңы гана көчүрүп жаза баштаган кезде, жер эки-үч ирет силкинип алып токтоду. Таңга жуук болгон жер титирөөгө Бүбү Марияи көңүл бөлбөй койгону менен, бул жолкусунда анте албады. «Тооба, Шакин агай айткандай, Жайсаң Атанын дене-

досу козголуп жерди кошо титиретип атат окшойт. Болбосо эмне үчүн эки жолу тең мен дастандын саптарын дептерге көчүрүп жаза баштаган учуруума дал келмек эле? Балким, кокусунан дал келип калып жаткандыр? Негизи ушу жер титирөө табигаттагы эң сырдуу кубулуштардын бири эмеспи» – деп ойлоду.

Бүбү Мариям ишин улантып, кеч киргенге дейре баш көтөрбөдү. Бир нече баракты толтуруп жазды. Ал ыр саптарында Каныкей Эне Чоң Казатта жүргөн Манас Атага кат жөнөткөндүгү баяндалды.

Кеч кирерге жакын жаратын таңдыруу үчүн кайра келген Шакин Эсенгуловго жазылган барактарды окутту эле, ал киши кубанычы коюнуна батпай сүйүндү.

Жайсаң Атанын арбагы менен Бүбү Мариям жолугушуп жүргөнүн июль айында жайлоодо уккандан бери эле дастан жазыла баштайт деп чыдамсыздык менен күтүп жүргөн Шакин Эсенгулов ал күтүүсүнүн акыбети кайтып, эми дастан чындыгында эле жазыла башталгандыгын көргөндө, болгондо да, шумдуктуудай ийгиликтүү башталып, Чоң Казат учурундагы окуялар эң ынанымдуу, эң түшүнүктүү жана эң жогорку деңгээлдеги адабий тилде жазыла баштаганын окуганда энеси эркек төрөгөндөн да артык кубанбаганда, анан кантсин!

– Медитация учурунда алган белгилерди укмуш чечмелепсиз. Эгер туура көрсөңүз, бул жазгандарыңызды мага берип туруңуз. Үйгө алпарып, таза баракка көчүрүп алам да кайра сиздин кагазыңызды өзүңүзгө алып келип берем,– деп сунуш кылды.

– Мейлиңиз. Мен бүгүн дагы байланышка чыгышым керек. Сиздин үйгө барып, душка түшүп алып андан ары медитацияга кетсемби дегем.

– Жүрүңүз анда.

Бүбү Марийам бачым даярданып, Шакин Эсенгулов менен ал кишинин үйүнө барды. Каалга ачылганда эле бозонун жыты «бурр» этти.

– Агай, мен сиздин душка түшөм деп денеме бозонун жытын сиңирип алып медитацияга чыга албайм. Мен кете берейин, – деп айтты Бүбү Марийам. Артка кайрылып, тоону беттеп басты. Денесин бир чайкап алуу мүмкүнчүлүгү жоктугуна катуу кейип баратты. Айылдын четиндеги арыктан суунун шылдырттаган дабышын угуп, шашып жетип колуна суу сузуп бетине жакындатканда жаман жытты сезди да, бул арыкта калдык суу агаарын, ага жууна албасын түшүндү. Арыктан кыйла жогорураактагы сугат каналында суу бар бекен деп ойлоп, ал жакка чуркап жетти. Бактыга жараша, бетондолгон каналдын ичи менен толтура суу агып атыптыр. Бүбү Марийам жемпирин чечип, аны колундагы көк баштыгына кошуп өйүзгө ыргытты. Калган кийимин чечпестен каналдын ичине секирип түштү. Көкүрөгүнө чейин жеткен мупмуздак сууга эки-үч ирет чумкуду эле, денеси сергип, көңүлүндөгү таарынычтар кайдадыр агып кетти. Каналдагы суунун агымы катуу экенине карабай, Бүбү Марийам өзү аккан жок. Сууну жиреп наркы жээкке жетти да кудум спортсменчесинен абдан жеңил секирип чыкты. Кийиминен шыркырап аккан сууну сыгып албастан, анын үстүнө жемпирин кийип, колуна көк баштыгын кармаганда, көгүш түстөгү шоола пайда болуп, анын ичине жылып кирди жана Көрүнгөн Дүйнөнүн чегинен Көрүнбөгөн Дүйнөнүн чегине өттү.

Жайсаң Ата дастанды кечээ токтоткон жеринен улантты эле, Айкөл Манастын доорунда болгон эң орчундуу окуя – Чоң Казат жүргөн аймактар, катышкан каармандар Бүбү Марийамга утуру алмашып көрүнө баштады.

Бул жолку медитация узакка созулуп, Бүбү Марийам көп маалымат алууга жетишкен кезде күтүүсүздөн эле Жайсаң Ата сөзүн саамга токтотуп, азыр үйгө барып алиги эки жашар кызга шерт дуба окуп келиши керектигин эскертти да, көздөн кайым болду.

Бүбү Марийам саамга сенейип турган соң, жогору бир карап, асманга жылдыз толгонун көрүп, түн жарымы экенин түшүндү. Айланага көз жүгүртүп айылдын четиндеги ЛСПнын[1] тушундагы төштө турганын аныктады. Шашып басып үйгө жетти.

Колундагы көк баштыгы гана кургак, ал эми кийимдери бүт суу болгондуктан, этек-жеңинин айрым жерлери калдайып тоңуп калган, жоолугунун чекесинен чыккан саамайларын ак бубак баскан, а бирок такыр үшүбөгөн, тескерисинче, ыкчам басып келгенге чекеси нымшып тердеген Бүбү Марийам үйгө кирип келгенде, эки жашар кыздын энеси чочуп кетти.

– Сиз айткандай кылып кызымды уктатпай сизди күтүп отурам. Бир чака сууну жылытып койгом,– деди ордунан ыргып туруп.

Бүбү Марийам үндөбөстөн өз бөлмөсүнөн кургак кийимдерин алып, жылуу суусу бар чаканы көтөрүп сыртка чыгып, отункананын капталына өтүп, чечинип, суу менен чайканды да которунуп кийинип кайтты. Кыздын жанына отуруп шерт дубаны окуй баштады.

Чындыгында Бүбү Марийам бул ишти алдын ала болжолдоп алып атайылап жасаган жок. Жөн гана, бүгүнкү медитация менен дал келип калды. «Кызы-

---

[1] *ЛСП* – лечебно-санитарный пункт (ыландаган малды дарылоочу жай).

ңа жети жолу дем салам. Жетинчисин – шерт дубаны 3-ноябрда окуйм» деп келинге айткан кезде, дал ошо 3-ноябрда Жайсаң Ата менен жолугушаарын билген эмес. Бирок кечинде медитацияга чыгууга кам көрө баштаганда, жылдыз толгон маалда, буюрса, келип калам деп болжолдоп, «Кызыңды уктатпай, суу жылытып алып мени күт» деп дайындаган. Анткени, Шакин Эсенгуловду дарылаш үчүн башка катмарларга өтүп, өткөн доорлорго саякатка баруудан жана дастанды алып келүүдөн кандай кайра тартпаган болсо, өз үйүндө калган эки жашар кызга дем салыш үчүн ошо кеткен жактарынан келүүдөн да кайра тарта алмак эмес, – бир оорулууга жардам бериш үчүн бүт баарын жасап аткан учурда, экинчи оорулуу үчүн дагы эч нерседен аянмак эмес.

Бул – **«кыргызчылык»** деп аталган улуу сырдын бир бутагы болгон дарыгерликтин катаал талаптарынан Бүбү Мариямдын тайбастыгы эле. Эгер Бүбү Мариям дастанды жалгыз Шакин Эсенгулов үчүн эмес, жалпы кыргыз эли үчүн алып атам деп түшүнгөн болсо деле, баары бир, эки жашар кыздын алдындагы милдетин так аткаруу үчүн бүт аракетин жумшамак.

Ооба, ошондой болду. Жайсаң Атанын жардамы аркылуу өткөн доордон азыркы заманга кайткан Бүбү Мариям эки жашар кызга шерт дубаны окуп бүттү.

Көк баштыгын колуна алып сыртка чыкты. Шашып-бушуп каналдын көпүрөсүнө жетер замат көгүш жарык пайда болуп, Бүбү Мариям ага дароо сүңгүдү.

## ЭРКИНБЕКТИН БЕЛЕГИ

14-сентябрда үй-жайын, оокат-ашын бүт таштап, коколой башын гана алып чыгып кеткен соң, бир нече күндүн ичинде тапкан квартирасындагы кемчиликтердин утуру бирин жоюп, жыртык-тешиктерди бүтөп, иреттеп, жашоого ыңгайлуураак кылууга аракеттенип аткан Бүбү Мариямды дале жайына коюшпаган айылдаштары аны жаманатты кылганды, чындыкка такыр коошпос ушак-айыңдарды таркатканды токтотушпады. Ушул жагдайга чүнчүгөнү менен бирок, «Эримден кетсем да элимден кеткен жокмун, эртедир-кечтир мени туура түшүнүшөт, мен өзүмдүн бүтүн үй-бүлөмдү бүлүнтүп туруп Шакин Эсенгулов менен кандайдыр бир жеңил-желпи мамилелерди курууга эч убакта барбагандыгыма, андай пастык атүгүл оюма келбегендигине ишенишет. Ал үчүн Жайсаң Атанын айта баштаган дастанын жаза берүү аркылуу, Шакин Эсенгуловдун дарты сакайышына себепчи болсом, анан, балким, кийинчерээк дастан жарык көрсө, аны айылдаштар окуса, ошондо баары ордуна келер жана терс мамиле кылгандар катуу жаңылышкандарын моюнуна алышып, менден кечирим сурашар, мен өз үйүмө кайра барып бала-бакырам менен биригишиме шарт түзүлөр. Ага дейре кандай гана кыйын сыноо болбосун баарына чыдашым керек» деген тыянакка Бүбү Мариям бекем бекиди.

Өзү менен чогуу жашап аткан эки баласы Жазгүл менен Кырчынбек өтө эле басынып кетпеши үчүн: «Тирүү койгон Теңирим куру койбойт. Тууган-туушкандын, тааныш-тамырдын дээрлик баары бизден терс бурулуп кеткенине анча кейибегиле. Тамак-аш тартыш болуп калганына да кабатырланбайлы. Кечкисин көбүнчө эле ачка жатып калып жүрөбүз. Бул эч нерсе эмес. «Ачтын тогу бар» деп коёт элибизде. Бизге го жокчулуктун айынан ачка калууга туура келүүдө. Ал эми айрым бир адамдар чириген бай экенине карабай, ички органдары рак болуп ооруп калгандыктан, жайнаган тамактын арасында жүрүп, эч нерсе ичип-жей албай ачка калышы мүмкүн. Теңирим ушундай азаптан сактасын деп тиленишибиз керек. «Үңкүр да болсо үйүм бар» демекчи, көчөдө калган жокпуз. Отункана болсо да, башпаанек кылчу жайда турабыз. Элден такыр бөлүнүп калбадык. Айрым айылдаштарыбыз биз менен мамилелерин үзүшпөдү. Ушуга каниет кылалы. Биз менен карым-катышын сактагандардын саны абдан аз экендиги да эч нерсе эмес. Алар – эң ишенимдүү адамдар. Алардын жардамы менен биз көп ийгиликтерге жетише алабыз. Биз өзүбүз да аянбай аларга көп көмөк көрсөтөбүз. Биздин жакшылыктардын баары алдыда. Болгону, чыдап коюшубуз керек...» – деп кеп-кеңештерин көп айтты.

Айтылган сөздөрдөн жана түзүлгөн кырдаалдан туура тыянак чыгарган эки өспүрүм бала Бүбү Мариямдын оорун колдон, жеңилин жерден алууга умтулушту. Жазгүл үй ичиндеги жумуштун көбүнө жооп берсе, Кырчынбек сырткы иштердин өтүлүн[1] алууга аракеттенди. Мисалы, сабактан бош учурларда көмүр сатып алган кишилердин көмүрүн

---

[1] *Өтүлү* – жоопкерчилиги.

түшүрүшүп иштеп, акысына бир нече чака көмүр алып келчү. Андай учурларда темир мешке от жагып жылып калышчу. Ал арзыбаган көмүр түгөнгөн соң, кайра кийинкисин алып келгенге чейин үшүп жашашчу.

Бүбү Мариямдан кол үзбөгөн ишеничтүү адамдардын бири – Бегайым курбусу эч болбоду дегенде сөзү менен колдоо көрсөтүш үчүн: «Сен кийин абдан байыйсың. Азыркы жокчулук – бул ошо барчылыгың келер алдындагы сыноо. Ага туруштук берип койсоң эле, утуш сеники болот. Мен ушуга бекем ишенем. Себеби, сен элдик дарыгер катары абдан жөндөмдүүсүң. Сенден дарылангандардын көпчүлүгү оң натыйжа алышты. Алыс барбай эле, мына мен өзүмдү айта турган болсом, тирүү жан болгондон кийин, ар кай жериң оорубай койбойт экен, ошондой учурларда доктурларга эмес, сага кайрылып, дайыма эле жакшы болуп келатпайымбы. Кээде колуң менен кармалап жардам бересиң. Кээде сүйлөшүп отуруп эле абалымды жеңилдетесиң. Кээ бир учурда урушуп койсоң да сергип калам. А сен элдик дарыгер катары мендейлердин канчасынын сообуна калып жүрөсүң. Анан сендей жөндөмдүү адам өмүр бою кыйнала бербейт. Сен кийин абдан байыйсың. Баарына өз мээнетиң менен жетишесиң» – дээр эле.

Андай учурларда Бүбү Мариям каткырып күлчү да: «Сен айткандай болуп, кийин байып кете турган болсом, ошо байлыгымдын жарымын сага берем» – деп жооп кайтарчу.

Бүбү Мариям отунканада жашай баштаган кезде таанышып, ынак мамиле курушкан дагы бир үйбүлө – Болотбек менен Женя да колдон келген жардамдарын аяшпачу. Алардын балдары Лира менен Беку бош убактыларынын көпчүлүгүн Бүбү Мари-

ямдыкында өткөрүшчү. Тестиер төрт бала магнитофон коюп музыка угушчу. Кээде төгөрөк отуруп алып карта чаап ойношуп, күтүлбөгөн жерден чукчуңдап урушуп, таарынышa кетишчү да, кайра бат эле тил табышып оюндарын улантышып, айтор, ар нерсе менен алек болуп, маанайлары көтөрүлүп күлүп-жайнаган балдардын жанына Бүбү Мариям басып келип: «Азыркыдай кыйын маалда мени менен чогуу болгонуңар үчүн кийин силер сыймыктанчу мезгил келет» – деп табышмактуу сөздөрдү айткан соң, буркурап боздоп ыйлап жиберчү. Эч нерседен бейкапар отурган төрт бала эми эмне кыларды: же кошо ыйлашарды, же кандайдыр бир ылайыктуу сөздөрдү айтарды билишпей, оюн эстеринен чыгып, мостоюп отуруп калышчу. Бүбү Мариям көөдөнүнө толуп кеткен муң-зары, арманы, таарынычы басаңдай түшкөнгө дейре ыйлаган соң сооронуп, иш столуна отуруп жазуусун улантчу. Кээде балдардын маанайын чөгөрбөш үчүн, өз бөлмөсүндө көмкөрөсүнөн жатып алып үнүн чыгарбай узакка чейин ыйлап басылчу.

Ушинтип күндөр өтүп атты.

Отунканада кыйла эле шарттар түзүлүп калганына карабай, анда кыштап калуу эч мүмкүн эмес болгондуктан, Эркинбектин жардам берем деген убадасын эске алган Бүбү Мариям акимчилик жайгашкан имаратка барып кезекке туруп, өз мөөнөтү жеткенде райондун башчысынын кабыл алуусуна кирип, оор абалын айтты.

– Мен сизге иш бөлмө бердирте албай калганым үчүн, эми үй сатып бербесем болбойт. Чаекте сатылып аткан үйлөрдүн арасында сиздин купулга толгону бардыр. Издеп көрөсүзбү. Тапканда мага айтсаңыз. Мен акчасын чечейин. Аны сатып алыңыз, – деди Эркинбек.

Бүбү Мариям тынбай кыдырып издеп атып бир үйдү жактырды.

– Айланайын Эркинбек балам. Мен го бир үйдү тандадым. Бирок баасы кымбат болууда. Жыйырма беш миң сомго сатылат экен. Бул сумманы укканда төбө чачым тик турду десем болот. Мен мындай чоң акчаны өңүмдө түгүл, түшүмдө көргөн эмесмин. Аны өмүр бою иштеп таба албайм го. Өзүмдө бир тыйыным жок туруп, жыйырма беш миң сомго үй сатып бер деп сага кайрылышым да туура эмес деп эсептейм, – деп айтты Эркинбекке келип.

– Эже, сиз азыр жазып аткан эмгек жеке өзүңүз үчүн эмес, жалпыбызга керек. Аны кошо жазышуу колубуздан келбесе да, жазууга шартыңыз болушуна көмөк көрсөтүүгө кудуретибиз жетет. Сиз өзүңүздү ыңгайсыз сезбеңиз, – деп айткан Эркинбек үй сатуучу кишини чакыртты.

– Сиз кызык аял экенсиз. Акимди ортого салбай эле мени менен түз сүйлөшсөңүз, өзүбүз чечишип алмакпыз, – деди ал киши эмне үчүн чакырылганын түшүнөр замат, Бүбү Мариямга ачык наарazылык билдирип.

– Мен сиздин үй сатылып атканын айтыш үчүн гана Эркинбекке келдим. А сизди Эркинбек өзү чакыртты, – деди Бүбү Мариям аким менен болгон тааныштыгына мактангысы келбегендигин, андай ой мээсинде түк болбогондугун түшүндүрүү максатында.

– Сиздин үй алышыңызга аким өзү аралашып аткан соң, мен сизге жыйырма беш миңге эмес, эми отуз миң сомго сатам. Акчаңыз барбы, санап берип сатып алыңыз, – деди үй сатуучу киши мурда айткан баасын дароо беш миңге көтөрүп. Анан ал чечиминен заматта айныды: – Жок, мен сизге отуз миңге да сатпайм. Сиздей бузуку аялга үйүмдү сатууну каалабайм.

– Сиз үй сатасызбы, коёсузбу, аны өзүңүз билиңиз. Ал өз эркиңизде. Бирок эжеге антип айтпаңыз. Антүүгө акыңыз жок. Сизди мен чакырткам. Сүйлөшөйүн дегем. Эми азыркы сөздөрүңүздөн кийин эже да сиздин үйдү албайт. Кете бериңиз, – деп Эркинбек өктөм айтып үй сатуучуну узатты да:
– Эже, сиз көңүлүңүзгө албаңыз. Эси жоктордун жана ээноздордун ушак-айыңдарын аябай көп уккан неме го, сыягы. Сиз мындан ары үй издебеңиз. Мен өзүм издеп таап, сизге кабар айттырам, – деп убада берди.

Эркинбек эки жума өтө электе кайра чакыртты.

– Эже, бир үй таптык. Болгону эки кемчилдиги бар: биринчиси, эки кабат үйдүн төмөнкү кабатында, экинчиси, Шакин агай жашаган үйдө. Эмне кылалы? Ала берелиби же башкасын издейлиби?

– Мен кабат үйдөн албайм, жер үй алам деп тандагандай абалда эмесмин. Болгону Шакин Эсенгулов менен эшиктеш болуп жашоого туура келерин карасаң. Ансыз деле артымдан ар кандай жалган жалаалар ээрчип атты эле, эми дагы далай ушакчынын чырагына май тамат окшобойбу. Мейли эми, тапкан үйүңдү ала берели. Муну да болсо Теңиримдин буйругу жана тагдырымдын сыноосу катары кабыл алайын, – деп Бүбү Мариям макулдугун билдирди. Эркинбек ал үйдү сатып берди. Бүбү Мариям эки бөлмөлүү квартираны жууп-тазалап, 17-декабрь күнү көчүп кирди.

Эркинбек сатып берген үй Бүбү Мариямды кыштын суугунан сактап, күнүмдүк тиричиликтеги көп ыңгайсыздыктан арылтканы менен, айрым айылдаштардын ушак-айыңдарынан калкалай албады. Бүбү Мариям чүнчүгөндөн чүнчүй берип, басынгандан басына берип, андан ары жок болуп кетишин күткөн ушакчылар анын жаңы үйлүү болгону-

на, алибетте, кубанууга жарашпай, тескерисинче, ичтардыкка алдырышып, буга чейинки айтылган жалган жалааларды дагы күчөтүшүп: «Эсенгуловго токол болуп тийгени чын экен. Мына эми жаап-жашырбай эле ачыкка чыкты. Бир үйдөн квартира саттырып алып эшиктеш болуп жашай баштады» – деген маанайдагы жөнсүз сөздөрдү таркатышты. Ушундай суук сөздөрдү чыдап угуу, андан да суук көздөргө туруштук берүү Бүбү Мариям үчүн оңой-олтоң боло койбоду. Негизи, «Суук сөздөн сактасын, суук көздөн сактасын» деп элде бекер айтылбаган чыгаар...

## 670-ЖЫЛ ЖӨНҮНДӨ

Ошентип, күтүлбөгөн жерден эки бөлүккө ажыраган Бүбү Мариямдын жашоосу, эки багытта өнүгүп-өөрчүгөнүн улантты. Биринчиси, айылдаштарына белгилүү бөлүгү дээрлик эч ким үчүн түшүнүксүз болуп, утуру татаалдашып, чиеленише баштагандай, анын аягы жакшылык менен бүтпөстөй таасир калтырса, экинчиси, Жайсаң Атага таандык тарабы улам жаңы сырлардын көшөгөсүн ачып, улам укмуш кереметтердин койнуна сүңгүтүп, буга дейре такыр белгисиз дүйнөлөрдүн чексиз кыйырларын көргөздү. Жөнөкөй тилге салып айтканда, Бүбү Мариям утуру кийинки жолугушуусу болгон сайын Жайсаң Атаны тереңирээк, толугураак түшүнө баштады. Маанайы абдан чөккөн учурларда өтө баалуу кеп-кеңештерин укту... Жаңы үй үчүн:

**«Сезимиң кирдетпестен калыптырсың,**
**бурчуңду тилеп жүргөн алыптырсың»**[1]

деген куттуктоого татыды.

Дагы эле Шакин Эсенгуловдун демилгеси боюнча Айкөл Манастын жана Жайсаң Үмөт уулунун өзүнүн жарык дүйнөгө келген маалы жаңы жылсанак боюнча кайсы кылымга туура келерин сурап, Айкөл Манас 670-жылы августта туулганын, өзү андан бир мүчөл кичүү экенин айттырды.

---

[1] Бул эки сап ыр «Айкөл Манас» дастанынын 1-китебинин 385-бетинен алынды.

Ооба, ооба, «Шакин Эсенгуловдун демилгеси боюнча» – деп да, «айттырды» деп да жөндөн-жөн айтылып аткан жок. Чындыгында эле Шакин Эсенгулов дайындаганы үчүн Манас Ата менен Жайсаң Атанын жашын Бүбү Мариям сураган эле жана бири 670-жылы, экинчиси андан он эки жыл кийин туулганын уккан эле. Эгер бул суроо берилбеген болсо, кийин көп талаш-тартыштар жүрмөк эмес. Аталган датага Бүбү Мариям да, Шакин Эсенгулов да бөркүндөй ишенгени менен, «Манас» эпосу боюнча адистердин басымдуу бөлүгү чындык катары кабыл алышпады. Анткени, алар «Манас» эпосун изилдеп, аны жайылтып, керек болсо, көкүрөк кагып мактанып жүрүшкөнү менен, эпостун башкы каарманы качандыр бир кездерде жашап өткөнүнө ишенишпей, ойлоп табылган чыгарма катары кабылдашкандыктан, чогултма образдын ээси болгон адам биздин замандын 670-жылы туулушу мүмкүн эмес деп эсептешти. Урматтуу окумуштууларды жана илимпоздорду (алибетте, «Манас» эпосу жаатында иштегендерин гана) дагы туура түшүнүү керек: өмүр бою ишенип келген маалыматтарга жана ошол маалыматтардын негизинде өмүр бою жараткан эмгектерине кайра өздөрү каршы чыга алышпайт эмеспи. А бирок, Шакин Эсенгулов суратып, Бүбү Мариям сурап, Жайсаң Ата айткан дата чын экендигине ишенбей коюуга кымындай негиз барбы? Алибетте, жок. Биринчиден, Манас Атабыздын ысымына байланышкан жер-суунун аталыштары Азия континентинде өтө көп кездешээри эмне менен түшүндүрүлмөкчү? Тарыхта болбогон адам өзү жөнүндөгү ошончолук көп далилди жер үстүндө калтыра алмакпы? Экинчиден, Жайсаң Атанын арбагы менен Бүбү Мариям чыпчын жолугушуу өткөрсө, алган маалыматтарды

көчүрүп жазган соң Шакин Эсенгуловго берсе, ал киши китеп кылып чыгарып, дастан окурмандарга жетип атпайбы. Мындайча айтканда, эч ким эч нерсени оюнан чыгарбай, биринчиси билгенин айтса, экинчиси укканын көчүрсө, үчүнчүсү даяр кабарды жарыялаганына баарыбыз күбө болдук го. Үчүнчүдөн, Айкөл Манас Атабыз бу жарык дүйнөгө келгенден баштап кеткенге чейинки жашоосундагы анын ысымы Манас экенин өтө ишеничтүү төртбеш адам гана билгенин, ал эми жалпы эл аны кыскартылган түрдө **Айкөл** деп, толугу менен Куту Улук Эл Төрөсү[1] деп атаганын Жайсаң Атанын дастанынын кийинки китептеринен кабардар болгон соң, бул маалыматты текшерүү үчүн өтө беделдүү тарых булактарына кайрылып, көчмөндөрдүн кудуреттүү империясын курган Элтерес хан жашаган кылым менен Куту Улук Эл Төрөсү жашаган кылымдын дал келгенин таап, Эл Төрөсү деген сөз Элтерес болуп жазылып калган го деп божомолдодук...

Бул ойжоруулардын баары «айттырды» деген сөздөн улам чыгып кетпедиби.

Эгер Шакин Эсенгулов шаштырбаса, 670-жыл деген дата азырынча ачыкка чыкпаса, балким, «Айкөл Манас» дастанына көрсөтүлгөн каршылыктар, кабыл албоолор кыйла аз болоор беле да, кийин Жайсаң Атанын баардык китептери жазылып бүтүп, жарыяланып, элдин энчисине айланып, дүйнөгө таанылган кезде, Манас Атабыз чындыгында эле 670-жылы туулганы өзүнөн өзү далилденип

---

[1] *Куту Улук Эл Төрөсү* – көптөгөн тарыхый эмгектерде Кутлуг Элтерес деп, же жөн эле Элтерес каган деп аталган улуу адам жөнүндөгү маалыматтарда ал киши 6–7-кылымдарда жашагандыгы айтылат.

калмак беле. Балким, окуя ушу өңүттө өнүккөнү деле туура болгондур. Азырынча «шаштырып айттырганы» туура болду же болбоду деп бир беткей баа бериш кыйын. Баары келечекте белгилүү болуп, өз ордуна түшөт. Азырынча, бир гана нерсе чыпчын экенине ишене туралы. Ал – Айкөл Манастын жашап өткөндүгү жана 670-жылы жарык дүйнөгө келгендиги. Болбосо Жайсаң Ата улуу инсандын доорун чагылдырып, улуу дастан жазалмак эмес жана арадан он төрт кылым өткөн соң ал өлбөс-өчпөс эмгекти Бүбү Мариям аркылуу урпактарына кайрадан тартуулаганга киришпейт болчу.

# «КИЧИНЕКЕЙ ХАНЗААДА» ЖЕ АЛТЫН КӨКҮЛ ЖАШ АЙДАР

Өмүрүндөгү өзгөчө кырдаалдын катаал шарттарына кадимкидей көнүп бараткандыгына байланыштуу, өзүнө өчү бардай асылып, ар түрдүү ушак-айыңдарды тараткан кээ бир айылдаштардан аёосуз кордук көргөнүнө жана күнүмдүк тиричилигинде жанкейитерлик тартыштыктардын арбын экенине анчалык көңүл бурбай, сөзсүз түрдө аткарышым керек деген эки ишин: **биринчиден**, айрым бир оорулуулардын ар кандай абалдагы дарттары менен убакыттын жана мүмкүнчүлүктүн жетишинче алпурушканды, **экинчиден**, медитацияга чыгууга ылайык күндөрдө Жайсаң Ата менен жолугушканда алган маалыматтарын чечмелеп, жазылган ыр саптарын Шакин Эсенгуловго өткөрүп берүүсүн уланткан Бүбү Мариямдын керт башына үч ирет катуу коркунуч туулуп, үчөөндө тең Жайсаң Атанын кийлигишүүсү аркылуу аман калды.

Биринчисинде, 12-декабрдагы медитацияга Бүбү Мариям өзү деле кандайдыр бир кооптонуу менен чыккан болчу.

**"Булуттай удургуган асмандагы**
**Буюгуп оюң чачкын сенин дагы...»** [1]–

деп сөз баштаган Жайсаң Ата алтындан баалуу акыл-насааттарынын бир нечесин айтып өткөн соң, уба-

[1] Бул эки сап ыр «Айкөл Манастын» 1-томунун 386-бетинен алынды.

кыттын аз экендигине байланыштуу Бүбү Мариямдын дене-досун калтырып, жан-досун гана ээрчитип, аябагандай алыска алпарды. Жомоктогудай кооз жайлоого кабылышты. Бул жайлоо – Көк Булуң эле. Көк Булуңду Жайсаң Ата өзү өтө жакшы көрчү. Маанайы чөккөн учурларда ушул жерге келгенди жактырчу. Кыл чокуларын мөңгү баскан тоолорго суктанып караганда, күмүш булактын туптунук суусу шылдырап акканда жаралган миң кайрык  керемет күүлөргө кулак төшөп, ага удаа бейиштин багында сайраган куш сыяктанып улар ышкырганын укканда, көз жоосун алган кооз гүлдөрдүн аңкыган жытын искегенде жана ышкын терип жегенде, айтор, жаратылыш менен камыр-жумур болуп аралашып кеткенинде, сарсанаанын баарынан арылып, арууланып, алдыдагы арбын кыйынчылыктарга туруштук берүүгө жетерлик күч-кубат топтоп кайтчу. Мына ушундай керемет жайлоого Жайсаң Ата Бүбү Мариямды ушуну менен экинчи жолу алып келиши. Биринчисинде, 2-августтагы медитация учурунда абдан көп маалыматтарды берген соң, өзүнүн аты-жөнүн толук айтып, Жайсаң Үмөт уулумун деп тааныштырган эле. Ал эми экинчи жолкусунда болсо Бүбү Мариямды чүнчүткөн ой-санаалардан арылтып, көңүлүн көтөрүүнү жана тогуз Нуркыздын бири менен кезиктирүүнү көздөгөн болчу.

Илгери, мындан он төрт кылым мурда өзү канчалык суктанбасын, баары бир, моокумун кандырып бүтө албаган керемет жайдын ак кар, көк мөңгүлүү тоолорун, ар кандай жапайы жаныбарлар мекендеген чытырман токойлорун, ак көбүк чачып, албууттанып, күрпүлдөп аккан чоң дарыясын, тик беттен оргуштап чыгып шылдырап аккан күмүш булагын, утуру учуп-конуп, ышкырып сайра-

ган уларларын, көз жоосун алган гүлдөрүн, жайкалган жапжашыл чөптөрүн, айтор, Көк Булуңга таандык көрком коолдуктун баарын дагы бир сыйра көргөздү. Ушул ажайып сулуулуктун баркына учурунда жетпегенин айтты. Ошондой эле, көз ирмемчелик өмүрүндө көп иштерин аткарууга үлгүрбөй кеткенин да ачык айтты. Кыйынчылыктары, тоскоолдуктары жок жашоо кунарсыз болуп калаарын, ар кандай сыноого чыдабай өз жанын өзү кыйып жибергендердин наркы түкүрүктөн да кем экендигин, демек, Бүбү Мариям азыркыдан дагы чыйралып, кайраттанып, түгөнбөгөн түйшүктөргө даярдык көрүшү керектигин билдирди. Андан кийин «Балалык»[1] жылдызынын өкүлү болгон Нуркызга кезигишиң керек, мен коштошоюн деди.

Нуркыз демекчи...

Бул Нуркыз Бүбү Мариям менен буга дейре бир ирет жолуккан. Ал 10-сентябрдагы медитация учурунда, тогуз Нуркыздын катарында. Анда да Жайсаң Атанын өтүнүчү боюнча. Эми дагы Жайсаң Атанын суранычы аркылуу кезигүүгө тийиш. Анткени, алгачкы жолукканда тогуз Нуркыз негизинен таанышуу менен гана чектелишкендиктен, эми ар бири жеке жолугуп, өздөрүнө белгилүү улуу сырлардын айрымдарын Бүбү Мариям менен бөлүшмөкчү.

Ошентип, илимдин сырларынын баарын билчү "Балалык" жылдыздын өкүлү болгон Нуркыз жана Бүбү Мариям кайрадан кезигишти.

Ысымы эле ырастап тургандай, бүт тула бою – нур, ой-тилеги аруу – нур, ашкере сулуу Нуркызга Бүбү Мариям ызаат көрсөтүп таазим этти.

Жаш баланыкындай жүрүш-турушу жана кулк мүнөзү үзгүлтүксүз үстөмдүк жүргүзгөн Нуркыз

---

[1] *«Балалык» жылдызы* – Жайсаң Ата Меркурий планетасын ушинтип атайт.

Бүбү Мариямдын кылган таазимине олуттуу көңүл бөлбөй, же ыраазылык же наразылык билдирүүнүн ордуна, мага дагы жүгүнсө болобу, мен ошондой сыйга татыктуумунбу, мейли эми, өз эрки өзүндө эмеспи, а мен да өз ишимди аткарууга аракет кылайын дедиби, айтор сырдуу кабарларын маалымдай баштады.

Качандыр бир кездерде, мындан бир нече миң жыл илгери Чи-Лу-Сен[1] аттуу аалым жашаган. Ал адам илимдин оккультизм[2] деп аталчу багытын негиздеген жана анын «Вайдурья-Онбо» деген эмгеги дарыгерликтин туу чокусу болуп эсептелет. Азыркы расмий медицинада да, элдик дарыгерчиликте да жаралган таңгаларлык жетишкендиктер «Вайдурья-Онбонун» жанында шоона эшпей калат. Анткени, аалым Чи-Лу-Сен адамдагы ар кандай дарттардын эң жөнөкөйүнөн эң татаалына чейинкилерин сөзсүз түрдө сакайтуучу ыкмалардын бир нечесин ачкан. Аларга кошумча түрдө кандайдыр бир чөпчар же дары-дармек колдонбой туруп, дуба окуу, дем салуу, же тийиштүү ырым-жырымдарды аткаруу аркылуу да оорудан арылтуунун жол-жоболорун тапкан. Кыскача айтканда, айыкпаган бир да дарт калган эмес. Атүгүл, өлгөн кишини тирилтүүнүн сырлары да белгилүү болгон.

Мындай баалуу эмгекке ээ болууга аябай көп аалымдар аракет кылышканы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Бирок, биринчиден, «Вайдурья-Онбо» сакталган жайга жетүү өтө кыйын экендиктен, экинчиден, ал эмгектеги маалыматтарды өздөштүрүү же-

---

[1] *Чи-Лу-Сен* – оккультизм окуусун негиздеген аалым болсо керек. Чилистен деген сөз ошо кишинин аты менен байланыштуу сыяктанат.

[2] *Оккультизм* – (латын тилинен алынган, жашыруун, сырдуу дегенди билдирет). Адамдагы жана Ааламдагы жашыруун күчтөрдү таанууга атайы даярдыгы бар гана адамдардын мүмкүнчүлүгү жетет деп түшүнгөн, күчтөрдү колдонуу дубалардын жана сыйкырдуулук өнөрдүн жардамы менен гана ишке ашат деп ишенген окуу.

ңил эместигинен улам, үчүнчүдөн, бир эле дартты сакайтуу үчүн ар бир адамга ар башка ыкма колдонууга туура келерлигине байланыштуу, төртүнчүдөн, Чи-Лу-Сендин деңгээлине көтөрүлгөн аалымдар дээрлик жоктугунун айынан, аталган эмгек жашыруун боюнча кала берген. «Вайдурья-Онбонун» сырларын өздөштүргөн соң, жеке кызыкчылыгына, же карамүртөздүк иштерине пайдалангысы келгендердин баарынын тилеги таш капканына карабай, ага кызыгуу токтогон эмес.

Тибеттеги Сартог-Манба кечилканасында көп кылымдар бою сакталган бул улуу эмгектин айрым бир бөлүктөрүнүн көчүрмөсүн бир гана адам, – ал буряттык хамбам (табият таануучу) Агван Доржиев,– 20-кылымдын башында уурдап кете алган. Бул максатын орундаш үчүн Агван Доржиев монастырдын кызматчысы болуп орношуп, көп жыл иштеген жана ишенимге киргенден кийин, «Вайдурья Онбо» китеби сакталуу бөлмөгө жашыруун түрдө көп жолу кирип, маалыматтарды окуп, эсине түйүп алып сыртка чыккан соң, кагазга көчүрө берген. Анын бул кылыгы белгилүү болуп бети ачылаарда качып аман кутулган жана өз мекенине барганда деле эч кимге көрсөтпөй жашыруун сактап, көзү өтөрдө уулуна мураска калтырган. Көп жылдан кийин Доржиевдин уулу өзүндөгү мурасты Бурятиянын Мамлекеттик китепканасына[1] өткөрүп берген. Аталган китепкананын ушул кездеги эң баалуу байлыгы болуп ошол көчүрмөлөр эсептелет...

Нуркыз мына ушундай укмуш кызыктуу маалыматты айтып берди. Бүбү Мариям айраң таң калып укту. Аңгемелешүүгө экөө тең абдан алаксып, жолугушуунун маалы эбак аяктаганы экөөнүн тең

---

[1] *Бурятиянын китепканасы* – 2009-жылдын сентябрында Бурятиянын мамлекеттик китепканасына электрондук кат жөнөтүп, алардан оң жооп алдык. «Вайдурья-Онбо» китеби чындап эле сакталуу экенин ырастап беришти.

эстеринен чыгып кеткендиктен, ар кимиси келген жагына кайтуунун ыңгайлуу учурунан кечигишти. Алар шашылыш коштошту.

Бүбү Мариям жан-досуна байланган күмүш жип аркылуу дене-досу калган жерге – Чаектен көп чакырым алыстыктагы тоонун арасына келип түштү. Чечилген кийимдей болуп кардын үстүндө жаткан дене-досуна кирер замат, кыштын суугунан улам тоңгон өтүктөй кужуйуп калган дене-досу ийкемге келиши кыйынчылыкты жараткандыктан, Бүбү Мариям жан-достун чексиз мүмкүнчүлүгүнүн негизгиси – кандай гана алыс аралыкты болбосун заматта артка таштоочу жөндөмдү пайдаланып, бир паста айылдын ичинде туруп калды. А бирок, дайыма медитациядан кайтканда басчу кыска жолго эмес, айланып келчү узак жолдун боюндагы чакан бактын арасына түшүп калгандыктан, эки жигитке кабылды. Алагүү абалдагы ал эргулдар Бүбү Мариям жок жерден пайда болуп калганын байкашпады. Эгер байкашканда, эстери чыгып качып жөнөмөк. Бирок азыр алар жанынан өтүп бараткан Бүбү Мариямга "колго түшкөн коёнду коё берген оңобу" дегендей мамиле кылуу үчүн аны эки колунан кармай калышты. Бүбү Мариям ошондо өзүнө толук келип колдорун оорутуп кармаган эки жигитти көрдү.

«Айланайындар! Силерге эмне керек? Мени коё бергиле. Менде ручка, дептерден башка эч нерсе жок. Силер тоноп алууга алар арзыбайт эмеспи!» – деп өтүнүп да, талап кылып да кайрылды.

Экөөнүн бири оозго алгыс сөздөр менен берген жооптон улам алардын ой-максаттары өтө жаман экенин түшүнүп, Бүбү Мариям аябай ачууланып, жооп бергенин жаакка чаап, анан катуу түрттү. Зөөкүрлөр кетенчиктеп барып жыгылбастан, ор-

дуларынан кыйла жогору көтөрүлүп, абада калкып артка жылып барып анан «күп» этип кулап түшүштү.

Өзүнө кол салуу болгон жерден Бүбү Мариям бачым узап көпүрөнүн үстүнө келди. Анын чекесине туруп алып Жумгал суусуна көз жүгүрттү. Эмелеки өзүнө болгон жийиркеничтүү мамилени биротоло унутуп тынуу үчүн, боюн сууга таштап өлүүнү ойлогондуктан, суунун үстүн көпкө карап, анын тайыздыгынан жана көпүрөнүн көп деле бийик эместигинен улам ойлогонунан айныды. «Кээде ушинтип өлүүгө да шарт жок болуп калат. Тооба десең», – деп ойлоп өттү да, «бырс» күлүп өзүн-өзү шылдыңдады. Көпүрөнүн экинчи башына басып өтүп, айылдын чекесине кеткен жол менен келатып, бир чуңкурдун тушуна токтоду. Анын ичине бой таштап өлсөмбү деп ниеттенди. Аңгыча кандайдыр бир кол сол далысына коюлду да, чуңкурдан обочого түрттү эле, анын ыгына көнүп жолго түшүп, үйү тарапка басты. Жакындан бери иштебей калган чакан Котельнаянын[1] жанынан өтүп баратып, анын так ортосунда өскөн жалгыз теректе асылып турган бир дененин элесин көрүп, жүрөгү «шуу» этип эси чыкты. Үңүлүп карап, асылган дененин элеси өзүнүкү экенин таанып, демек, ушул даракка асынып өлүшүм керек тура деп түшүнүп, ал жакка бурулайын деди эле, далысына коюлган көрүнбөгөн кол мүмкүндүк бербей, түз басууга мажбур кылды. Бүбү Мариям үйүнүн эшигине жеткенде, ичинен бекиген каалга шарт ачылды. Ошондо гана көрүнбөгөн кол далысынан алынды. Бүбү Мариям ичке кирди да, бейкапар уктап жаткан Жазгүл менен Кырчынбектин тынчын албай, акырын ба-

---

[1] *Котельная* – Чаек айылындагы жылуулук берүүчү жайдын калдыгы.

сып өз бөлмөсүнө өтүп көмкөрөсүнөн жатып алып бүт күчүн көз жаштан чыгарып шолоктоп ыйлады.

Адатынча жамбашындагы жаратын оңдоп таңдыруу үчүн эртеси келген Шакин Эсенгулов түндөгү жагымсыз окуяны уккан соң:

– Антип ыйлагандан пайда жок. Андан көрө милицияга арыз жазбайсызбы? – деди Бүбү Мариямдын көз жашын жактырбаганын жашырбаган түр менен.

Бир караганда өтө керектүүдөй сезилген бул кеңешти бергендиги үчүн Бүбү Мариям эми Шакин Эсенгуловго да таарынды. Ызасы ырбап, ардангany арбыды. Ансыз деле ушакчылардын оозунан түшпөй аткан учурда эми дагы эки кишинин үстүнөн милицияга арыз бере турган болсо, кайра эле өзү жаманаттыга калып кепке кемтик, сөзгө сөлтүк абалы ансайын күчөп кетээрин Шакин Эсенгулов эсине түк албаганын түшүндү. Ишенген кишимдин айткан сөзү ушул болгондон кийин, чындап мукураган экенмин деп заманасы куурулду. Бир нече күн катары менен ыйлоого мажбур болду.

Ошондо эки зөөкүрдүн кол салуусуна туруштук бергени менен, эгер Жайсаң Ата жардамга келбегенде, ошондой мамиледен улам пайда болгон ызасына туруштук берүүгө чамасы жетпей калмак окшойт. Аны кийинки медитация учурунда:

**«Өткөндө шашылбастан Нур эжекең**
**жайма-жай маек куруп сени менен,**

**кетүүчү убактыңдан кечигипсиң.**
**Карегим, зөөкүрлөргө кезигипсиң.**

**«Жардам» деп кабар кылды Нуркыз мага.**
**Жаңылып убакыттан калган тура.**

**Кечигип бир азыраак шашып келдим.**
**Кейиген, ызаланган жүзүң көрдүм.**

**Ишенгин, кадимкидей даана сездим,**
**тирүүдөй жүрөгүмдүн «тыз» эткенин.**

**Эч кимди көргүң келбей туруптурсуң,**
**Дитиңди жаман жакка буруптурсуң.**

**Алыстан көзөмөлдөп коштоп келдим,**
**Үйүңө кайрылууга жардам бердим[1]...» –**

деп Жайсаң Ата өзү айтып берди.

* * *

Бүбү Мариямдын өмүрүнө экинчи жолку коркунуч 28-декабрда туулду.

"Балалык" жылдызынан келген Нуркыз менен кезиккенден кийинки опурталдуу окуядан улам жүрөксүп калган Бүбү Мариям медитацияга чыгууга ылайыктуу күндөрдү гана пайдаланышым керек деген чечимге бекем бекип, андай күн 28-декабрь экенин эсептеп аныктап, ал күндү чыдамсыздык менен күтүп, болжогон учур жеткенде медитацияга чыкты.

Бүбү Мариям айылдан кыйла алыс узаган кезде Жайсаң Ата менен кезигишти. Бирок Жайсаң Ата шооласын жерге түшүрбөй, үй бою бийиктикте каалгып кармалып, жарыкты ар кандай түскө алмаштыруу аркылуу маалымат бере баштагандыктан, бат өзгөрүлүп, кубулган жарыктын комбинацияларын туура кабылдап, аларды аалам тамгаларына айлантып, дептерине көчүрүү ишин Бүбү Мариям кадимки абалында эле эч кыйынчылыксыз жүргүздү.

---

[1] Бул ыр саптары «Айкөл Манастын» 1-томунун 394-бетинен алынды.

Эмнегедир, Жайсаң Ата кыска гана маалымат берген соң коштошуп, көздөн кайым болду. Эми үйгө кайтуудан башка эч иши жок экенин түшүнгөн Бүбү Мариям айылга бет алды. "Бүгүн кайрадан медитацияга чыгам. Жайсаң Атанын айткандарын угам, көргөзгөндөрүн көрөм", деп дегдеп келатканда, кантип басып өткөнү байкалбаган 10 чакырымдан ашык аралыкты кайра артка таштоо оңойолтоң боло койбоду. Медитациясы өтө кыска убакытта бүткөнүнө канааттанбагандыгынан улам, акырын гана кар малтап басып келе берди. Кыштын кычыраган суугу ушу сапар сезилип, колу-буту үшүдү. Болжолдуу түрдө үч саатча жүргөн соң, Чаекке жетти. Айылдын электр жарыгы өчүп калган экен, караңгы жана кооптуу көчө менен басып өз үйүнө келди. 17-декабрдан бери жашап аткан квартирасынын каалгасын ачкыч менен ачып ичке кирди. Көзгө сайса көрүнгүс караңгынын кучагына сүңгүп, дубалды сыйпалап барып өз бөлмөсүндөгү орундукту таап, ага отурду. Ошо маалда дүрүлдөгөн бир нече машина Бүбү Мариямдын үйүнүн тушундагы көчөгө келип токтоду. Жабык кузовдорунда оор жүк бар чоң машиналардан түшкөн кишилер алдыңкы машинанын каптал жагына барышып, кубаттуу фонарларын жандырышып, бир аз мурдараакта эле Бүбү Мариям түшүп келген адыр тарапты жарык кылышып, бир нерсени издегенге өтүштү.

"Түнкү конокторду" түшүнүксүз иштерине Бүбү Мариям терезеден байкоо жүргүзүп карап турду. Аңгыча электр жарыгы берилди да, лампочкалар шаңдуу жанышты. Бүбү Мариям столуна басып келип, дептерине үңүлдү. Түшүрүлгөн белгилердин аздыгына жана 3 с 46 м. деген жазууга таңгалды. Эмне үчүн аз? Эмне үчүн 3 с. 46 м. деп жазылып

калганына түшүнө албады. Саатты карап, түнкү 3төн 51 мүнөт өткөнүн көрдү. Демек, 3төн 46 мүнөт өткөнгө дейре үйгө жетишим керек окшобойбу деп ойлоду. Эмне болсо да, белгилерди чечмелейинчи деп дептериндеги жаңы жазууларды ыр саптарына айлантты. Пайда болгон сегиз эки сап ырды кайталап окуй баштаган кезде сырттагы машиналар оталдырылып, жүрүп кетишкендигин укту. Жаңы ыр саптарында жагымдуу эмес жаңылыктар бар болчу. Көрсө, кандайдыр бир карасанатай адам бүгүн Бүбү Марияма медитациядан кайтып келаткан учурда ага бир жамандык кылууну көздөгөн экен. Бирок, анын арам ою ишке ашпашы үчүн Жайсаң Ата саат түнкү 3төн 46 мүнөт өткөнгө чейин үйүнө жетип алышын эскерткени тура. Эгер белгиленген убакытка жетишпеген болсо, анын аягы жакшылык менен бүтмөгү күмөн эле. Себеп дегенде, Бүбү Мариям үйүнө киргенден бир нече мүнөттөн кийин эле дүргүлдөгөн машиналар үйүнүн тушуна токтошуп, андан чыккан кишилер Бүбү Мариям түшүп келген адыр тарапты фонарлар менен жарык кылып, издешкени табылбаган соң, кетип калышканы кокустук эмес. Кимдир бирөөнүн же кайсы бир ишкананын жүгүн ташып бараткан машиналар болгондо, алар чоң көчө менен эле түз кетишмек. Эгер тыныгуу үчүн жолдон обочороок бурулушкан болсо, адыр тарапка көңүл бөлүшпөйт болчу жана бат эле кетип калышмак эмес.

Мына ушул маалыматтарды билген Бүбү Мариям үйүнүн тушуна токтогон машиналар жөнөп кеткенине карабай, кадимкидей эси чыгып коркту. Бирок, өзүнө жамандык кылууну каалагандар кимдер экенин, кайдан келишкенин, кайда кетишкенин билбеген бойдон кала берди. Анткени, ал суроолорго жооп берүүнү Жайсаң Ата ылайык көрбөптүр...

* * *

Үчүнчү жолку кырдаал өтө опурталдуу болду. Анын канчалык деңгээлде коркунучтуу экенин Бүбү Мариям, алибетте, алдын-ала билбегендиктен, 1996-жылдын 2-февралы жаңырган Айдын он үчүнчү күнү экенин эске алып, балким бүгүн байланышка барбай эле койсомбу деп эки анжы ойдо жүрдү да, кеч киргенден кийин "Жайсаң Ата мени келет деп күтүп аткандыр, ошондуктан мен эмне үчүн ал кишини жол каратып, зарыктырышым керек, ар кандай шылтоону бетиме кармабай, барайын" деген чечимге бекип, нарыдан-бери камына калган соң, үйдөн чыккан кезде саат түнкү он бир болуп калган.

Күндүзгү жааган кыламык карга шейшептей чүмкөнгөн теребел тунжурайт. Чайыттай ачык асманда миң-миллион жылдыздар жымыңдашат. Билинербилинбес гана кемтиги бар толгон Ай. Айтор, асман-жердин ортосунда орноп калган кооздук!...

Уч-кыйырсыздай мелмилдеп тыптынч жаткан деңизде токтоп турган кемеден секирип түшкөн соң, суунун тереңдигинен, муздактыгынан, узактыгынан коркпостон туруп, эми ачык деңизде эмнелер боло турган болсо, алардын баарына кайыл болуп, мындан кийинки тагдырын жазмыштын эркине коюп, андан аркы сапарын улантуу үчүн сүзүп жөнөгөн тайманбас саякатчыга Бүбү Мариям эмнегедир өтө окшошту: көк баштыгын көтөрүп үйдөн сыртка чыгаар замат, жерден баштап асманга чейин созулган ээндикке кабылды. Ушул ээндикке тереңирээк сүңгүш үчүн үйүнөн узап айылдын четине жетти. Шортоң деп аталчу саздак жердин ортосун жиреп салынган арыктын ичи менен баратты. Арыктын кап ортосуна чейин тоңгон муздун үстүнө текши себелеген ак карга эң биринчи-

лерден болуп из салып бараткайына кудум жаш балача кубанып алды. Жаш баладай кубанган бойдон карды кычыратып басып бара берип, арыктын бурулушунан беш-алты жашар балага кезикти.

Түндүн жарымында, айылдан көп алыс эмес болсо да, ээн жерде арыктын бурулушунда жапжалгыз экенине карабай, өзү менен өзү ойноп отурган беш-алты жашар балага таңгалган да жок. Эмне үчүн ээн жерде жүрөт деп кооптонгон да жок. Тескерисинче: «Ушундай болуш керек окшойт, бу бала ушу жерде ойноп жүрүшү керек окшойт»,– деп эсептеди.

Кардан да кыйла ак комбинезону кичинекей боюна куп жарашкан, көздөрү балбылдап жанган жылдыздай жайнаган наристе ак дермантинден жасалган эски папканы музга жазып коюп, көбүнчө үч бурчтук түрүндө сындырылган муздарды ал папканын үстүнө тизип ойноп отуруптур.

Бүткүл жандүйнөсү менен оюнга берилген бала Бүбү Мариямдын көзүнө өтө сүйкүмдүү көрүнүп, ичи элжиреп, эңкейип аны колунан кармады. Энесиндей мээрим төккөн аялга жадыраган жылмаюу менен жооп кайтарган бала, экинчи колунда кармаган гүлдесте сыяктуу нерсесин ызат менен сунду. Ал нерсе мурдатан колунда бар беле, же азыр жоктон пайда боло калдыбы, же эбак даярдап жанына койгон жеринен ала койдубу, муну Бүбү Мариям байкай албады. Чындыгында аны байкаштын деле зарылчылыгы жок эле. Эң негизгиси, чын пейилден сунулуп атканын эске алып, баланын белегин ыраазы болуу менен алды. Ал белек бир нече ак канат жана камыш, шыбак, эрмен өсүмдүктөрүнүн кургатылган бүрлөрү экен. Айлана аппак кар экенине карабай, аталган үч өсүмдүктүн кургак бүрлөрүн таап, алардын арасына бир нече ак ка-

натты жарашыктуу жайгаштырып жасаган белегин берген табышкер наристеге Бүбү Мариям ого бетер ыраазы болду. Аны ордунан так көтөрүп, көкүрөгүнө кысты. Ушу сүйкүмдүү бала таптакыр салмаксыз экенин жана анын көздөрү гана күлмүңдөгөнү менен, бетинин калган бөлүгү караманча кыймылдабай, атүгүл, оозу дагы жылмайып ачылбаганын байкаганда катуу коркуп кетти. Бирок бөтөн планеттик өкүлгө окшошкон бу наристеден өзүнө карата кандайдыр бир жаман ниет түк жок экенин ички туюму менен туюп, коркуу сезимин тыйды. Аны жерге түшүрүп:

– Сен Сент–Экзюперинин[1] Кичинекей Ханзаадасысыңбы? Туурабы? – деп сурады.

Наристе сүйлөп жооп бербей, көздөрүн күлмүңдөтүп тиктегенин улантты. Ал "ооба, мен ошолмун" деп айталмак эмес. Анткени, сүйкүмдүү наристе атактуу жомокчу жазуучу ойлоп тапкан каарман эмес эле. Ал – Алтын Көкүл Жаш Айдар[2] болчу. Анын кыргызча аты ушундай болгону менен, дагы бөлөк байыркы элдерде ар кандай ысымга ээ болгон **Жакшылыктын Колдоочусу** эле. Анын бүгүн Бүбү Мариям менен кезигишин Жайсаң Ата суранган эле. Себеби, бул жолу да Бүбү Мариям байла-

---

[1] *Сент-Экзюпери* – француз жазуучусу.

[2] *Алтын Көкүл Жаш Айдар* – бул каарман жөнүндө көп элдерде ар кандай уламыштар сакталган.Алибетте, ар бири өз тилинде атайт. Ал эми кыргыз элинде Алтын Көкүл Жаш Айдар жөнүндө байыркы замандардан бери белгилүү. «Айкөл Манас» дастанынын 2-китебиндеги негизги каармандардын бири Сергил Энеге Алтын Көкүл Жаш Айдар жардам бергендиги айтылат. Дагы бир чыгаан инсан Күчүгөндү да Алтын Көкүл Жаш Айдар дайыма колдогондугу баяндалат. Кыскасы, Алтын Көкүл Жаш Айдар, негизинен, өтө кысталыш учурда ылайыктуу инсан аркылуу элибизге жардам берип келген жакшылыктын колдоочусу. Ал дайыма беш-алты жашар баланын курагында.

нышка бир аз эртерээк чыгып алаарын, ал учурга өзү жетишип келалбасын, ал эми ошол маалда жетинчи жана жыйырма сегизинчи декабрдагы медитациядан кийин Бүбү Мариямдын өмүрүнө коркунуч туудурган Кара Күчтөр дагы бир жамандык кылуудан кайра тартышпасын алдын ала билген Жайсаң Ата аны болтурбай, Акчабагын аман сактап калыш үчүн Алтын Көкүл Жаш Айдарга кайрылууга мажбур болуп, Бүбү Мариямды жолунан утурлап тосуп алган соң, бир нече көз ирмем убак алаксытып турушун суранган эле. Улук башын кичик кылып өтүнүчтү кабыл алган Алтын Көкүл Жаш Айдар Бүбү Мариям баланы өтө жакшы көрөөрүн эске алып, беш-алты жаштагы наристенин кебетесин кийип, арыктын ичиндеги муздун үстүндө отуруп алып, үч бурчтук болуп сындырылган муздарды тизип ойноп отурган эле.

Бул жагдайлардан такыр кабары жок Бүбү Мариям аны Кичинекей Ханзаада катары кабыл алгандыктан жана өзүн жомоктун окуясына түшүп калгандай да эсептегендиктен, бул сырдуу жолугушуу чын болуп атканын, же чын эмес болуп атканын анык ажыратышым үчүн эртең далил катары кереги тийсин деп, колундагы белекти арыктын кырындагы карга сайды. Эртең кайра келип, ушу-ерден таап алайын деп ниеттенди. А өзү болсо, сүйкүмдүү наристени колунан жетелеп арыктын ичи менен ары-бери басты.

Аңгыча эле кочкул кызыл-күрөң түстөгү шоола пайда болду да, Бүбү Мариям ал шооланын ичине сүңгүп, кандайдыр бир чексиз туңгуюкка кулап бараткандай туюмда болду. Башка эч нерсе эсинде жок.

Бир маалда өзүнө келип, көзүн ачса, жанында Жайсаң Ата туруптур. Эмнегедир катуу кабатырла-

нып жана ачууланып алган. Эч нерсеге түшүнбөгөн Бүбү Марийам эки жагына көз жүгүртүп, эч кандай кар жок, купкургак жерде жатканын билди. Жайсаң Атанын жанында турган сүйкүмдүү наристени көргөндө, көңүлү кадимкидей жайгарыла түштү. Өтө коркунучтуу окуяга кириптер болуп, бирок Жайсаң Атанын жардамы менен аман калганын түшүндү.

Чындыгында эле ошондой окуялар болгон эле. "Кичинекей Ханзааданы" колунан жетелеп нарыбери басып турган учурунда Кара Күчтөрдүн өкүлдөрү кочкул кызыл-күрөң түстөгү шооласын экөөнүн жанына түшүрүп, аларды азгырып башка катмарга алып кетмек болгондо, "Кичинекей Ханзаада" шашылыш кабар билдирип, Жайсаң Ата дагы ыкчамыраак жетип, Кара Күчтөрдүн өкүлдөрү менен аёосуз кармашып, алардын ач чеңгелинен Бүбү Марийамды сактап калган эле.

Ушул опурталдуу окуяны Жайсаң Ата кыскача баяндаган соң, Бүбү Марийамды катуу тилдеди. Болжогон учурда гана байланышка чыгышы керектигин бекем эскертти. Урушуп гана чектелбестен, 1995-жылдын июлунан берки сегиз айдын ичинде көп ийгиликтерге жетишип, дастанды алууну улантуусуна керектүү окуулардын көпчүлүгүнүн канааттандырарлык деңгээлде өздөштүргөнүн да баса белгиледи.

Андан ары бүгүнкү медитацияга тиешелүү ойлордун тегерегинде шашпай пикир алышкан соң:

**"Чырагым, азыр кеткин, калдың чарчап,**
**чоочун Нур кубатыңды койду сарптап.**

**Ай чак түш болгон кезде үйдөн чыксаң,**
**астыңдан утурмалап тосуп алам"[1] –**

---

[1] Бул саптар «Айкөл Манастын» 1-томунун 403-бетинен алынды.

деп Жайсаң Ата айтты да алыстап барып көздөн кайым болду.

Бүбү Мариям медитация абалынан чыгып, кадимки абалына келер замат, каерде турганын аныктады: каналдын айыл тарабындагы бактын ичинде экен. Анан дагы, жанында "Кичинекей Ханзаада" кошо бар экен. Буга Бүбү Мариям абдан катуу кубанды. Ушул сүйкүмдүү наристени үйүнө ээрчитип барганын элестетип, сүйүнүчү тулкусуна сыйбады. Жөн эле таштанды баланы таап алгандын өзү кандай зор бакыт! Ал эми эсине кирип, баарын түшүнүп алтыга жашы жетип калган сүйкүмдүү наристени түндө медитацияга кеткен бойдон эле эми минтип үйүнө ээрчитип барып калса, анда Гагарин космоско учкандан да чоң жаңылык болуп калат го! "Кичинекей Ханзаада" Жайсаң Ата жөнүндө өз оозу менен айтып берсе, анда, дастан жазылып атканына ишенбегендердин айла-амалдары куруп, ишенүүгө аргасыз болушат го! Кыйынчылыктын баары кыйрап калат го!

Анткени менен, Жакшылыктын Колдоочусу болгон Алтын Көкүл Жаш Айдар бүгүн Бүбү Мариямдын аман калышына гана азыноолак көмөк көрсөтүүгө тийиш болгондуктан, жана ал иш абийирдүүлүк менен аткарылгандыктан ошондой эле, Бүбү Мариямдын күнүмдүк турмушундагы кыйынчылыктардын бир заматта оң чечилип калышына кийлигишүүгө кымынчалык укугу жоктугуна байланыштуу, Бүбү Мариямдын кубанычын тең бөлүшүп, айылга ээрчип келип берүүнүн ордуна, айылдан алыстап барып, күн желесиндей болуп абага сиңдиби же карга аралашып кеттиби, айтор жок болуп кетти.

"Кичинекей Ханзаада" узап барып, көздөн кайым болгон төш тарапты Бүбү Мариям карап кый-

лага турду. Анан артына улам кылчактап караган бойдон үйүнө келди. Кийимдерин которунуп кийип, кичине дем алган соң, арыктын кырына сайылган "букетти" эстеп, түндөгү жерге чыгып барды. Муздун үстүнө түшкөн өзүнүн кепичинин издерине катар наристенин бытыйган издерин жана ак дермантин папканын бетинде тизилген муздарды көрүп, түндөгү жолугушуу чыпчын болуп өткөнүнө ынанды. Күн нурлары муздун сыныктарынан чагылышканын суктануу менен карап турду. Андан кийин «букетти» ордунан тапты да, аны көтөрүп үйүнө кайтты.

Шакин Эсенгулов келгенде соңку жаңылыктарды айтып берип, ал киши ынанбай тургандыктан, "Кичинекей Ханзаада" менен жолуккан жерге чогуу келишти. Баланын издерин жана кардын бетиндеги сырдуу белгилерди көргөндө гана Шакин Эсенгулов жакасын кармап: "Кудая тобо!" деп таңгалды.

## «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА «АЙКӨЛ МАНАС» ДАСТАНЫ ЖӨНҮНДӨ

Жогоруда айтылган коркунучтуу үч окуядан кийин деле Бүбү Мариямдын коопсуздугу көңүл жубатарлык абалда болбоду. Негизи, анын ар бир медитациясы бычактын мизи менен жыңайлак басканга тете өттү. Бирок өзүнө жүктөлгөн ишенимди акташым керек деген чечимге көгөрүп бекем тургандыгы үчүн, көбүнчө Жайсаң Атанын, кээде Нуркыздардын кимдир-бирөөсүнүн, кай бирде Алтын Көкүл Жаш Айдардын колдоолоруна татыктуу болуп, ар кандай опурталдуу учурлардан аман-эсен өтүп, аркалаган ишин акырындык менен уланта берди да, 1996-жылдын 30-май күнүндөгү медитацияда алган маалыматтарын чечмелеп жазып "Айкөл Манас" дастанынын биринчи бөлүгүн аяктады. Нечендеген кыйынчылыктар менен тартыштыктарга чыдагандыгынын, аталган эки сыноодон алда канча оор дагы бир сыноо – тууган-туушкандардын, тааныш-тамырлардын жана жалпы замандаштардын көпчүлүгүнүн түшүнбөстүктөн улам атайы жасашкан терс мамилелерине, өзүн кордоого жана кемсинтүүгө кылган ар кыл аракеттерине моюн сунбагандыгынын акыбети кайтып, арбактын айтканын абийирдүүлүк менен аткарды.

**Ооба, ооба, кыргыз элинин тарыхындагы керемет жетишкендиктердин эң көрүнүктүүсү катары дүйнө жүзүнө дүңгүрөп белгилүү болчу дастан Бүбү Мариямдын ортомчулугу аркылуу алгач ирет кагазга көчүрүлдү. Көп кылым бою иш жүзүнө ашпаган калыстык калыбына келтирилди.**

Кыргыз элинин буга чейинки деле эң улуу эмгеги, зоболосу зор жетишкендиги, эч убакта эскирбес көөнөргүс байлыгы, тагыраак айтканда, дүйнөдөгү белгилүү эпостордун эң көлөмдүүсү, кыргыз тукумун качан да болсо коштоп жүрө берчү колдоочусу – **бул атактуу "Манас" эпосу эмес беле. Ошол улуу эмгекке дагы бир өтө кооз жана мазмундуу вариант кошулуп, анын улуулугу дагы да көтөрүлүп, зоболосу дагы да зорураак боло түштү! Анткени, атактуу "Манас" эпосу эми "Айкөл Манас" деп аталган түп нуска вариант менен толукталды.** Анын түп нуска экенинен кымынчалык шек жок. Шектенүүгө негиз жок. Себеби, дастандагы каармандар жана алар башынан өткөргөн окуялар эпостун көп варианттарындагы каармандарга жана окуяларга опокшош болгону менен, экөөнүн ортосундагы айырмачылыктар да арбын: эпосто дайыма окуя Манас баатырдын төрөлүшү менен башталса, дастанда андай эмес. Эпосто ар кандай апыртма жана көбүртүп-жабыртмай сыяктуу адабий ыкмаларга кеңири жол берилсе, дастанда андай эмес. Эпосто: "Эрдигиң бар, эсиң жок, эч нерсе менен ишиң жок. Акылың бар, эсиң жок, ар нерсе менен ишиң жок" – дегендей ыр саптары аркылуу Манастын аброюна шек келтирүүлөр да кездешсе, дастанда анын бири жок. Дастанда Айкөл Манас ашкере акылман экендиги, калыс эл башчы экендиги, кынтыксыз жоокер жана такшалган аскербашчы экендиги, эң негизгиси, жалпы кыргыз элинин зарынан, тилегинен жаралган элдин уулу экендиги, аны ата-бабалардын арбактары жана Улуу Күчтөр колдогондугу, анын Айкөлдүгүнөн башка кемчилдиги түк жоктугу эң ынанымдуу баяндалат. Орундаар озуйпасы, акылмандыгы жана жоокердик өнөрлөрү Айкөл Манастан ашса ашкан, бирок кем калбаган Алмамбет баатыр атасына таарынып качып баса берген кытай баласы эместиги, душмандын туткунунда жүргөн кыргыздардын тукуму экендиги, Нурдан

жаралгандыгы[1], болгону, Азиз хандын баласы эсептелип жарык дүйнөгө келгендиги, алты жашында жоокерликтин эң катаал мектебине өтүп, андан жыйырма жыл жана алты ай окугандыгы, ошол окуудан кайтып келгенден кийин гана өзүнүн эли ким, жери кайда экендигин апасы Алтынайдан уккандыгы, ошондуктан Ала-Тоого, өз элине келгендиги да ушу дастанда алгач ирет белгилүү болуп олтурат.

Кыргыз элинин көп кылымдар бою касташкан душманы – кытай элинин Айкөл Манастын доорундагы чыгаан өкүлдөрү, баатырлары, хандары жана катардагы жоокерлери жөнүндө да кызыктуу, баалуу, калыс маалыматтар дастанда арбын. Айтор, эпос менен дастандын окшоштуктары оголе көп, айырмачылыктары деле аз эмес. Бирок эки эмгектин тең аткараар иши бирдей: кыргыз эли элдигин жоготпой, сакталып калышында эпостун салымы эбегейсиз зор. Ошон үчүн "Манас" эпосунун жаралышынын миң жылдык маарекеси 1995-жылы мамлекеттик деңгээлде белгилениши, алибетте, эпоско элдин берген эң жогорку баасы, сыйы, урматы катары эсептелет. Так ошол жылы "Айкөл Манас" дастанын Бүбү Мариям Муса кызы Жайсаң Үмөт уулунун арбагынын айтуусу аркылуу кагазга көчүрө башташы жана анын биринчи бөлүгүн бир жылдан кийин аякташы дагы кокустук эмес. Демек, эми мындан ары кыргыз элине "Манас" эпосу менен тең катарда "Айкөл Манас" дастаны да керек.

Кандай жүйөөлүү себептерден улам "Айкөл Манас" дастаны кыргыз элине керек болуп калгандыгы тууралуу кепти кийинки китептерде улантaлы...

***Биринчи китептин аягы.***

---

[1] *Нурдан жаралган* – эркектин эч кандай кийлигишүүсүз аялдын боюна бүтүп жарык дүйнөгө келген балдар ушинтип аталат. Мындай инсандар тарыхта көп эле кездешет.

## МАЗМУНУ

Сөз башы .......... 3
1995-жылдын апрель айынан 2-ноябрына чейинки окуялар .......... 13
Күтүлбөгөн кездешүү .......... 14
Он суроо .......... 17
Жай + Сан эмес Жайсаң .......... 24
Өзгөчө нур .......... 26
Узун-узун ыр саптар .......... 30
Манастын доору жана манасчылар .......... 35
Түгөнбөгөн көз жаш .......... 39
Жайлоодогу жаңжал .......... 40
Аткарылбаган талаптар .......... 54
Кереметтүү Көк-Булуң .......... 56
Муну айткан Үмөт уулу Жайсаң деп бил... .......... 62
«Мени гений кылат элеңиз!» .......... 77
Тамаранын түшү .......... 79
Соң-Көлдөгү сонун окуя .......... 84
1995-жылдын 31-августу .......... 93
Нуршооланы белекке берген Нуркыздар... .......... 105
Үйдөн кетүү .......... 119
Жайсаң атанын жардамы .......... 152
Акматаалы менен Жаңыбай .......... 155
Тибет тоолоруна алгач ирет баруу .......... 163
Өтө катаал чечим .......... 170
*Окурманга биринчи кайрылуу* .......... 182
**Бүбү Мариямдын өмүр баянына биринчи саякат** .......... 183
Түшүнүксүз оору .......... 184
Төлөбектин таржымалы .......... 192
«Ооба, мен Төлөбекмин» .......... 194
Бүбайша апа берген алмалар .......... 195
Кыргызчылык деген ыкма менен дарылоо .......... 200
Белги күтүү .......... 204
Бүбайша апанын өмүрүнөн эки үзүм .......... 205
Кыргызчылыктын эң улуу сыры .......... 210
Кылым көчүн көргөндө... .......... 229
Экинчи тумар .......... 244

Түнкү конок ........................................ 254
Ринат ........................................ 255
Ринаттын жообу ........................................ 262
Алгачкы медитация ........................................ 264
Жумгал Ата мазарында ........................................ 268
Окурманга экинчи кайрылуу ........................................ 287
«Айкөл Манас» дастанынын жазыла башташы ........ 289
Алгачкы саптар ........................................ 290
Эркинбектин белеги ........................................ 299
670-жыл жөнүндө ........................................ 306
«Кичинекей ханзаада» же
Алтын Көкүл Жаш Айдар ........................................ 310
«Манас» эпосу жана «Айкөл Манас»
дастаны жөнүндө ........................................ 328

---

*Көркөм-адабий басылма*

**Кадыров Жумадин**

**БҮБҮ МАРИЯМ**

*Баян*

Редактору *Чабалдай Жаныбеков*
Корректору *Бурул Жакеева*
Компьютерде калыпка салган *Рая Терибаева*

Кагаздын форматы $84x108^1/_{32}$. Көлөмү 20,75 б.т.
Заказ № 338. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 66-17-25